С. ҮСӨНАЛИЕВ
В. И. МУСАЕВА



# КЫРГЫЗ ТИЛИ

# 7

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК ЖЕЛЕГИ



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Сөзү: *Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики*
Муз.: *Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

***Кайырма:*** Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колунда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө,
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

***Кайырма:***

Аткарылып элдин үмүт тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

***Кайырма:***

С. ҮСӨНАЛИЕВ, В.И. МУСАЕВА

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн
орто мектептердин жана гимназиялардын
7-класстары үчүн окуу китеби

*Оңдолуп, толукталып, 3-басылышы*

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү
жана илим министрлиги бекиткен*

Бишкек – 2015

УДК 373.167.1
ББК 81.2Ки я721
Ү–99

*2-басылышы 2007-жылы чыккан*

**Үсөналиев С., Мусаева В.**
Ү–99 **Кыргыз тили:** 7-кл. үчүн окуу китеби. Оңдолуп, толукталып 3-бас. — Б.: Билим-компьютер, 2015. – 176 б.
ISBN 978-9967-31-240-1

**Окуу китебинде колдонулган шарттуу белгилер:**

Окуу китебинде сөзсүз билүүгө, үйрөнүүгө тийиштүү болгон эрежелер, корутундулар тик түз сызыкчалар менен берилди.

5* — оордотулуп, эң жакшы окуган окуучуларга берилүүчү тапшырмалар;
— фонетикалык талдоо, м и с а л ы, сулуу[1];
— сөздүн составы же сөз жасоо боюнча талдоо, м и с а л ы, таштуу[2];
— морфологиялык талдоо, м и с а л ы, тоодогу[3];
— синтаксистик талдоо, м и с а л ы, биз экскурсияга бардык[4];
— БК — байланыштуу кептин материалдары[5];
— орфографиялык талдоо, м и с а л ы, Ысык-Көлдүк[6] ж. б.;
— лексикалык талдоо, м и с а л ы, кулунум[7];
— этимологиялык талдоо, м и с а л ы, саркар[8].

**Синтаксистик талдоодо колдонулуучу белгилер:**

— ээнин алды бир узун сызык менен, м и с а л ы, Бейшегүл;
— баяндоочтун алды эки узун жарыш сызык менен, м и с а л ы, окуду;
— аныктоочтун алды толкундуу сызык менен, м и с а л ы, мектептин;
— толуктоочтун алды кыска сызыкчалар менен, м и с а л ы, шаарды;
— бышыктоочтун алды кыска сызыкчалар, чекиттер менен белгиленет, м и с а л ы, айылдан.

Ү4306020200-15

УДК 373.167.1
ББК 81.2Ки я721

ISBN 978-9967-31-240-1

© Үсөналиев С., Мусаева В., 2015
© «Билим-компьютер», 2015
© Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2015

***Кымбаттуу досум!***
***Акылдуу, билимдүү, адептүү болууга умтул!***
***Эне тилиңдин чыныгы ээси бол!***

Ырды окуп, мазмунун айтып бер.

## ЭНЕ ТИЛИМ

Кымбаттан кыналышып бүткөн тилим,
Кылымдан азиз энем күткөн тилим.
Төрөлүп бул дүйнөгө көз ачканда,
Жаралып, жаным менен бүткөн тилим.

* * *

Сүйүктүү, татынакай сулуу тилим,
Мээримдүү, жүрөгүмө жылуу тилим.
Ширелген жакут менен көркү чексиз,
Тамшанткан, такылдаткан балдан ширин.

* * *

Тилине кулдук кылам, энем, атам!
Кечиргин, мен тараптан болсо катам.
Сен сүйгөн, сен сүйлөгөн ушул тилде,
Кубултуп, безеп ырдап келе жатам.

* * *

Бул тилдин кылдат, кымбат сырын ачам.
Канымды сыя кылып, китеп жазам.
«Таң эртең, тил өмүрү бүтөт»,— десе,
Күн менен, уккан кечте, кошо батам.

*Абдырасул Токтомушев,*
*Кыргыз эл акыны*

ТОКТОМАМАТ АТЫНДАГЫ
ИНН 0310
№ 4310

## КЫРГЫЗ АДАБИЙ ТИЛИ ТУУРАЛУУ ТҮШҮНҮК

Жалпы элдик тилдин өркүндөтүлгөн эң жогорку формасы *адабий тил* деп аталат.

Кыргыз адабий тили – жалпы элдик тилдин негизинде калыптанып, белгилүү бир нормага салынган, айтылышы, жазылышы, колдонулушу такталган, айтылуучу ойду даана, так бере алган, коомдун бардык топторуна бирдей орток тил.

Кыргыз элинин эл болуп түзүлүшүнө кызмат кылып келген, элдин биримдигин сактаган, кыргыз коомун тейлеп, кыргыз урууларын бирдикте баш коштуруп келген жалпы элдик тилибиздин негизинде кыргыз адабий тили түзүлдү.

Кыргыз адабий тилинин түзүлүшү, анын бардык бирдиктүү нормаларынын калыптанышы, өнүгүшү жазуунун пайда болушу менен тыгыз байланыштуу. Жазуу болмоюнча ар бир тил адабий тилдин мүнөздүү белгилерине толук ээ боло албайт.

1924-жылдын 7-ноябрынан баштап, «Эркин-Тоо» газетасынын жарыкка чыгышы менен кыргыз эли улуттук жазууга, туташ сабаттуулукка ээ болуп, кыргыз адабий тилин өнүктүрүп жана калыптандырууда.

Адабий тил төмөндөгүдөй негизги белгилерди өз ичине камтыйт:

1. Ал бардык жергиликтүү диалектилер үчүн бирдей нормага салынгандыгы жана баарына бирдей түшүнүктүүлүгү, диалектилердин бардыгына таандык болгон негизги белгилерди: алардын тыбыштык, лексикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрүн бирдей чагылдыргандыгы болуп саналат.

2. Адабий тил коомдун өнүгүшү менен бирге өнүгөт, өзүнүн нормасын тактап, толуктап, өркүндөтүп турат.

3. Адабий тил өзүнүн ички булактарынын жана орус тили аркылуу башка тилдерден кабыл алынган (тышкы булак) сөздөрдүн эсебинен байып, сөздүк курамын толуктап турат.

4. Адабий тил бүтүндөй кыргыз улутун тейлесе, жергиликтүү диалектилер белгилүү бир гана аймакты (территорияны) тейлейт.

Кыргыз адабий тилинин түзүлүшүндө негизинен түндүк диалекти чоң роль ойноду, бирок түштүк (түштүк-батыш, түштүк-чыгыш) диалектидеги көп сөздөр кыргыз адабий тилинин лексикасын, сөздүк курамын байытып турат. Аларга түндүк диалектиде колдонулбаган: *пахта, косек, пилла, мейиз, чигит, гозо, гозопая, мисте, жаңгак, датка, шалы, тыт, чие, куйөрман, ардагер* деген ж. б. көп сөздөрдү кошууга болот.

Адабий тил менен диалектилердин өнүгүшү бирдей болбойт, адабий тил тез өнүгөт да, диалектилерге өз таасирин тийгизет, бара-бара өнүгүп, диалектилик өзгөчөлүктөрдүн жоюлушуна себепчи болот.

Кыргыз адабий тили оозеки жана жазма тил болуп, эки бөлүктөн турат. Жазма тилдин нормасы мамлекеттик иштерде, басма сөздөрдө, газета-журналдарда, ар кандай китептерде, иш кагаздарында ишке ашырылат. Оозеки тилдин нормасы окуу жайларында, мектептерде, лекцияларда, театрларда, телекөрсөтүүлөрдө, радиоберүүлөрдө ж. б. колдонулат.

**Суроолорго жооп бер:**

1. Адабий тил деп, кандай тилди айтабыз?
2. Жалпы элдик тил дегенди кандай түшүнөсүң?
3. Кыргыз адабий тилинин өнүгүшүнө, калыптанышына «Эркин-Тоо» газетасы кандай таасирин тийгизди?
4. Кыргыз адабий тили кайсы диалектилердин негизинде түзүлгөн?
5. Оозеки жана жазма тил деген эмне, алар кандай милдетти аткарат, кандай айырмаланат?
6. Адабий тилдин негизги белгилери кайсылар?
7. Кыргыз адабий тилин байытууда орус жана башка тилдеринин ролу кандай?
8. Тил жөнүндө кандай макалдарды, учкул, накыл сөздөрдү, ырларды, кара сөздөрдү билесиң?
9. Үйүңөрдөн тил жөнүндө айтылган ырларды, макалдарды, учкул, накыл сөздөрдү ж. б. жазып келгиле жана үйрөнүп алгыла.

# БАЙЛАНЫШТУУ КЕП

## § 1. Тексттин маанилик бүтүндүгү

**Текст** — маанилик, тематикалык, грамматикалык, стилистикалык жана структуралык жактан тыгыз байланышкан бир нече сүйлөмдөрдөн түзүлгөн кеп ишмердүүлүгүнүн оозеки, жазуу жүзүндөгү көрүнүшү жана жыйынтыгы. Тексттин ички маанилик бүтүндүгүн камсыз кылууда негизги ой менен теманын ролу зор. Алар тексттеги сүйлөмдөрдү байланыштыруу менен бирге маанилик бүтүндүктүн башкы белгиси катары көрүнөт. Маанилик бүтүндүк тексттеги чагылдырылган окуялардын ырааттуу өнүгүшү жана көрүнүштөрдүн өз ара байланыштуулугу менен да аныкталат.

Текст маанилик бүтүндүк катары композициялык — структуралык жактан төмөндөгүдөй бөлүктөрдү өзүнө камтып турат: **а) тексттеги ойдун башталышы; б) тексттеги ойдун өнүгүшү; в) тексттеги ойдун аякталышы.** Тексттин негизги оюу жана темасынан кабар берүү менен окуя, көрүнүш, кыймыл-аракеттердин аталыштарын туюндурган зат, алгачкы бир нече сүйлөмдөр текстеги ойдун башталышы деп аталат. Теманы жана негизги ойду тереңдетүү менен окуялардын андан ары кеңейтилип баяндалышын туюндурган бир катар сүйлөмдөр тексттеги ойдун өнүгүшү деп аталат. Ал эми окуя, көрүнүш, кубулуштар тууралуу ой-корутундуларды жыйынтыктап турган акыркы сүйлөмдөр тексттеги ойдун аякталышы деп аталат. Айрым чакан тексттердин аякталышында *демек, ошондуктан, андыктан, тактап айтканда, кыскартып айтканда* деген сыяктуу сөздөр катышкан сүйлөмдөр учурашы мүмкүн. Текст көлөмү жагынан ар кандай болот. Төмөндө биз бир тексттин мисалында ойдун башталышын, өнүгүшүн, аякталышын келтиребиз:

Бир мергендин беш уулу болот. Эки уулу айтышып доодо өлөт, эки уулу атышып жоодо өлөт. Колунда жалгыз Ка-

рагулу калат. Бир күнү дагы алдырар күнү жаздырар болуп, чал тоого мергенчилеп чыгып кетет. Карагул да атама барамын дейт. Энеси бир аз какыс-кукус кылып коёт. Таарынган бала атасынын артынан кетет. Жолдо таш тизип ойноп, не бир кызыкка батат. Анан чарчап, талыкшыган бала арчанын түбүнө уктап калат. Жолу болбогон мергенчи тоодон келе жатат. Эңкейип өңүп караса, арчанын түбүндө — элик! Кудайдын берип салганын кара! Ак бараң мылтыгын октойт. Мелжеп туруп атып калат. Тарс! Элик деген өзүнүн эрке баласы Карагул экен. Мергенчинин башына кыямат кайым түштү. Жер жарылып кетпей араң турду... Өлгөн баланы каруууга салып, көтөргөн чал боздойт. Калганынын баары жайында: асман көпкөк, аркайган аска, бодур таштар. Арча да эч нерсени туйбагандай суйсалып сулуу. Бир гана мергендин алдынан атакелеп тосуп чыгуучу Карагул жок. Ал мергендин колунда, аңтара тигилген элик тону кан болгон, башы шылкылдайт.

*(«Карагул ботом». Б. Исаков «Манас сабагы»)*

Тексттеги «Бир мергендин беш уулу болот. Экөө айтышып доодо өлөт, экөө атышып жоодо өлөт. Колунда жалгыз Карагулу калат. Бир күнү дагы алдырар күнү жаздырар болуп, чал тоого мергенчилеп чыгып кетет» деген сүйлөмдөр менен ой башталып, андан аркы сүйлөмдөрдө Карагул жөнүндө баяндалып, окуя терендеди, өнүктү, тема жана негизги ой аныкталды. Ал эми акыркы сүйлөмдөрдөгү мергенчинин өз уулун элик экен деп атып алышы менен, «Өлгөн баланы каруууга салып көтөргөн чал боздойт», «Бир гана мергендин алдынан атакелеп тосуп чыгуучу Карагул жок», «Ал мергендин колунда, аңтара тигилген элик тону кан болгон, башы шылкылдайт» деген сүйлөмдөрдүн жардамы менен окуя, ой кайгылуу аяктады.

1. Текстти кунт коюп окугула. Анын бөлүктөрүн (башталыш, өнүгүш, аякталыш) аныктап көрсөткүлө.

А. Осмонов — кыргыздын таланттуу лирик-акыны. Ал кичине кезинен жетим калып, интернатта тарбияланган. Ар кыл темадагы кызыктуу ырларды өтө көп жазган. У. Шекспирдин, А. С. Пушкиндин чыгармаларын, Шота Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» поэмасын кыргызчага которгон. Ден соолугунун начардыгына карабастан, өмүрүнүн акыркы мезгилинде да ырларын жаз-

ган. Таланттуу акындын өзү жок болсо да, анын ырлары ырдалып жана айтылып жүрөт. Чыныгы талант деген ушул.

2. «Нан болсо, ыр да болот» деген темада өз алдыңарча чакан дил баян жазгыла. Анда тексттин бардык бөлүктөрүн (башталыш, өнүгүш, аякталыш) катыштыргыла.

3. Бул башталган текстти андан ары толуктап, ойдун өнүгүшүн жана аякталышын жазгыла. Тема тандагыла.

Конок күтүү, мейман тосуу — ата-бабаларыбыздан бери келаткан кыргыздын ыйык салты. Мейман келип турган үй кут түшкөндөй сезилген. Жети адам келсе, бирөө Кыдыр алейкисаламдай көрүнгөн...

4. Текстти окугула, ойдун өнүгүшүн тапкыла. Эмне себептен өнүгүш бөлүгү деп эсептейсиңер, далилдегиле.

А. Токомбаев прозалык чыгармаларды жазууга 20-жылдардын башында киришкен. 1927-жылдан тартып, басма сөз беттерине жарыялана баштаган аңгемелери, фельетондору жана журналисттик макалалары Аалынын прозалык чыгармаларды жазуудагы машыгуу мезгили сыяктуу.

А. Токомбаевдин «Жараланган жүрөк» повести автобиографиялык мүнөзгө ээ. Бектурган карыянын кайыр сурап, кичинекей Өмүрбегин ээрчитип, эчен ыза-кордуктарды көрүшү автордун өз башынан өткөн кыйынчылыктарынын негизинде жазылгандай. Бирок повесть жалаң гана автобиографиялык маалыматтардын жыйындысы эмес. Анда автордук чоң жалпылоолор, типтүү образдар орун алып, ошол образдарда эки доорду көргөн адамдардын мүнөздөрү ачылган. «Мезгил учат» повестинде автор бир эле каармандын балалык кезинен тартып, элге белгилүү чоң сүрөтчү болгонго чейин узак жолун көрсөтүш үчүн анын өмүрүн терип-тепчип сүрөттөп отурбастан, каармандын өмүрүнүн урунттуу учурларын жазууга көбүрөөк аракеттенет.

Мындан башка А. Токомбаев: «Даат», «Жол жомогу», «Акылмандын жообу», «Өлүм кимди коркутпайт», «Ашырбай», «Таң алдында» аттуу роман, новелла, очерктерди жазды. Бул чыгармалар да эл тарабынан жылуу кабыл алынды.

*(К. Артыкбаев)*

5. Тексттин башталыш бөлүгүн кайсы сүйлөмдөр түюндуруп турат? Эмне үчүн башталыш деп айтабыз? Үзүндү кайсы чыгармадан алынган?

Ал кандай жээкте турду. Ортодо агымы катуу шар дайра, өйүздөгү шагылда алиги маралдар. Мына ошондо бала маралга жалынды: «Мүйүздүү Бугу-Эне, мүйүзүңө бешик илип, Бекей таежеме апкелип берчи. Суранам, бешик апкелип берчи, Бугу-Эне. Алар да балалуу болушсунчу». Ушинтип, жалынып сыздаган бойдон бала суу үстү менен Мүйүздүү Бугу-Энеге чуркап баратты. Суу оюлбады, буту малынбады, бирок өйүз жээкке да жетпеди, бир ордунда тыпылдап чуркап тургансыды. Ага карабай Мүйүздүү Бугу-Энеге жалынып-жалбара берди. «Мүйүзүңө илип, бешик апкелип берчи. Атам ыйлабасынчы, Орозкул аба Бекей таежеми урбасынчы, экөө балалуу болушсунчу. Ошондо мен баарын жакшы көрөм, бирок аларга бир баланы берчи, айланайын, Бугу-Эне. Мүйүзүңө илип, бешик апкелип берчи...»

**6.** Тексттин аякталышындагы сүйлөмдөр кайсылар? Аякталыш бөлүгү экендигин эмнеден байкоого болот?

Окуу бүткөндөн кийин, Дүйшөн мени колумдан жетелеп: «Экөөбүз азыр бир иш кылабыз, Алтынай, — деди, өзүнчө сүйүнгөндөй, мени күлө карап. — Мына бул теректерди мен сага арнап алып келдим. Ушулар жетилип чоңойгончо, сен дагы жетилип, жакшы киши болуп, көктөп бүрдөйсүң. Менин баамымда сен чоң окумуштуу адам болосуң. Айтты-айтпады дээрсиң, сенин таалайыңа жазылып турат, жайнаган көзүңдөн айланайыным, тал чыбыктай солкулдак кезиң, зээниң бар, акылың тунук. Ушул тилекке багыштап алып келдим. Кел эми, өз колубуз менен тигип коёлу. Багың окуудан ачылсын!» (*«Биринчи мугалим»*)

## § 2. Тексттеги абзац менен кичине темачалардын (микротемалардын) байланышы

**Текст** бир же бир нече **абзацтан** жана **кичине темачалардан** турат. Ал эми өз кезегинде абзац да бир нече кичине темадан турат.

**Кичине темачалар** — тексттин бир бөлүгү, тактап айтканда, жалпы мазмунунун бир бөлүгүн билдирген деталы. Ар бир кичине темачалар маанилик, тематикалык, түзүлүш жактан байланышкан бир нече сүйлөмдөрдү өзүнө камтыйт. Кичине теманын өзүнүн темасы, башкы оюу болот. Ал эми бир нече кичине темачалардан түзүлгөн тексттин бир бөлүгү

абзац деп аталат. Текст көбүнчө баяндалган окуя, көрүнүштөргө ылайык бир нече кичине темалардан тургандыктан, өзүнөн-өзү абзацтарга ажырайт.

**Абзац** — бир ойдун бүтүшү менен экинчи ойдун башталышын же ойдун андан ары тереңдешин билгизген каражат. Абзацта бардык сүйлөмдөр, татаал синтаксистик бирдиктер катышуу менен ойдун башталышы, өнүгүшү, аякталышы болот. Бир абзацта маанилик, грамматикалык жана структуралык жактан байланышкан жалпы темага жооп берген бир нече кичине темалар болушу мүмкүн.

Мисалы, Карышкыр кетенчиктей секирди да, куйругун такымына кысып, четке жылжый басты. Жолу болбоду. Адам турат. Адам этке жолотпойт. Бөрү жортуп, саал алыстай берди да, тык токтоп, ыркырап адамга кайрылды. Көздөрүнөн көк чаар учкундар чачырап, кылкан жалы түксүйдү. Башын ийинине ката жыйрылып, азууларын шакылдата арсайтып, жаалы көзүнө чыгып, акырын жакындай берди.

Султанмурат катуу кыйкырып, бөрүнү токтотту да, Чабдардын жүгөнүн шыпырып ала койду. Жүгөндү колуна ороп жиберип, ооздукту салмоорлоп кармады. Эми анын куралы ушул жүгөн болуп калды.

Карышкыр дагы жакындап келди да, кылкан жалы түктүйүп, тулку бою тырышып, секирмекчи болуп, жерге жабышып жата калды. Көздөрү Султанмураттын көзүнө кадалды. Бөрүнүн көзү курчураак, заардуураак сезилди.

Бирок Султанмурат жалтанбады. Болгондо өмүрүндө биринчи жолу жүрөгү муштумдай эт экенин, ал дүкүлдөп, көкүрөгүн ургулап жатканын даана сезди...

Султанмурат жүгөндү оңтойлото кармап, илгери жүткүнө даяр турду.

*(«Эрте жаздагы турналар»)*

Бул текстте беш абзац бар. Алар «Султанмурат жана карышкыр» деген теманын негизинде маанилик, грамматикалык жана структуралык бир бүтүндүктү түзүп турат. Биринчи абзацта карышкыр жаныбардын адамды көргөндөгү портреттик ал-абалы сүрөттөлсө, экинчи абзацта Султанмураттын кыймыл-аракет, ал-абалы баяндалды. Үчүнчү абзацта окуя андан ары тереңдеп, карышкыр секирмекчи болду. Төртүнчү абзацта Султанмураттын жалтанбастыгы, ал эми

акыркы абзацта окуя жыйынтыкталды. Султанмурат даяр турду. Бул абзацтардын ар биринде бир нече кичине темачалар бар. Мисалы, биринчи абзацта беш кичине тема бар:

а) карышкыр жылжый басты;
б) жолу болбойт;
в) адам этке жолотпойт;
г) ыркырап адамга кайрылды;
д) акырын жакындай берди.

Бул кичине темалар бири-бири менен маанилик байланышта болуп, окуянын улам өнүгүшүн шарттап, жалпы темага жооп берүү менен татаал синтаксистик бүтүндүк катары абзацты туюндуруп турат. Ал эми кийинки абзацтардагы кичине темаларда окуя өнүгүп отурат.

**Текст — абзац — кичине темачалар**

Абзац менен башталган биринчи сүйлөм саптын башынан башталбастан, бир аз орун калтырылып, төртүнчү же бешинчи тамгадан башталып жазылат.

**7.** Текстти көркөм окугула. Канча абзац бар? Ар бир абзацта кандай кичине темалар жайгашкан, далилдегиле. Тексттин мазмуну боюнча кеңири баяндама (изложение) жазгыла.

## МАЙСАЛБЕКТИН КАТЫ

Мен согушта жүрүп, эрдик көрсөтөйүн деп, эч качан эңсеген эмесмин. Мен өзүмдү эң жөнөкөй, эң бир асыл ишке — мугалимдикке даярдап жүргөмүн. Заманым ушул экен, балдарды тамга таанытып, окутуунун ордуна курал кармап, жоокер болдум. Ал менин айыбым эмес.

Мына, азыр мектепте окуучу жаштарга менин биринчи жана акыркы берип кетер сабагым — ушул, аларга окутуп кеткен билимим да — ушул. Буга мен турмуштан алып чыккан бардык билимимди жумшаймын.

Бир сааттан кийин мен Мекеним тапшырган ишке барып, кайра кайтпаймын. Душмандын талылуу жерине барып, аны кыйратып, өзүм да жок болом. Мекен үчүн, эл үчүн, дүйнөнүн бардык жакшылыгы үчүн!..

Бул — менин акыркы катым, акыркы калем шилтешим, акыркы сөзүм. Апа, миң бир эки апа десем дагы кадырыңа

жетер белем, түшүнгүн, бул бир жөн эле өлүп берүү эмес, бул жөн эле жан кечтилик эмес, бул — өмүр сүрүүнүн эң бир эбегейсиз түрү. Кулакка жат угулса да, бул — жашоо үчүн болгон өлүм. Мен өз ыктыярым менен ушуну туура таптым. Мен эч кандай кылчактаган жерим жок. Мекеним мага бул ишти ишенип тапшырганы үчүн сыймыктанам...

*(«Саманчы жолу»)*

**8.** Төмөнкү эки текстти абзацтарга ажыраткыла. Андагы кичине темаларды тапкыла жана ар бир текстке тема тандагыла. Абзац менен кичине темалардын ортосундагы байланышка көңүл бургула. 1-тексттин маанисин түшүнө билгиле.

1- т е к с т: Таласка келгени, Манас тегерегине не бир мыкты азаматтарды жыйнайт. Аларга аркар аяк, жез билек ат жакшысын мингизет, тон жакшысын кийгизет. Жегендери сары казы, кыйма жал. Күндө күлүк таптоо. Жарак жасоо, күндө күрөш, ат үстүндө кармаш. Машыгуу. Ушунун баарысына Жакып нааразы болот. Анан Манаска айтат: — Мен жыйнаган мүлк кана, мен жыйнаган мал кайда? Баарын жоготтуң. Ушубу сенин кылганың? Балалуу болдум деп жүрсөм, куу баш бойдон экемин. Көзүнө дүнүйө ысык, мал ысык болгон чал менен Манас айтышпайт. Бир адамга билинбей, жан кишиге көрүнбөй, түн катып, кетип калат. Кете берет, кете берет. Анжыяндын Боз-Талаасына келет. Бир оокумда ак сакалчан абышка баатырдын алдынан чыгат: — Оо, баатыр, атыңдын оозун бура тур. Сен атагы кылымга кеткен, кыргыз журтун ата болуп сактаган, эшигинин алдына жүздөгөн тулпар байлаткан Орозду баатырдын артында калган бир тукум экенсиң. Сен ошол Ороздуну тарткан шерсиң. Бирок алдыңдагы боз атыңдын бейбелчеги бир тутам, бечелдик сыны бар, алты ай сапар жол жүрсөң, бул атың жүрбөй калар былкылдап. Кармашка минер мал эмес. Чабал. Оо, Манас балам, тилимди ал. Ушул Анжыяндын Боз-Талаасына экөөлөп аштык айдайлы. Алты айда бышар. Дегениңе көнөмүн, көкжал сага ата болуп беремин. Абышканын айтканына Манас макул болот. Экөө аштык айдайт. Күзүндө кырман толо эгин болот. Манаска тең шерик болгон абышка Баба дыйкан экен. Ал Нойгуттун каны Карачанын колунда кайыптан бүткөн куу байтал кулун тууганын, ал кулун туулары менен энесинин үстүнөн он эки жолу секирип өткөнүн, ал айгай укса шашпаган, ай караңгы түндө да, бир изин жаза баспаган, кетмен туяк, кең соору тулпар болорун, са-

йышка минер мал экенин айтат. Андан бери он эки жыл өтүп, быйыл Карачанын калкына каатчылык келиптир. Айдаган аштыгын чегиртке талап жеп кетет. Эми Карача ошол тулпарды жетелеп, сага өзү келет. Буудайдын баарын берип, ошол Аккуланы ал, чалгынга минсең чарчабайт, оорукка минсең оорубайт, атышка минсең арыбайт. Кыялың өсүп жетилет, кырсыктын баары кесилет. Сага, катылган адам оңбосун — деп, Баба дыйкан бата берет да, көздөн кайым болот. Анын айтканы келет.

*(Б. Исаков «Манас сабагы»)*

2-текст: Ашар — биргелешип бир жумуштун аягына чыгуу. Ашар иштин арымын аябай тездеткен. Мында устаттар, нускоочулар, байбичелер, куттуу карыялар жаштарга жол, таалим-тарбия көрсөтүп турушат. Ашарга келгендерди үй ээси мал союп, бай дасторкон менен жадырап тосуп алат. Ашар, мисалы, үй салууда, дубалын көтөрүүдө, кышын куюп, аны кыноодо, үйдүн үстүн жабууда, шыбоодо, актоодо, сырдоодо, мал кыркууда, кош айдоодо, чөп чабууда, эгин оруп-жыюуда ишке ашырылып, элибиз жапа тырмак жардамга келишкен. Ал эми элдик көркөм кол өнөрчүлүктө, килем токууда, чий чырмоодо, өрмөк согууда, кереге көктөөдө чебер адамдардын биргелешип, бир асыл буюмду жалпы бүтүрүү салты. Ашар биргелешип узануунун, эмгектенүүнүн, бири-бирине жардам көрсөтүүнүн мыкты үлгүлөрүнөн болуп саналат.

*(А. Акматалиев)*

**9.** «Менин айылым» деген темада бир нече абзацтардан турган баяндоо тибиндеги сүрөттөөнүн элементтери катышкан текст түзгүлө.

## § 3. Тексттин байланыштуулугу. Тексттеги сүйлөмдөрдүн өз ара ички маанилик байланышуу жолдору (кайталоо)

Тексттеги сүйлөмдөрдүн өз ара ички маанилик байланышуу жолдору (уланма байланыш, темалар аралык байланыш, удаалаш байланыш) тууралуу маалыматтарды эсиңерге салгыла. Сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн байланышы (ээрчишүү, башкаруу, ыкташуу жана таандык) менен сүйлөмдөрдүн ортосундагы (жогоруда аталган) байланыштардын кандай жалпылыктары жана айырмачылыктары бар, ой жүгүртүп талдагыла.

**10.** Сүйлөмдөр өз ара ички маанилик жактан кандайча байланышып жатат? Өткөн чакты билдирген этиштик баяндоочтордун *(тарадык, бардым, дос болдум, үйрөндүм, окудум, көрдүм, түштүм, калгым келди)* сүйлөмдөрдү байланыштыруудагы ролу кандай?

Көптөн күткөн жай айы да башталды. Биз каникулга тарадык. Мен шаардагы туугандарыбыздыкына бардым. Кошуналарынын Алмаз, Сергей, Марат деген балдары менен дос болдум. Алардан аз да болсо, орус тилинде сүйлөгөндү үйрөндүм. Кызыктуу китептерди окудум. Кинофильмдерди көрдүм. Көлгө да түштүм. Досторум окуган мектеп менен тааныштым. Эмнегедир алар менен бирге шаарда калгым келди. Бул оюмду үйгө кат аркылуу жазып жибердим, үйдөгүлөр уруксат беришсе экен деп, кудайдан күнүгө тиледим.

**11.** Кыргыз элинин көркөм адабий жана фольклордук чыгармаларынан сүйлөмдөрдүн өз ара ички маанилик уланма, удаалаш, темалар аралык байланышуу жолдорун чагылдырган сүйлөм тизмектерин табууга көнүккүлө. Оозеки, жазуу кебиңерде сүйлөмдөрдүн маанилик байланышуу жолдорун туура сактоого аракеттенгиле. Уланма байланыш катышкан тексттен үзүндү жазып келгиле.

**12.** Сөздөрдүн ортосундагы байланыштар менен сүйлөмдөрдүн арасындагы байланыштын түрлөрүн ажырата билгиле. Бул байланыштарды айырмалоо максатында даяр тексттердин үлгүлөрүн пайдалангыла. Сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдорунун ишке ашуусунда көбүнчө 1-сүйлөм 2-сүйлөмгө, 3-сүйлөм 4-сүйлөмгө негиз боло тургандыгына көңүл бургула. Удаалаш байланыштагы текст түзгүлө.

Үлгү: Берекелүү күз айы башталды. Мөмө-жемиш бышып, эгин-тегин жыйналды. Токчулук, молчулуктун мезгили өкүм сүрдү. Шаан-шөкөт, той-маарекелер удаа-удаа болуп жатты.

Мында 1-сүйлөм, 2-сүйлөмгө негиз болуп, удаалаш байланышты. Мисалы, күз келбесе, мөмө-жемиш бышпайт эле. Ушундай эле 3-сүйлөм 4-сүйлөмгө негиз болуп, удаалаш байланышты.

## § 4. Тексттеги сүйлөмдөрдү байланыштыруучу тышкы тил каражаттары

Тексттеги сүйлөмдөрдү байланыштыруучу тышкы тил каражаттарына булар кирет: сөздөрдүн кайталанышы, синоним жана антоним сөздөр, байламталар, баяндоочтордун жак, чак, сан боюнча бирдей келиши, интонация, синтаксистик параллелизмдер.

Сөздөрдүн кайталанышы аркылуу байланышта бирдей сөздөр бир нече ирет кайталанат:

Оорулуу акын,
Ойго жакын,
Ооруп алсыз олтурат.
Акын, акын,
Акын баркын,
Өлүм билбей кол сунат.
Оорулуу акын,
Сөздөрү алтын,
Алсыз жалгыз олтурат.
Кантсин акын, ак кагаздын,
Бетин ырга толтурат.

*(А. Осмонов)*

Эскертүү: Айрым учурда бир нече окшош сөздөр удаа-удаа келип да, сүйлөмдөр байланышат:

Сөздөрүң чубалжыбай кыска болсун,
Ар сөзгө он-ондогон маани толсун.
Сөздөрү акылмандык мүрөк болор,
Сөздөрү наадандардын чөлдөй соолор.

*(Жусуп Баласагын)*

Мында сүйлөмдөр сөздөрдүн кайталанышы аркылуу жана антоним сөздөр аркылуу да байланышты.

**13.** Тексттеги сүйлөмдөрдү өз ара байланыштырып турган кайталанган сөздөр кайсы? Алар кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү? Ал сөздөр жок болсо, сүйлөмдөр байланышабы?

Сыйдагүл окууну бүтүп, кызыл диплом алды, бирок ал али мугалим эмес. Чектелген районго келип, бала окута баштады, бирок Сыйдагүл мында да мугалим экенин чындап сезе албады. Жылдар өттү, Сыйдагүлдүн окуучулары да көбөйө баштады. Ошенткен сайын Сыйдагүлдүн жүрөгүн бир суроо эзе берер эле: «Мен чыныгы мугалим боло алдымбы? Сүйүктүү эжейимди тарта алдымбы?» Бирок бул суроого Сыйдагүл эч качан жооп бере алчу эмес. Мына, бүгүн гана, бала окутканына кыйла жыл болгондон кийин гана, өзүнүн чыныгы мугалим экенин айныбай сезгендей болду. Бул маанайлуу күн Сыйдагүлдүн нукура мугалим катары кайра төрөлгөн улуу күнү да эле!..

*(О. Айтымбетов)*

**III жактагы жактама, шилтеме ат атоочтордун жардамы менен болгон байланышта** зат атооч сөздөр 3-жактагы ат атооч сөздөр менен алмашылат:

М и с а л ы: Адегенде Данияр мурункудай эле үнү кысталып, батына бербей, акырын баштады. Бирок бара-бара анын үнү ичтен күч алып, чыйралып, күчөй берди. Анын ыры, сөзү жок эле үн менен обон. Деңиздин толкуну удургуп каптагандай, төктүрмө обон ташынып, анын сөз айтууга чамасын келтирбей жатты.

*(«Жамийла»)*

Анан тигил ага манаптары, болуштары сага да, тигилерге да тогуздан айып ойлошор. Аны өздөрү калыстык дээр. Сакалы чачыраган киши атын теминди:

— О, Куке, журт куудулу — Куйручуксуз. Сиз ушул өз дөбөңүздө тек отурбайсыз. Алыстан карааныңызды көрүп, атайы келдик. Биз тим калбайбыз. Даттанабыз. Ошол кезде сиз да болуп бериңиз.

— Э-э, даттанабыз дегиле...

— Айтар кепти айттык, Куке... Тигилер жөнөй беришти.

— У-а-а — деди Куйручук, тиги узап бараткан атчандардан көз айырбай. — Барарын барармын. Айтарымды айтармын. Хи-хи... Кулкуну бузук кудай ургандар кеп жээр бекен. Аны ошол кезде ошол жерден көрөрбүз.

*(Т. Сыдыкбеков «Күлкү жана өмүр»)*

**14.** Тексттеги кайсы зат атооч менен алмашылып, сүйлөмдөрдү байланыштырып жатат? Эгер зат атоочтун өзүн эле колдонсо болобу? Үзүндү кайсы чыгармадан?

Согушту биз тилеп алган жокпуз, бул — көптүн башына келген кыйын иш, бүткүл адам баласына балта урган зулум күч. Биз аны менен күрөшпөй коё албайбыз. Ал үчүн кан төгүп, ал үчүн жан берип, аны кыйратып жок кылууга милдеттүүбүз. Антпесек биздин адам деген атыбыз өчөт.

**15.** 3-жактагы ат атооч сөздөрдү катыштырып, ыр же кара сөз түрүндөгү чакан текст (дил баян) түзгүлө. Ат атоочтордун сүйлөмдү байланыштыруучу каражат катары ролун аныктагыла.

**Синонимдер аркылуу байланышуусу.** Мында көбүнчө синоним сөздөр менен сүйлөмдөр өз ара байланышып турат.

Чечендикти эмнеден баштоо керек? Кээ бир өтө уяң, чечкинсиз кишилер чогулуш, жыйында адепсиз, ыксыз, туура эмес сүйлөп аламбы деп жүрүп, такыр сүйлөбөс, унчукпас болуп алат. Өзүңдү өзүң, айрыкча кулун курагыңда өтө жалтаң, ыкшоо болуудан сактан. Адегенде чакан топ, чакан жыйындарда сүйлөп, өз кемчилдигиңди өзүң сындай бил. Чечен, сөзмөр, кепкорлуктун белгиси — өз оюн отургандарга так, кыска, түшүнүктүү, мазмундуу айта билүү. Айта турган оюң дайыма комуздун үч кылындай дилиңде күүгө келип турууга тийиш. Өзүнө-өзү талабы мажирөө, ыкшоо кишилер билдире турган оюнун аягына чыкпай, экинчисине, анан үчүнчүсүнө өтөт. Натыйжада кептин мааниси жоголуп, чаржайыт бир нерселер сүйлөнөт. Жыйында бир саат эмес, беш минут сүйлөсөң да өтө дыкат даярданып, сөзүң үч бөлүктөн: кириш сөз, айта турган негизги ою жана жыйынтыктоодон турушу керек. Чогулуш алдында материалды бир сыйра карап ал. Бир эле темада бир нече аудиторияда сүйлөөгө туура келсе, анда аудиториянын деңгээлине ылайыктап, бир нече варианттарды түзүп алууң оң. Угуучулардын сезимин дароо жылоодон алып, көңүлүн дароо өзүңө буруу үчүн, айтылып жүргөн трафареттен баштаба сөзүңдү. Кагазга үңүлбөй, эркин сүйлөөгө үйрөн. Докладыңдын деңгээли канчалык терең болгону менен, эгер окусаң, өз деңгээлин, мазмунун жоготот. Улуу кишилерден көп мисалдап сүйлөбө. Кебиң канчалык жөнөкөй, мааниси терең, дикцияң таза, үн тембриң угумдуу болсо, ошончолук чогулуштун көркүсүң.

*(К. Сактанов)*

**16.** Текстте сүйлөмдөрдү байланыштыруунун каражаты катары кайсыл сөздүн синонимдери колдонулган? Тексттин мазмуну боюнча баяндама жазгыла.

Ысык-Көл — Кыргыз мамлекети бүт дүйнөгө сыймыктана турган көлдөрдүн бири. Калайык-калкыбыздын басып өткөн жолу, тарыхы, муң зары, кайгы-кубанычы, арзуусу, кыялдануусу мына ушул табияттын таберигинин кылымдап толкуп келген толкундарынын арасында катылып жаткансыйт. Таланттуу акын А. Осмонов дартына даба издеп, дал ушул кыргыз берметинин жээктерине келген. Акын бул жайдан учкул ыр саптарын тапкан, шыгына шык, ырына ыр кошулган. Акындын чыгармачылыгына жаңы эргүү, жаңы дем кошулган.

№ 4319

Орустун атактуу географ окумуштуусу П. П. Семенов Тянь-Шанский дал ушул ажайып кооз жайга таасирленип, бүт дүйнөгө белгилүү болгон Женева көлү менен салыштырып, баалаган. Кыргыз берметинин көркү нечен кылымдар мурун жашаган XVII кылымдагы Абулгазы даанышман тарабынан да жогору бааланып, анын санжыраларынан орун алган.

**Антонимдер аркылуу байланышуусу:**

Мисалы, Жаш кезде коркок болсо, карыганда чоркок болот. Жаш күчү менен, кары кеңеши менен. Жоголуп табылган мал — олжо, ооруп айыккан жан — олжо. Ачуу болуп, мурчтан өтпөйт, таттуу болуп, балдан өтпөйт. Айткан айыптуу, айтпаган күйүттүү. Жакшыны сөз өлтүрөт, жаманды таяк өлтүрөт. Жакшы адам таап сүйлөйт, жаман адам каап сүйлөйт.

**17.** Тексттеги сүйлөмдөрдү кандай антоним сөздөр байланыштырып турат? Текстке тема тандагыла, башкы оюн аныктагыла.

Уулум, эгерде акылдуу, даанышман боломун десең, өнөрлүү болууну көбүрөөк ойлонгун. Өнөрдүн арты менен сый-урматка жетишесиң. Эгерде өнөрдөн пайдаланбасаң, куурап калган даракка окшоп каласың. Арийне, акыл-парасатың жетиштүү болуп туруп, өнөрсүз болсоң, сенин даанышмандыгың жансыз сүрөткө же мөмөсүз даракка окшоп калат.

Уулум, өз кесибиңе, ата-бабаңдын мартабасына, мансабына манчыркап, илим, өнөр үйрөнүүдөн эч качан намыс кылбагын. Атанын мансабына маашырланып, ак эмгектен качуу, өнөр-илим үйрөнбөй коюу түркөй, наадан адамдардын иши. Акылдуу, даанышман адамдар эмгектен эч убакта качпайт, илим-өнөр үйрөнүшөт. Сен ушуну жакшы билгин, эгерде сен ак сөөк тукумдан болсоң деле, акылың, парасат-идирегиң, үйрөнгөн бир өнөрүң болбосо, андан сага эмне пайда?

Эй, уулум, акыл парасаттуу жана өнөрлүү, илимдүү адамдар менен дос болгун. Өнөрсүз адамда касиет болбойт. Ак эмгектен, илим-өнөр үйрөнүүдөн баш тартпагын.

*(«Ой гүлдөрү»)*

## § 5. Маанилеш сөздөрдүн алмашуусу аркылуу байланышуу

Мурунку сүйлөмдөгү сөз же сөз айкашы кийинки сүйлөмдөрдө өзүнө маанилеш башка сөздөр менен алмашылып келет.

Мисалы, Бу жолу вертолеттор жапыс учуп, шукшурулуп келди да, беймарал жайылып жаткан бөкөндөрдүн калың тобун уйгу-туйгу түшүрдү, үрккөн бөкөндөр жарылган тосмонун көлүндөй каптап, көктөн түшкөн балээден сүрдүгө качты. Капыстан келген бу шумдуктан эси чыккан жандыктар чаң-тополоң түшүп, башчысын таппай, башаламан дүрбөлөңгө кабылды. Бейкүнөө макулуктардын канаттуу темир шумдукка каршылык кылар аргасы болбоду.

*(«Кыямат»)*

**18.** Көркөм адабий чыгармалардан маанилеш сөздөрдүн алмашуусу аркылуу сүйлөмдөрдү өз ара байланыштырган үзүндүнү таап жазгыла.

**Синтаксистик параллелизмдер аркылуу байланышуусу.** Мында сүйлөмдөрдүн синтаксистик түзүлүштөрү бирдей болот.

Чаң созулат тамандан.
Жакшылык келбейт жамандан.
Булбулдун мукам үнү бар.
Тайлактын таза жүнү бар.
Аскар, аскар, аскар тоо,
Аягы барып чап болот.
Атадан алтоо болсо да,
Сыйлашпаса, жат болот.

*(Калыгул)*

Эр жигиттин жакшысы,
Сөзүндө болбойт жалганы.
Кеңешин элге билгизет,
Береке-пейил киргизет,
Элине пайда тийгизет,
Жигиттердин жаманы,
Айылдашын күйгүзөт,
Жакындарын кейитет.

*(Барпы)*

**19.** Синтаксистик түзүлүштөрү бирдей сүйлөмдөргө мисал келтиргиле.

**Кириндfestival сөздөр аркылуу байланышуусунда,** *биринчиден, экинчиден, ошентип, демек, кыскасы, ырас, сөзсүз, албетте, балким, мүмкүн* **деген сөздөр аркылуу байланышат.** Мисалы, Элдик музыканын өкүлдөрүнүн бирден-бири — Карамолдо Орозов. Балким, ой жүгүртүп кыялдансак, К. Орозов өз убагында музыкадан билим алып, консерваторияны бүтүрсө, балким, дүйнөлүк аренага чыккан улуу композиторлордун бири болор беле?

*(Ч. Айтматов)*

Айрым учурларда ата-энеңер түшүнбөстүктөн силерге тарбия, адеп берүүдө капилет тескери сүйлөп алуулары мүмкүн. Алардын мындай учурда айткандарынын туура эместигин акырындык, кичипейилдик менен түшүндүргүлө. Катаал мамиле жасап, алардын мээримге толгон дилин оорутпагыла. Ата-энеңердин нускалуу кеңештерин дилге тутпай туруп, кыскасы алардын ыраазылыгын албай туруп, эч бир ишке киришпегиле.

*(«Ой гүлдөрү»)*

**20.** Төмөнкү тексттен кириндfestival сөздөрдү белгилегиле. Сүйлөмдөрдү өз ара байланыштыруудагы алардын ролун аныктагыла.

Улуттук маданияттын ажарын ачкан жалпы элдик маданияттын соолбос булагы — тил. Деле эч бир тилди кем баалоого болбойт. Неге дегенде жер жүзүндө сүйлөгөн бардык жандуу тилдер негизинен эки булактан байып өнүгөт, биринчиден, ар бир тилдин өз сөздөрү, экинчиден, өзүндө жок сөздөрдү башка тилдерден оодтуруп, өзүнүн ички мыйзамына багындырып алуусу.

Англис тилинде бир нече кылымдан бери үн чыгарган эң кыска сырдык сөзгө чейин чогултуп, алтымыш миллион кепсөз сөздүккө түшкөндүгүн көрүнүздөрчү деп, тилчи Жээнбай Мукамбаев таң калат. Албетте таң каларлык камкордук. Ал элдин өз тилине иштеген камкордугу. Мурда орус тили кенчи он миңдеп саналса, бүгүнкү күндө ал өз коруна болгондо да, жүз миңдеген сөздү камтыйт.

Ой-сезимди ойготолу. Тил тегин тактайлы. Маанилеш сөздөрдүн ошол көп маанисин иликтейли. Өзүбүздө жок сөздөрдү, албетте, четтен алалы. Четтен келген сөздөрдү, албетте, кыргыз адабий тилинин мыйзамына сыйдыралы. Ар

бир термин, ар бир кеп-сөз өз тилинде эмнени туюндурат. Ошол так туюнтмасын чечмелеп кабыл алууга жетишели.

Бардык замандарда ар бир тил четтен келген сөздөрдү өз мыйзамына багындырганда гана ал жандуу сөзгө айланган. Тил маданиятына үлүш кошуп, сөз казынасын байыткан.

*(Т. Сыдыкбеков)*

**Байламталар аркылуу байланышат:** *анткени, себеби, эгерде, же болбосо, жана, да, менен, ошон үчүн, ошол себептүү, же* ж. б.

Мисалы, Атанын перзентине деген сүйүүсү чексиз. Ошол себептүү ал перзентин өз сүрөтүнөн көчүрүлгөн нуска деп билет. Бала биринчи сөздү энеден угат. Ошол себептүү ал сүйлөгөн тилди «эне тили» дегендин мааниси да ушунда. Силердин бул жарык дүйнөгө келишиңерге себепкер болгон, тарбиялап өстүргөн ата-энелердин сүт акысын эч бир кемчиликсиз актагыла. Мээримдүү бөпөлөөсүнүн акыбетин кайтаргыла. Өмүр бою аларга ак кызмат кылып, алардын ыраазылыгын алгыла. Аларга болгон урматтооңорду ширин тил менен, таза эмгегиңер менен көрсөткүлө. Алардын, силерге айткан насааттарын ак дилден кабыл алып, өз ишиңерге туура пайдалангыла. Алардын турмушунан ар дайым кабардар болуп, эч нерсеге зарыктырбагыла. Анткени алар силерге эч качан жамандык тилебейт. Ар дайым силердин бактылуу, таалайлуу болуп, ыракаттуу өмүр кечирүүңөрдү арзуу кылат. Ошон үчүн алардын айткандарына ыклас койгула.

*(«Ой гүлдөрү»)*

**21.** Төмөнкү үзүндүнү окугула. Сүйлөмдөрдү байланыштырып турган байламталар кайсылар экенин аныктагыла.

— Мен да билем, сени, таятаңды да билем. Ал жакшы киши, — деди Мүйүздүү Бугу-Эне.

— Сени көптөн бери күтүп жүргөнбүз, — деди бала. Бала жетине албай кубанды, бирок кандай алкыш айтарын билбеди. — Балык болуп кубулуп, Ысык-Көлгө, ак кемеге сүзүп кетейинби? — деди бала кокус келген оюн айтып.

Бирок балык болуп кетери бышык эле. Мүйүздүү Бугу-Эне эчтеме жооп кайтарбады. Ошондо бала кийимин чечип ыргытты да, кадим жайкысындай ичиркене бүрүшүп, жээктеги талдын бутагын кармай сууга кирди. Бирок кызык, суу

сөөк какшатып муздак эмес, дымыктырып ысык экен. Бала көзүн жумбай суу асты менен сүзүп, ал өткөндө суу түбүнөн удургуп көтөрүлгөн миң сан алтын балыктарды, кумдарды, таштарды көрүп баратты. Бирок ысык суу демин кысып, негедир тумчуктурат.

— Мүйүздүү Бугу-Эне, жансоого мен да сенин уулуңмун. Мүйүздүү Бугу-Эне, — деп катуу кыйкырды бала.

Мүйүздүү Бугу-Эне суу жээктей чуркады. Мүйүзүнөн шамал ышкырып, катуу чуркады. Аны көрүп, бала тумчукпай жеңилденип калды...

*(«Ак кеме». Ч. Айтматов)*

**22.** «Чыныгы достук» деген темада дил баян жазгыла. Анда сүйлөмдөрдү байланыштыруу үчүн байламталарды пайдалангыла.

**Баяндоочтордун жак, чак, сан боюнча бирдей келиши аркылуу мурунку жана кийинки сүйлөмдөрдөгү баяндооч сөздөр бирдей жак, сан, чакта келет.**

Улуу акын жана композитор Т. Сатылганов 1864-жылы азыркы Токтогул районунда кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Балалык кези малайлык менен өткөн. 15 жашынан тартып ырдай баштаган. Алгачкы чыгармаларында лирикалык ырлар орун ээлеген. Арзымат менен айтышып, аны жеңген жана атагы чыга баштаган. Жалган жалаа менен акынды бай-манаптар каматышкан. Акын орус революционерлеринин жардамы менен түрмөдөн качып чыккан жана 69 жашында дүйнөдөн кайткан.

Кээде турмуш уу берет,
Ачуусуна алданба.
Кээде турмуш кант берет,
Таттуусуна алданба.

Жаныңда өлүм турса да,
Жалантып кылыч сунса да,
Жабыгып жүрөк кансырап,
Ирмелбей көзү турса да,
Үмүткө тойбойт адамзат.

**23.** Төмөнкү Курандан алынган үзүндүнү кунт коюп окугула, жак, чак, сан боюнча бирдей келген баяндоочторду белгилегиле. Алардын сүйлөмдөрдү байланыштыруудагы ролун аныктагыла.

Мусулман түшүнүгүндө адам бул дүйнөдөн өткөн соң, аркы дүйнөдө денеси менен жаны бир жыл бирге болот, үй-бүлөсү керээз-мурасын кандай аткарганын сезип жатат.

Алла тааланын жерге, сууга, асманга, жаратылышка, адамга, ааламдарга, дүйнөдөгү бардык кубулушка жүргүзгөн абсолюттук бийлиги Куранда кайра-кайра баса айтылат. Ал — бардыгын билген, бардыгын көрүп турган, бардыгын жетектеп бараткан сырдуу күч. Ал бейтарап да, кайдыгер да эмес. Ал жазалайт же урмат көрсөтөт. Эчтемени көз жаздымда калтырбайт. Жашыруун кабарчы, элчи, периште, пайгамбар, өкүлдөрү аркылуу, аян-белги, жышаандары аркылуу бардыгын билип турат. Андыктан ким менен болбосун эсептешип коюуга даяр. Кезеги келсе, эсебин берет. Ар бир макулуктун туулушун, өмүрүн, өлүмүн билүү менен ал соңку сааттын качан келерин, ким жазаланып, тозокко түшөрүн, ким сыйланып, бейишке чыгарын так айтат.

*(Э. Турсунов)*

**24.** «Азыркы жаштар жана ыймандуулук» аттуу темада дил баян даярдагыла. Сүйлөмдөрдү өз ара байланыштыруу максатында жак, чак, сан боюнча бирдей келген баяндооч сөздөрдү да пайдалангыла.

**Интонация аркылуу байланышат.** Сүйлөмдөрдөгү тыныш белгилеринин бирдей колдонулушу аркылуу байланыш ишке ашырылат.

Мисалы, Башын куттуктоо — алыс сапардан аткөл аман калганда, айтор, алтын башы сак-саламат көрүшкөндө ага-туугандары, эже-карындаштары, дос-тамырлары, куда-сөөктөрү ага акча-тыйын сунуу, мал энчилөө, кийит кийгизүү өңдүү жай айтылат. (*«Баба салты, эне адеби»*)

— Мынакей! Айланайын эл-журт! Мынакей! Жаман кулпуну сууруп алып эле, алып кетиптир! Кокуй, кокуй, кудай шорубузду кайнатып, кашайткан экен!.. Ал эмес желинин кармап көргөм! Балдарым сүт десе таңдайы такылдайт! Анан төшөктө жатсам да, жалгыз уйду кантип өзүм көздөбөйүн! (*«Бетме-бет»*)

**25.** Төмөнкү тексттеги тыныш белгилерине (интонацияга) көңүл бургула. Тыныш белгилери аркылуу сүйлөмдөр кандайча байланышып жаткандыгын аныктагыла.

...Орозо маалы экен. Кечки намаз окулуп, эл тизиле олтуруп, алдыга дасторкон жайылып, ага тамак-аш коюлгандан кийин, Жанек атаны Байтик баатыр: «Ооз ачыңыз, ата,

даамга караңыз» дегенде, «Оомийин, бис-символла, ир-рахмаан ир-рахим», — деп, Жанек боорсоктон бирди алып, оозуна салып койгон экен. Эшикке жакын отурган Байтиктин жигити: «Ээ, баатыр, баатыр, ооз ачуунун эрежесин бузуп койдуңуз го», — дейт. Анда Жанек: «Кандайча бузулду, кана айтчы угайын», — дейт. Жигит: «Адегенде суу ууртап, туз жалап, анан дандан ооз тиет эмеспи», — дейт. Жанек бир боорсокту алып көрсөтүп, «Мобунун ичинде суу да бар, туз да бар, дан да бар», — деп, тике карайт. Ошондо Байтиктин жигити сөзгө жыгылган экен.

*(«Кырчын» журналынан)*

## § 6. Орундуу кайталоо жана анын зарылдыгы

Баяндалып жаткан ойду тактоо, бекемдөө, бышыктоо жана сөздөрдүн образдуулугун, көркөмдүүлүгүн, элестүүлүгүн арттыруу максатында колдонулган кайталоо **орундуу кайталоо** деп аталат.

Орундуу кайталоо төмөнкүдөй учурларда зарыл:

**Кептин образдуулугун, көркөмдүүлүгүн жана элестүүлүгүн күчөтүүдө.**

Мисалы, Акылбек, Болотбек... Кулунум... Мени эле карайсың, түк көз айрыбай карайсың... Эмне... мени сагындыңбы?.. Мен да сени сагындым... Аябай сагындым.., куса болдум, кулунум... Болотбек, качан келип, комузуңду колуңа аласың? Ушинтип эле илинип тура береби? Келсеңчи, келип ырдап берсеңчи... Ырыңды сагындым, күүңдү сагындым. Кыял-жоругуңду сагындым. Чыгарчы үнүңдү угайын...

Уруштун азап-тозогун тартып, колу-бутуңду окко жулдуруп ийсең деле мейли эле, Жеңишбегимди жетим калтырбай өзүң тирүү маңдайыма келип берсең, арман жок эмес беле. Андан бөлөктүн мага кереги жок эле го, кулунум, Болотбек! Болотбек!.. Баары бир сен келесиң! Ырасчы, сен келесиң! Келүүгө тийишсиң! Сенин өлгөнүңө ишенген эмесмин, азыр да ишенбейм! Түк ишенбейм! Күтөм сени! Сен келгиче өлбөй тирүү жүрө берем, чыдайм ошого, чыдайм!

*(«Атанын тагдыры»)*

**Ойду бекемдөө, тактоо, бышыктоо максатында колдонулат:**

Орундуу сөз акыл-эстен от алат,  
Орунсуз сөз ийиниңден баш алат.

Маңыз сөздүн көрө албадым пайдасын,
Көп сүйлөсөң, чалынасың сен бачым.

Көп сүйлөбө, а керекче так сүйлө,
Түмөн сөздүн оң мааниси бир сөздө.
Байкагын, сөз айтарда ойлоп сүйлө,
Кордукту орой сөздөн тартып жүрбө.

Тил такта, башың аман болору чын,
Сөздөрүң накыл болсо — өмүр узун.
Чыгаша, киреше да тилден делет,
Андыктан тилди мактап, тилди сөгөт.

Дайыма сөздү ойлоп айтуу керек,
Жакшы сөз сокур үчүн көздөй керек.

*(Жусуп Баласагын)*

**Адамдын ар кыл ички сезим-туюмдарын (кайгырганын, кубанганын, чочуганын ж. б.) баяндоодо колдонулат.**

Кулунум, сени эс-учуңдан ажыратып жатканда, кулунум, кычкачтап жаңгак чаккансып, башыңа шири кийгизип, мээңди чагып жатканда, кулунум, мээңди мыкчып, чанагыңан коркунучтуу кан-шүүшүңү аралаш көзүң чыгып бараткан-да, кулунум, Сары-Өзөктүн түтүнү жок кыямат оту жаныңды куйкалап, каның катып жатканда, эриниңе бир тамчы суу тамызбай, асман мисирейгенде, мына, ошондо бүт дүйнөгө жан берген жараткан Эгебиз Күн сага жексур көрүнүп, жарык чачкан Күн эмес эле ааламдагы жаркын Эгелердин эң караңгысы сен экенсиң деп, күндү каргай алдың беken?!

*(«Кылым карытар бир күн»)*

**Расмий иш кагаздарындагы орундуу кайталоо:**

Жакында Айыл жана суу чарба министрлиги журналисттер менен пресс-конференция өткөрдү. Пресс-конференцияда республикабыздын коомчулугуна белгилүү болгон «Дыйкан ордо» бирикмесинин маселеси тууралуу сөз болду. Айыл жана суу чарба министрлиги дыйкандардын бүгүнкү күндөгү оор абалына кайдыгер карабастыгын билдиришти. Министрлик Т. Акматов жетектеген «Дыйкан ордо» бирикмеси менен буга чейин иштешип келген жана иш аракеттерин уланта бермекчи.

*(«Кыргыз туусу» 1998-ж. 3—5-февраль)*

**26.** Ырда кайсы сөздөр, кандай максатта кайталанып жатат, далилдегиле. Темасын, башкы оюн аныктагыла.

Дүйнө — өмүр уул бердиң, бала бердиң,
Дүйнө — өмүр алоолонуп жана бердиң.
Неге сен алыс кеткен сапарыңан,
Ээриң жок, жайдакталып кайра келдиң.

Дүйнө — өмүр энчи бердиң, үй-жай бердиң,
Күн көр деп, бар белекти белендедиң.
Неге сен ыраак кеткен сапарыңан,
Эскиртип канатыңды кайра келдиң?

*(А. Осмонов)*

**27.** Газеттик материалдардан, кабарлардан расмий-иштиктүү стилдеги орундуу кайталоолор катышкан сүйлөмдөрдү таап жазгыла.

**28.** Тексттеги Ажардын ички сезимин автор кайсы сөздү орундуу колдонуу менен окурмандарга жеткирип жатат, далилдегиле.

Жаным, апа! Жаным, апа, тур! Жетим тайлактай боздоп, жалгызың келип, жалооруп жаныңда отурат. Жалгызыңдын сөзүн ук, аны ая, апакебай! Жалгызың бүгүндөн баштап, ата-бабасы таанybаган бирөөгө сатылганы, ага баш байлаганы жатат. Андан кутказ, азапты көрсөтпө, ач койнуңду, апакебай!.. О, жараткан ай! Мунуң эмне? Анык бар болсоң, мени неге көрбөдүң? Эми сенден башка таянар тоом, жашынар бутам калбай калды! Сага берген өлүмдү кудай мага ыраа көрбөдү. Эми эмне кылам, кудай ай!

*(К. Баялинов)*

**29.** Кептин образдуулугун, элестүүлүгүн жеткирүү максатында кандай сөздөрдүн кайталангандыгын силер орундуу деп эсептейсиңер? Ал сөздөрдү белгилегиле.

О, чиркин, энелик ай! Ушундай гана тамчы таалайың бардык азап-тозокту жууп кетет го! «Көзүңдөн айланайын, караныңдан айланайыным. Айланайын, сенден, айланайын! — деп, бети-башын сыйпалап, жалынып-жалбарып, балкылдап ыйлап жибердим. Ошентсем: «Ыйлабачы, эне, ыйлабачы»,— деп жатты. — Кечирип кой мени, кечиргин. Сени таштап деле кете албайт экем. Чыдабадым, ичим түтпөдү.

*(«Саманчы жолу»)*

## § 7. Орунсуз кайталоо

Тил каражаттарын ыңгайына жараша алмаштырып, колдоно билбегендиктен сөз байлыгынын жардылыгынан, учкай ой жүгүртө албагандыктан, стилдик жактан туура эмес, орунсуз кайталанып колдонулган сөздөр пайда болот. Муну **орунсуз кайталоо** деп атайбыз.

Мисалы, *Мен тоого карагат тергени чыктым. Менин атым жок болгондуктан, жөө болчумун. Тоодо карагат абдан көп жана бышып турган кези экен. Мен карагатты терип да, жеп да жаттым. Ошентип, мен кечке карагат терип, кечинде үйгө көп карагат алып келдим. Апам мен терип келген карагаттан кыям жасады.*

Бул жерде **мен, тоо, карагат, терип** деген сөздөр орунсуз кайталанган. Эгер бул кайталоолордон арылтып, стилдик жактан оңдоп түзсөк, текст төмөндөгүдөй болмокчу. **Мен тоого жөө карагат тергени чыктым. Кечке курсагымды да тойгузуп, кечинде көп карагат алып, үйгө келдим. Апам андан даамдуу кыям жасады.** Демек, ой түшүнүктүү, так, кыска. Чубалжыган, кайталаган сөздөр жок, көлөмү да чакан, логикалык жактан ырааттуу.

Эскертүү: Орунсуз кайталоонун натыйжасында тексттин көлөмү ашыкча көбөйүп, логикалык ырааттуулук сакталбастан, мазмун да жардыланат. Оозеки, жазуу кепте **болот, керек, болчу, болсо** деген сыяктуу сөздөр жыш колдонулат. Мына ушундан арылуу зарыл.

### Орунсуз кайталоону четтетүүнүн жолдору

Кайра-кайра кайталанган сөз же сөз айкашынын ордуна анын маанилеш синонимдерин колдоно билүү:

Мисалы, *Биздин ата-энелерибиздин заманында мугалимди сыйлап-урматташкан болчу, ал эми азыркы заманда мугалимдер сый-урматтан ажырап калышты.*

Бул сүйлөмдүн туурасы: **Биздин ата-энелерибиздин доорунда мугалимди сыйлап, урмат кылышкан, ал эми азыркы заманда окутуучулардын кадыр-баркы кетти.** Мурунку сүйлөмдөгү «мугалим», «заман», «сыйлап-урматташкан» деген кайталанган сөздөрдүн кийинки сүйлөмдө «окутуучу», «доор», «кадыр-барк» деген синонимдери пайдаланылып, сүйлөм ашыкча кайталоодон арылды.

Орунсуз кайталанган сөз, сөз айкашынын ордуна ат атооч сөздөрдү колдонуу менен да сүйлөмдүн стилин оңдоого болот: *Түн ортосунда кой короого карышкыр кирди. Карышкыр эл келгенче, далай койлорду жарып салды. Эл чуркап келгенде, карышкыр бир койду чала жан сүйрөгөн бойдон эбак эле кой короодон узап кеткен болчу.* Туура варианты: **Түн ортосунда мал короого карышкыр тийди. Ал далай койду жарып салды. Эл жүгүрүп келгенде, ал бир койду чала жан сүйрөгөн бойдон эбак узап кеткен эле.** Бул жерде «карышкыр» деген зат атооч сөз «ал» деген 3-жактын ат атооч сөзү менен алмашылып, ой такталды. Ошондой эле, ашыкча сөздөр да кыскартылды.

Орунсуз кайталоону четтетүүдө интонациянын да ролу зор. Айрым учурда текстте байламталар (*менен, жана, да, же, же болбосо* ж. б.) орунсуз, жыш колдонулган учурда алардын ордуна тыныш белгилерин мисалы, үтүрдү колдонуу ылайык.

**30.** Тексттеги орунсуз кайталанган сөздөрдү четтетип, кайрадан оңдоп, түзүп чыккыла.

Улуттук китепканада кыргыз элинин бардык акын-жазуучуларынын чыгармалары орун алган. Кайсыл акын-жазуучунун чыгармасы болбосун бул жерден китепкананын кызматкерлеринин жардамы менен кыйналбай таап алууга болот. Китепкананын кызматкерлери окурмандарды сылык жана маданияттуу тейлешет. Китепкананын залдары кенен, жарык, таза, ireттүү жана кышкысын жылуу. Китепканада атайын отуруп, эс алганга ылайыкташтырылган жумшак орундуктар бар. Китепканада айрым окурманды байкасаң, кээде окубай эле керээли кечке сүйлөшүп, күн өткөрүшөт. Алар анда эмне үчүн убактысын коротуп, китепканага келишерин түшүнбөйсүң. Эгер, албетте, бош убакыт болсо, китепканага барып, кызыктуу адабий чыгармаларды окуганга, жан дүйнөңдү байытканга не жетсин.

**31.** Өзүңөрдүн жана жолдошторуңардын оозеки, жазуу кебиндеги орунсуз кайталанган сөздөрдү туура байкап, туура түзүүгө аракеттенгиле. Сөздөрдү орундуу кайталоо максатында өз алдыңарча машыгуу, көнүгүү иштерин жүргүзгүлө. Орундуу кайталоого ылайык көркөм чыгармалардан үзүндү таап, жазып келгиле.

## § 8. Көркөм стилге мүнөздүү тил каражаттары (кайталоо)

Көркөм стилге окуя, көрүнүштөрдү, каармандардын иш аракеттерин образдуу, реалдуу, элестүү, көркөм, таасирдүү баяндоо максатында кыргыз тилиндеги бардык лексикалык (активдүү, пассивдүү сөз катмарлары, түз, өтмө, көп маанилүү, эмоционалдуу сөздөр ж. б.), фразеологиялык (макал-ылакап, идиома, сөз айкаштары ж. б.), морфологиялык (зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, тактооч, сырдык сөздөр, кызматчы сөздөр ж. б.) синтаксистик (сүйлөм, анын түрлөрү, баш жана айкындооч мүчөлөр, каратма, киринди, сырдык сөздөр ж. б.) тил каражаттары кеңири колдонулат.

**32.** Тексттердеги көркөм стилге мүнөздүү лексикалык тил каражаттарын (историзмдер, диалектизмдер, архаизмдер, антонимдер, эмоционалдуу-экспрессивдүү маанидеги сөздөр) белгилеп көрсөткүлө, алардын ролун аныктагыла.

а) Өзүм өкүмөтмүн. Атым жүрбөйт. Мына, бул атты минемин дедим. (*«Эл казнасы»*). Биз ушинтип эле малай жүрүп өтмөк белек. Эми мужук байлары болсо, минтип көзүнө көрүнгөн жердин баарын алып отуруп, токум ордундай жер калбады, бизге!.. (*«Узак жол»*). Падышалык бийлик биротоло бекемдеп калган кез. Адегенде момунсуп, жалпы журт камын көргөнсүгөн чиновниктер жыл өткөн сайын тымызын бийлигин катуулатты. (*Т. Сыдыкбеков*).

б) Күрөөкө соот дат болду,
Кермеде толгон ат болду.
Көй күлүктү көргөндө,
Күлүктөн Жакып жат болду.
Кара жаак Айбалта,
Муну кайкалатпай ким аштайт?

Камоодо жүргөн калың журт,
Муну капа кылбай ким баштайт.

*(«Манас»)*

Маа бербеген олпогуң,
Дооронуңа коюлсун.
Көрүстөнүң төбөсү,
Эки күн калбай оюлсун.

*(«Курманбек»)*

Көк темирден туулга,
Эки күн калбай тытылып,
Көргөндөр жандан түңүлүп.
Ок өтпөгөн чопкуттар,
Канжыгадай тилинип,
Элеман уулу Төштүктүн,
Сырттандыгы билинип.

*(«Эр Төштүк»)*

в) Өмүрдүн көбүн жашап, азы калды,
Тургандыр өлүм шарты бузулбастан.
Эсептеп биреөлөргө карызым барбы?
Кутула бергим келет ушул баштан...
Олтурбай азын-көбүн өлчөп-болжоп,
Алгамын бул турмуштан каалагандай.

*(С. Эралиев)*

Кыйкырат ички-тышкы сезимдерим:
«Берип кет, өзүң менен ала кетпе!
Улуу күч, аны аткарчу кезим менин!»

г) Жайкы желге ичке ноогаларыңын акырын ыргалышынан, бариктериңин бири-бирине тийишип чыгарган үнүнөн, жаратылыштын укмуш обонун угам, ырчы талым.

Кыш түштү. Сампарлап кар жаады. Бир жума жаады. Жигит кар малтап, өзүнүн терегине барды.

*(А. Муратов)*

д) Оңолкан: «Ачка болсоң эмне кылайын? Сени мен отунга жумшаган эмесмин! Деги ченем чендүү сындырып алсаңчы! Карма! Ээн баш өскөн неме көрүнбөйбү? Оңолкандын ким экенин билбейт да! Шашпа! Кемээчтейм го баарыңды! Башым аман турса, бул үйдөн эч кимиң мага тик багып, үн ката албайсың!.. Шашпагыла!»

*(«Атанын тагдыры»)*

Ү л г ү:
Мужук байлары, падышалык бийлик — историзм.
Күрөөкө соот дат болду. Күрөөкө соот — архаизм.
Сампарлап кар жаады. Сампарлап — диалектизм.
Кемээчтейм го баарыңды! — эмоционалдуу маанидеги сөз.

## § 9. Илимий стиль, анын мүнөздүү белгилери

Илимий стилге илим жана техника тармагында жазылган монографиялар, илимий-популярдуу справочниктер, энциклопедиялар, өндүрүштүк, илимий-техникалык адабияттар, окуу китептери, методикалык колдонмолор, реферат, докладдар, газета-журналдарга жарыяланган илимий макалалар, диссертациялык эмгектер кирет.

Илимий стиль илим-изилдөө мекемелеринде, окуу жайларында, орто мектептерде, илим менен алектенген бардык чөйрөлөрдө кеңири колдонулат.

Илимий стилде көбүнчө илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн окумуштуу-адистер, илимпоздор, мугалимдер жазышат. Алар өзүнө чейинки жана ошол учурдагы (изилдеген проблемасына тиешелүү) иштерге сын баа берип, өзүнүн көз карашын билдирип, илимий ой жүгүртүп, атайын метод, ыкмалардын жардамы менен зарыл факты, материалдарды чогултушат. Эксперименттерди жүргүзүшөт. Аларды жалпылаштырып, талдоого алышат, системага салышат. Илимий корутунду, жыйынтык чыгарышып, далил, аргументтерди келтиришет. Айрым учурда илимий ачылыштарды жасашат.

Илимий стилдин өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр: **жалпылангандык** — турмуштун жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн, түшүнүктөрүн аныктоо. Бул максатта абстрактуулукту туюндурган тил каражаттары колдонулат. **Объективдүүлүк** — тигил же бул проблеманын чындыкка ылайык келерин ишенимдүү далилдерге таянуу менен аныктоосу. Окумуштуулардын ойлору цитата түрүндө алынат. **Логикалуулук** — аныктама, түшүнүк, теориялык жоболор өз табиятына жакын, ырааттуу, системалуу чагылдырылат. **Тактык** — илимий стилдеги терминдер так, түшүнүктүү, кыска келет.

## § 10. Илимий стилге мүнөздүү тил каражаттары

**Лексикалык каражаттар.** Илимий стиль терминдерге бай. Ар бир илимге (математика, химия, физика, биология, тарых, медицина ж. б.) тиешелүү терминдер өз ич ара тыгыз байланышып, системаны түзүп турат.

Терминдер (**Синтаксис:** сөз, сөз айкашы, сүйлөм, сүйлөмдүн түрлөрү. **Морфология:** сөз түркүмдөрү. Сөз жасоо: уңгу, мүчө. **Фонетика:** тыбыш, тамга ж. б.). Башка тилдерден кабыл алынган сөздөр да илимий стилде жыш кездешет. Алар төл сөз менен бирге келишет.

Мисалдар келтиребиз: **Орто кылымдардын тарыхы** — жалпы тарыхтын байыркы дүйнөнүн тарыхынан кийинки экинчи бөлүгү. Орто кылымдарда элдердин көбүндө кул ээлөөчүлүк эмес, феодалдык түзүлүш болгон. («Тарых», 7-кл.)

**Химия** — заттар жана алардын бири-бирине айланыштары жөнүндөгү илим. Азыр 3 миллиондон ашык зат белгилүү, алардын катары дагы жаңы заттар менен толуктоолууда. Заттардын кээси жаратылыштан табылса, кээ бирөө капрон жана нейлон сыяктуу жасалма түрүндө алынат. («Химия», 7-кл.)

**Атмосфера** — биздин планетабыздын эң үстүңкү жана эң жеңил, абдан кыймылдуу катмары болуп саналат. Жердин тиричилигинде анын ролу зор. Ал тирүү организмдерге дем алуу үчүн, өлүмгө дуушар кылуучу космостук нурлардан, метеориттердин түшүүшүнөн, күндүз күндүн куйкалаган нурларынан, ал эми түнкүсүн муздап кетүүдөн сактоо үчүн зарыл. Атмосфера болбогондо, жер айдын бетиндегидей, эч бир тиричиликсиз чөлгө айланып калмак. («География», 7-кл.)

**Материя** деген сөз жаратылышта болгондордун бардыгын билдирет. Материя эки түрдө болот. I түрү зат деп аталат.

Мисалы, темир, суу, туз, кычкылтек. Суу — зат, ал эми суунун тамчысы — физикалык тело. Алюминий — зат. Ал эми андан жасалган кашык физикалык тело болот. Ар кандай физикалык тело формага ээ жана кандайдыр бир белгилүү көлөмдү ээлейт. («Физика», 6-кл.)

Жогорудагы ар бир илимдин тармагы боюнча алынган түшүнүк, аныктамаларда эң алгач өзөк, түшүнүк айтылып, андан кийин анын негизги өзгөчө белгилери саналып өттү.

Мисалы, Тил — адамдардын өз ара пикир алышуу куралы. Ал — коомдук көрүнүш. Коом өнүксө, тил да өнүгөт.

Тил коллективи бөлүктөргө ажыраса, тил диалектилерге бөлүнөт. Диалектилердин көбөйүшү бирдиктүү тилдин жок болушуна алып келет. Тилдин түрлөрү көп.

Мында тил — аныкталуучу түшүнүктү атаган термин. Адамдардын өз ара пикир алышуу куралы — эң негизги өзөк түшүнүк. Формула түрүндө карасак:

**Термин + өзөк түшүнүк + өзгөчө белгилери = аныктама.**

**Морфологиялык каражаттар.** Сын атоочтун салыштырма даражасы — *-ыраак* мүчөсү илимий стилдеги тексттерден учурайт. Педагогикалык эксперименттин материалын иликтөөчү, тажрыйбалуу мугалимге сунуш кылганы оңбу же окуу процессинде өзү түздөн-түз сынап көргөнү ылайыкпы дегенде, албетте, кийинки ой чындыкка жакыныраак болот.

Сан атоочтун эсептик саны, бөлчөк саны, иреттик сандары башка түрлөрүнө салыштырмалуу кеңири пайдаланылат: 1941-жылкы ченемсиз бүлгүнчүлүккө алып келген согуш жылдары фашисттер 70 миң айыл-кыштакты, 1710 шаар, поселокторду өрттөп, 25 млн адам үй-жайсыз калганын айтуу эле жетиштүү.

Жалпы калктын 1000 адамынын 125и жогорку жана орто, 764 орто билимдүү болуп эсептелет.

*(Көркөм маданият)*

Киринди сөздөр да илимий стилде жыш колдонулат: *жалпысынан алганда, биздин оюбузча, биринчиден, экинчиден, адатта, басымдуу түрдө, эреже катары, көбүнчө, сиздин пикириңизче, кыскасы, тактап айтканда, чындыгында, айтмакчы, бир сөз менен айтканда* деген өңдүү киринди сөздөр жолугат.

Мисалы, Адабият сабагынан билим берүү иши башка окуу сабактарынан айырмаланып, эки жактуу мүнөзгө ээ. Ал, биринчиден, көркөм сөз искусствосу катары окутулса, экинчиден, адабияттын өнүгүү тарыхы менен теориясы боюнча адабият таануу илиминин негизин үйрөтөт.

*(С. Байгазиев)*

Кызматчы сөздөр да илимий стилдеги тексттерден кезигет: жандоочтор *(тууралуу, аркылуу, жөнүндө, караганда, үчүн* ж. б.), байламталар (*да, же, бирок, себеби, ошондуктан, ошол себептүү, анткени, эгер* ж. б.), бөлүкчөлөр *(гана, го, абдан* ж. б.)

**М и с а л ы**, Мүйүздүү Бугу-Энеге кол көтөрүү — энеге кол көтөрүү менен барабар. Бала дал ушундай кабыл алат, ушундай түшүнөт. Мына ошондуктан тоодогу чыныгы бугуну атуу, анын мүйүзүн жара чабуу — бул бала үчүн Мүйүздүү Бугу-Энеге кол салуу менен барабар.

*(К. Асаналиев)*

Дарактардын көпчүлүгүнүн мөмөлөрү менен уруктарын да шамал таратат. Себеби токойдун шагынын астында шамал болбойт. Бадалдын көпчүлүгүн курт-кумурскалар чаңдаштырышат. Ошол эле себептен бадалдардын мөмөлөрүн негизинен токой канаттуулары таратышат.

*(«Биология», 6—7-кл.)*

Илимий стилде ошондой эле ***-уу, -да*** мүчөлөрү аркылуу уюшулган этиштин учур чагы, ***-уу, -оо*** мүчөлөрүнөн уюшулган кыймыл атоочтордун барыш жөндөмөсүндө келиши менен болот, **кийин** деген жардамчы сөздөрдүн, айкашып айтылышы да колдонулат.

М и с а л ы, Алыкулдун өз алдынча ойлоно билген сүрөтчү катары калыптанышы үчүн жекече турмуштук тажрыйбасы жана адамдык тагдыры аныктоочу мааниге ээ болгон деп, тайманбай айтууга болот.

Ички сезимди билдирген сырдык сөздөр, илептүү сүйлөмдөр илимий стилде кездешпейт. **Мен** деген 1-жактын жекелик түрүндөгү ат атоочтун ордуна **биз** деген көптүк түрү колдонулат.

**Синтаксистик каражаттар.** Себеп-натыйжаны, ой-пикирлердин жыйынтыгын туюндурган багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр кезигет: башкы каарман адегенде көбүнчө окуяга өзү активдүү катышпай, байкоочу катары гана көз салып карап турат да, анан өзүн атуулдук жактан түптөнтүп алгандан кийин гана адам болуп, жол издөөгө өтөт.

*(«Кыргыз адабияты», 7-кл.)*

Жайылма сүйлөмдөр жыш кездешет: Адилеттик жөнүндө кылымдар бою эңсеп келгендер аткарылбас кыялдарын жомокко айландырыптыр. Ошол адабиятты түшүнүү, талдоо, андан күч топтоо, күл азык алуу сенин китеп окуу маданиятыңа, окумалдыгыңа байланыштуу экенин унутпаганың абзел.

*(«Кыргыз адабияты», 7-кл.)*

Баяндоочу атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч, атоочтуктардан турган сүйлөмдөр да катышат. Ээ менен баяндооч сүйлөмдүн грамматикалык негизин түзөт, ошондуктан алар *баш мүчөлөр* деп аталат. Калган мүчөлөр — *айкындоочтор.*

*(«Кыргыз тили», 5-кл.)*

**33.** Эки текстти салыштыргыла. Суу эки башка стилде кандайча мүнөздөлгөнүн аныктагыла. Тил каражаттары кайсылар?

Суу — ар кандай түрдө бардык жерде кездешет. Суу жер бетинин ойдуңдарын толтуруп, океандарды жана деңиздерди пайда кылат. Суу эң чоң массадагы кар жана муз түрүндө уюлдук өлкөлөрдү жана бийик тоонун чокуларын каптап турат. Суу өтө майда тамчыларга айланып, булутту пайда кылат, ал эми булуттардан жамгыр жаап, жерге сиңип, агын сууларды жана дарыяларды пайда кылат. *(«Химия», 7-кл.)*

Булак болуп тоолордон,
Кайнап чыккан аккан суу.
Топуракты нымдатып,
Сүзүп чыккан аккан суу.
Жүрүп кетсе алтындай,
Жаркыраган аккан суу.
Сымап менен окшошсуң,
Сылыктыгың аккан суу.
Жайы-кышы мал ичип,
Семиз болгон аккан суу.
Барган сайын көбөйүп,
Деңиз болгон аккан суу.

*(Барпы)*

**34.** Төмөнкү аныктамаларды илимий стилге мүнөздүү белгилер менен толуктап, андан ары улап жазгыла.

Окуу китеби — жаш муундарга билим берүүчү курал...
Фразеология — тил илиминин бир бөлүмү...
Геология — тоо кен байлыктарын иликтейт...
Медицина — ооруларды дарылоонун жолун издейт...

**35.** «Байланыштуу кеп жөнүндө түшүнүк» деген темада илимий маалымат даярдагыла. Илимий стилдеги тексттер менен кеңири таанышып, зарыл факты, мисал, далилдерди жыйнагыла. Байланыштуу кеп боюнча адабияттарды окугула. Колдоно турган тил каражаттарды аныктагыла.

## § 11. Публицистикалык стиль тууралуу жалпы маалымат

Публицистикалык стиль газета-журналдарда, радиоуктуруу, телекөрсөтүүлөрдө, өкмөт, мекеме жетекчилеринин докладдарында, макала, очерк, мемуардык чыгармаларда жана башка учурларда колдонулат.

Публицистикалык стилдин милдети — коомдук турмушта, саясий чөйрөдө, эмгек процессинде же чет элде болуп жаткан алдыңкы идеялар, алга жылуулар, өзгөрүүлөр, жаңыруулар тууралуу маалыматтарды өз убагында элге тез, таасирдүү, жеткиликтүү баяндоо, ал окуяларга карата коомчулуктун пикирин пайда кылуу, агитациялык, пропагандалык ролду аткаруу болуп саналат.

Публицистикалык стилде коомдук-саясий сөздөр (парламент, сессия, депутат, Жогорку Кеңеш, демократия, спикер ж. б.), үгүттөө маанисиндеги сүйлөмдөр (Жеке менчикти колдойлу. Алдыңкы мамлекеттерге теңелели. Жердешчиликке жол бербейли. Таланттууларды тандайлы ж. б.) жана эмоционалдуу маанидеги сөздөр да кездешет. Лексикалык, морфологиялык, синтаксистик тил каражаттары колдонулат. Маалыматтар ачык-айкын, так, фактыга таянуу менен далилдүү жана аргументтүү болуп, географиялык, тарыхый аталыштар, коомдук-саясий терминдер, уюм, мекемелердин намдары аталат. Айрым учурда көркөм, илимий, расмий-иштиктүү стилдин элементтери да орун алат. Абстракттуу чакырык маанисиндеги сөздөр, синонимдер, неологизмдер, сырдык сөздөр, жөнөкөй, татаал сүйлөмдөр, каратма сөз, кириндн сөз, төл жана бөтөн сөздөр пайдаланылат.

Кыргыздын айрым акын-жазуучулары публицистикалык жанрда да калемин сынашат: Ч. Айтматов («Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат»), Т. Сыдыкбеков («Табылга»), К. Жусупов («Ыр сабындагы өмүр»), С. Байгазиев («Иниме кат») ж. б.

**36.** Тексттен илимий стилдин элементтерин белгилегиле. Кайсы сүйлөмдөрдө үгүт, чакырык мааниси бар? Кандай тил каражаттары бар? Автор кандай проблеманы козгоп жатат?

Ысык-Көл орусча аталганда «жылуу көл» дегенди билдирет. Туз-Көл деген да аты болгон. Ысык-Көл тартылып баратат. Эгер аны мурда жүздөгөн суулар толтуруп турса, бүгүн алардын баары бүт бойдон сугатка жумшалат. Көлдөн суу

агып чыкпайт. Көлдүн жээги жыл сайын 7—10 *смге* ылдыйлап жатат. Көл жээгинин 500—1000 метрге тартылып, такырайып калышы, суунун жылуулугун төмөндөтүп коёт.

Ысык-Көлдү сактап калуу — бул мекендин бир укум жерин сактап калуу дегендик. Көлдүн тагдыры үчүн биздин ар бирибиздин жоопкерчилигибизди азыр мына ушундайча түшүнүп, баалоо керек. Эгер сен өзүңө жамаатташ турган токойду, суу алган бото көз булакты, берешен жерди сүйсөң, тек гана суктанып эмес, ишкер дем, эң негизгиси эртеңки күн жөнүндө ойлонуп, жаратмандык менен сүйсөң, анда сенин чыныгы кожоюн боло алганың. Анда сенин патриот боло алганың. Ал биздин керемет көлүбүз — Ысык-Көл сындуу баа жеткис жерлерин сактап калуунун өбөлгөсү ушунда болот.

*(Ч. Айтматов)*

**37.** Текстте көркөм стилдин элементтери барбы? Публицистикалык стилдин кандай белгилери орун алган?

«Келкел» романы — Токтогулга арналган бирден-бир прозалык чоң чыгарма. Токтогулдун жигиттик доорунан тартып, өмүрүнүн акыркы күндөрүнө чейин баяндалган бул чыгармада улуу акындын күрөшчүл, көңтөрүшчүл, ойчул жетик образы чагылдырылган, түзүлгөн. Токтогулдун өмүрү, образы романдын бүт өзөгүн түзүп, ошол замандын үмүтүн, күрөшүн, жеңишин, философиясын айкын көрсөтүп турат. Бул роман жеке автордун гана жеткилең ийгилиги болбостон, жалпы кыргыз адабиятынын чоң ийгилиги болоруна шек жок.

*(Т. Сыдыкбеков)*

**38.** Бүгүнкү турмуштагы өзгөрүүлөрдү, жаңырууларды чагылдырып, ага карата жекече көз карашыңды билдирип, публицистикалык стилде «Азыркы мезгил жана биздин жашоо» деген темада чакан макала даярдагыла. Айылыңдагы же жалпы эле коомдук турмуш жөнүндө сөз кыл. Далилдүү фактыларга таян.

## § 12. Расмий эмес иш кагаздары тууралуу түшүнүк

Расмий эмес иш кагаздары административдик-канцелярдык мүнөздөгү документтердин катарына кирет. Негизги максаты — атуулдардын жеке укуктарына байланышкан иш-аракеттерди, мамилелерди жөнгө салуу, макулдашуу. Бул иш кагазында көбүнчө жеке адамдын керт башына, кызыкчылыгына байланышкан маселелер ишке ашырылат.

Расмий эмес иш кагаздарынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү— алардын тактыгы, таамайлыгы, кыска түшүнүктүүлүгү, стандарттуулугу (ар бир документтин бир типте, бирдей үлгүдө жазылгандыгы), эмоцияны билдирген сырдык сөз, илептүү сүйлөмдөрдүн катышпагандыгы, тил каражаттарынын ылайыктуу тандалышы болуп саналат.

## ӨМҮР БАЯН

Адам өзүнүн башынан өткөргөн турмуш жолун баяндап жазуусу **өмүр баян** деп аталат. Өмүр баян башкалар тарабынан жазылууга тийиш эмес. Ар бир адам жумушка орношкондо, окууга тапшырганда же мекемеге жаңы кызматка өткөндө өз кол жазмасы менен жазылат. Анда: 1) фамилиясы, аты, атасынын аты, 2) республикасы, областы, району, туулган жылы, жери, 3) үй-бүлөсүнүн абалы, 4) өмүр жолу тизмеленет: мектепке киргени, аяктаганы, окуу жайына же башка жумушка орношкону, иштеген кызматы (кайсы жерлерде, эмне кызматтарда иштегени) саналат, 5) алган сыйлыктары, наамдары, 6) үй-бүлөсү, балдары, 7) жазган датасы.

## ҮЛГҮ

Мен Шералиев Нурбек Касымбаевич, 1960-жылы Чүй областынын Ысык-Ата районуна караштуу «Эпкин» айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулгамын. 1967-жылы «Эпкин» орто мектебине 1-класска кирип, 1977-жылы ийгиликтүү аяктадым. 1978-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин география факультетине окууга тапшырып, 1983-жылы аяктап, Элге билим берүү министрлигинин жолдомосу менен Ош областынын Ноокат районуна мугалимдик кызматка жөнөтүлдүм. Ошондон бери географиядан окуучуларга сабак өтүп, эмгектенип келе жатам. Үй-бүлөлүүмүн. Төрт балам бар. Жолдошум да мугалим болуп иштейт.

*10-декабрь, 2004-жыл.*

**39.** Ар бириңер өмүр баяныңарды жазып үйрөнгүлө. Ата-энеңердин, чоң-ата, чоң-энелериңердин башынан өткөргөн өмүр таржымалдарын сурап билгиле.

Эскертүү: Өмүр баяны көркөм адабий чыгармалардан да кезигет. Аны автобиографиялык чыгармалар деп аташат.

Мисалы, М. Элебаевдин «Узак жолу», К. Акиевдин «Баскан жолу».

## МҮНӨЗДӨМӨ

Мүнөздөмө багышталып жаткан адамдын кайсы мекемеде, эмне кызматта иштегендиги, аты, атасынын аты, туулган жылы, улуту көрсөтүлөт. Мүнөздөмөнүн мазмунунда адамдын ишмердүүлүк сапаты саналып, эмгектери тизмеленет. Ишке болгон мамилеси, жоопкерчиликти сезе билүүлөрү, коллективдин ичиндеги кадыр-баркы айтылат. Акырында мүнөздөмөнү берген адамдын иштеген иши, аты-жөнү жазылып, колу коюлат. Датасы кагаздын оң жагына коюлат.

Мүнөздөмөнү көркөм адабий чыгармалардан да жолуктурабыз. Бирок мында официалдуу эмес көркөм мүнөздөмө берилет.

### Мүнөздөмөнүн үлгүсү

Балыкчы шаарындагы С. Каралаев атындагы орто мектептин
11-классынын бүтүрүүчүсү
Акунов Рысбекке
*(1986-ж. туулган, улуту кыргыз)*

## МҮНӨЗДӨМӨ

Акунов Рысбек 1984-жылдан бери биздин мектепте окуп келатат. Жыл сайын бардык предметтерден «эң жакшы» деген баага татыктуу болуп, жүрүш-турушу жагынан да башкаларга үлгү.

Жоопкерчиликти ар дайым сезе билип, милдетин так аткарат. Жолдошторуна жардам берет. Коомдук иштерге да активдүү катышат. Өзгөчө математика сабагына кызыгып, «Жаш математик» ийримин жетектеп келди. Республикалык олимпиадага катышып, алдыңкы орунду ээлеп, мектептин намысына жараган. Мектептеги «Математика» дубал газетасынын редколлегиясынын жетекчиси. Классташтарына гана эмес, жалпы мектепте кадыр-баркка ээ.

*Класс жетекчиси* (колу) *К. Кубатбекова*
*25-июль, 2004-жыл.*

**40.** Көркөм адабий чыгармалардан каармандарды мүнөздөгөн эпизоддорду таап, таанышкыла.

**41.** Курбуңа, досуңа, эжеңе, байкеңе же ата-апаңа мүнөздөмө жаз. Официалдуу түрдө эмес, көркөм сүрөттөөнүн элементтерин пайдалан.

## АННОТАЦИЯ

Аннотация — көркөм адабий, публицистикалык чыгармага, ыр жыйнактарына же илимий эмгектерге кыскача, так, конкреттүү мүнөздөмө берүү. Аннотацияда булар эске алынат: а) чыгарманын авторун, аталышын, басманын атын, жарык көргөн жылын көрсөтүү; б) чыгарманын мазмуну кыска, так, түшүнүктүү баяндалат; в) чыгарма кимдерге багытталгандыгы айтылат.

### Аннотациялардын үлгүлөрү:

**К. Сейдакматов.** Кыргыз элинин календарлык түшүнүгү. — Ф.: Кыргызстан, 1987, 68 б.

Китепчеде кыргыз элинде байыркы календарлык системанын кандайча колдонулуп келгендигинин жана азыркы календардын кандайча пайда болгондугунун кыскача тарыхы баяндалат. Китепче окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

**Ш. Жапаров.** Кыргыз диалектологиясы. Филология факультеттеринин сырттан окуган студенттери үчүн методикалык окуу куралы. — Ф.: Мектеп, 1981, 64 б.

Кыргыз диалектология жаатында биринчи жолу чыгып жаткан бул методикалык эмгек тилдик, тарыхый-этнографиялык, ошондой эле ономастикалык материалдардын негизинде жазылган.

**Х. К. Карасаев.** Өздөштүрүлгөн сөздөр. Сөздүк. 5100 сөз. — Ф.: Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1986, 424 б.

Бул сөздүктө кыргыз тилине башка тилдерден (орус, араб, ирак, монгол, кытай ж. б.) оошуп кирген 5 миңден ашуун сөздүн мааниси кеңири чечмеленет. Сөздүк өз билимин жогорулатууга дилгир жалпы окурмандарга, мектеп мугалимдерине, студенттерге жана филология боюнча адистерге, журналисттерге, котормочуларга арналат.

**Х. Н. Анаркулов.** Кыргыз эл оюндары. — Б.: Кыргызстан, 1991, 192 б.

Автордун бул китебинде кылымдан кылымга калыптанып келе жаткан кыргыз оюндары, алардын шарттары жөнүндө кеңири сөз болот. Китеп жалпы окурман журтчулугуна арналат.

Э с к е р т ү ү: Белгилүү акын-жазуучулардын айрым көлөмдүү чыгармалары кеңири кириш сөз менен башталат. Мында аннотациянын зарылчылыгы болбойт. Ири фундаменталдуу илимий эмгектерде, публицистикалык чыгармаларда, жыйнактарда да ушундай.

**42.** Прозалык, поэзиялык чыгармалардагы аннотациялар менен кеңири таанышкыла.

**43.** Даяр аннотациялардын үлгүлөрүнө таянып, каалаган адабий чыгармаларга карата аннотация жазгыла. Чыгарманы жакшылап окуп чыгып, анан жазгыла.

## ТҮШҮНҮК КАТ

Түшүнүк кат бир адам тарабынан анын суроо-талабын канааттандыруу, же тигил, же бул окуя, иштин себебин билдирүү максатында мекеменин же уюмдун жетекчисинин наамына багытталып жазылат. Башка иш кагаздарындай эле тили так, кыска, түшүнүктүү жана конкреттүү. Түшүнүк катты жазуунун тартиби:

– түшүнүк кат багытталган мекеме, уюмдун жана анын жетекчисинин, кызматынын, аты-жөнүнүн аталыштары;

– түшүнүк каттын мазмуну. Кат ээсинин айтайын деген оюу, талабы же билдирүүсү ачык, так баяндалат;

– түшүнүк катты жазган адамдын колу коюлат;

– каттын жазылган датасы белгиленет;

– кат жазган адамдын дареги (айрым учурда жазылбайт).

### Түшүнүк каттын үлгүсү

*Кемин районундагы №2-орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы А. Н. Сабыровго ушул мектептин музыка мугалими К. Бактыгуловдон*

## ТҮШҮНҮК КАТ

11-класстын окуучуларынан зачётту өз убагында ала албаганымдын себеби, ыр кесеге даярданып жатышкан райондук оорукананын коллективине музыкант керек болуп жатат деп чакырышкан эле. Ошол жакта болдум. Окуучулар менен макулдашып, зачётту биринчи күнү саат ондон баштап өткөрмөк болдук.

*18-февраль, 1997-жыл* *(колу)* *К. Бактыгулов.*

**44.** Сабак калтырган, кечигип келген же ийримге катышпай калган жана башка дагы бир себепти түшүндүргөн түшүнүк катты класс жетекчиңердин наамына карата жазып, машыккыла.

### § 13. Баяндоо, сүрөттөөнү (айлана-чөйрөнү) кайталоо

Окуя, көрүнүш, кыймыл-аракеттердин логикалуу, системалуу факты, материалдарга таянылган негизде баяндалышы баяндоо деп аталат. Анда мазмун, сюжет, каармандар болот. Баяндоо аңгеме, жомок, уламыштарда, адабий чыгармаларда пайдаланылат. Ал эми кептин сүрөттөө түрүндө мазмуну, окуясы, сюжети жок болот. Предмет, көрүнүш, айлана-чөйрө, пейзаждын белгилери, касиеттери, сапаттары көркөм сүрөттөлөт.

*Күн кеч кирип бара жатат. Аялдамада эл толтура. Бир сааттан бери автобус жок. Тыныгуу мезгили болсо керек. Шашкан адамдар улам саатын карап тынчсызданышууда. Аңгыча аба барган сайын муздап, кар себээлей баштады. Тез эле теребелди аппак кар каптады. Шашкандар автобустан үмүтүн үзүшүп, ак карды жирей жөө жөнөштү.*

Мында алгач айлана-чөйрөнүн абалы баяндалып, андан соң сүрөттөлдү, акырында кайра кыймыл-аракет баяндалды. Мунун схема түрүндөгүсү:

**баяндоо** ⟶ **сүрөттөө** ⟶ **баяндоо**

Айрым учурда айлана-чөйрөнү, анан окуя жөнүндө баяндоо, кайра пейзажды сүрөттөө, анан кайра баяндоо болушу да мүмкүн. Схемасы төмөндөгүдөй:

**сүрөттөө** ⟶ **баяндоо** ⟶ **сүрөттөө** ⟶ **баяндоо**

**45.** Тексттеги айлана-чөйрөнү сүрөттөө жана баяндоону белгилегиле. Схема түрүндө түзгүлө.

Чырмоок күнүгө алгач гүл ачып, салам айтат. Ак гүлү, ак-көгүш гүлү, дагы башка-башка түстөгү гүлдөрү бар. Эгер жанында тынч отурсаң, көз ачкан гүлдөр өз ара сырдашып жаткандай туюлат. Күн төбөгө чыгып, аптабы кокту ичине

уюган маалда бала бийик шыраалжындын түбүнө кирип кетет. Гүлү жок болсо да, жыты буруксуган шыраалжын түптүп болуп бийик өсүп, арасына башка чөпту жолотпойт. Балага калганда дагы артыкча досчулугу бар шыраалжындын: бирөөдөн кагуу жеп, таарынганда, же кусалык көкүрөгүнө толгондо, эч кимге көрүнбөй ыйлагысы келип, шыраалжындын арасына житип кетет. Өпкө-өпкөсүнө батпай солуктаган бала шыраалжындын буруксуган чайыр жытын кере жутуп, салкын түбүндө жатат. Булуттар түпсүз көккө каалгып, оюн курушат. Ошентип, баланы алаксытат, сооротушат. Бир эле булуттан миң түркүн сүрөт көрүнгөнүн тиктеп, жыты буруксуган, көкту жаппаган шыраалжындын түбүндө бала улутунуп коюп жата берет. *(«Ак кеме»)*

**46.** «Күз — берекенин айы» деген темада кептин баяндоо жана сүрөттөө түрлөрүн катыштырып, чакан дилбаян жазгыла.

**47.** Аңгеме, жомок, адабий чыгармалардан айлана-чөйрөнү (турак жайды, жаратылыш көрүнүштөрүн) баяндаган жана сүрөттөгөн учурларды таап окугула. Баяндоо менен сүрөттөөнү салыштыргыла. Алар кандай белгилери менен айырмаланып турат?

## § 14. Ал-абалды (адамдарды, айлананы ж. б.) сүрөттөө

Адамдардын ал-абалын сүрөттөөдө сырткы келбети, тулку бою, кыял-жоругу, баскан-турганы, кийген кийиминен баштап, анын ар кыл турмуштук кырдаалдардагы психологиялык ал-абалы, ички эмоционалдык сезимдери ж. б. көркөм сөз каражаттарынын жардамы менен сүрөттөлөт. Көбүнчө адамдын сапаттарын билдирүүдө сын атооч сөздөрдүн түрлөрү, зат атоочтор, сан атоочтор, этиштер, сырдык сөздөр жана башкалар колдонулат. *Менин атам узун бойлуу, көк көздүү, ак жуумал, жайык бет, ачык жүздүү, кайраттуу, акылман, камкор, чынчыл, даанышман адам болчу.*

Мында адамдын келбети, мүнөзү, оң сапаттары жалаң сын атооч сөздөр менен саналып өттү.

Адамдын кулк-мүнөзүн сүрөттөөдө фразеологиялык айкалыштар да колдонулат. *Аңды-дөңдү карабаган* — байкабаган, олдоксон адам. *Кабак-кашым дебеген* — эч нерсеге кайгырбаган адам. *Ачуусу мурдунун учунда* — бат эле ачууланган адам. *Бармагынан бал тамган* — чебер, устат, өнөрлүү. *Кирпиктен тартса жыгылгандай* — абдан арык, алсыз. *Кой оозунан чөп албаган* — жоош, момун, өйдө кара-

баган. *Жылан өлтүрсө, таш алып бербеген* — таш боор адам ж. б. Ошондой эле салыштыруу, эпитеттер да кездешет.

Айлананы сүрөттөөдө жаратылыштын кооздугу, пейзаж, кубулуштар, табияттын ар кыл көрүнүштөрү, бизди курчап турган буюмдар, турак жай, мекеме, ишканалар сүрөттөлөт. Пейзажды сүрөттөөдө салыштыруулар, көркөм боёкчолуу сөздөр арбын кездешет. Ал эми турак жайларды сүрөттөөдө статистикалык маалыматтар менен бирге сүрөттөлөт:

*Биздин мектеп айылдын дал ортосунда жайгашкан. Ал үч кабаттуу. Класс-кабинеттер — чоң жана жарык. Ар бир кабинетте отуздан балага ылайыкталган орундуктар жайгашкан.* Мында мектептин абалы кыска сүрөттөлдү.

*Күн чайыттай ачык. Эгин талаасы деңиздей чалкып жатат. Теребел жымжырт. Аба таза.* Мында айлана-чөйрөнү сүрөттөөдө, зат атоочтон сын атооч жасоочу *-дай* мүчөсүнүн жардамы менен эгин талаасы чалкыган деңизге салыштырылды.

**48.** Сүйлөмдөрдүн кайсынысында адамдардын, ал эми кайсынысында айлананын абалы сүрөттөлдү?

Жайкы түндө ай жапжарык тийип турду. Азамат жумушунан чарчап, кечинде шалдырап, үйүнө келди. Көк шибер чөптүн жыты каңылжаарды жарып, түркүн куштардын сайраганы угулуп турду. Ийигин созуп небересин күткөн чоң эне улам тынчсызданып, жол карайт. Менин апам арык чырай, узун бойлуу, жумшак мүнөз, келбеттүү жана акылман аял. Чагылган түшүп, алай-дүлөй башталды.

**49.** Текстте адамдын кандай учурдагы абалы сүрөттөлдү? Кандай тил каражаттары колдонулган?

Сабадай лыкыйган чоң карала кап. Данияр анын астында бүгүлө ийилип, трап менен өйдө чыгып бара жатат. Жарадар бутун сүйрөй сылтып, ага анча күч келтирбөөгө аракеттенгени менен, улам жаңыдан кадам шилтегенде, ооруганына чыдай албай тиштене калып, башын чулгуйт. Данияр жогорулаган сайын үстүндөгү карала кап, жонуна минип алган жандуу немедей, аны оңдон солго теңселтип жатты. Данияр токтой калып, ээрдин кесе тиштеп, көзүн жумду. Мына, Данияр жүрүп бара жатып, ылдый жылмышкан капты оңдоймун деп, аны өйдө силкти эле, туруштук бере албай тизелеп жыгыла баштады. Жыгыла баштаганда ал токтой калып, күч жыйнап, кайра алдыга утурлайт. Ашуунун тай-

гак жолунда бирине-бири кармашып келе жаткандай кап көтөргөндөр үнсүз-тилсиз аракетте...

Шишиген, салмактанган колдору шалдырап, бутун сүйрөп, Данияр траптан түшкөндө, төмөндө күтүп турган эл тең жарыла берди. (*«Жамийла»*)

**50.** Манастын келбети эмнелерге салыштырылган? Кандай тил каражаттары колдонулган?

Ал муруту сеңирдей,
Айбаты албарс темирдей.
Муруну тоонун кырдачтай,
Муруту чөлдүн камыштай.
Көзү көлдүн буткулдай,
Каарданып караса,
Көрүнгөндү жуткудай.
Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер,
Жерлигинен түткөндөй.
Ай алдында дайранын,
Толкунунан бүткөндөй.
Абадагы булуттун,
Салкынынан бүткөндөй,
Асмандагы ай-нурдун,
Жаркынынан бүткөндөй.


*(«Манас»)*

## § 15. Ой жүгүртүүнүн мүнөздүү белгилери

Ой жүгүртүү — баяндоо, сүрөттөөгө караганда түзүлүш жагынан татаал. Бул кептин илимий стили менен тыгыз байланышта келет. Окуя, көрүнүштөрдүн, табияттын ар кыл кубулуштарынын келип чыгуу шарттарына, өбөлгөлөрүнө байкоо жүргүзүү, алардын себебин, сырларын билүү, ачуу максатында зарыл материалдарды, аргумент-далилдерди суроо коюу аркылуу табуу. Аныгына жетүү, акырында ошолордун негизинде жыйынтыкка, корутундуга келүү, тыянак

чыгаруу, издеген суроолорунун жообун, жандырмагын табуу болуп саналат.

**Ой жүгүртүүнүн түзүлүш схемасы төмөндөгүдөй:**




Бул – толук ой жүгүртүүнүн көрүнүшү. Айрым учурда ой жүгүртүүдө тезис катышпай калышы мүмкүн. Же тигил, же бул ой жүгүртүүнүн корутундусун чыгарууну окурмандардын эркине калтырган учурлар да болот. Мында тезис, далил, аргументтерге таянуу менен туура жыйынтыкка келүүгө шарт түзүлөт.

Ой жүгүртүү логикалык ойлонууну, суроо коё билүүнү, бир нерсеге байкоо жүргүзө алууну, аны башкалар менен салыштырууга үйрөнүүнү, белги-касиеттерди же себептерди далилдүү факт, аргументтердин негизинде таба алууга, өз алдынча корутунду пикирге келүүгө, бардык окуя, көрүнүштөргө аң-сезимдүү мамиле жасап, талдай алууга, чыгармачыл ой жүгүртүүгө көнүктүрөт, түшүнүк, элестөөлөрүн байытат. Илим-билимдин сырларынан кабар берип, анализ, синтез жасоого үйрөтөт.

**51.** Текстте кептин ой жүгүртүү түрүнүн кайсы бөлүктөрү катышты? Тексттин темасын аныктап, планын түзгүлө.

Адам баласы асмандагы канаттуулардан тез, бийик жана алыс учууну эчак эле ойлошкон.

Канаттуулардын кандай учканын байкап көргүлөчү. Алар канаттарын бир-эки сермеп, анан асманга учуп чыгат. Оңой эле учуп келип жерге конот. Ал эми самолётко, сөзсүз, аэродром керек. Ансыз самолёттор асманга көтөрүлө да албайт, жерге коно да албайт. Канаттуулардын башка артыкчылыгы да бар. Чабалекей балдарын кандай тамактандырарын көз алдыңарга элестетип көргүлөчү. Чабалекейлер канаттарын тез-тез сермеп, учуп киреерде абада асылып тургандай көрүнөт. Самолёттор антип токтоп тура албайт. Учуп баратканда гана абада боло алат. Ошондуктан самолёттор учушу жана жерге келип конушу үчүн атайын аянтча керек.

Самолёттун дагы бир өзгөчөлүгү — эгер мотор иштебей калса, же бир тетиги сынып калса, винттери айлана берет.

Ал ошол замат жерге түшүп кетпейт. Акырындык менен төмөндөй баштайт. Айыл чарбасында, өнөр жайда жана турмуштун башка тармактары үчүн да самолёттун практикалык мааниси өтө зор.

**52.** Даяр тексттерден кептин ой жүгүртүү түрү катышкан үзүндүлөрдү таап жазгыла. Андагы ой жүгүртүүнүн мүнөздүү белгилерин аныктагыла.

**53.** Даяр ой жүгүртүү түрүндөгү тексттердин үлгүсүндө «Жаратылыш — жан дүйнөм» деген темада ой жүгүртүп, текст түзгүлө. Анда ой жүгүртүүгө тиешелүү белгилерди камтыгыла. Окуя, көрүнүш тууралуу өз алдынча ой жүгүртө билүүгө үйрөнгүлө. Корутунду, тыянак жасагыла, суроо койгула, жооп тапкыла ж. б.

## § 16. Тактооч

### ТАКТООЧТУН СӨЗ ТҮРКҮМҮ КАТАРЫ КАСИЕТИ

Теманы түшүндүрүү үчүн пайдаланылуучу мисалдар жана сүйлөмдөр:

1. Танабай Гүлсарыны *жай (ылдам, тез, акырын, аста, бат)* бастырып келе жатат. 2. *Кышында (кечинде, күзүндө, бүгүн)* бороон улуп турат, *жайында (жайды-жайлай)* дымыктырып курутат. 3. Балдар *төмөн (ылдый, жогору, артка, алга)* кетишти. 4. Жерибизден мол (*көп, аз, кем, ушунча, ошончо*) түшүм алдык.

**1-корутунду**

Жогорку 1-сүйлөмдөгү *жай, акырын, ылдам, тез, аста, бат* деген сөздөр **кандай?** деген суроого жооп берип, кыймыл-аракеттин сын-сыпатын билдирди. Экинчи сүйлөмдөгү *кышында, кечинде, күзүндө, бүгүн, жайында, жайды-жайлай* деген сөздөр **качан? кайсы убакта?** деген суроолорго жооп берип, кыймыл-аракеттин мезгилин, үчүнчү сүйлөмдөгү *төмөн, ылдый, жогору, артка, алга* деген сөздөр **кайда?** деген суроого жооп берип, кыймыл-аракеттин ордун, төртүнчү сүйлөмдөгү *мол, көп, аз, кем, ошончо, ушунча* деген сөздөр **канча?** деген суроого жооп берип, кыймыл-аракеттин сан-өлчөмүн билдирди.

**54.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, кара тамга менен терилген сөздөрдүн кандай суроолорго жооп берип турганын аныктагыла. 2) Кыймыл-аракеттин эмнесин билдирип турганын тапкыла.

1. Кары киши, картаң ат — экөө кара жолдо **жай** баратты. 2. **Күздү-күздөй, кышты-кыштай** Танабай жоргону багып чыкты. 3. Танабайдын **жанагы** уулу гана болбой калды, бирок ал узун сабак. 4. Танабайдын **кечээ** өткөн күндөрүнүн баары келечектин кунуна кетпедиби. 5. Бекназар атка мин-

ген жок, нары жакта обочо жерде бүлбүлдөп күйүп жаткан от жакка карай **ыкчам** басты. 6. Салый Жамийланы карап, азыраак турду. 7. Адамбек **өзүнчө** жылмайып, **нары-бери** басты.

**55.** Машыгуу мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Төмөнкү тактоочторду катыштырып, сүйлөм түзгүлө. 2) Эмне үчүн тактооч экенин далилдегиле. 3) Тактоочко кандай сөздөр кирерин айтып бергиле.

Жогору, илгери, ылдам, кыргызча, көп, бүгүн, эртең.

## 2-корутунду

Кыймыл-аракеттин ар түрдүү кырдаалын: мезгилин, ордун, сын-сыпатын, сан-өлчөмүн көрсөтүп, морфологиялык жагынан өзгөрбөй турган, өзгөрсө да жарым-жартылай өзгөргөн сөздөр **тактоочтор** деп аталат. Тактоочтор: ***качан? кайсы убакта? кайда? кантип? кандай? канча? нече? кайдан? качантан бери? качанка чейин?*** деген суроолорго жооп берет.

Мисалы: *Таң эрте* **(качан?)** *жаан басылды. Кыштын камын жазда ойло. Жөжөнү күздө сана. Аштык айда жазында, айдабасаң жазында, ачка өлөсүң кышында. Жакшы атак алыска угулат. Өнөрлүү өйдө чыгат.*

Тактоочтор түзүлүшүнө карата **жөнөкөй** жана **татаал** тактооч болуп, экиге бөлүнөт.

Жөнөкөйү бир сөздөн, татаалы эки же андан ашык сөздөрдөн түзүлөт.

Мисалы: *бүгүн, эртең, кечээ, эрте, быйыл, жайлай, жогору, төмөн, өйдө, алыс, жай, ылдам, көп, аз, ашык, кем, мынча, ошончо, ошончолук* ж. б. (жөнөкөй тактооч). *Эртели-кеч, күздү-күздөй, анда-мында, өйдө-төмөн, илгери-кийин, ары-бери, соо-саламат, жөө-жалаң, жекеме-жеке, анча-мынча, аз-аздан, көп-көптөн* ж. б. (татаал тактооч).

**56.** Алган билимди бышыктоо мүнөзүндөгү көнүгүү. Окуп чыгып, тактоочторду тапкыла.

1. Жакында, алыста, кайда, кайсы жерде жүрсөк да, Ата Мекенди, туулуп-өскөн жерди эстейбиз. 2. Кайсы гана малчы болбосун, кышында жана эрте жазда баккан малын арыктатпай, ар убак чыгашасыз асыраса, ал алган милдеттенмесин ар дайым жеңил аткарууга негиз түзөт. 3. Эртели-кеч кеп урса, эрикпейт да, зерикпейт. 4. Эрте туруп, иш кылсаң, элден ишиң бат бүтөт. 5. Айылдык жаштардын мектептериндеги сабактар

күндүз да, кечинде да уюштурулушу мүмкүн. 6. Кийин, мен эс тартканда, ал жылкычы болуп кеткен. 7. Жылдан-жылга замана, кыйын чыгат ошондо. 8. Улам кийинки кадамы акыркы марасы болуп баратты, азыр. 9. Эртели-кеч байкайын, жакшы жигит көрдүм деп, ата-энеме айтайын.

### 3-корутунду

Тактоочтор көбүнчө этишке тиешелүү болуп айтылып, сүйлөм тизмегинде бышыктоочтук милдет аткарат.

Мисалы: Карылык *ылдый* тартат, жаштык *өйдө* тартат. *Жай* жүрсөң, *алыс* барасың. Нурбай *жогору* жүгүрөт, аюу *төмөн* чуркайт. Мира *немисче* сүйлөсө, Акай *англисче* сүйлөйт.

**5*. 57.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү. 1) Жогорку үлгүгө салып, тактоочтун бышыктоочтук милдет аткарып турганына мисал ойлоп, көчүрүп жазгыла. 2) Тактоочтун эрежесин айтып бергиле. 3) Тактоочко кандай сөздөр кирерин оозеки санагыла.

## § 17. Жөнөкөй тактоочтун жасалышына карай бөлүнүшү

**58.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү. 1) Окуп чыгып, тубаса жана туунду тактоочтор деген эмне экенин өз алдыңарча окуп үйрөнгүлө. 2) Аларга оозеки мисал келтиргиле. 3) Туунду тактоочтордун уңгу, мүчөсүн ажыратып, кайсы сөз түркүмүнөн жасалгандыгын аныктагыла.

### 1-корутунду

Жөнөкөй тактоочтор **тубаса** жана **туунду** тактооч болуп, эки топко бөлүнөт. Тубаса тактоочтор дайыма уңгу түрүндө турат. Ага төмөндөгүдөй сөздөр кирет:

| Тубаса тактоочтор | Тубаса тактоочтор этиш сөздөр менен айкашып айтылат |
|---|---|
| кеч, эрте, азыр, небак, дайыма, эми, кечээ, кийин, жана, мурун, улам, ылдам, жай, бат, араң, зорго, кайра, дароо, ашык, кем, жалгыз ж. б. | келди, окуду, барган, алды, иштөөдө, алып келет, келиптир, барчу ж. б. |

Туунду тактоочтор морфологиялык жол менен сөз мүчөлөрүнүн жардамы аркылуу жасалат.

## § 18. Туунду тактоочтордун морфологиялык жол менен жасалышы

### 1-корутунду

Туунду тактоочтор төмөндөгүдөй мүчөлөрдүн жардамы менен зат атоочтон, сын атоочтон, ат атоочтон, сан атоочтон жана тактоочтун өзүнөн жасалат.

| Мүчөлөрү: | Зат атоочтон | Сын атоочтон | Ат атоочтон | Сан атоочтон | Тактоочтун өзүнөн |
|---|---|---|---|---|---|
| *-ча:* | *кишиче, адамча, балача.* | *жаңыча, эскиче.* | *менче, сенче, өзүмчө, сизче, тигилерче, анча-мынча, ошончо.* | — | *бүгүнчө, азырынча.* |
| *-лап:* | *күндөп, түндөп, жылдап, айлап.* | — | — | *ондоп, жүздөп* | *эртелеп, кечтеп, аз-аздап.* |
| *-чылап:* | *Дайырчылап, Бейшечилеп.* | — | *менчилеп, сенчилеп, тигилерчилеп.* | — | — |
| *-лай:* | *жайлай, күздөй, кыштай, акчалай.* | — | — | — | *ылдамдай* |
| *-лата:* | *жайлата, кыштата, күздөтө.* | *улуулата, кичүүлөтө, сакалдуулата.* | — | — | — |
| *-чалык:* | *Даниярчалык, Айшачалык.* | — | *ушунчалык, ошончолук, менчелик.* | — | |
| *-сын:* | — | *кышкысын, жазгысын, түнкүсүн, эртеңкисин.* | — | — | — |

*-ыраак* — негизинен сын атоочко таандык мүчө, бирок айрым тактоочторго да улана берет: *эртерээк, кечирээк, жанараак, мурунураак, көбүрөөк, азыраак, кемирээк, өйдөрөөк* ж. б. Бирок *-ыраак* мүчөсү уланган сын атооч менен тактоочту уңгуга суроо берүү аркылуу гана ажыратабыз.

**59.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Жогорку мүчөлөрдүн жардамы аркылуу жасалган туунду тактоочторду катыштырып, 5—6 сүйлөм түзгүлө. 2) Түзгөн сүйлөмүңөрдүн тууралыгын чогуу талкуулагыла. 3) Туунду тактоочту жасоочу мүчөлөрдү оозеки санагыла. 4) Тактоочтун аныктамасын айтып бергиле.

**60.** Жаңы билим алууга окуучуларды даярдоо көнүгүүсү. Ар түрдүү тапшырмаларды жана суроолорду аткаруу мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Кышында өтсөң, бороон улуп, жайында өтсөң, үп болуп, дымыктырып турат. 2. Танабай эрте келип, кеч кайтты. 3. Жалкоонун иши аз, себеби көп. 4. Нурбай аюудан коркуп, бирде жогору, бирде төмөн түшүп турду. 5. Жолдоштон артта калсаң, жолдошсуз каласың. 6. Дыйкандар мол түшүм алышты. 7. Кулча иштеп, бийче отур. 8. Тоолуу жерге кышкысын кар көп жаап, жайкысын салкын болот.

## 2-корутунду

Тактоочтор төмөндөгүдөй жөндөмө мүчөлөр аркылуу да жасалат:

**Барыш жөндөмөсү аркылуу:** *кечке, зорго, бекерге, бирге, күнүгө, жылыга* ж. б.

**Жатыш жөндөмөсү аркылуу:** *анда, мында, тигинде, ошондо, кээде, түндө, жылда, кышында, жазында* ж. б.

**Чыгыш жөндөмөсү аркылуу:** *мындан, арттан, баштатан, жаңыдан, кокустан, жанатадан, мурунтан* ж. б.

**5*. 61.** Алган билимдин чындыгын турмушта текшерип көрүү көнүгүүлөрү. Төмөнкү кара тамга менен терилген сөздөрдүн эмне үчүн тактооч экенин аныктагыла.

1. **Илгери** да, **азыр** да күн жаркырап, кечке тийип турат. 2. Адамдар жашоо кумарын **күндөп-түндөп, жайды-жайлай, кышты-кыштай, күздү-күздөй, жазды-жаздай** өткөрө беришет. 3. Чалкуйрукка тил бүтүп, **адамча** сүйлөй баштайт. 4. Сөз ирети менен **улуулата** берилди. 5. Мугалимибиз[3] менен **кечээ** экскурсияга бардык, **жакында** да барабыз. 6. Жаратылыштын коодзугун сүрөттөп, ырлар жаздык, **акындарчылап,** ыр-

ларыбыз жакшы жазылды. 7. **Кийин** чыккан адамы — илим билген амалдуу.

**62.** Өз алдынча иштөө көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү тактоочторду катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Тактоочтордун морфологиялык жол (мүчөлөрдүн жардамы) менен жасалганын түшүндүргүлө. 3) Тактоочтор жөнүндө жалпы түшүнүк бергиле.

Эскиче, эртелеп, менчилеп, кыштай, ошончолук, күзгүсүн, күндөп-түндөп, жанатан, күнүгө, кечкисин.

## § 19. Татаал тактоочтордун синтаксистик жол менен жасалышы

Теманы түшүндүрүү үчүн пайдаланылуучу мисалдар жана сүйлөмдөр:

1. Алым биздикине *кез-кезде* келет. 2. Нөшөрлөгөн жаан бир паста басылды. 3. Алар күндөп-түндөп иштешти. 4. Күз келип, эртели-кеч суук болуп калган учур.

### 1-корутунду

Эки, же андан ашык сөздөрдөн тутамдашып же тактоочтордун эки ирет кайталанып айтылышы аркылуу жасалган тактоочтор **татаал тактоочтор** деп аталат.

**63.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү синтаксистик жол менен жасалган тактоочторду катыштырып, сүйлөм ойлоп, көчүрүп жазгыла. 2) Эмне үчүн татаал тактооч экенин аныктагыла. 3) Алардын кандай жазыларын айтып бергиле. 4) Текст деген эмне экенин түшүндүргүлө.

Бат-бат, жайды-жайлай, колмо-кол, кез-кезде, анда-санда, өйдө-ылдый.

### 2-корутунду

Синтаксистик жол менен жасалган тактоочтор кош, кошмок сөз түрүндө болот.

**1. Кош тактоочтор төмөндөгүдөй жасалат:** Сөздөрдүн кайталанып айтылышы аркылуу: *бат-бат, тез-тез, ылдам-ылдам, бара-бара, кез-кез, аз-аз, улам-улам, кайра-кайра, жөө-жалаң, ачык-айкын, өйдө-ылдый, ары-бери, эртели-кеч, бүгүн-эртең, илгери-кийин, жайы-кышы, колмо-кол, оозмо-ооз, жекеме-жеке, сөзмө-сөз, кез-кезде, аз-аздан, өзүнөн-өзү, жылдан-жылга, анда-мында, анда-санда* ж. б.

### 3 - к о р у т у н д у

Эки сөзүнө тең *-дыр* мүчөсүнүн уланышы аркылуу: *күндүр-түндүр, аздыр-көптүр, жайдыр-кыштыр, эртедир-кечтир* ж. б.

Кош сөз түрүндөгү тактоочтор арасына дефис коюлуп жазылат.

**64.** Алган билимдерди бышыктоо жана орфографиялык сабаттуулукту жогорулатуу көнүгүүлөрү. 1) Жогорку 2-корутундудагы кош тактоочторду катыштырып, бир нече сүйлөм түзгүлө. 2) Кош тактоочтордун жазылышын түшүндүргүлө. 3) Тактоочтор маанисине карай канчага бөлүнөрүн айтып бергиле?

### 4 - к о р у т у н д у

**2. Кошмок тактоочторго:** *беш колдой, кур алакан, жапа тырмак, бир кезде, бир маалда, бир күнү, бир жылы, ар дайым, алда кайда, ар качан, ар убакта, эч убакта, эч кандай* ж. б. сөздөр кирет.

Кошмок тактоочтор арасында дефис коюлбай бөлөк жазылат.

**65.** Алган билимди турмушта колдоно алууга үйрөтүү көнүгүүсү. 1) Көчүрүп жазып, татаал тактоочторду тапкыла. 2) Алардын морфологиялык, синтаксистик жол менен жасалганын айтып бергиле. 3) Жазылыш өзгөчөлүгүн түшүндүргүлө.

1. Азыр элибиздин күндөп-түндөп иштеп турган убагы. 2. Бүгүн-эртең чоң концерт болот. 3. Жапардын иймилчектей буттары тез-тез көтөрүлдү. 4. «Манас» кинотеатрынан[6] жайдыр-кыштыр эл үзүлбөйт. 5. Алар бетме-бет кездешишти. 6. Кеч кирип, ары-бери өткөндөрдүн караанын көрүнбөй калды. 7. Жайы-кышы эл келет, жазында салкын жел келет.

**66.** Жаңы билимди өздөштүрүүгө киришүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, татаал тактоочторду тапкыла. 2) Алардын кандай жазыларын түшүндүргүлө. 3) Кандай мүчөлөр уланып турганын аныктап, уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

1. Бүгүн менин сыйына турган күнүм, куттуу талаам. 2. Былтыр айткан сөзүң эсимде да жок, Толгонай. 3. Кийинки күндөрдө ойлогонум эле ушул, күндүр-түндүр ойлоном. 4. Бир күнү бул окуяны атама айтайын деп, ниеттендим. 5. Абылай күндөгүсүндөй бүгүн жайма-жай басып келди. 6. Өйдө-төмөн соккон шамалдан булуттар бат эле тарап, күндүн көзү көрүндү.

**67.** 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, татаал тактоочторду көчүрүп жазгыла. 2) Татаал сөздүн кайсы түрү экенин (кош, кошмок) ажыраткыла. 3) Жа-

зылыш эрежелерин түшүндүргүлө. 4) Кандай жолдор менен жасалганын айтып бергиле.

1. Улам-улам кайталасак, бара-бара көнүгүп кетебиз. 2. Мына ушул жол ары-бери, өйдө-ылдый өткөн малдардын туягына тепселип, күзгө маал аздыр-көптүр жолго окшойт. 3. Жапарды бүгүн-эртең келет деп турушат. Жылдан-жылга аба ырайы да өзгөрдү. 4. Күз болгон үчүн куштардын сайраганы анда-санда, эртели-кеч угулат. 5. Билем[1], бул Жоломандын үнү, ал кез-кезде ушундай ырдайт. 6. Ырас, Толгонай, сен анда жайдыр-кыштыр иштедиң, кез-кезде дем алганды да билбедиң.

**68.** Эрежелерди өз алдынча үйрөнүү көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү суроолорго жооп жазгыла. Синтаксистик жол менен жасалган тактоочтор деп, кандай тактоочторду айтабыз? Мисал келтиргиле.

*Кымбаттуу балдар, силер сөз жасоо жана орфография боюнча жат жазууга даярдангыла!*

**Үйгө тапшырма.** Үйүңөрдөн «Биздин класс» деген темада чыгармачылык баяндама же дилбаян жазып келгиле.

## Тактоочтун маанисине карай бөлүнүшү

Тактооч берген маанилерине карата: мезгил тактооч, орун тактооч, сын-сыпат тактооч, сан-өлчөм тактооч болуп, төрткө бөлүнөт.

| Тактоочтордун түрлөрү | Берилүүчү суроолору | Мисалдар | Этиштер менен айкалышы |
|---|---|---|---|
| **1. Мезгил тактоочтор** | *качан? качантан бери? кайсы кезде? качанка чейин?* | *бүгүн, эртең, кечээ, бүрсүгүнү, эрте, кеч, жана, анан, күндүз, быйыл, эми, ар качан, түштө, кечинде, жайында, жазында, күзүндө, кышында, жайдыжайлай, күздү-күздөй, түндө, эртең менен* ж. б. | *келет (келди) келчү, барган, иштеди, окуган* ж. б. |
| **2. Орун тактоочтор** | *кайда? каерде? кайсы жактан? кайсы жакка? каякка?* | *мында, анда-мында, жогору, төмөн, өйдө, алыс, алыстан, ары-бери, кийин, жакын, ыраак, ылдый, алда-кайда, өйдө-төмөн, артка, алда-кайдан, илгери* ж. б. | *окуду, келет, барат, көрөт, кетти* ж. б. |

| Тактоочтордун түрлөрү | Берилүүчү суроолору | Мисалдар | Этиштер менен айкалышы |
|---|---|---|---|
| **3. Сын-сыпат тактоочтор** | *кантип? кандай? кандайча? кимче? эмнече?* | *жай, ылдам, тез, бат, арaң, зорго, бекер, орусча, кыргызча, өзүбүзчө, менимче, өздөрүнчө, бекеринен, өзүнчө, үстөмөнүнөн, чалкасынан, алдыртадан, тескерисинче, кокустан, жөөжалаң, соо-саламат, тезинен, жекеме-жеке, бетме-бет, колмо-кол, акырын, дароо ж. б.* | *иштеди, сүйлөдү, жазды, ойлонду, окуду, жатты, карады, болду, жүрдү, сүйлөшүү ж. б.* |
| **4. Сан-өлчөм тактоочтор** | *канча? нече? канчалык? канчалап? нечелеп?* | *көп, аз, ашык, кем, мол, мынча, ошончо, ушунча, ушунчалык, жалгыз, аз-аздан, саал-паал, көп-көптөн, ошончолук ж. б.* | *алды, келбеди, жетпеди, иштеди ж. б.* |

## § 20. Мезгил тактооч

**69.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү. Окуп чыгып, мезгил тактоочторго кандай сөздөр киререрин жана ага кандай суроолор берилерин үйрөнгүлө.

Мезгил тактоочторго: *бүгүн, эртең, кечээ, бүрсүгүнү, кийин, кеч, жана, анан, күндүз, быйыл, эми, ар качан, түштө, кечинде, жайында, жазында, күзүндө, кышында, жайды-жайлай, күздү-күздөй, түндө, эртең менен* деген ж. б. сөздөр кирет.

**5*. 70.** Проблемалык көнүгүү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, *качан? кайсы убакта? качантан бери? кайсы кезде?* деген суроолорго жооп берген сөздөрдү тапкыла. 2) Алардын эмне үчүн тактооч экендигин аныктагыла. 3) Тактоочтун морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалышын түшүндүргүлө.

1. Бүгүн биз Чожну деген ысык жерден жөнөдүк. Эртең таң ата Ак-Сууга жетебиз. 2. Султанмурат эми дүбүрт чыккан жакка Чабдардын оозун коё берди. 3. Кийин Беккул экөөбүз Ак-Суудан бир байды таап алдык. 4. Эми мен кезекти Беккулга берем. 5. Мен эртең менен эрте физзарядка ойноого көнүгүп калдым. 6. Баятан жымжырт болуп турган үй азыр күлкүгө толду. 7. Жапар менен Айша жана келип кетти[4]. 8. Жайды-жайлай кылган эмгегибиз текке кетпеди. 9. Кийин, биз эс тартканда, бул теректердин сырын түшүндүк.

**71.** Алган билимди бышыктоо жана бекемдөө мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Өзүңөр мезгил тактоочторду катыштырып, 5—6 сүйлөм ойлоп жазгыла. 2) Эмне үчүн мезгил тактооч экенин аныктагыла, суроолорун бергиле.

## 1-корутунду

Кыймыл-аракеттин мезгилин көрсөтүп, *качан? кайсы убакта? качантан бери? качанка чейин?* деген ж. б. суроолорго жооп берген тактоочтор **мезгил тактооч** деп аталат.

**72.** Алган билимди калыбына келтирүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Окуп чыгып, мезгилди көрсөткөн сөздөрдү тапкыла. 2) Суроо берүү аркылуу далилдегиле. 3) Кандай сөз түркүмдөрүн жасаганын аныктагыла.

1. Күзүндө Петя менен Вася жаңгак тергени токойго барышты. 2. Балдар бат эле идиштерин толтурушту. 3. Анан үйлөрүнө эрте кетүүнү ойлошту. 4. Бир маалда токойдон бейтааныш адам чыга келди. 5. Ал балдарды мурун тааныган кишиче конфет берди. 6. Бул жерге жайдыр-кыштыр мындай киши келчү эмес. 7. Вася бат эле чуркап отуруп, бир паста заставага келди. 8. Бейтааныш адам кечинде кармалды. 9. Көрсө, ал адам түнүчүндө чек араны бузуп келген шпион экен.

**5*. 73.** Алган билимдин тереңдигин текшерүү мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Быйыл күн жаанчыл болуп, эгин-тегин жакшы өстү. 2. Чортек жайдыр-кыштыр тоо-таштын арасында капкан салып, мергенчилик менен күн өткөргөн бир шордуу кедей болгон. 3. Сибирде токой көп болгон, ал жерде күнү-түнү жүрүп отурсаң да, учу-кыйры көрүнбөйт. 4. Илгери, жазында дыйкандар жер жетишпегенде эски чөптөрдү өрттөшүп, анан ал жерге эгин айдачу. 5. Жумаш мектептен кеч келди. 6. Алар түн ичинде тоо-ташка бекиништи. 7. Эрте кеткен Мураттан ар дайым мен эрте келчүмүн. 8. Ата, сиз жана кайда кеттиңиз эле?

**74.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөргө талдоо жүргүзүп, *жана* деген сөздүн тактооч же байламта экенин, *кийин*, *мурун* деген сөздүн тактооч же бөлүкчө экенин ажыратып, себебин түшүндүргүлө. 2) *Жана*, *кийин*, *мурун* деген сөздөргө суроо берип көргүлө.

1. Мен Айсулууну жана чакыртканмын. Акыры энемдин жана атамдын айткан сөздөрүнө ишендим. Жамийла ар дайым кайрат кылды жана өзүн кармай да билди. Айша жана айткан сөзүн эми да кайталады.

2. Армиядан кийин бошонуп, үйүнө кийин кайтты. Айша улуулардан жазганып, кийин жылды. Эки жылдан кийин эркек балалуу, кийин дагы бир кыздуу болушту. Кийин, мен эс тартканда, теректердин сырын түшүндүм.

3. Мурунку чалдын ордуна эми аскер тумак, сур шинелчен, кара мурут киши келди. Мурун көрүнбөй, кайда жүрдүң эле. Данияр менен Жамийла менден мурун келишиптир. Мурун айтканыңды билбептирмин да. Абылгазы мурун келди.

## § 21. Орун тактооч

### 1-корутунду

Кыймыл-аракеттин боло турган ордун, багытын көрсөтүп, *кайда? каякта? кайсы жакта? кайсы жакка? кайсы жактан?* деген суроолорго жооп берип турган тактоочтор орун тактооч деп аталат.

Орун тактоочторго төмөнкүдөй сөздөр кирет: *мында, жогору, төмөн, өйдө, алыс, алыстан, ары-бери, кийин, жакын, ыраак, ылдый, алда кайда, өйдө-төмөн, артка, алда кайдан, илгери* деген ж. б. сөздөр кирет.

**5*. 75.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү. 1) Өзүңөр жогорку орун тактоочторду катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Алар кандай суроого жооп берерин аныктагыла. 3) Эмне үчүн орун тактооч экенин түшүндүргүлө, эрежесин айтып бергиле.

**76.** Алган билимди өздөштүрүү көнүгүүлөрү. 1) Окуп чыгып, орун тактоочторду тапкыла. 2) Суроо берүү аркылуу аныктагыла.

### ЭР ЖҮРӨК КЫЗ

Партизандар алыс жүрүшүп, токойдон өйдө чыгышты. Буларды бүгүн быякка командир чалгынга жиберген эле. Тапшырма так аткарылды. Партизандар жакынкы токойго жашынышты. Лена мында калып, алыска кулак түрдү.

Кокусунан жогортон келе жаткан мотордун үнү алыстан угулду. Жолдо немецтердин[2] машиналары өйдө-төмөн ылдам өтүп жатышкан эле. Лена муну көрөр замат көпүрөнүн астына жашына калды. Бир аз тыншап, бат эле жанындагы гранатаны сууруп алды. Бир маалда душмандын жеңил машинасынын карааны жакын жерден көрүндү. Кыз илгери жылып келип, гранатасын ыргытты. Бат эле катуу жарылуу болду.

Машина артка бурулуп, жакын токтоду. Андан генерал чыгып, төмөн качып жөнөдү. Бирок Лена генералды атып жиберди. Жарадар болгон генерал бат эле колго түштү.

**77.** Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Төмөнкү орун тактоочторду катыштырып, сүйлөм түзгүлө. 2) Алар кандай суроолорго жооп берип турганын аныктап, уңгу, мүчөгө ажыраткыла. 3) Эмне үчүн орун тактооч экенин далилдегиле.

Анда-мында, жогору, төмөн, өйдөрөөк, алыс, жакындан, ылдый, артка, илгери, кийин.

**78.** Текшерүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, орун тактоочторду тапкыла. 2) Алар кандай суроого жооп берерин аныктагыла?

1. Анын мында келгенине көп убакыт болду. 2. Күнүгө таң заардан туруп, мурда долбоорлонгон айрым-айрым варианттарымды кайра баштан карап чыгам да, ары-бери басып ойлоном. 3. Иштин баары алдында турат. 4. Күн батыштан болгон шамал булуттарды алыска-алыска айдады. 5. Биз терекке чыкканда, айылдан төмөн алда кайдан мунарыктаган мейкиндиктин ушунчалык кеңдиги көз алдыбызга тартыла түшчү. 6. Анын үйү мында, суунун жогорку маңдайында, экинчи бригаданын көчөсүндө.

**5*. 79.** Алган билимдерди тереңдетүү мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Балка бирде жогору көтөрүлүп, бирде төмөн түшкөндө, отко кызыган темирден учкундар чачырайт. 2. Ырчы торгойлор ары-бери учуп, кээде асманга чыгып, кээде ылдый түшүп турду. 3. Бүркүттүн көзү абдан өткүр болгондуктан, алысты дароо эле көрө алат. 4. Абдылда илгери кетип, Белек артта калды. 5. Чокусу асман тиреген Ала-Тоонун[6] ылдый жагы — эгин өскөн мейкин талаалар.

## § 22. Сын-сыпат тактооч

**80.** Жаңы билимге өз алдынча ээ болуу көнүгүүлөрү. 1) Окуп чыгып, сын-сыпат тактоочко кандай сөздөр кирерин үйрөнгүлө. 2) Аларга кандай суроолор берилерин аныктагыла. 3) Өз алдыңарча мисал келтиргиле.

Сын-сыпат тактоочторго: *жай, ылдам, тез, бат, араң, зорго, орусча, кыргызча, өзүбүзчө, менимче, өздөрүнчө, өзүнчө, тескерисинче, кокустан, жөө-жалаң, соо-саламат, жекеме-жеке, бетме-бет, колмо-кол, акырын, дароо* деген ж. б. сөздөр кирет.

**81.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Жогорку сын-сыпат тактоочторду катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Эмне үчүн сын-сыпат тактооч экенин далилдегиле. 3) Жөнөкөй жана татаал, тубаса жана туунду тактоочторду тапкыла. 4) Кош сөз тибиндеги тактоочтор сөз жасоонун кайсы түрүнө кирерин аныктагыла.

## 1-корутунду

Кыймыл-аракеттин сын-сыпатын билдирип, *кантип? кандай? кандайча? кимче? эмнече*? деген суроолорго жооп берген тактоочтор сын-сыпат тактооч деп аталат.

**82.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдөн сын-сыпат тактоочторду таап, көчүрүп жазгыла. 2) Кандай суроого жооп берип турганын аныктагыла. 3) Эрежелерин түшүндүргүлө. 4) Өзүңөр сын-сыпат тактоочторду катыштырып, 4–5 сүйлөм ойлоп тапкыла.

1. Жамыйла сабагын дароо, жай баштады. 2. Сейде менен Мырзакул бетме-бет келе түштү. 3. Поезд акырын жүрө баштады. 4. Жолоочулар тез-тез келе жатышты. 5. Мен кызыгып, англисче, немисче, үйрөнүп калдым[4].

**83.** Өтүлгөн материалды бышыктоо, бекемдөө көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла. 2) Сын-сыпат тактоочторду тапкыла. 3) Алардын кандай суроолорго жооп берип турганын, кандай сөз түркүмүнөн жасалганын аныктагыла.

1. Жапар өз ишин дароо таштаган жок, кокустан, капыстан, колу бошой калса, конторага тез жөнөйт. 2. Алтынай Сулайманова ал күнү бат эле келди. 3. Чогулган эл аны дароо тосуп алышты. 4. Ал акырын барып, президиумдан орун алды. 5. Алымдын айтканы тескерисинче болду. 6. Мен орусча үйрөндүм, ал кыргызча үйрөндү. 7. Айганыш тез-тез, бат-бат, ылдам сүйлөп жатты.

## § 23. Сан-өлчөм тактооч

**84.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, сан-өлчөм тактоочторго кандай сөздөр кирерин үйрөнгүлө. 2) Кандай суроолорго жооп берерин аныктагыла.

## 1-корутунду

Сан-өлчөм тактоочторго: *көп, аз, ашык, кем, мол, анчамынча, ошончо, ушунча, жапырт, ушунчалык, жалгыз, аз-аздан, аз-маз, саал-паал, көп-көптөн, ошончолук, болушунча* деген ж. б. сөздөр кирет.

**85.** Алган билимди бекемдөө көнүгүүлөрү. 1) Жогорку сан-өлчөм тактоочторду катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Эмне үчүн сан-өлчөм тактооч экенин аныктагыла. 3) Тактооч жөнүндө өз түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.

**86.** Машыгуу, көнүгүү мүнөзүндөгү көнүгүүлөр. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдөн сан-өлчөм тактоочторду тапкыла. 2) Эмне үчүн сан-өлчөм экенин түшүндүргүлө.

1. Темирдин анча-мынча кечигиши жалгыз чыйылдак Чымырбайдын тынчын алды. 2. Акеш, силерден көптөн-көп суранарым, ал-жайыңарды билдирип, бат-бат кат жазып тургула. 3. Аз сүйлө, саз сүйлө. 4. Биз белгиленген убактан саал-паал кечиктик. 5. Акырын жылып, көп аскерлер келе жатышты. 6. Мынча эгинди кайдан табасыңар, деп сурадым. 7. Иштеп тапканың мынча, колуңа нак тиери канча? 8. Мен ушунчалык[3] жыргалды такыр көрө элек болчумун.

## 2-корутунду

Кыймыл-аракеттин иштелиш өлчөмүн, көлөмүн, санын көрсөтүп, *канча? нече? канчалык? канчалап? нечелеп?* деген суроолорго жооп берген тактоочтор **сан-өлчөм тактоочтор** деп аталат.

**87.** Ар түрдүү тапшырмаларды жана суроолорду аткаруу мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Окуп чыгып, сан-өлчөм тактоочторду тапкыла. 2) Эмне үчүн сан-өлчөм экенин аныктагыла.

1. Көп жашасаң, көптү билесиң[4]. 2. Катуу күркүрөгөн күндүн жааны аз. 3. Ошончо да кечигесиңерби, балам. 4. Эрте турган кишинин ырыскысы мол болот. 5. Ашык дөөлөт баш жарат. 6. Менин көптөн-көп суранарым, адабий китепти ошончолук көп окугула. 7. Ал шаардан саал кечигип кайтты.

**88.** Алган билимди тереңдетүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Өзүңөр төмөнкү сан-өлчөм тактоочторду катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Канча? деген суроого жооп берген тактооч менен сан атоочтун айырмасын түшүндүргүлө. 3) Тактоочтун жана сан атоочтун эрежелерин, айырмасын айтып бергиле.

Көл, көбүрөөк, аз, азыраак, ашык, мол, жалгыз, аз-аздан, көп-көптөн, ошончолук, отуз, кыркча, элүүдөй.

**89.** 1) Төмөнкү тактоочтордун ичинен *канча? канчалык? канчалап? нечелеп?* деген суроолорго жооп берип турган сан-өлчөм тактоочторду тапкыла. 2) Эрежесин айтып бергиле.

Жалаң, мында, жогору, көп, аз, ылдый, жай, ылдам, ашык, мол, ошончо, жалгыз.

## § 24. Тактоочтордун жазылышы

**90.** Жаңы билимге ээ болуу жана окуучулардын орфографиялык сабаттуулугун жогорулатуу мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Төмөнкү тактоочторду окуп чыккыла. 2) Аларды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 3) Карама-каршы маанидеги кош сөз катарында айтылган тактоочтор дефис аркылуу жазыларын үйрөнгүлө.

Ары-бери, өйдө-төмөн, эртели-кеч, күнү-түнү, өйдө-ылдый, жайдыр-кыштыр, илгери-кийин, аздыр-көптүр, оң-тетири ж. б.

**91.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү. 1) Төмөнкү тактоочторго эмне үчүн дефис коюлуп жазыларын түшүндүргүлө. 2) Өз түшүнүгүңөрдү аныктагыла. 3) Сөз жасоонун кайсы жолу менен жасалгандыгын далилдегиле.

Бат-бат, тез-тез, көп-көп, ылдам-ылдам, кайра-кайра, көп-көптөн, кез-кезде, аз-аздан, колмо-кол, оозмо-ооз, жайды-жайлай, күздү-күздөй, кышты-кыштай, кээ-кээде ж. б.

**5*. 92.** Проблемалык көнүгүү. 1) Төмөнкү тактоочторго сын атоочтун **-ыраак** мүчөсүн улап, көчүрүп жазгыла. 2) **-ыраак** мүчөсү уланган сын атоочтордун **-ыраак** мүчөсү уланган тактоочтордон кандай айырмасы бар экенин айтып бергиле.

Көп, аз, кем, акырын, эрте, эми, бат, кеч, жакшы, кызыл, ак.

### Жалпы корутунду

Жөнөкөй тактоочтор бир гана сөздөн түзүлөт. Эки же андан ашык сөздөрдөн түзүлгөн татаал тактоочтор төмөндөгүдөй жазылат:

1. Карама-каршы маанидеги кош сөз **катарында** айтылган тактоочтор арасында дефис коюлуп жазылат: *ары-бери, бүгүн-эртең, өйдө-төмөн, аздыр-көптүр, жай-ылдам, эртели-кеч, күндөп-түндөп* ж. б.

2. Уңгу түрүндө кайталанган жана айрым мүчөлөрдүн жардамы аркылуу кайталанып айтылган татаал тактоочтор арасында дефис коюлуп жазылат: *бат-бат, тез-тез, кээ-кээде, кез-кезде, аз-аздан, бетме-бет, ылдам-ылдам* ж. б.

3. Кошмок сөз катарында айтылган тактоочтор арасында эч кандай белги коюлбай, ар башка жазылат.

Мисалы: *ар качан, ар дайым, ар убакта, ар күнү, бир кезде, бир маалда, бир паска, ар жылы, эч убакта* ж. б.

4. Сын атоочтун **-ыраак** мүчөсү уланган тактоочтор созулуп айтылышынча **(-ыраак)** жазылат: *кечирээк, эртерээк, жанараак, ананыраак, эмирээк, жогорураак, төмөнүрөөк, өйдөрөөк, алысыраак, жакыныраак, көбүрөөк, азыраак, батыраак, ашыгыраак* ж. б.

**93.** Алган билимди бышыктоо жана бекемдөө мүнөзүндөгү көнүгүү.

Биздин көчөнүн балдарынын көбүрөөгү мектепте окушат. Азыраагы окушпагандыктан[3], күнү бою өз үйлөрүндө болушат. Алар такыр окуй элек болушса да, жайдыр-кыштыр колдорунан китеп түшүрүшпөйт. Балдардын ушунчалык эң шайыры – Эркин. Ал ар качан сергек, сөздү да кез-кезде сүйлөйт, сал-паал тентектиги болбосо, башкача чорт кыялы жок. Эртең менен[3] эрте туруп, жалгыз апасына жардамдашат. Жайдыжайлай, кышты-кыштай стадиондо ойношот. Мирлан токтоо бала, аны бардык балдар алыстан таанышат. Бири-бири менен урушпай, жай ойношот, алыс барышпайт. Алар ушунчалык ынтымактуу.

**94.** Алган билимди турмушта текшерүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла, андагы тактоочторду тапкыла. 2) Кош, кошмок тактоочтордун жазылышын түшүндүргүлө.

1. Какшаалда кыргыздардын бар экенин уккан Ажар батбат чуркап отуруп, таң сүрүүгө жакыныраак калың токойго келип бекинди. 2. Бир кезде Данияр менен Жамийланын карааны көрүнбөй калды. 3. Жамийла, сен башыңды өйдө-өйдө көтөрүп бас, эч убакта жер караба. 4. Эрте турган Шамбет Нуркасымды ээрчитип[2], Чаргындын үйүнө кайра-кайра кирди. 5. Ал жылы атам мага жардам берип, эртели-кеч кой четинде.

**95.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Төмөнкү тактоочтордун кандай жазыларын түшүндүргүлө, себебин айтып бергиле. 2) Аларды катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

Күздү күздөй, анда мында, алда кайда, жекеме жеке, көбүрөөк, ашыгыраак, аз аздан, эч убакта, ар дайым, илгери кийин, бир паста.

## § 25. Өтүлгөн материалдарды жыйынтыктоо (кайталоо) сабагы

Тактоочту кайталоо үчүн берилүүчү болжолдуу суроолор жана тапшырмалар:

1. Тактооч деп, кандай сөз түркүмүн айтабыз?
2. Тактоочтор мааниси жагынан канчага бөлүнөт? Алардын эрежесин айтып бергиле.
3. *-ыраак* мүчөсү уланган сын атоочторго жана тактоочторго оозеки мисал келтирип далилдегиле.
4. Тактоочтор сүйлөм ичинде кандай синтаксистик милдетти аткарат?
5. Тактоочтор кандай мүчөлөрдүн жардамы аркылуу жана кандай сөз түркүмүнөн жасалат?
6. Тактоочтун жазуу эрежесин түшүндүргүлө.
7. *Мында* деген сөздүн качан тактоочтук, качан ат атоочтук мааниде, *жана* деген сөздүн качан байламталык, качан тактоочтук, *кийин* деген сөздүн качан тактоочтук, качан жандоочтук мааниде колдонуларын далилдеп, оозеки мисалдар келтиргиле.

**96.** Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү көнүгүүсү. 1) Тактоочтун кайсы сөз түркүмүнө (маани берүүчү, кызматчы) кирерин айтып бергиле. 2) Маани берүүчү сөз түркүмдөрүн санагыла. 3) Төмөнкү сүйлөмдөрдөн тактоочторду таап, анын кайсы түрү экенин ажыраткыла.

1. Эртең менен Анархан баласына жаңы көйнөктү кийгизип жатканда, Дарыяхан акырын кирип келди. 2. Зоолору күмүш кымкап кийгендей, алыстан-алыстан Алай тоолору заңкаят. 3. Мен дароо үйгө кирип барганда, байбиче өзүнө жакыныраак жерден орун көрсөттү. 4. Кычандын эртеңки иштери бүгүн көзүнө элестей баштады. 5. Оо, Кымка эне, Атайды тезирээк ойготуңуз. 6. Кымбаттуу иним, ошончолук зарыл жумуштарым көп болсо да, бардыгын жыйнаштырып таштап, батыраак кат жазууну туура таптым. 7. Өмүрбек катка ишенген жок, улам-улам, кайта-кайта окуду, бирок бүгүнкү каттан эч жаңылык таба албады. 8. Жипти ашыкча чойсоң – үзүлөр, жибекти ашыкча чойсоң – сүзүлөр. 9. Кыш азыгы жайында. 10. Жамийла тез-тез басып, коридорго чыкты.

**5*. 97.** Текшерүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, тактоочторду тапкыла. 2) Маанисине карата кандай тактооч экенин ажыраткыла. 3) Эрежелерин айтып бергиле.

## ТУРСУН

Убакыт алдыга кандай умтулса, Турсун да азыр ошондой умтула берди. Менимче, ар бир күн анын өмүрүнө акырындап, кыйла жетишкендиктерди аз-аздан кошуп жаткан сыяктанды. Аз эле мезгилдин ичинде орусча жаттаган сөздөрүн айтып отурса, адамды көп кубандырат. Анын бир жакшы жери анча-мынча деле орусчалап сүйлөй берет. Лира деген өзүнүн группасында окуган кыз менен тез эле ынак болуп кетти. Класста жанаша отурчу. Ал эми сабактан тарагандан кийин башка балдарчылап кете бербей, экөө бирге жүрүшөт. Сабакты ошончолук көп окушат, ар дайым бирге даярдашат. Лира да кыргызча сүйлөгөндү жакшы көрөт. Келсе-келбесе деле орусча сүйлөй бер деп, Лира ар качан кеңеш берет. Кез-кезде сөздөрдү туура айтпай калганда, дароо оңдоп да коюучу.

Азыр көрсөң, баягы Турсун жок, ушунча өзгөрүп кеткен. Орусча жакшы сүйлөйт. Лира болсо, кыргызча жакшы түшүнүп калды. (*К. Ж.*)

**98.** Тапшырмаларды коллективдүү аткаруу көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, тактоочторду тууралап көчүрүп жазгыла. 2) Мааниси боюнча тактоочтун кайсы түрү экендигин аныктагыла. 3) Синтаксистик кызматын айтып бергиле.

1. Анда санда шаңшып коюп, асманда канат какпай жалгыз бүркүт каалгыйт. 2. Капчыгай ылдый эртели кеч шамал болот. 3. Ар дайым так иштегенди, так жүргөндү бардык киши жакшы көрөт. 4. Жайды жайлай, кышты кыштай Мамирбазиндин жумушунда иштедик. 5. Бул сөздөр илгери айтылган, азыр эскирип бүттү.

Тактоочко морфологиялык талдоо жүргүзүүнүн тартиби:

1. Сүйлөмдөгү тактоочторду таап, эмне үчүн тактооч экендигин аныктоо, эрежесин түшүндүрүү;
2. Тактоочтун тубаса же туунду түрүндө экенин далилдөө;
3. Мааниси жагынан кайсы тактооч экенин таап, ага кандай суроолор берилерин аныктоо, эрежелерин айтып берүү;
4. Тактоочту түзүлүшүнө карай ажыратуу (жөнөкөй, татаал);
5. Кайсы мүчөлөрдүн жардамы аркылуу кандай сөз түркүмдөрүнөн түзүлгөндүгүн табуу;
6. Тактоочтун жазуу эрежелерин (орфографиясын) түшүндүрүү ж. б.

Кермекаш быйыл жайды-жайлай көбүрөөк иштеп, эгинден ушунчалык түшүмдү мол алды.

### Оозеки талдоонун үлгүсү

Бул сүйлөмдөгү *быйыл* деген сөз – тактооч. Тактооч деп, кыймыл-аракеттин ар түрдүү кырдаалын билдирип турган сөздөрдү айтабыз. Мезгил тактооч кыймыл-аракеттин мезгилин көрсөтүп, *качан*? деген суроого жооп берди. **Бул жыл** деген эки сөздөн бириккен, составы боюнча жөнөкөй сөз. **Жайды-жайлай** бул дагы *качан?* деген суроого жооп берди, мааниси боюнча мезгил тактооч, түзүлүшү боюнча татаал, **жай** деген зат атооч сөздөрдөн түзүлдү, кош сөз катарында арасында дефис коюлуп жазылат. Уңгусу — **жай**, мүчөлөрү *-ды*, *-ла*, *-й*.

**Көбүрөөк** — уңгусу — көп, *канча*? деген суроого жооп берет. Сан-өлчөм тактооч, себеби кыймыл-аракеттин санын, өлчөмүн билдирди; уңгусу — көп, мүчөсү — *-ыраак*, буга *-ыраак* мүчөсү уланды.

**Ушунчалык** — *ушу(л)* деген ат атоочтон түзүлдү, уңгусу — *ушу(л)*, мүчөлөрү — *-ча, -лык; канчалык*? деген суроого жооп берет.

**Мол** — сан-өлчөм тактооч, *канча?* деген суроого жооп берди, уңгу түрдө турат.

### Жазуу жүзүндөгү талдоонун үлгүсү

Быйыл, жай//ды-жай//ла//й, мол.

*Кымбаттуу окуучулар, тактооч боюнча диктант жазууга даярдангыла*!

**Үйгө тапшырма.** Үйүңөрдөн тактоочторду катыштырып, турак жайды сүрөттөп, кыскача дилбаян жазып келгиле.

# ӨЗГӨЧӨ СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ

**Тууранды жана сырдык сөздөр өзгөчө сөз түркүмдөрү деп аталат, себеби булар маани берүүчү же маани бербөөчү (кызматчы) сөздөргө кирбейт. Аларда маани берүүчү, кызматчы сөздөрдөгүдөй касиет жок.**

**Өзгөчө сөз түркүмү экиге бөлүнөт.**

## § 26. Тууранды сөздөр

### 1-корутунду

Жандуу жана жансыз заттардан чыккан үндү, табышты, добушту, кыймылды, элести, көрүнүштү тууралп, окшоштуруп көрсөткөн сөздөр **тууранды сөздөр** деп аталат.

**Тууранды сөздөргө төмөндөгүдөй сөздөр кирет:**
тарс, жарк, шаңгыр, кобур-собур, шак, шака-шак, чыйк, маа, мөө, шуу, жалп, жалбырт, желбиреп, калдаң-калдаң, зуу, арс, тырп, карч, шак-шак ж. б.

**99.** 1) Окуп чыгып, тууранды сөздөрдү тапкыла. 2) Эрежесин айтып бергиле. 3) Тууранды сөздөргө оозеки мисалдар келтиргиле.

1. Бака-шака эмгек шаңы күчөдү. 2. Чагылган жарк-журк, жамгыр дыбыр-дыбыр жаай баштады. 3. Кобур-собур үндөр угулду. 4. Эшик карс жабылды. 5. Эрбең-сербең караандар көбөйдү[3]. 6. Жапар эки жагын элтең-селтең каранат. 7. Жакындаган үндөр кажы-кужу, ызы-чуу. 8. Ажардын жашы жаагына мөлт-мөлт тамчылады. 9. Мылтык тарс-тарс атылды, жалт карай калсам, Жапаркул жерде кулап жатыптыр. 10. Шофер бырс-бырс күлдү да, кабинасын карс жапты. 11. Соколор жер тилип барат, лап-лап түшүп жаткан карлар дароо эрий берет.

**100.** Алган билимди өздөштүрүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, тууранды сөздөрдү тапкыла. 2) Анын лексикалык маанисин аныктагыла. 3) Лексикалык маани деген эмне экенин түшүндүргүлө. 4) Кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрүн санагыла.

1. Байдалынын колундагы кетмен ар бир чапкан сайын жарк-журк, жарк-журк. 2. Гүлсарынын жүрөгүнүн дүп-дүп какканы кулакка даана угулат. 3. Тоо койну тынч, айыл үстүндөгү айдоо тараптан трактордун тытыр-тытыр үнү гана басылбайт. 4. Жээктеги шагыл таштарга тийгенде, Гүлсарынын такасы чак-чук, чак-чук чакылдайт. 5. Гүлсары ордунан араң козголду, араба кайч-куйч, дөңгөлөктөр калдыр-кулдур. 6. Гүлсары менен Танабай уу-дуууга кайра кирди. 7. Чаң-чуң үн угулду. 8. Гүланда Жапарды жал-жал карады.

**5*. 101.** Жаңы билимди бышыктоо мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Окуп чыгып, тууранды сөздөрдү көчүрүп жазгыла. 2) Тууранды сөз кайсы сөз түркүмүнө (маани берүүчү, кызматчы, өзгөчө) кирерин далилдегиле. 3) Эрежесин айтып бергиле. 4) Тууранды сөздөргө кандай сөздөр кирерин оозеки санагыла.

1. От бат эле жалп-жулп өчтү. 2. Бака-шака үндөр угулат. 3. Чагылган чарт-чурт, жарк-журк этет. 4. Кечүүдөн чалп-чулп дабыш угулгансыйт. 5. Бурмаке Мукайды карай күнк-маңк этти. 6. Эмгектенсең, чекеден тер тып-тып тамаар.

## § 27. Тууранды сөздөрдүн түзүлүшүнө карай бөлүнүшү

### 1-корутунду

Тууранды сөздөр түзүлүшүнө карата жөнөкөй жана татаал болуп, экиге бөлүнөт.

Жөнөкөй тууранды сөздөр бир гана сөздөн турат.

Мисалы, *Куйүп турган чок жалп өчтү. Жанаша отурган Беккул бырс күлүп жиберди. Бурма бизди карай эки колун шак-шак чапкылады.*

Татаал тууранды сөздөр эки же андан ашык сөздөрдөн түзүлөт.

Татаал тууранды сөздөр төмөндөгүдөй үч топко бөлүнөт:

1. Эки сөзү тең маани берүүчү тууранды сөздөр: *кыйк-чыйк, калдыр-кулдур, чалп-чулп, күр-шар, карс-курс, кыйкылдап, чыйкылдап* ж. б.

2. Эки сөзүнүн бири гана маани берүүчү тууранды сөздөр: *шак-шук, тарс-турс, шарп-шурп, жалп-жулп, шалдыр-шулдур, эрбең-сербең, чаң-чуң, чарт-чурт, бултуң-султуң.*

3. Эки сөзү тең маани бербеген тууранды сөздөр: жал-жал, мөл-мөл, ызың-кызың, күрпөң-күрпөң ж. б.

**102.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, жөнөкөй жана татаал тууранды сөздөрдү тапкыла. 2) Тууранды сөздөрдүн эрежесин айтып бергиле.

1. Арс этип, асылган иттин үнү Бектурганды чалкасынан түрткөндөй болду. 2. Чырр этип, арабанын токтогону Бектурганды жалт каратты. 3. Алыстан Ысык-Көл мелт-мелт этет. 4. Кыртыштуу жерге кетмендер күп-күп согулат. 5. Ооздугун карс-карс кемирип, Гүлсары байлоодо[2] турат. 6. Бир заматта жамгыр тып басылып, күн чайыттай жарк этти. 7. Үстүндө күр-шар келаткан таштардан чочуган Акбара артын карай жалт секирди.

**103.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү жөнөкөй жана татаал тууранды сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө. 2) *Эт, де* деген жардамчы этиштер айкашып түзүлгөн тууранды сөздөрдүн жөнөкөй же татаал экенин аныктагыла. 3) Татаал тууранды сөздөрдүн бөлүнүшүн айтып бергиле, ар бирине мисалдар келтиргиле.

Шалдыр-шулдур, шака-шак, карс этип, күрс-күрс этип, лак-лак, эпилдеп-жепилдеп, калдыр-кулдур, каак-каак ж. б.

## 2-корутунду

Тууранды сөздөр өз алдынча турганда сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткара албайт, жөндөлбөйт, жак жана сан мүчөлөрү менен да өзгөрбөйт, бирок заттык мааниде колдонулганда гана жөндөлүп, жак, сан мүчөлөрдү кабыл алат. Жөнөкөй жана татаал тууранды сөздөргө *эт, де* деген көмөкчү этиштер кошулуп айтылып, же кошулбай да сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткара берет. Мисалы,

| Сүйлөм мүчөлөрү | Мисалдар |
|---|---|
| Ээлик | Күрү-гүү күчөдү. Ызы-чуу азайды. Жарк-журк көбөйдү. Опур-топур басаңдады. |
| Баяндоочтук | Чагылган жарк-журк этти. Мылтык тарсылдады. Завод ичи калдыр-кулдур, көпчүлүк эл опур-топур. Үйдүн ичи кажы-ужу. |
| Аныктоочтук | Көз жашы мөлт-мөлт төгүлдү. Жылт-жылт эткен от көрүндү. Кажы-кужу сөздөр угулду. Опур-топурдун аягы басылды. |
| Толуктоочтук | Алар ызы-чууну жактырышпайт. Бектурган эрбең-сербеңди алыстан көрдү. Танабай чуру-чуууга жана кирди. |
| Бышыктоочтук | Дүйшөнкул Ала-Тоону жалт карады. Асагул бырс-бырс күлдү. Гүлсары шарт бурулду ж. б. |

**104.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыккыла. 2) Тууранды сөздөрдүн кандай синтаксистик кызматты аткарып турганын тапкыла, кандай суроолорго жооп берерин аныктагыла.

1. Комуз күүсү[1] шаңк-шаңк чертилди. 2. Тып-тып эткен тамчылар да басылды. 3. Дөңгөлөккө тийген балканын үнү чак-чук, чак-чук. 4. Алар чуру-чууга карашкан жок. 5. Калдыр-кулдур күчөдү. 6. Гүлсары башына илген жем баштыктагы арпаны күрт-күрт чайноодо. 7. Туман чалган адырда кук эткен кузгун, как эткен карга жок. 8. Гүлсары бара-бара саздуу жерди былч-былч, таштуу жерди тарс-тарс, кара жерди карс-карс, так-так басчу болду.

**105.** Проблемалык көнүгүү. 1) Төмөнкү мисалдарды окуп чыгып, тууранды сөз экендигин аныктагыла. 2) Тууранды сөздөрдүн түзүлүшүнө карай бөлүнүшүн айтып бергиле, оозеки мисалдар келтиргиле.

Тарс-тарс, тарсылдады, тарсылдап, тарсылдаган, тарс этти, тарсылдак.

Тууранды сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү.

Тууранды сөздөр берген маанилерине карай табыш тууранды жана элес тууранды (элестүү) сөздөр болуп, экиге бөлүнөт.

## § 28. Табыш тууранды сөздөр

Теманы түшүндүрүүгө арналган мисалдар жана сүйлөмдөр:
1. Эгер жакшы иштесек, чеке терибиз тып-тып тамар.
2. Залдын ичи тымтырс, шырп дабыш чыкпайт.
3. Күн кечтеп, эл арасына ызы-чуу түштү.
4. Шылдыр, шылдыр, шылдырап, агып жатат миң булак.

### 1-корутунду

Жандуу жана жансыз заттардын үнүн, табышын, добушун тууроо иретинде айтылган сөздөрдү *табыш тууранды сөздөр* деп айтабыз.

**Табыш тууранды сөздөргө:** *тарс, карс, курс, шылдыр, калдыр, мөө, маа, арс, каңк, так, шуу-шуу, шаңк, шыңк, шака-шука, ха-ха-ха, шалп-шулп, чырр* деген ж. б. сөздөр кирет.

**106.** Алган билимди бышыктоо жана бекемдөө мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Шыңгыр-шыңгыр шыңгыраган, дөңгөлөктөр ырдаган. 2. Каак-каак каргалар, камыш түбү жорголоор. 3. Аңкыган таза сыдырымга жалбырактар дир-дир. 4. Айлана-тегеректи коркунуч басып, чуру-чуу, күрү-гүү күчөдү. 5. Ак куулар заматта кубулат, шарп-ширп добуштар утулат.

### 2-корутунду

Табыш тууранды сөздөр мааниси жагынан төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт:

1. Айбандардын табышын, добушун, тууроодо колдонулуучу сөздөр: *маа, мөө, арс, ап, каңк.*

2. Канаттуулардын табышын тууроодо колдонулуучу сөздөр: *чырк-чырк, каак-каак, чырр-чырр, бытпылдык-бытпылдык.*

3. Курт-кумурскалардын табышын тууроодо колдонулуучу сөздөр: *ызз-ызз, дың-дың, зың-зың* ж. б.

4. Адамдардан чыккан табышты тууроодо колдонулуучу сөздөр: *бырс, шуу, күрс, шыңк, кубур-шыбыр, чуру-чуу, уу-дуу* ж. б.

5. Жансыз заттардан чыккан табышты тууроодо колдонулуучу сөздөр: *шуудур, куудур, шыбыр-шыбыр, ток-ток, шарп, кур, калдыр* ж. б.

**107.** Тапшырмаларды жекече иштөө көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдү окуп чыгып, табыш тууранды сөздөрдү көчүрүп жазгыла. 2) Түзүлүшүнө карай ажыраткыла. 3) Эмне үчүн татаал тууранды сөздөрдүн арасына дефис коюлуп жазыларын далилдегиле.

1. Шыбыр-шыбыр жалбырактын арасы, шаңгыр-шаңгыр Тянь-Шандын салаасы[2]. 2. Ток-ток үнү чыгып керкинин, иштеп жаткан уландарды карачы. 3. Кызыл кумдуу жээктен шарп-шарп майда дабыш басылбайт. 4. Канаттуулар дүйнөгө көрк бергендей чыр-чыр сайрашат. 5. Шарак-шурак шарактаган, Кызыл-Кыя бир сонун. 6. Шака-шука колдор чабылды.

5*. **108.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү табыш тууранды сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө. 2) Тууранды сөздөрдүн кандай сөз түркүмү экенин айтып бергиле.

Шылдыр, шылдыр, шылдырап, тарс-тарс, чыр-чыр, кычыраган, тып-тып, карс-курс, кажы-кужу.

**109.** Алган билимди бышыктоо, бекемдөө, турмушта колдоно алууга жетишүү көнүгүүсү. 1) Тууранды сөздөрдү таап, татаал тууранды сөздөрдүн

ортосуна дефис белгисин коюп, анын себебин түшүндүргүлө. 2) Тууранды сөздөрдүн синтаксистик кызматын аныктагыла.

1. Кылычтар күнгө жалт жалт этип, бири-бирине зор күчтөр менен карс карс чабылып, миздеринен от чыгат. 2. Чак чак. Шыр шыр. Кылычтар миздеринен[2] ок чачып, бири-бирине кайратат, аргымактар моюндаша майышып, темингенде кайра дирт атылып, көк чапчыйт. 3. Батийна эмнегедир бырс күлүп жиберди. 4. Жээк ызың-кызың, уу чуу. 5. Мына, Кендин суусу шар шар агып жатат. 6. Шооласы суўда дирилдеп, ташыган дайра күрүлдөп. 7. Жаштардын үнүнөн толкундун шарпылдагы шуу шуу этип, даана угулбайт.

## § 29. Элес тууранды сөздөр

### 1-корутунду

Кыймыл-аракеттин же заттардын сырткы көрүнүшүн, кыймылын, элесин билдирген сөздөр **элестүү же элес тууранды сөздөр** деп аталат. Элес тууранды сөздөр маанисине карата экиге бөлүнөт:

1. Кыймыл-аракеттин же элестин тездигин билдирүүчү сөздөр: *жал-жал (карады), жалт-жулт, жарк-журк, шып (шып кирип келди), лып (лып отура калды), жылт, кылт, шарт, мөлт, чап, селт, жалп, жулп* ж. б.

2. Заттардын сырткы көрүнүшү, кыймыл-аракети жөнүндөгү элести билдирүүчү сөздөр. Элестүү сөздүн бул түрү дайыма «ң» же «к» тыбыштары менен аяктайт: *чолтоң-чолтоң, койкок-койкок, калдаң-калдаң, калдак-калдак, калжаң-калжаң, калжаң-кулжуң, адыраң-эдиреӊ* ж. б.

**110.** Алган билимдин чындыгын турмушта текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, элестүү сөздөрдү тапкыла. 2) Эрежесин айтып бергиле. 3) Элестүү сөздөрдүн аягы кандай тыбыштар менен (к, ң) бүтүп жатканын билгиле. 4) Кыймыл-аракеттин, заттардын эмнесин билдирип турганын далилдегиле.

1. Көпчүлүк заматта жалп тизе бүгүп, баш уруп, шыпшып жыгылышты. 2. Данияр арабасын жай айдап, кылчак-кылчак карап келе жатты. 3. Бектургандын карааны алыстан эрбең-сербең көрүндү. 4. Жалп өчүп, жалт-жулт этип, кээде үлп өчүп баратты. 5. Элдин уу-дуусу дербишти селт эттирди. 6. Хан элди жалт карады эле, элдин арасын күлкү аралады[4].

**5*. 111.** Өтүлгөн материалдын кандай өздөштүрүлгөнүн текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, элестүү сөздөрдү көчүрүп жазгыла, кандай элести билдирип турганын далилдегиле. 2) Тууранды сөздөрдүн эмне үчүн табыш тууранды жана элес тууранды болуп бөлүнүшүн түшүндүргүлө.

1. Суукка чыйрыккан чоң тору элтең-селтең басат. 2. Мырзакул карагерди чолтоң-чолтоң теминди. 3. Чаргын үйүнө жете бергенде, шарт бурулду. 4. Дмитрий багжаң-багжаң сүйлөп жатат. 5. Султанмурат Мырзагүлдү жал-жал тиктейт. 6. Адатынча солк этпеген Шамбет шып-шып басат. 7. Атын бойпоң-бойпоң желдирип, Ыманбай чеп-чеп сүйлөп келет. 8. Кечке чейин лап-лап жааган кар да басылды. 9. Түлкү кылчак-кылчак каранды да, балдарды көздөй салды. 10. Гүлнардын кийген көйнөгү жалт-жулт этет. 11. Тигилер шып-шып кирип келишти. 12. Ажар арт жагын элең-селең каранат.

## § 30. Тууранды сөздөрдүн жазылышы

**112.** Жаңы билимге ээ болуу жана окуучулардын орфографиялык сабаттуулугун жогорулатуу мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Окуп чыгып, төмөнкү тууранды сөздөргө дефис коюлуп жазыларын өздөштүргүлө. 2) Аларды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө.

Жалт-жулт, жарк-журк, чолтоң-чолтоң, ойсок-ойсок, бөйпөң-бөйпөң, эрбең-сербең, карс-карс, тып-тып, лып-лып, карс-курс, калдаң-калдаң, кажы-кужу, күш-күш, шылдырт-шылдырт ж. б.

**113.** Өз алдынча иштөө көнүгүүсү. 1) Жогорудагы тууранды сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө. 2) Тууранды сөздөрдүн жазылышын түшүндүргүлө.

### 1-корутунду

1. Аягы *к, п* тыбыштары менен бүткөн тууранды сөздөргө *-ылда* мүчөсү уланганда *к, п* тыбыштары жумшарбай жазылат. Мисалы: *бак+ылда=бакылда, так+ылда=такылда, күп+үлдө=күпүлдө, кып+ылда=кыпылда, түп+үлдө = түпүлдө, жак+ылда=жакылда* ж. б.

2. Кош сөз түрүндө айтылган тууранды сөздөр арасына дефис коюлуп жазылат.

Табыш тууранды сөздөр; *чырк-чырк, каак-каак, чырр-чырр, бытпылдык-бытпылдык, ызз-ызз, дың-дың, зың-зың, ток-ток, калдыр-кулдур* ж. б.

Элес тууранды сөздөр: *жал-жал, жалт-жулт, чолтоң-чолтоң, бөйпөң-бөйпөң, эрбең-сербең, сороң-сороң, койкок-койкок, калдаң-калдаң, адыраң-эдирең* ж. б.

**114.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөр. 1) Тууранды сөздөрдүн эрежесин айтып бергиле. 2) Аягы *к, п* тыбыштары менен бүткөн тууранды сөздөргө *-ылда* мүчөсү уланганда кандай жазыларын түшүндүргүлө.

**115.** Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, тууранды сөздөрдү тапкыла. 2) Алардын кандай жазыларын түшүндүргүлө.

1. Бытпылдык бытпылдык, эгин айдабай ит болдук. 2. Шарп-шарп этип, шаңы чыгып, толкуп ташкан, жээгинде[3] жайнай түшүп, көбүк чачкан. 3. Айшакан алдыртан карап, бырс-бырс күлдү. 4. Аттан тып-тып түшкөндөрдүн табыштары, аттардын ооздукту карс-карс кемиргени угулду. 5. Көчө бойлоп, кээде ойноп, кыт-кыт күлүп, келе жатты үч бала. 6. Түш мезгили, чөптөр шак-шак. Кээде[1] эмгек, күрс-күрс күүлдөп, шал-шал тердеп, Таш көмүр шагыр-шагыр, кылдык эмгек.

**116.** Алган билимди тереңдетүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Өзүңөр жөнөкөй жана татаал тууранды сөздөрдү катыштырып, сүйлөм ойлоп тапкыла. 2) Синтаксисттик жол менен жасалган тууранды сөздөрдүн эрежесин, эмне үчүн араларына дефис белгисинин коюларын түшүндүргүлө.

**5*. 117.** Өтүлгөн материалды бышыктоо жана корутундулоо мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Анда-санда күш-күш этип, поезд Ысык-Көлгө[6] жол тартты. 2. Керип тизген мончоктой тептегиз учкан каргалар каак-каак дешип, чыгышка сапар тартышууда. 3. Мен кыймылымды лып токтотуп, ата-энемди карайм. 4. Шамбеттин үнү ого бетер заңк-заңк этти. 5. Жамийла Садыкты жал-жал карады. 6. Бектурган бурула бергенде, чырр эткен дабыш угулду. 7. Мылтык тарс атылып, эл дүр эте түштү, дуу-дуу күчөдү. 8. Анын көзүнөн мөлт-мөлт жаш сызылды. 9. Эки жоо күрүгүү болуп, бетме-бет келишти.

### 2-корутунду

Тууранды сөздөр айрым мүчөлөрдүн жардамы менен башка сөз түркүмдөрүнө өтүп да айтыла берет. Мисалы: *тарс* (тууранды сөз). *Тарсылдак* оюнчук сатып алдым (кандай оюнчук? *тарсылдак* — сын атооч). Мылтык *тарсылдады* (мыл-

тык эмне болду? *тарсылдады* — этиш). *Тарсылдаган* үн угулду (кандай үн? *тарсылдаган* — атоочтук). *Тарса-тарс* күчөдү. (Эмне күчөдү? *тарса-тарс* — зат атооч). Тарсылдап кирип келишти (кантип? *тарсылдап* — чакчыл) ж. б.

***Кымбаттуу окуучулар! Тууранды сөздөр боюнча (сөздүк, орфоэпиялык, грамматикалык) жат жазууга даярдангыла!***

**Үйгө тапшырма.** Үйүңөрдө тууранды сөздөрдү катыштырып, өзүңөр каалаган темада айлана-чөйрөнү сүрөттөгөн чыгармачылык баяндама же дил баян жазып келгиле.

## § 31. Сырдык сөздөр

Жаңы теманы түшүндүрүү үчүн пайдаланылуучу мисалдар жана сүйлөмдөр:

1. Танабай көнүмүшкө сала анда-санда чү-чү деп коюп, өз оюна алагды.
2. Гүлсарынын жоргосуна кызыга түшкөн Танабай: «Балакет, *оо-ой!* Карасаң!» — деп, жетине албай кыйкырды.
3. Айыл артта калды, *кош*, айыл! Келерки жазга чейин *кош бол*, *кош*, ээн талаам!

### Корутунду

Адамдын ички сезимин жана айбанатка карата эрктик мамилени билдирген лексикалык мааниге ээ болбогон сөздөр сырдык сөздөр деп аталат. Сырдык сөздөр маани берүүчү жана кызматчы сөздөргө кирбейт. Ошондуктан өзгөчө сөз түркүмү деп аталат. Сырдык сөздөр да кириндИ, каратма сөздөр сыяктуу грамматикалык жактан сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткара албайт.

Мисалы, — Бали, күн сайын өзгөрүүлөр көп. Кечээги эле чала сабаттуу келин — мына бүгүн дарыгер, инженер, *пай-пай!* Экөөбүздүн жолубуз эки башка, *кош*, мен шашып баратам.

Мындагы кара менен терилген сырдык сөздөрдүн биринчиси — *бали* бир нерсени кубаттагандыкты, экинчиси — *пай-пай* таң калгандыкты, ыраазы болгондукту билдирип турат. Булар адамдын ички сезимдерин билдирди. Үчүнчү сүйлөмдөгү *кош* деген сырдык сөз турмуш-тиричиликке байланыштуу айтылды ж. б.

*Кыруу-кыруу*, кулунум. *Түшөй-түшөй*, ак козу. *Так-так*, жаныбарым дегендеги сырдык сөздөрдүн маанилери мурунку сүйлөмдөгүлөрдөн башкача, кыруу-кыруу жылкыны, түшөй-түшөй койду чакыруу үчүн айтылды; *так-так* деген сырдык сөз жылкыны жоошутуш, токтотуш үчүн колдонулду.

**118.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү. 1) Окуп чыгып, сырдык сөздөргө кандай сөздөр кирерин өз алдынарча үйрөнгүлө.

Сырдык сөздөргө төмөндөгүдөй сөздөр кирет:

Ой-оой, бах, кап, бали, ой тобо, карангүн, капырай, баракелде, ботом, апей, чү-чү, аттиң, түшөй-түшөй, мый-мый, кыруу-кыруу, капырай, өш, чойт-чойт, саламатсызбы, эсенсизби, арбаңыз, бар болуңуз, кайыр кош, чиркин, ыракмат ж. б.

**119.** Алган билимди бышыктоо жана тереңдетүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Жогорку сырдык сөздөрдүн айрымдарын катыштырып, 5—7 сүйлөм ойлоп жазгыла. 2) Эмне үчүн сырдык сөз экенин түшүндүргүлө. 3) Эгерде сүйлөмдүн башына, аягына келсе, өзүнөн мурун, ортосуна келсе, эки жагынан үтүр менен ажыратыларын эсиңерге сактагыла.

**120.** Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Окуп чыгып, сырдык сөздөрдү тапкыла. 2) Эмне үчүн сырдык сөз экенин аныктагыла.

1. Бир күнү кожоюн бош дагыраны калдыратып, жылкыларды тузга чакырып, по-по-полоп калды. 2. Так, так, жаныбарым, Гүлсары. Коркпо, так, так, ата жосуну, ата расмиси ушундай. 3. Гүлсары муздак сууга тумшугун салды. Ох, чиркин! Не деген таттуу[3] суу. 4. Пай, пай, ушундай да түн болобу! — деди Танабай өз ичинен. 5. Оо, тажрыйбасы жок жаш жүрөк, алданган экенсиң го? 6. Биз ошолорду бет алып кетип бара жатабыз, кайыр, кош! — деди Айткулу. 7. Кош, боорум Ажар, эркиндик, теңдик талашкан сендей кыргыз кыздарына ыракмат! 8. Оо, таксыр, шайтандын тилине кирбе, анын тили уу.

**121.** Өз алдынча иштөө көнүгүүлөрү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла, сырдык сөздөрдү көчүрүп жазгыла. 2) Эмне үчүн сырдык сөз экенин аныктагыла. 3) Сырдык сөз кандай сөз түркүмү (маани берүүчү, кызматчы, өзгөчө) экенин аныктагыла.

Аттиң, Гүлсары зуу этип өтө бергенде, келиндердин жүздөрү, күлмүңдөгөн көздөрү Танабайдын көз алдынан учуп өтөт. — Ай, жылкычы жигит, токто! — деп, арт жагынан шыңкылдаган күлкү чыгат. — Оой, силерди кой деген ким бар? Жылкычы болуп алгыла, — дейт Танабай.

— Апей, муну карасаң, ай! — дешип, жабыла келип, жулмалап жиберишет. Ай жаныбар, жорго болбосоң, коё кал, соорусуна суу койсоң да, чайпалбас ов! — деп, үн катышат көргөндөр.

— Бали, Танабай, өркүнүң өссүн, жоргонун жылдызы жаркырап жанар, бах!

**122.** 1) Төмөнкү сырдык сөздөрдү катыштырып, сүйлөм ойлоп тапкыла. 2) Эмне үчүн сырдык сөз экенин түшүндүргүлө. 3) Эмне үчүн сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албагандыгын далилдегиле.

Саламат, кайыр кош, кокуй күн, тырр, чиш, капырай, аттиң, ботом.

## § 32. Сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү

Сырдык сөздөр маанисине карата үч топко бөлүнөт: 1) ички сезимди билдирүүчү сырдык сөздөр; 2) эркти билдирүүчү сырдык сөздөр; 3) турмуш-тиричиликке карата колдонулуучу сырдык сөздөр.

1. Ички сезимди билдирүүчү сырдык сөздөргө кубанганда, сүйүнгөндө, мактанганда, таң калганда, корккондо, чочуганда, күлгөндө, кайгырганда ж. б. колдонулуучу сөздөр кирет.

Мисалы, *бали, ай, ой, пай-пай, баракелде, аттигиң, аттигиңай, кап, капырай, апбали, апей, ой тобо, ай-ий, атаганат, бах, чиркин, кокуй, ботом, туу, ураа, тобо, атаа, аттиң, карангүн* ж. б.

2. Эркти билдирүүчү сырдык сөздөргө адамдарга, айбанаттарга карата чакыруу, айдоо, токтотуу, тыюу ж. б. маанисинде айтылган сөздөр кирет. Алар: *тек, тынч, алдейалдей, тишш, чиш, кыруу кыруу, түшөй-түшөй ж. б. өш-өш (уйга), чек-чек (эчкиге), чык (итке), чөк-чөк (төөгө), кош-кош, чой-чой (койго), мыш-мыш (мышыкка)* ж. б.

3. Турмуш-тиричиликте колдонулуучу сырдык сөздөргө учурашуу, коштошуу, санаа-каалоолоруна, кичипейилдик мамилесине байланыштуу сөздөр кирет.

Алар: *ассалому алейкум, саламатсызбы, эсенсизби, салам, жакшы турасызбы, арбаңыз, бар болуңуз, кайыр кош, ыракмат, оомийин, ак чүч* ж. б.

**123.** Алган билимдин тереңдигин текшерүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, сырдык сөздөрдүн кайсы түрү экендигин аныктагыла. 2) Эмне үчүн сырдык сөз экенин айтып бергиле. 3) Сырдык сөздүн өзгөчө сөз түркүмү экенин далилдегиле.

1. Бали, жеңелер, ишиңер илгери болсун! 2. Силердин бизге жиберген куттуктооңорго ыракмат! 3. Чү, жаныбар, чү! Илгерилегендин иши илгерилеген, чү! 4. Алдей-алдей ак бөпөм, Ак бешикке жат бөпөм. 5. Ээ-ээй, карагылачы, жоргосун карагыла, бах! 6. Ассалоом алейкум, ата, эсенсизби! Бар бол, балам, бар бол! 7. Атаа кудай жалгагыр ай, дайыма эле ушундай болбойсуңбу? 8. Оо, кокуй, аттан кол жууптурбуз[3]. 9. Атаганат, жаш чагым болгондо, сага неченди көрсөтпөйт белем. 10. Эсенсизби, ата? — Бар болуңуз, балам. 11. Оомийин, балам, бактың ачылсын. 12. Сансыз жоо менен салгылаштым[4], эми элимди кайгыга салып бердим, аттиң.

**124.** Алган билимдин бекемдигин текшерип көрүү көнүгүүсү.

1. «Алдей-алдей, алтын» — деп, балабызды сүйөрбүз[2]. 2. Пай-пай, сонун экен! Жарыктык ай, таң эртеңки ааламга нурун чачып, жээктен күлүңдөгөн Күндүн теңиндей болуп, жаркырап кенен турушуң! 3. Ой, жолуң болгур. Кечээ токойдон сени таап келип, нан менен ысык ботко берген ким эле? 4. Ээ, кокуй ээ, каран алат, катыгүн! Сүйлөшүп туруп аласыңарбы? 5. Оо, кокуй ой десе, баятан айтпайсызбы, ал менин досум эмеспи. 6. А каран күн, качан иштейсиңер? Тургула, кагылайындар, күн көтөрүлүп калды. 7. Капырай, мейли эми, укса угайын. 8. Кош, ой, оңбогур, шыбакка ичи айрылгандай болуп тойсо да, али жемден үмүтүн үзбөгөнүн кара. 9. Марусяга кошулуп, Акия кетирекей да дырр! — деп вожусунун бир жагын жыя тартты. 10. Так-так, так! — деп, Макар жумшак үнү менен аттарын эркелетти. 11. Тү-тү-тү деп койсо, ар тараптан чогулуп, моюндарын созуп, тегеректей калганынан улам «мурдагыдан өзгөргөн эмес экен го» деген ойдо калдым.

**125.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Төмөнкү көп чекиттин ордуна тиешелүү сырдык сөздөрдү коюп, көчүрүп жазгыла. 2) Анын кайсы түрү экенин аныктагыла? 3) Сырдык сөздөр кайсы сөз түркүмүнө кирерин айтып бергиле?

1. ..., сөз эмес бекен. 2. ..., эп келе түштү. 3. ..., азаматсыңар, ..., силерге. 4. Ушундай да дал тиет экен, ... 5. Келбей калганын карачы ... 6. ..., тосуп алганына,... дешти. 7. ..., эмне деген керемет! 8. ..., жардам бергиле, жардам бергиле ...! 9. ..., эркечим, ... баштагын.

**126.** Жаңы билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, сырдык сөздөрдү гана көчүрүп жазгыла. 2) Эмне үчүн сырдык сөздөр маанисине карата бөлүнөрүн айтып бергиле.

1. Оой, жоо алгыр ай, кат жок эмес беле. 2. Оо, кокуй, оой! — дейт, шашып кетип Курман. 3. Алда, айланайындар ай, катты жашырып койдумбу? — дейт кайра. 4. Өзүмдөн эле кетти, кап! 5. Илимге да, доктурга да, баракелде! 6. Чишш, тынчтангыла, балдар! 7. Өш, өлөт алгыр. 8. Атаа, балам, сага калп айтканды ким койду? 9. Кош, Алтынай! Кош, чырагым! — деп кыйкырды Дүйшөн. Кош, агай, кагылайын, айланайын агай! — дедим мен. Кош, биринчи мугалимим, кош, биринчи мектебим, кош, балалык чагым, кош, жер кыртышынын астында көзү ачылбай калган тунук булак өңдүү, эч ким билбеген менин биринчи, наристе сүйүүм!

## § 33. Сырдык сөздөргө коюлуучу тыныш белгилер, сырдык сөздөрдүн жазылышы

### 1-корутунду

**1. Эгерде сырдык сөз сүйлөмдүн башына келип, интонация аркылуу айтылса, өзүнөн кийин үтүр коюлат.**

Мисалы, Оо, азаматым! Ушинтип, элдин керегине жара. *Баракелде,* балдар, ата-энеңерге чоң ыракмат! *Ботом,* кайсы Дүйшөндү айтып жатасыңар? *Чү-чү,* Сарайгырым, *чү-чү* дешип, балдар Гүлсарыны туурашат. Ураа, биз жеңдик. *Кыруу-кыруу,* ак боз ат.

**2. Сырдык сөз сүйлөмдүн ортосуна келсе, эки жагынан үтүр менен ажыратылат.**

Мисалы, Алар, *кап,* бүгүн да келбей калышты окшойт. Жардамыңарга, *бали, ыракмат,* балдар! Иштегениңерге, *баракелде,* жигиттер!

**3. Сырдык сөз сүйлөмдүн аягына келсе, өзүнөн мурун үтүр коюлат.**

Мисалы, Эмгекти сүйгөн кишилер алп экен го, *пай-пай!* Келдиңерби, *айланайындарым!* Бат эле келип калдыңарбы, *капырай, ботом.* Жакшы окуган экенсиңер балдар, *баракелде.*

**4. Эгерде сырдык сөз күчтүү сезим менен айтылып, сүйлөмдүн башына келсе, өзүнөн кийин илеп белгиси коюлат да, андан кийинки сүйлөм баш тамга менен жазылат.**

М и с а л ы, *Бах!* Биз кандай жыргалдуу заманда жашап жатабыз! *Пай-Пай!* Азыркы техниканын жетишкендигин кара! *Бали!* Көп иш кылган экенсиңер! *Кап!* Аз эле кечиккен экемин.

**5. Эгер сырдык сөздөр сүйлөмдүн тутумунда каратма, кирнинди сөздөр менен бирге айтылса, анда алар өзүлөрүнө тиешелүү тыныш белгилерин сактайт.**

М и с а л ы, *Кокуй,* балдар, бул эмне кылганыңар? Ата, ай-ий, ушундай да көп иштейсизби? *Атаа,* балам, ай ээ, жумушуңду жакшылап бүтүрүп келбептирсиң да. *Бактыга жараша,* анын келбегенин кара, кап!

**6. Сырдык сөздөр кайталанып, кош сөз катарында айтылса, араларына дефис коюлуп жазылат.**

Мисалы: *пай-пай, чой-чой, кыруу-кыруу, өш-өш, чү-чү, туту-туту, ай-ий, алдей-алдей, мый-мый, күчү-күчү.*

**7. Сырдык сөздөр кошмок сөз катарында айтылса, арасына дефис коюлбай бөлөк жазылат.**

М и с а л ы, *кокуй күн, кокуй алат, алат күн, кокуй ой, арман күн, ак чүч, чиркин ай, ой тобо, аттиң ий, апей ботом* ж. б.

**127.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, сырдык сөздөрдү тапкыла. 2) Сүйлөмдөргө тыныш белгилерин койгула. 3) Сырдык сөздөрдүн жазылыш эрежелерин түшүндүргүлө.

1. Оо шордуу жаным, — деди Жамыйла, терең үшкүрүнүп. 2. Жапар оо сен менин жүрөгүмдүн тереңинен орун алдың эле го. 3. Канткенде ушул жоо кыйрар эле айланайындар. 4. Бактысыз[3] жаным кап Талыптан айрылган экемин го деди Айша. 5. Дүйнө тентек[3], кейибе ээ Акиш. 6. Кеттик, чүчү! 7. Ой ий туугандар, отоо чөп — фашисттен да жаман жоо. 8. «Оо биздин Харьков», — дейт Люба дайыма.

## 2-корутунду

1. Сырдык сөздөр грамматикалык жактан сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албайт. Бирок кээ бир учурларда сөздөргө сөз өзгөртүүчү мүчөлөр уланып, же заттык маанide колдонулат да, өзүнүн сырдык сөздүк маанисинен ажырап, ээлик, толуктоочтук, аныктоочтук милдетти аткарат.

М и с а л ы,

| Сүйлөм мүчөлөрү | Мисалдар |
|---|---|
| Ээлик | Эки тараптын ураалары күчөдү.<br>Шумдуктун шумдугу бар. |
| Аныктоочтук | Чиркиндин сыры эми ачылды.<br>Ыракматындын бизге кереги жок. |
| Толуктоочтук | Биз ыракматты көп уктук.<br>Кокуй алатымды көп айттым |

2. Кээ бир сырдык сөздөрдөн этиш сөздөр жасалат. Мындай учурларда сырдык сөздөргө *«де»*, *«кой»* деген этиш сөздөр кошо айтылат, же *-ла* деген, андан кийин ж. б. мүчөлөр уланып, баяндоочтук милдет аткарат.

М и с а л ы, Ал *чү койду.* Асан чарчаганынан *ох* деди. Балдар *ураалашты.* Мен силерге ыракмат айттым. Сен эмнеге *кокуйладың?* ж. б.

**128.** Алган билимдин чындыгын турмушта текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, сырдык сөздөрдү тапкыла. 2) Сырдык сөздүн кайсы түрү экендигин ажыраткыла. 3) Тыныш (үтүр) белгисинин коюлуш себебин түшүндүргүлө.

1. Кош, боорум Ажар! Оо, сага окшоп, өз боштондук, өз теңдигин талашып, кулдуктан кутулууну самаган эже-сиңдилериң максатына жете алышпай, арманда кетти! 2. Оо, ботом, жанагы Мурат деген немени жер жуттубу? Капырай, ал кайда кеткен? 3. Бах! Күн да ушундай мемиреп тиерби? 4. Ботом, бул эмне дейт, сени чоңойткон ким? 5. Пай-пай, элдин машинанын көптүгүн кара. 6. Ассалому алейкум[6] деп, Мурат Алымдын алдынан чыкты.

**129.** Алган билимди эске түшүрүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, сырдык сөздөрдү гана көчүрүп жазгыла. 2) Сырдык сөздөрдүн маанисине карай канчага бөлүнөрүн айтып бергиле. 3) Сырдык сөздүн кайсы түрү экендигин аныктагыла. 4) Тыныш белгилеринен кабар бергиле.

1. Бали, адам болот деген ушул! 2. Кетип баратасыңбы, кош эми, жакшы бар! 3. Атаганат, тамак болсо эле тыңып кетер элеңер. 4. Айымжан таежем кош-кош деп, козуларды короодон узатып салды. 5. Адам бол, балам, элдин керегине жара, омийин! 6. Жаныбарым, Гүлсары, чү, чү! 7. Жемиштердин бышканын кара, бах, кандай сонун! 8. Ай-ий, Айганыш, ошол кезде сен беш көкүл кыз элең го, чиркин. 9. Ой тобосун айтып, шакылдак кирди. 10. Жылкычылар айт-уйт-

тап кыйкырышат да, өзүлөрү отту тегеректешет. 11. Тетиги сары кыр жакка, чойт, эркечим, чойт, баштагын. 12. Элине бакыт жаралтып, кыроой, койлорум, кыроой, койлорум. 13. Ай-ий, кызыке, ушундай кеңешиңе мен ыраазы.

*Кымбаттуу окуучулар! Сырдык сөздөр боюнча жат жазууга (үйрөтүү же текшерүү мүнөзүндөгү) даярдангыла.*

**Үйгө тапшырма.** Үйдөн сырдык сөздөрдү катыштырып, «Мен ата-энеме кантип жардамдаштым» деген темада кыска баяндама жазып келгиле.

## Сырдык сөздөрдү морфологиялык жактан талдоонун үлгүсү

Ой тобоо! Ошондой де, иничек, эми мага баары түшүнүктүү болду, ыракмат!

Бул сүйлөмдөгү сырдык сөздөр **ой тобоо** адамдын ички сезимин билдирип жатат. Эгер сырдык сөздөр күчтүү сезим менен айтылса, илеп белгиси коюлуп, андан кийинки сүйлөм баш тамга менен жазылат. Кошмок сөз катарындагы сырдык сөз.

**Ыракмат** — сырдык сөз, турмуш-тиричиликке байланыштуу сырдык сөз, уңгусу ыракмат, мүчөсү жок.

# ЭТИШТИН ӨЗГӨЧӨ ФОРМАЛАРЫ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ

*Атоочтуктар, чакчылдар, кыймыл атоочтор* этиштин өзгөчө формалары деп аталат, себеби булардын баарында тең этиштик, атоочтуктарда сын атоочтук, заттык, чакчылдарда тактоочтук, кыймыл атоочтордо зат атоочтук белгилер бар.

## § 34. Атоочтуктар

Атоочтуктар морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалат.

Кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсөткөн, этиштик касиетке да, атоочтук (сын атоочтук, зат атоочтук) касиетке да ээ болгон, тиешелүү мүчөлөр (*-ган, -ар, -бас* ж. б.) аркылуу жасалган, этиштин оң, терс формасы боюнча өзгөргөн, сүйлөм ичинде *кандай? кайсы?* деген суроолорго жооп берип, көбүнчө аныктоочтук милдетти аткарган этиштин өзгөчө формасы (түрү) *атоочтуктар* деп аталат.

## § 35. Атоочтуктардын морфологиялык жол менен жасалышы

### 1-корутунду

Атоочтуктар төмөндөгүдөй мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат:

| Мүчөлөрү | Мисалдар |
|---|---|
| *-ган* | *барган, барбаган, жазган, жазбаган, өргөн, көрбөгөн.* |
| *-ар* | *келер, көрөр, барар, сүйлөөр, ойлоор, иштээр.* |
| *-бас* | *барбас, келбес, албас, жазбас, ойнобос, сынбас.* |
| *-оочу, -өөчү (-очу, -чу)* | *байкоочу — байкачу, иштөөчү — иштечү.* |
| *-уучу -үүчү, -учу, -чу* | *баруучу — барчу, баручу, келүүчү — келчү, келчү.* |
| *-а//-е, -й + жаткан, турган, жүргөн* | *бара жаткан (кишилер), тарай турган (элдер), ала жүргөн (китептер).* |

| | |
|---|---|
| *-а // -е, //<br>-й + элек* | *бара элек (окуучулар), келе элек (адамдар), тарай элек (балдар, студенттер).* |
| *-ып + жүргөн* | *барып жүргөн (үй), көрүп жүргөн (шаар), ойноп жүргөн (жаштар).* |
| *-гыдай* | *алгыдай, бергидей, көргүдөй, келгидей, аткаргыдай, баргыдай, жегидей.* |
| *-максан + сал, бол, киши, адам.* | *көрмөксөн болду, билмексен болду, билмексен адам, көрмөксөн адам* |

**130.** Алган билимди бышыктоо мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Окуп чыгып, кара тамга менен терилген сөздөрдү көчүрүп жазгыла. 2) Алар кандай мүчөлөрдүн жардамы менен жасалып жатканын аныктагыла. 3) Этиштин өзгөчө формалары жөнүндө түшүндүргүлө.

1. **Сыналбаган**[2] адам менен дос болбо. 2. **Жалган айткан** киши менен мамиле түзбө. 3. **Жаңылбас** жаак болбос, **мүдүрүлбөс** туяк болбос. 4. **Айтылуучу** сөздөр азыр айтылат. 5. **Өсөр малда** өлүм жок. 6. **Бара элек** кишилер кетишти. 7. **Келе жаткан** жаштарга жолуктук. 8. **Берүүчү** кишиге бешөө көп, **алуучу** кишиге алтоо аз. 9. Анын келгидей маалы боло элек. 10. **Бармаксан** болду. 11. Биз шаарга баргыдайбыз. 12. Силер баргыдайсыңар. 13. Бүгүн күн жаагыдай.

## 2-корутунду

*-оо, -уучу* мүчөлөрү уланган сөздөр дайыма эле атоочтук боло бербейт, *ким? кимдер?* деген суроолорго жооп берип, накта зат атооч да болушат.

Мисалы, *Окуучу — окуучулар, жазуучу — жазуучулар, сатуучу — сатуучулар, чайкоочу — чайкоочулар, токуучу — токуучулар* ж. б.

**131.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү мисалдарды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Атоочтуктарды таап, уңгу, мүчөгө ажыраткыла. 3) Атоочтукту уюштурган мүчөлөрдү аныктагыла. 4) Атоочтуктардын эрежесин айтып бергиле.

Окуган балдар. Баруучу[1] кыздар. Унчукпас кишилер. Бара элек жаштар. Келе жаткан адамдар. Жүрөр мезгили.

**132.** Алган билимдин чындыгын текшерүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, морфологиялык жол менен жасалган атоочтуктарды тапкыла. 2) Кандай мүчөлөрдүн жардамы менен жасалганын аныктагыла. 3) Атоочтуктарды уңгу, мүчөгө, мүчөнүн түрлөрүнө (сөз өзгөртүүчү) ажыраткыла.

1. Бербес кишинин ашы — бышпас. 2. Соолбос[2] өмүр, сынбас темир болбос. 3. Күлгөн кишинин билген иши бар. 4. Жоголгон бычактын сабы — алтын. 5. Келер кишилер келишти. 6. Экскурсияга баруучу балдар чогулушту. 7. Шахмат ойноочу кыздардын тобу түзүлдү[1]. 8. Ажардын ким экенин окуучуларга айта кетелик. 9. Бул суу баланы тоголотуп кеткидей кирип жатат. 10. Чоро кампачынын сөзүнө түшүнмөксөн болду.

## § 36. Атоочтуктардын синтаксистик жол менен жасалышы

Талдоо үчүн алынган мисалдар жана сүйлөмдөр:

*1. Көрө албас* кишилер менен көп жолдош болбо.

*2. Тапкан-терген* дүйнөм сеники, балам.

*3. Болор-болбос* иш үчүн урушпа.

*4. Бара берүүчү* адатыңды кой ж. б.

### Корутунду

Атоочтуктар да эки же андан көп сөздөрдүн айкалышып айтылышы аркылуу жасалат. Мындай атоочтуктар синтаксистик жол менен жасалган, же татаал атоочтуктар деп аталат.

**133.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү татаал атоочтуктарды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Алардын кош же кошмок сөз түрүндө экенин аныктагыла 3) Татаал сүйлөмдүн эрежелерин айтып берүү менен мисал келтиргиле.

Көргөн-билген адамдар. Келе жатышкан кишилер. Өзү жүрө берүүчү машина. Шашып иштөөчү жумушчулар. Багар-көрөр кишиси. Жаза элек балдар.

**134.** Алган билимдин чындыгын турмушта текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Адегенде окуп чыгып, синтаксистик жол менен жасалган атоочтуктарды көчүрүп жазгыла. 2) Эмне үчүн алар атоочтук экенин далилдегиле, суроолорун бергиле. 3) Атоочтуктар этиштин өзгөчө формасы экендигин далилдегиле.

1. Өткөн-кеткен[2] кишилер ушул ак сарайга токтошот. 2. Болор-болбос[6] иш үчүн, кейигениң бир тыйын. 3. Ичпес-жебес адамдар саран болушат. 4. Сатылбаган бөз карып, айтылбаган сөз карып. 5. Көргөн-билген адам жок. 6. Бербес адам укпас. 7. Билим алуучу, окуучу жаштар бизден чыгат. 8. Ал билмексенге салды.

**135.** 1) Өзүңөр синтаксистик жол менен жасалган татаал атоочтуктарга оозеки мисал келтиргиле. 2) Аларды сөздүн составына (уңгу, мүчөгө) ажыратып, атоочтуктарды жасоочу мүчөлөрдү тапкыла.

## Атоочтуктардын белгилери

Атоочтуктар этиштик, сын атоочтук жана зат атоочтук касиетке ээ.

## § 37. Атоочтуктардын этиштик белгилери

### Корутунду

**1. Этиштер сыяктуу кыймыл-аракетти билдирет.**

Мисалы, *Баштаган* ишти таштаба. Берген алат, *эккен* орот. Колуңдан *келбес* бир ишке, кор болуп, көңүл дегдетпе. Энеси келгенде чырылдап, алга *умтулуучу* балапандар азыр жок. Бул айта *жүрөр* сөз болду.

**2. Атоочтуктар чактык маанини билдирет:**

а) **Учур чактык маанини:** *иштеп жатышкан кишилер, ойноп отурган балдар, жазып жатышкан окуучулар, келе жаткан студенттер* ж. б.

б) **Келер чактык маанини:** *иштеле турган иштер, окуй турган китеп, келүүчү кишилер, ичер суу, көрөр күн, барар жерибиз* ж. б.

в) **Өткөн чактык маанини:** *жыйналган эгиндер, окушкан балдар, көргөн кордук, тарткан азап, иштеген жумуш* ж. б.

**3. Этиштин мамилелик касиетине ээ, башкача айтканда, мамиле этиштерди уюштурган мүчөлөрдөн кийин улана берет.**

Негизги мамиле: бар, тур
Өздүк мамиле: -ын — көрүн
Кош мамиле: -ыш — катыш
Туюк мамиле: -ыл — чачыл
Аркылуу мамиле: -кар — аткар

-ган (кан)
-ар
-бас
-уучу, -өөчү (-учу, -чү)
-а + элек; й + элек
-а + турган
-ып + жаткан (жүргөн)
-гындай
-максан

**4. Этиштер сыяктуу өзүнүн алдындагы сөздөрдүн белгилүү жөндөмөдө турушун талап кылат:** *Иш сүйгөн колдон*

*тоо кулайт. Таранчыдан корккон эгин экпейт. Малды баккан билет, отту жаккан билет. Бетке айтар адаты бар. Жазда аткарылуучу ишиңди кышта ойло. Элин сагынбас эр болбос. Ал айылга баргыдай.*

**136.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, атоочтуктарды тапкыла, анын этиштик белгилерин аныктагыла. 2) Атоочтуктарды уюштурган мүчөлөрдү санагыла, эрежесин айтып бергиле.

1. Ат аяган жер карар, куш аяган көк карар. 2. Болбос ишке болушпа. 3. Козубек тытылган, айрылган, канаган колдоруна караган жок. 4. Комуз чертүүчү Кайбылда бүгүн көрүнбөйт. 5. Аткарыла турган иштер көбөйдү. 6. Тарай элек окуучулар тарашты. 7. Чакырылбаган конок шыпырылбаган жерге отурат. 8. Аткан мергенчи эмес, тийгизген мергенчи. 9. Досуң баягыдай эмес, баягыдай болсо, аягыдай эмес.

**137.** Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү үлгү боюнча этиш сөздөргө атоочтуктарды жасоочу мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла. 2) Атоочтуктарды уңгу, мүчөгө ажыраткыла. 3) Суроо берүү аркылуу атоочтуктардын этиштик белгисин түшүндүргүлө.

Бар, отур, айт, кел, бер.

Ү л г ү: кет — кеткен, кетер, кетпес, кетүүчү, кете элек, кете турган, кеткидей, кетмексен ж. б.

**138.** Алган билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдөн атоочтуктарды таап, кайсы мамиле этиштин мүчөсүнөн кийин уланып турганын, алардын чагын аныктагыла.

1. Көрүнгөн toонун алысы жок. 2. Аңдышкан айыл болбойт, эсептешкен дос болбойт. 3. Оңой табылар дүйнө опосуз. 4. Эмгексиз табылуучу мал эсепсиз кетет. 5. Айтыла турган сөз эле, айтылып кетти өзү эле. 6. Бүткөрө турган иштер көп. 7. Алдырбас киши чычканга да кебек алдырбайт. 8. Саякатка барыша элек окуучулар чогулушту.

**139.** Алган билимди корутундулоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, баяндоочторун тапкыла, уңгу, мүчөгө ажыраткыла. 2) Үлгү боюнча баяндоочтук милдетти аткарып турган накта этиштерди атоочтуктарга айландырып, көчүрүп жазгыла. 3) Атоочтуктар жөнүндө түшүнүк бергиле.

1. Бул маселе чечиле элек. 2. Ушул сөз көп айтыла турган. 3. Окуучулар барыша элек. 4. Балдар китеп окушкан. 5. Мира бүгүн келер. 6. Акыл-насаат сөздөр көп айтылуучу.

Ү л г ү: Ал шаардан **окуган** (этиш, баяндооч). **Окуган** (кайсы? атоочтук) балдар тарашты. Балдар **тарай элек** (этиш, баяндооч). **Тарай элек** (кайсы?) балдар тарашты ж. б.

**140.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү мисалдарды окуп чыгып, сүйлөм түзгүлө, тиешелүү суроолорун бергиле. 2) Алардын этиштик, атоочтук белгилерин далилдегиле. 3) Эрежелерин түшүндүргүлө.

Окуучулар келүүчү. Келүүчү[1] окуучулар. Балдар келген. Келген балдар. Бейшен бара элек. Бара элек Бейшен. Ал шаарга барбас. Барбас балдар. Биз жөнөөрбүз. Жөнөөр жүргүнчүлөр. Жөнөөчү кишилер. Билмексен болбо. Баягыдай эмес.

**141.** Алган билимди эске түшүрүү көнүгүүлөрү. 1) Атоочтуктардын этиштик белгилерин түшүндүргүлө. 2) Аларды далилдеп, оозеки мисалдар келтиргиле. 3) Этиштин өзгөчө формалары жөнүндө айтып бергиле. 4) Эмне үчүн атоочтуктар, чакчылдар, кыймыл атоочтор этиштин өзгөчө формасы деп аталат?

## § 38. Атоочтуктардын сын атоочко окшош белгилери

### К о р у т у н д у

**1. Атоочтуктар да сын атооч сыяктуу заттын белгисин, сапатын, касиетин билдирет.** М и с а л ы,

| | Сын атооч | | Атоочтук | |
|---|---|---|---|---|
| *кандай?* | *Ак үй* | *кандай?* | *Агарган*<br>*Агаруучу*<br>*Агарар*<br>*Агарбас*<br>*Агара элек*<br>*Агара турган* | үй |
| | *Жаңы мектеп* | *кандай?* | *Жаңырган*<br>*Жаңыруучу*<br>*Жаңырар*<br>*Жаңырбас*<br>*Жаңыра элек* | мектеп |

**2. Атоочтуктар сын атооч сыяктуу заттык мааниде колдонулуп, жөндөмө, таандык, көптүк *(-лар)* мүчөлөр менен өзгөрөт.**

**а) Жөндөмө мүчөлөр менен жөндөлүшү.** М и с а л ы, *Бөлүнгөндү* бөрү жейт. *Сүйбөгөнгө* сүйкөнбө. *Ыйлагандын*

көзү жаман. *Бербестин* ашы бышпас. *Берерге* бешимде кымыз. Шаарга *баруучуларды* чакырдык. *Келе жаткандардын* көпчүлүгү – биздин кишилер. Ал *көрмөксөнгө* салды.

| | | | |
|---|---|---|---|
| А. | барган | келүүчү | бербес |
| И. | баргандын | келүүчүнүн | бербестин |
| Б. | барганга | келүүчүгө | бербеске |
| Т. | барганды | келүүчүнү | бербести |
| Ж. | барганда | келүүчүдө | бербесте |
| Ч. | баргандан | келүүчүдөн | бербестен |

**б) Таандык мүчөлөр менен өзгөрүшү:** *барганым, барганың, барганыбыз, барганыңыз, көрө элегиң, келе элегиңиз* ж. б.

**в) Көптүк мүчө** *(-лар)* менен өзгөрүшү: *окугандар келишти, айдоочулар жөнөштү, иштей электер иштешти, бара электер барышты, көргөн-билгендер айтышты* ж. б.

**3. Атоочтуктар да сын атооч сыяктуу** *кандай? кайсы?* **деген суроолорго жооп берип, сүйлөм ичинде көбүнчө аныктоочтун милдетин аткарат.** М и с а л ы,

| | Сын атооч | Атоочтук | |
|---|---|---|---|
| кандай? | *жакшы* бала<br>*кооз* килем<br>*ак* жоолук<br>*кызыл* алма<br>*акылдуу* адам | *окуган* балдар<br>*баруучу* кишилер<br>*бара элек* студенттер<br>*барбас* адамдар<br>*келе турган* жигиттер | келишти |

**142.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү *кандай? кайсы?* деген суроолорго жооп берип турган атоочтуктарды тапкыла. 2) Атоочтуктардын эрежесин айтып бергиле. 3) Кандай мүчөлөрдүн жардамы аркылуу жасалганын түшүндүргүлө.

1. Жети жылы пияда, баскан Током келген бейм[6]. Жездин кенин талкалап, казган Током келген бейм. 2. Ынтымактуу жамаатка, кетпес ырыс, бак конот. 3. Болор-болбос иш үчүн кейий бериш жакшы эмес. 4. Каралуучу маселелер азыр карала турган болду. 5. Жалындаган отту өчүрүш кыйын. 6. Тоо өлкөсүнүн эч жерде учурабас сонундугун айт. 7. Карарып жаткан таң эми гана сөгүлдү. 8. Менин октон-суудан тайманбас эрдигим эчак кеткен. 9. Жоголгон бычактын сабы — алтын. 10. Тарай элек окуучулар эми келишер. 11. Ал калп эле билмексен киши болуп калды.

**143.** Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, атоочтуктарды тапкыла. 2) Атоочтуктардын сын атоочтук белгисин суроо берүү аркылуу далилдегиле, эрежелерин айтып бергиле. 3) Атоочтуктарды уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

1. Ачыла элек сандыкта, бычыла элек кундуз бар. 2. Тил албаган жаманга, акыл сөздөн муш керек. 3. Баруучу кишилердин арасы бир аз суюла түштү. 4. Тайманбас Бектурган азыр өкүмүрөөк[2] сүйлөдү. 5. Билбегенди билдирген, китеп менин акылым. Көрбөгөндү көргөзгөн, көздөн тунук жакыным. 6. Бышырылган чий боорсоктор дасторконго төгүлгөн. 7. Чакырыла элек ата-энелер бүгүн чакырылат. 8. Болор жигит жашынан.

**144.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, кара тамга менен терилген сөздөрдүн сын атоочтук жана этиштик белгилерин аныктагыла. 2) Эрежелерин түшүндүргүлө. 3) Синтаксистик милдетин айтып бергиле. 4) Атоочтуктардын оң, терс формаларына оозеки мисалдар келтиргиле.

1. **Көргөн, билген** адам жок. 2. Жаш **карыбас** болсочу, жашыл оңбос болсочу. 3. Салам **айткан** сөзүңө, толкунданып турамын. 4. **Келер** кишилер келишти[4]. 5. Шахмат **ойноочу** балдар мектепке чогулушту. 6. **Айтып жаткан** сөзүмдүн сыры да ушул. 7. Кемибес хандын бир татым тузу кемиптир. 8. **Мөөрөгөн** уйдун, үргөн иттердин, балдарын **чакырган** энелердин, **кишенеген** жылкылардын үндөрү угулат.

**145.** Өз алдынча иштөө көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, атоочтуктарды тапкыла. 2) Эрежесин айтып бергиле. 3) Алардын кандай жолдор менен (морфологиялык, синтаксистик) жасалганын түшүндүргүлө. 4) Эмне үчүн атоочтук экенин далилдегиле.

1. Дүрбүсүз эле абайлап караган көзгө тоо арасынан баскан-турган кишилер дайын көрүнөт. 2. Шаарда окуучу балама кат жаздым. 3. Уктабас кишилер баатыр болот. 4. Күндө келүүчү Бүбүш бүгүн көрүнбөйт. 5. Жолго жүрүүчү машиналар даяр болду[4]. 6. Келчү жумушчулар кечикти. 7. Ырдай берүүчү Ышкыналы бүгүн үргүлөп отурду. 8. Келе жаткан машиналар көрүндү. 9. Бүтөр ишке бүркөлбө. 10. Айта жүрөр иш болду. 11. Ажардын чырылдаган аянычтуу үнү угулду.

**146.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыккыла. 2) Атоочтуктарды таап, анын атоочтук (сын, зат) же этиштик белгилерди билдирип турганын далилдегиле. 3) Атоочтуктун сын атоочтук, зат атоочтук жана этиштик белгилерине оозеки мисал келтиргиле. 4) Синтаксистик кызматын түшүндүргүлө.

1. Элине таянган баатырды эч ким жеңе албайт. 2. Баатыр элине таянган. 3. Корккон кишиге кош көрүнөт. 4. Ал киши корккон. 5. Сүйлөй элек Бакас трибунага чыкты. 6. Бакас сүйлөй элек. 7. Берер киши берешен. 8. Ал китепти мага берер. 9. Баруучу кишилер чогулушту. 10. Ал дайыма шаарга баруучу.

## § 39. Атоочтуктардын заттык мааниде колдонулушу

Теманы түшүндүрүү үчүн пайдаланылуучу мисалдар жана сүйлөмдөр:

1. **Аңдышкан** (киши) айыл болбойт, **эсептешкен** (киши) дос болбойт. Аңдышкан айыл болбойт, эсептешкен дос болбойт.

2. **Иштеген** (адам) тиштейт, иштебеген (адам) тиштебейт. **Иштеген** тиштейт, **иштебеген** тиштебейт.

3. Сөз айтпагын **болбоско** (кишиге). Суу куйбагын толбоско (идишке). Сөз айтпагын болбоско, суу куйбагын толбоско ж. б.

### Корутунду

Атоочтук менен жанаша айтылган кийинки зат (аныкталгыч) түшүп калып айтылат да, анын мааниси атоочтуктарга өтөт же аныкталгычка уланган мүчө атоочтукка уланып, заттык мааниде колдонулат.

Мындай учурларда алар жөндөмө, таандык жана 1 көптүк (-лар) мүчөлөрү менен өзгөрөт. Зат атоочтун суроосуна (*ким? эмне?*) жооп берет.

Бул жөнүндө кийинки 40-параграфтын 2-эрежесин карагыла.

**147.** Алган билимди бышыктоо жана чыңдоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, заттык маанидеги атоочтуктарды тапкыла. 2) Суроолорун берүү аркылуу эмне үчүн заттык мааниде колдонулуп жаткан себебин түшүндүргүлө. 3) Түшүп калган аныкталгычын тапкыла.

1. Эгиндин жайын эккен билет, арабанын жайын чеккен билет. 2. Тил албасты жумшаганча, тына-тына өзүң бар. 3. Коркконго кош көрүнөт, кошогу менен беш көрүнөт. 4. Көрбөс төөнү да көрбөйт. 5. Сүйлөөчү көп сүйлөйт, угуучу аз сүйлөйт. 6. Кылганың эл үчүн болсо, үйрөнгөнүн өзүң үчүн. 7. Сүйбөскө сүйкөнбө. 8. Мектеп үйрөтпөгөндү жокчулук үйрөтөт. 9. Бара жаткандар — биздикилер. 10. Жан аяган эр болбойт. 11. Кушту салган кубанат. 12. Бастырган алат, чапкан калат.

**148.** 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, жөндөмө, көптүк мүчөлөр уланып турган атоочтуктарды тапкыла. 2) Алардын кандай суроолорго жооп берип турганын аныктагыла.

1. Айран ичкени кутулуп, челек жалаганы тутулат. 2. Айткулунун кеткенине үчүнчү күн болду. 3. Анын басканы, дем алганы Ажардын кулагына угулду. 4. Барганынан барбаганы жакшы болду. 5. Алымкулдун келерине сүйүнүп калдык. 6. Бербестен безе кач. 7. Кожомкул бай бизди көрсө да, көрмөксөнгө салды. 8. Окуганымдын жыйынтыгы жакшы болду. 9. Барган-келгендерден териштирип сурадым. 10. Бала көз жашын көрсөтпөскө, суу бойлоп чуркады. 11. Баруучулар качан келишет? 12. Качан барары белгисиз.

**149.** Алган билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү этиш сөздөргө атоочтуктарды жасоочу мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла. 2) Атоочтуктардын сын атоочтук, зат атоочтук жана этиштик белгилерине оозеки мисал келтиргиле. 3) Суроо берүү аркылуу далилдегиле. 4) Атоочтуктардын *-ган* мүчөсүнө 3-жактын таандык (-ы) мүчөсүн улагыла, өзгөчөлүгүн айтып бергиле.

1. Ал, жаз, бер, кел, кет, бар, элек, ж. б.

Ү л г ү: 1) отур — отурган, отурбас, отурар, отуруучу (отурчу), отура элек, отуруп жаткан ж. б.

2. Отурган балдар сүйлөштү. Отургандар сүйлөштү. Болбос ишке болушпа. Болбоско болушпа.

## § 40. Атоочтуктардын синтаксистик кызматы

### 1-корутунду

1. **Атоочтуктар сүйлөм ичинде** *кандай? кайсы?* кээде затташып, *кимдин?* деген суроолорго жооп берип, аныктоочтук милдетти аткарат. Мисалы: Алыстан жылтылдаган *(кандай?)* от көрүнөт. Бутунан *мүдүрүлгөн (кайсы?)* киши турат, оозунан *мүдүрүлгөн (кайсы?)* киши турбайт. *Ачыла элек (кандай?)* сандыкта, *бычыла элек (кандай?)* кундуз бар. *Келген (кайсы?)* Любаны Каныш жакшылап тосуп алды. *Арыбас (кандай?)* ат болбойт, *карыбас (кандай?)* адам болбойт. Бизди *тарбиялоочу(кайсы?)* жигит келди. *Ыйлагандын (кимдин?)* көзү жаман. *Келгендин (кимдин?)* өзү жаман ж. б.

2. **Этиштик же заттык мааниде колдонулуп, баяндоочтук милдет аткарат.** Мисалы: Мен кат *жаза элекмин.* Ал эриккенде Мыскалдыкына *баруучу.* Булар — *сыйлагандар.*

Баатыр жоону *самабас*. Жалкоо уйкуга *тойбос*. *Туулганмын* эл ичинде, *өскөнмүн* эл четинде.

**150.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, атоочтуктарды тапкыла. 2) Суроолорун берүү аркылуу алардын атоочтук же этиштик белгилерин аныктагыла. 3) Уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

1. Коркконго кош көрүнөт. 2. Мен туулуп-өскөн айылыма жакында барам. 3. Заводдо[б] иштечү жумушчулар чогулушту. 4. Агам фабрикада иштечү. 5. Арпа кылкансыз болбос, жүн кылчыксыз болбос. 6. Болбос ишке болушпа. 7. Булар — экскурсияга[б] баруучулар. 8. Кырчылдаган суук Ала-Тоону кайтарып турду. 9. Күлгөндүн билгени бар. 10. Эринчээкке бак конбос. 11. Атылган окту кармай албайсың, айтылган сөздү оңдой албайсың.

**151.** Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Аныктоочтук жана баяндоочтук милдет аткарып турган атоочтуктарга оозеки 1 мисал келтиргиле. 2) Эмне үчүн аныктооч, баяндооч экенин далилдегиле. 3) Эрежелерин айтып бергиле. 4) Суроолорун койгула.

### 2 - корутунду

Атоочтуктар сүйлөм ичинде заттык мааниде колдонулуп, төмөндөгүдөй синтаксистик милдетти аткарат.

| Сүйлөм мүчөлөрү | Мисалдар |
|---|---|
| Ээлик | *Жүгүргөн* (ким?) албайт, *буюрган* (ким?) алат. *Иштеген* (ким?) тиштейт. *Иштебеген* (ким?) тиштебейт. *Баруучулар* (кимдер?) жөнөп жатышты. *Бара электер* (кимдер?) келишти. Күлгөндүн *билгени* (эмнеси?) бар. |
| Толуктоочтук | *Бөлүнгөндү* (кимди?) бөрү жээр, *айрылганды* (кимди?) аюу жээр. *Ок өтпөстү* (эмнени?) кийгизип, *ок жетпести* (эмнени?) мингизип, Манасты тоого багалы. Шаарга *баруучуларга* (кимдерге?) жолуктук. |
| Бышыктоочтук | *Бербестен* (кимден?) безе кач. *Тил албастан* (кимден?) аша кач. *Эккенден* (эмнеден?) эрикпе, *баштагандан* (эмнеден?) зерикпе. |

**152.** Жаңы билим алууга киришүү көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, атоочтуктарды тапкыла. 2) Алар сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарып тургандыгын суроо берүү аркылуу далилдегиле. 3) Атоочтуктарды уюштурган мүчөлөрдү оозеки санагыла.

1. Чыдаган билет, издеген табат. 2. Алчактата ат минип, кийгендери ичти-тышты баркыт. 3. Карыбас адам болбос, арыбас ат болбос. 4. Берерге бешимде кымыз, бербеске эртең менен саамал. 5. Көрө албасты көрбөй койгон оң. 6. Жөнөй электерди күттүк. 7. Бригаданы башкаруучу Асантай келди. 8. Асантай бригаданы башкаруучу. 9. Аткан мергенчи эмес, тийгизген мергенчи. 10. Туура сүйлөгөндөн уялба.

**153.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү. 1) Төмөнкү үлгү боюнча этиш сөздөргө *-ган, -ар, -бас, -уучу,/-учу, -чу/, -а, -е, -й + жат, тур, элек, -ып + жаткан* мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла. 2) Аларды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 3) Атоочтуктарды тапкыла. 4) Суроолорун берүү менен сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарып тургандыгын аныктагыла.

Кет, отур, жаз, бас, иште.

Ү л г ү: турган, турар, турбас, туруучу, тура турган, туруп жаткан, тура элек.

**154.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла. 2) Атоочтуктардын сын атоочтук жана этиштик белгилерин тапкыла. 3) Эрежелерин айтып бергиле. 4) Синтаксистик кызматын аныктагыла.

1. Танабай өткөн-кеткен иштерин ойлоду. 2. Баруучу кишилер эми келишти окшойт, — деди Гүлнар. 3. Сатылбас буюмдун баасы кымбат. 4. Алга умтулуучу балапандар бүгүн жок. 5. Күндө келүүчү Садыр бүгүн көрүнбөйт[2]. 6. Жигит өлөр жерине күлүп барат. 7. Аккан суудa арам жок. 8. Барар жерибиз алыс. 9. Машиналарга түшүп, жөнөй турган кез келди.

## § 41. Атоочтук түрмөк

Башка сөздөр менен ажыралгыс бирдикте айтылган, атоочтуктарды уюштуруучу мүчөлөр *(-ган, -ар, -бас, -оочу, -уучу, -чу, -а + тур, -а + жат, -а + жүргөн, -ып + жүргөн, -а + элек, -й + элек)* менен аяктаган, биригип келип, бир гана суроого жооп берген, бир гана сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарган сөз тизмектери **атоочтук түрмөк** деп аталат.

М и с а л ы: 1. *Таягын аркасына каруулаган* Бектурган алыстан көрүндү. Кайсы Бектурган алыстан көрүндү? *Таягын аркасына каруулаган* (атоочтук түрмөк). 2. *Он чакты*

*баланы тобу менен ээрчите жүргөн* Дүйшөн тигил үйгө бир кирип, берки үйгө бир кирип, көчө аралап жүрдү. Кайсы Дүйшөн...? *Он чакты баланы тобу менен ээрчите жүргөн* (атоочтук түрмөк). 3. *Өмүрүндө көзүнөн жаш чыкканына* Бектурган таң калды. Эмнесине Бектурган таң калды? *Өмүрүндө көзүнөн жаш чыкканына* (атоочтук түрмөк) ж. б.

## Корутунду

Атоочтук түрмөктөр төмөндөгүдөй синтаксистик кызматты аткарат.

| Сүйлөм мүчөлөрү | Мисалдар |
|---|---|
| *Тутумдаш ээлик* | Жалкоонун *күн батканга сүйүнгөнү* (эмнеси?) жаман, *эпкиндүүнүн күн батканга күйүнгөнү* (эмнеси?) жакшы. *Курбумдун калп жеринен күлгөнү* (эмнеси?) мага жаккан жок. |
| *Тутумдаш баяндоочтук* | Бизге келген себеби — *анын эч жерден жумуш таппай калганы.* Батма өзү айткан сөзүнө *абдан жетине албай калуучу* (эмне кылуучу?). Балага жакканы — *Ысык-Көлдүн бүт көрүнгөнү.* |
| *Тутумдаш аныктоочтук* | *Көчөдө футбол ойноп жүрүүчү* (кайсы?) балдар бүгүн көрүнбөйт. *Түнү бою шүүдүрүмгө бастырылган* (кандай?) жайлоонун чөбү гүлүн ачты. *Сенин мени менен акылдашар* (кандай?) мезгилиң да келет. |
| *Тутумдаш толуктоочтук* | *Академик Алтынай Сулаймановнанын келерине* (эмнесине?) мен абдан сүйүнүп кеттим. *Алыска жөнөй тургандарды* (кимдерди?) биз бүгүн узаттык. *Алардын шаарга барып турганына* (эмнесине?) көп жыл өттү. |
| *Тутумдаш бышыктоочтук* | *Кийим-кечек сатып ала электе* (качан?) дүкөн жабылып калды. *Шаарга жөнөй турган болгондо* (качан?) мага айтып кой. |

**155.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, суроолорун берүү аркылуу атоочтук түрмөктөрдү тапкыла. 2) Атоочтук түрмөктөрдүн кайсы түрү экенин жана эрежесин айтып бергиле.

1. Батманы нечен ирет молдолорго көрсөткөн Айткулу далай чыгым болду. 2. Китебин көпкө чейин окуп отурган Жапар ордунан турду. 3. Сары жоргонун оозун коё берүүчү убакыт эми келди. 4. Күндө мектепке эрте келип туруучу Жамыйла бүгүн көрүнгөн[2] жок. 5. Шаардан чакырыла элек меймандар эми келишти. 6. Баятан бери башын салаңдатып отурган чабарман эми гана өйдө карады. 7. Сайдагы катуу күркүрөп аккан дайранын шары кулакка дайын угулду. 8. Уурунун изи сууй электе издөө салуу керек. 9. Бизди көздөй акырын жылып келе жаткан солдаттар көрүндү. 10. Танабайдын ээрде үлүрөйүп отурганы бизге жаккан жок.

**156.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүлөрү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, тутумдаш аныктоочтун милдетин аткарып турган атоочтук түрмөктөрдү тапкыла. 2) Суроолорун берүү аркылуу далилдегиле.

1. Турмуштан алып чыккан билимимди, бардык дилимди сага жумшаймб. 2. Эч нерсени билбес, эч адамга сырын айтпас адам да болбойт. 3. Күндө келип суу алуучу булак ушул. 4. Ар адамдын абдан жакшы көрүүчү, кадырлашып сыйлашуучу, сырларын бири-бирине айтышуучу курбулары болот эмеспи. 5. Батманын мойнуна тумар таккан, чыныга аят жазып ичирген, бир топ күн эс алып жаткан молдо бүгүн көрүнбөдү. 6. Биргелешип иштеп жүрөр мезгил да келди.

**157.** Билимге өз алдынча ээ болуу көнүгүүсү. Сүйлөмдөрдөн тутумдаш толуктоочтордун милдетин аткаруучу атоочтук түрмөктөрдү тапкыла.

1. Дүйшөндүн кандай мугалим болгонун азыркы жаштар билишпейт. 2. Эртеңки күндүн кандай болорун биз билген жокпуз. 3. Талаада кош айдап жүргөнүнө көп убакыт болду. 4. Кандай иш болуп кетерин[2] мен ошондо гана түшүндүм. 5. Агаларынын күндө келип жатканына биз кубанып жүрдүк. 6. Турмуштун мындай болуп кетпесине ким каршы күрөшө алат. 7. Билек жирей албаганды, билим жирейт[4].

**158.** Алган билимди турмушта текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Өзүңөр атоочтук түрмөк катышкан бир нече сүйлөм ойлоп, көчүрүп жазгыла. 2) Алардын кандай мүчөлөр аркылуу уюшулуп жатканын тапкыла. 3) Түрмөктөрдүн синтаксистик кызматын аныктагыла.

**159.** Өз алдынча иштөө көнүгүүлөрү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, атоочтук түрмөктөрдү тапкыла. 2) Эмне үчүн түрмөк экенин же эмне үчүн атооч-

тук түрмөк эмес экенин аныктагыла. 3) Атоочтук түрмөктөрдүн эрежесин айтып бергиле.

1. Кылычынан кан тамган кишини тилинен бал тамган акылман жеңиптир. 2. Өмүрлөрү өткөн карыларга биз ыраазыбыз. 3. Айта жүрө турган, эсте кала турган сөздөр козголду. 4. Атын ары-бери ойнотуп жатканына жигит аябай маашырланды. 5. Мураттын уйкусун ачып жиберген коңгуроо эми гана басылды. 6. Бири-биринен сыр жашырбас курбулар гана чыныгы курбулардан болушат. 7. Улакчылардын ала качканы, ызалана кууганы, алыстап кетип жатканы, аттардын катуу жүгүрүп баратканы даана көрүнөт.

## § 42. Атоочтуктарды кайталоо жана жалпылоо

Кайталоо, жалпылоо үчүн окуучуларга берилүүчү суроолор жана тапшырмалар:

1. Эмне үчүн атоочтуктар, чакчылдар жана кыймыл атоочтор этиштин өзгөчө формалары (түрү) деп аталат?

2. Атоочтуктар деп, этиштин кандай түрүн айтабыз? Эрежесин айтып бергиле.

3. Атоочтуктарды уюштурган мүчөлөрдү санагыла жана аларды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө.

4. Атоочтуктардын этиштик, сын атоочтук белгилерин айтып бергиле, мисалдар келтирүү менен далилдегиле.

5. Кайсы учурда атоочтуктар заттык мааниде колдонулат?

6. Атоочтуктардын аткарган синтаксистик кызматын далилдегиле.

7. Атоочтуктардын оң жана терс формада айтылышына мисалдар келтиргиле.

8. Атоочтук түрмөк деп, этиштин кандай формасын (түрүн) айтабыз?

9. Атоочтук түрмөктүн синтаксистик кызматын айтып бергиле.

10. Татаал сүйлөм менен атоочтук түрмөктүн айырмасын далилдегиле ж. б.

**160.** Өтүлгөн материалдарды бышыктоо, жалпылоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, атоочтуктарды тапкыла. 2) Этиштик жана сын атоочтук белгилерин аныктагыла. 3) Кандай мүчөлөрдүн жардамы аркылуу уюшуларын айтып бергиле.

1. Ачылбаган[2] сандыкта, бычылбаган кундуз бар. 2. Билген киши билгенин сүйлөөр, билбес киши жалганын сүйлөөр.

3. Сурап ичкен тамагың, суу ичкен менен барабар. 4. Окуй турган жаштар чогулушту. 5. Болор-болбос иш үчүн өкүнгөнүң курусун. 6. Бир жолу даам таткан жериңе, миң жолу салам бер. 7. Алыстан кат жазышкан балдар азыр таанышышты. 8. Келе жатышкан ата-энелерди мугалим жылуу тосуп алды.

**161.** Алган билимди эске түшүрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, атоочтуктарды гана тандап, көчүрүп жазгыла. 2) Эмне үчүн атоочтук экенин далилдегиле, эрежесин айтып бергиле.

1. Учуучу килем жөнүндө жомок чындыкка айланды.

2. Керилген сайлар, асман тиреген Ала-Тоолор алыстан көрүндү. 3. Аалынын келер-келбеси белгисиз. 4. Үлбүрөгөн ак булуттар бир заматта жок болду. 5. Акыл айтуучу баатыр элдин тукуму — бизбиз. 6. Тамак ичилип бүткүчө, өткөн-кеткен сөздөр сүйлөндү.

**162.** Окуучуларды машыктыруу жана жатыктыруу көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сөздөргө, сүйлөмдөргө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө. 2) Атоочтуктардын уңгу, мүчөсүн ажыраткыла. 3) Сүйлөмдөгү атоочтук түрмөктөрдү тапкыла, эрежесин айтып бергиле.

1. Жазылган, жазылар, жазылбас, жазылуучу, жазыла элек, жазыла турган, жазылып жаткан.

2. Жамийланын араба айдап кетерине мен эч күмөн санаган жокмун. Жорго минген жолдошунан айрылат, көп жашаган курдашынан айрылат.

**163.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Атоочтуктун жана атоочтук түрмөктүн эрежесин айтып бергиле. 2) Атоочтуктарды кандай мүчөлөр уюштурарын санагыла. 3) Атоочтуктарды уюштурган мүчөлөр уланган сөздөрдүн накта этиштик мааниде колдонулуп, баяндоочтук милдет аткарып турганын тапкыла.

1. Үнсүз отурган кыз бала экен. 2. Кыз бала үнсүз экен. 3. Күлүп калган чоң баласына кубанды. 4. Анын чоң баласы күлүп калган. 5. Бийлөөчү жаштар азыр да өсүп жатат. 6. Азыр өсүп жаткан жаштар да бийлөөчү. 7. Эч жерде учурабас тоо өлкөсүнүн сонундугун айт. 8. Тоо өлкөсүнүн сонундугу эч жерде учурабас. 9. Күндө ырдап келүүчү Данияр бүгүн унчуккан[6] жок. 10. Унчукпаган Данияр күндө ырдап келүүчү.

**164.** Өтүлгөн материалдарды эске түшүрүү көнүгүүлөрү. 1) Атоочтуктарды уюштурган мүчөлөрдү санагыла. 2) Ар бирине мисал ойлоп тапкыла. 3) Алардын сын атоочтук же этиштик белгилерин аныктап, суроолорун бергиле.

**165.** Үлгү боюнча алган билимдерди бышыктоо жана бекемдөө көнүгүүсү. 1) Төмөнкү этиш сөздөргө атоочтукту уюштуруучу мүчөлөрдү улагыла. 2) Аларды катыштырып, сүйлөм түзгүлө. 3) Анын суроолорун бергиле. 4) Атоочтуктардын сын атоочтук, зат атоочтук жана этиштик белгилерин аныктагыла.

Кайтар, кел, бак, ойно, жазыш, сүйлө.

Үлгү: бар — барган, бара турган, бара жаткан, барып жүргөн, барар, барбас, баруучу, бара элек, тарай элек.

**166.** 1) Окуп чыгып, *-ган, -ар, -бас, -уучу, -оочу, -чу, -а + (тур), -а + (жат), -а + (элек), -й + (элек)* мүчөлөрү уланган сөздөрду тапкыла. 2) Алардын эмне үчүн атоочтук экенин, же атоочтук эмес экенин далилдегиле. 3) Суроолорун бергиле.

1. Эмгектенбес[2] адам ач калат. 2. Жалкоо адам эч качан эмгектенбес. 3. Көпкө чейин көз ирмебей чыгуучу, жанталашып көп аракеттене берүүчү Ышкыналы азыр үргүлөп отурат. 4. Ышкыналы көпкө чейин көз ирмебей чыгуучу, жанталашып, көп аракеттене берүүчү. 5. Калайыкты бийлеген, аял чыгат деп уккам. 6. Аял калайыкты бийлеген. 7. Ойной турган футболисттер талаага чыгышты. 8. Футболисттер[6] талаада ойной турган.

**167.** Өз алдынча иштөө көнүгүүлөрү. 1) Атоочтуктарды, атоочтук түрмөктөрдү уюштурган мүчөлөрдү тапкыла. 2) Төмөнкү сүйлөмдөрдү сөздүн курамына (уңгу, мүчө) ажыраткыла. 3) Алардын синтаксистик кызматын аныктагыла.

1. Өзү тойбостун, көзү тойбос. 2. Берер киши берешен. 3. Билген киши билерман. 4. Көрүнгөн тоонун ыраагы жок. 5. Көптү билгенге жолдош бол. 6. Баруучу жерибиз ыраак. 7. Айтыла элек сырлар бар. 8. Айтылып жаткан чырлар бар. 9. Токтогул эл аралап көп баруучу. 10. Ээсинин мөгдөп жатканын Гүлсарат көргөн эмес. 11. Туулуп-өскөн жеринин эске түшөрүн ал эми сезди. 12. Көрүнгөн токойго бекинген душманды таап келүүгө абышка жөнөдү. 13. Күн чыкканча уктаган көп иштен кур калат.

## Атоочтуктарды морфологиялык жактан талдоонун үлгүсү

### Оозеки талдоонун үлгүсү

**Окуган балдар келишти. Окуган** — атоочтук, уңгусу — оку, буйрук ыңгай, мүчөсү **-ган, -ган** — атоочтукту уюштуруучу

мүчө. Окуган *кайсы?* деген суроого жооп берип турат, *кайсы* балдар? **Окуган** – атоочтук. Кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсөтөт.

**Келген кишилер айтышты. Келген** — атоочтук, уңгусу – **кел,** мүчөсү **-ган, -ган** атоочтукту уюштуруучу мүчө, *келген кайсы?* деген суроого жооп берди.

**Баруучу кишилер. Баруучу** — атоочтук, уңгусу — **бар,** буйрук ыңгай, мүчөсү **-уучу,** атоочтуктарды уюштуруучу мүчө. *Кайсы* кишилер? — баруучу.

**Айтылбас сөздөр айтылды. Айтылбас** – атоочтук, уңгусу — **айт,** буйрук ыңгай, мүчөлөрү **-ыл,** туюк мамиле этиштин мүчөсү, **-бас** — атоочтуктарды уюштуруучу мүчө. *Кандай* сөздөр? — айтылбас ж. б.

### Жазуу жүзүндөгү талдоонун үлгүсү

Окуган, келген, баруучу, айтылбас, же оку + ган, кел + + ген, бар + уучу, айт + ыл + бас, оку// ган, кел // ген, бар // уучу.

**168.** Алган билимди эске түшүрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү этиш сөздөргө атоочтуктарды уюштурган мүчөлөрдү (*-ган, -ар, -бас, -оочу, -уучу, а + тур, жүр, -ып жүргөн*) улап, сүйлөм ойлоп жазгыла. 2) Атоочтуктун этиштик жана сын атоочтук, заттык белгилерин айтып бергиле.

Жаз, кел, оку, иште, бар, ал.

**169.** Алган билимди жалпылоо жана жыйынтыктоо көнүгүүсү. 1) Өзүңөр атоочтуктарга мисал ойлоп тапкыла. 2) Алардын синтаксистик кызматын аныктагыла. 3) Эмне үчүн атоочтуктар этиштин өзгөчө формасы экендигин далилдегиле.

*Кымбаттуу окуучулар! Атоочтуктар жана атоочтук түрмөктөр боюнча (текшерүү мүнөзүндөгү) жат жазууга даярдангыла.*

**Үйгө тапшырма.** Үйүңөрдөн атоочтуктарды катыштырып, окуган адабий чыгармаңар боюнча өзүңөр каалаган темада дил баян жазып келгиле.

## § 43. Чакчылдар

### 1-корутунду

Чакты жана жакты көрсөтпөй туруп, негизги этишти тактап көрсөтүү үчүн анын кошумча кыймыл-аракетин бил-

дирген, сүйлөм ичинде бышыктоочтук милдет аткарган этиштин өзгөчө түрү **чакчылдар** деп аталат.

Чакчылдар накта чакчылдык мааниде турганда *кантип? кандай? кайсы убакка чейин? качан? качанга чейин? качантан бери? эмнеликтен? эмнеге? эмне үчүн? эмне себептүү?* деген ж. б. суроолорго жооп берет.

Чакчылдарды төмөнкү мүчөлөр уюштурат.

| Чакчылдарды уюштуруучу мүчөлөр | Мисалдар |
|---|---|
| 1. *-ып (-ип, -уп, -үп), -п* | Жамийла *жылмайып* (кантип?) күлдү. Душман *сүйдүрүп* (кантип?) айтат, тууган *күйдүрүп* (кантип?) айтат. Эл үчүн *эмгектенип (кантип?)* келе жатабыз. |
| 2. *-а (-е, -о, -ө), -й, -бай (-ба + й):* | Жигит *мактана (кандай?)* сүйлөдү. Ал баарыбызды *тегерете (кандай?)* карады. Анын сүйлөй *бермей (кандай?)* адаты бар. Биз *тынбай (кандай?)* иштедик. |
| 3. *-ганы, -каны:* (варианттары менен) | Окуучулар агайларына *учурашканы (эмнеге? эмне үчүн?)* келишти. Аңгемени *баштаганы* — Мыскалды уксун *дегени*. Шаарга *келгени (качан? качантан бери?)* турмуш оңолду. |
| 4. *-ганча (-гыча), -канча (-кыча)* (варианттары менен) | *Чарчаганча (канчага чейин?)* иштедик. Ал *келгенче (качанга дейре?)* күтөбүз. Таң *аткыча (качанга дейре? качанга чейин?)* отурдук. |
| 5. *-майынча (-мейинче, -моюнча, -мөйүнчө)* | *Окумайынча (эмне үчүн?)* билбейсиң. *Көрмөйүнчө (эмне үчүн?)* ишенбейм. Сен *келмейинче (эмне үчүн?)* барбайм. |
| 6. *-гычакты (-кычакты)* (варианттары менен) | Күн *баткычакты (канчага чейин?)* иштедик. Биз *кеткичекти (качанга чейин?)* жолугушабыз. |

**170.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо, жаңы билимге ээ болуу көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү этиш сөздөргө чакчылдарды уюштуруучу мүчөлөрдү улап, сүйлөм түзгүлө. 2) Чакчылдардын эрежесин айтып бергиле.

Жаз, оку, иште, аткар, ойно.

Ү л г ү: бас + ып, баса (берди, отурду), басканы, басканча (баскыча), басмайынча, баскычакты ж. б.

**171.** Ар түрдүү тапшырмаларды аткаруу көнүгүүсү.

1. Танабай өргө чыккычакты чыдай албай кетер эле. 2. Артынан жоо кууп келаткансып, камчыланып, катуу-катуу теминип жиберчү. 3. Гүлсарынын жонуна ээр токулганы, белине басмайыл тартылганы ар кандай жолдор менен жүрүп келди. 4. Танабай арыктагы суудан кошуучтап, колунун салааларынан агып кеткиче, аптыгып, жута берчү. 5. Карасайдын[6] кырына чыккычакты Танабайдын чый-пыйы чыгып кетет.

**172.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдү окуп чыгып, *-ганы* мүчөсү уланган сөздөрдү тапкыла. 2) Алардын 3-жактын таандык мүчөсү (*-ы*) уланган атоочтук экенин же *-ганы* мүчөсү уланган чакчыл экенин аныктагыла, тиешелүү суроолорун койгула.

1. Текеске барганы, кыргыздардын кытайларга малай жүрүшкөнү, тамак таппай ачка өлүп жатышканы, беттерин ак шишик басканы, жаз чыга көлгө кайтышканы, далай күн ачка болушканы, ар түрдүү чөптөрдү жешкени, Алматыны басып өтүшкөнү, анан ушул жерге туруп калышканы, бир нече ирет айтылган болчу.

2. Кыйкырганы бел ашпай, үн кыскарган замана. Күн жаркырап тийгендей, күлгөнү кызык баланын. Карып-жетим бакырдын, каргаганы тийбеди. Арстанбектин айтканы, билсең ушул замана.

## 2-корутунду

Чакчылдар ар дайым эле кошумча кыймыл-аракетти билдире бербейт. Кээ бир учурларда *-а, -й, -ып, -ганы* мүчөлөрү аркылуу уюшулган чакчылдар татаал этиштерди уюштурууга активдүү катышат да, негизги кыймыл-аракетти билдирет. Кошумча кыймыл-аракетти андан кийинки айтылган этиштер аткарып калат.

М и с а л ы, *ала бар, келе бер, барып кел, көрүп бер, сатып ий, чаап жибер, карай калды, сурай берди, алганы келди, сүйлөгөнү жатат, окуганы барды* ж. б.

Биз *ала бардык.* Алар *келе берди.* Мен *барып келдим.* Салый *карай калды.* Абды *сүйлөгөнү жатат* ж. б.

Алтымыш айры ак бугу, Арбандап кача бергени. Абалкандын Жаныбек, Ага шилтеп салганы. Ак бугуга карабай, Асмандап сызып калганы.

**173.** 1) Окуп чыгып, чакчылдарды гана көчүрүп жазгыла. 2) Аларды уңгу, мүчөгө ажыраткыла. 3) Чакчылдарды уюштурган мүчөлөрдүн өзгөрүш себептерин түшүндүргүлө. 4) Этиштин өзгөчө формасы (түрү) жөнүндө кабар бергиле.

1. Жапар заводдон иштегени келди. 2. Эки жагына карабай арабакеч аттарын чарчагычакты айдады. 3. Ай чыккычакты кырманда иштеп жүрдүк. 4. Айшанын жакшы иштегени бизге аябай жакты. 5. Таң атканча иштедик. 6. Жакшы эмгектенип, жакшы иштемейинче, жакшы турмуш кайда? 7. Акча издегиче, арга изде.

**174.** 1) Этиштин өзгөчө формалары деген эмне? 2) Ага этиштин кайсы түрлөрү кирет? 3) Чакчылдардын эрежесин, уюштуруучу мүчөлөрүн айтып бергиле. 4) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, чакчылдарды тапкыла.

1. Күн кылкылдап, уясына[1] батып бара жатат. 2. Келе жаткандарды көрө коё, аял үй ичин жыйнай баштады. 3. Биз таң аткандан күн баткыча кош айдадык. 4. Баланын аман-эсен айыгып кеткени ата-эненин чоң кубанычы болду. 5. Айткулу келгичекти, эл-журт жапырт көчүп калды. 6. Жигиттер көк бөрү тартканы, жаа атканы келишти. 7. Жакыпбек хан абышка-кемпирди моокуму канганча сабатты. 8. Радио коюлганы, үйдүн ичи толтура эл. 9. Иш таап алгыча, бекер иштейли. 10. Элдин бизди курчап, айланта карап турушканы даана көрүндү.

**175.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Көп чекиттин ордуна чакчылдарды жасоочу мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла. 2) Алар кандай мүчөлөр экенин (сөз жасоочу, сөз өзгөртүүчү) далилдегиле. 3) Бышыктоочтук, баяндоочтук милдетти аткарып турган чакчылдарга оозеки мисалдар келтиргиле. 4) Сүйлөмдөрдөн негизги кыймыл-аракет менен кошумча кыймыл-аракетти билдирген этиш сөздөрдү тапкыла.

1. Сен муну сууга сал... анан кургат... буласын чыгарып ал... кездеме токууга тийиштсин. 2. Өлбөс хан ордунан турайын деп жатканда, төркү үйдөн Саламат хан тур... жүгүрдү. 3. Экөөбүз бир үйдө жан сактагандан бери мага алая кара..., тил тийгиз..., көңүлүмдү калтырган жоксуң. 4. Анархан менен Сакадай келе жаткан экөөнү тааныса да, утурла... басышпады. 5. Акырын тур... эки жакты кара... короого эки киши кирип келди. 6. Аюу[6] чоң таштарды бийик аскадан кулат... мен жашынып калып, дабышын ук... тур... бердим.

**176.** Алган билимдин тереңдигин текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, чакчылдарды уюштурган мүчөлөрдү тапкыла. 2) Эмне үчүн чакчылдар экенин аныктагыла. 3) Этиштин өзгөчө формалары жөнүндө айтып бергиле.

1. Баш ийип, багынып бергенче, жан аябай салгылашкан жакшы. 2. Абийирсиз жашагыча, ар-намыстуу өлгөн жакшы. 3. Айтике экзамен бергени келди. 4. Жалгызың бүгүндөн баштап жат бирөөгө башы байланганы, сатылганы жатат. 5. Бери карап күлүп, ары карап ыйлайт. 6. Күлүктөр кайткычакты, күрөш, оодарыш, тыйын эңмей бүткүчөктү көпчүлүк карап турат. 7. Шаарга баргычакты бирге болобуз. 8. Автобус чыккычакты биз кете бердик.

### Чакчылдардын белгилери

Чакчылдарда этиштик жана тактоочтук белгилер бар. Ошондуктан этиштин өзгөчө формасы.

## § 44. Чакчылдардын тактоочко окшош белгилери

### 1-корутунду

Чакчылдар да, тактоочтор да негизги кыймыл-аракеттин аткарылышындагы ар түрдүү кырдаалын (максатын, себебин, мезгилин ж. б.) билдирет. Мисалы, Ал үстөлүнө кат *жазганы* отурду. Биз силерди *издеп* келдик. Балдар бүгүн *окуганы* келишет (максат). Ынтымак *болбой*, эл оңолбойт. Көп *иштебей*, курсагың тойбойт (шарт). Бекташ *уялып*, сүйлөй алган жок. Кечикпей *барайын* деп, бүгүн эрте турдум (себеп). Мен ага окууга баратып жолуккам. Орто мектепти *бүткөнү* көп жолдошторумду көрө элекмин. Жакшы окуучулар тандалып *алынмайынча*, жеңип чыга албайбыз (мезгил).

### 2-корутунду

Кээ бир тактоочтор сыяктуу айрым чакчылдарга сын атоочтун салыштырма даражасынын *-ыраак* мүчөсү уланып айтылат. Мисалы,

| Тактоочтор (*-ыраак*) | Чакчылдар (*-ыраак*) |
|---|---|
| Тез – *тезирээк*<br>жана – *жанараак* | Алтынай Сулайманова бир аз *кечигирээк* келди. |

| | |
|---|---|
| кеч – *кечирээк*<br>өйдө – *өйдөрөөк*<br>ылдый – *ылдыйыраак*<br>эми – *эмирээк*<br>көп – *көбүрөөк* | Данияр *шашылыбыраак* сүйлөдү.<br>Ысмайыл *сурданыбыраак* отурду.<br>Сейде бир аз *жашыбыраак* үн катты.<br>Баланын ыраңы *сүйүнүбүрөөк* көрүндү. |

**177.** Алган билимди бекемдөө жана бышыктоо мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Биз күн баткыча иштедик. 2. Иңкамал апай катты шашабуша окуп чыкчу[1]. 3. Танабай четтебирээк турду да, улакчыларды карап жатты. 4. Станок[6] шакылдап, иштей баштады. 5. Ал айтмайынча, билбейт элем. 6. Мектепти бүткөнү көп жоро-жолдошторумду көрө элекмин.

**178.** Өз алдынча чыгармачылык менен иштөө көнүгүүсү. 1) Чакчылдардын тактоочко окшош белгилерин айтып бергиле. 2) Чакчылды катыштырып, 2–3 сүйлөм ойлоп жазгыла. 3) Чакчылдардын кайсы мүчөлөрү аркылуу уюшулганын түшүндүргүлө. 4) Эрежесин айтып бергиле. 5) Негизги кыймыл-аракет менен кошумча кыймыл-аракетти ажыраткыла.

**179.** Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү көнүгүүсү. 1) Чакчылдардын тактоочко окшош белгилерин түшүндүргүлө. 2) Оозеки мисалдар келтирүү менен далилдегиле. 3) Төмөнкү сүйлөмдөрдөн негизги кыймыл-аракеттин максатын, себебин, мезгилин ж. б. билдирген кошумча кыймыл-аракетти тапкыла.

1. Танабай Гүлсарыны жазбай тааныды. 2. Биз силер менен сүйлөшкөнү келдик. 3. Сүйлөй-сүйлөй чечен болот, көрө-көрө көсөм болот. 4. Бурулча кымызды толтуруп куйду.

**180.** Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүсү. Түшүндүрмөлүү көнүгүү.

1. Карагайдын көк-жашыл бүчүрлөрү, бутактары жайылып, кээде теңселип, шуулдай берди. 2. Күлүйпа Сайраны жетелеп келип, биринчи класстын балдарына кошуп отургузду. 3. Мугалим келгиче, Бүбү күтүп турду. 4. Тентинин болжогону келбеди, жамгыр нөшөрлөп жаап, түш оой басылды. 5. Танабай бүгүн шашылыбыраак[2] жөнөдү. 6. Биз жаңы үйгө киргичекти келдик.

### 3 - корутунду

Чакчылдар да тактоочтор сыяктуу эле этиш сөздөр менен байланышып, сүйлөм ичинде бышыктоочтун милдетин аткарат.

Мисалы, Айткулу *шашып* турду, *мыктап* курчанды. Жамийла Даниярды *кулумсурөй* карады. Бала көнөчөктүн ичин *уңулө* тиктеди. Тойчубек *келгени* жыргай түштүк. Күн *кылкылдап*, батып бара жатат. Дос *куйдурүп* айтат, душман *суйдүрүп* айтат ж. б.

**181.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүлөрү. 1) Окуп чыгып, чакчылдарды тапкыла. 2) Алар сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарып тургандыгын аныктагыла. 3) Негизги кыймыл-аракетти билдирген этиш менен кошумча кыймыл-аракетти билдирген чакчылдарды тапкыла. 4) Чакчылдардын тактоочко окшош белгилерин айтып бергиле.

1. Мугалим жылмая карады[4]. 2. Комуз күүсү шаңкылдата чертилди. 3. Ажар мүрзөнү кучактап, буркурап-боздоп ыйлап жиберди. 4. Жамгырга чайылган капчыгай жашыл тарта мемирейт. 5. Жамийла арабасын айдагыча келди.

**5*. 182.** Алган билимди толуктоо мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Окуп чыгып, төмөнкү этиш сөздөрдүн кайсынысы негизги кыймыл-аракетти, кайсынысы кошумча кыймыл-аракетти билдирип турганын айтып бергиле. 2) Суроолорун койгула. 3) Чакчылдардын тактоочко окшош белгилерин аныктагыла.

Кечигибирээк келди. Күлүмсүрөй карады. Тарагычакты бардык. Окумайынча билбейбиз. Келгичекти кетебиз. Окуганы келдик. Мен жазып отурам. Ал китеп окуп жатат.

## § 45. Чакчылдардын этишке окшош белгилери

**183.** Жаңы билимге өз алдынча ээ болуу көнүгүүсү. 1) Төмөнкү 1-корутундуну өз алдыңарча окуп чыгып, чакчылдардын этишке окшош белгилерин үйрөнгүлө. 2) Кошумча кыймыл-аракет менен негизги кыймыл-аракетти ажыраткыла. 3) Оозеки мисалдар келтиргиле.

### 1-корутунду

Этиштер негизги кыймыл-аракетти билдирсе, чакчылдар анын кошумча кыймыл-аракетин билдирет.

Мисалы, Ажардын үнү *каргылданып* чыкты. Биз *чарчагычакты* иштедик. Алар *катталганы* келишти.

Жогорку үч сүйлөмдүн ар биринде экиден кыймыл-аракет бар. Биринчи, экинчи, үчүнчү сүйлөмдөгү *чыкты, иштедик, келишти* деген этиштер негизги кыймыл-аракетти, *каргылданып, чарчагычакты, катталганы* деген этиштер кошумча кыймыл-аракетти билдирди.

**184.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү этиштерди катыштырып, сүйлөм түзгүлө. 2) Негизги кыймыл-аракетти жана кошумча

кыймыл-аракетти билдирген этиштерди тапкыла. 3) Кошумча кыймыл-аракетти билдирген этиштерди уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Амандашып көрүштү. Чарчамайынча иштешет. Барганы жүрүшөт. Окумайынча билишпейт. Келгичекти жөнөп кетишти.

### 2-корутунду

Чакчылдар мамиле этиштин мүчөлөрүнөн кийин да уланып, мамилелик маанини да билдирет.

Мисалы,

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Иштеш** (кош мамиле) | *-ып*<br>*-а*<br>*-и*<br>*-ганы (-галы)*<br>*-ганча (-гыча)*<br>*-майынча*<br>*-гычакты* | **Жаздыр** (аркылуу мамиле) | *-ып*<br>*-а*<br>*-й*<br>*-ганы (-галы)*<br>*-ганча (-гыча)*<br>*-майынча*<br>*-гычакты* |

### 3-корутунду

Этиштер жак, чак боюнча өзгөрсө, чакчылдар чакты, жакты көрсөтө албайт, чакты өзүнөн кийинки айтылган негизги этиш билдирет.

Мисалы, Алар жолго *камынып жатышат*. Чүй боорундагы элдер *келип конушту*. Эл бул тууралуу сөз укпай *тарай баштады*. Мунун сырын *укмайынча билбедик*. Айткулу келгиче, *көчүп калдык*. Бишкекти *көргүчөктү келебиз* ж. б.

**185.** Түшүндүрмөлүү көнүгүү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, чакчылдарды тапкыла. 2) Алардын кандай мүчөлөр аркылуу уюшулганын, этиштик белгилерин айтып бергиле. 3) Чакчыл же татаал этиш экенин аныктагыла.

1. Күн кызарып чыкты[4], кызарып батты. 2. Ажар жат бирөөгө сатылганы турат. 3. Жакшы окумайынча келбейм. 4. Жакшы менен дос болсоң, өлгүчөктү коштошот. 5. Балдар кожурашып сүйлөшүп жатышат. 6. Агам келгиче, иштей берем. 7. Жапар келгени чарбабыз оңолду. 8. Биз тыным албай иштедик.

**186.** Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү этиш сөздөргө чакчылдарды уюштурган *-ып, -а, -й, -ганча (-гыча), -майынча, -гычакты* мүчөлөрүн улагыла. 2) Аларды катыштырып, кошумча кыймыл-аракетти билдиргендей мааниде сүйлөм ойлоп жазгыла. 3) Алардагы негизги кыймыл-аракетти тапкыла.

Сура, сүйлө, башта, тегизде, изде, кайтала, кел, кал.

**5*. 187.** Өз алдынча иштөө көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдөн чакчылдардын этишке окшош белгилерин таап, кандай жолдор менен уюшулуп жатканын аныктагыла. 2) Чакчылдардын эрежесин, эмне үчүн этиштин өзгөчө түрү экендигин айтып бергиле. 3) Чакчылдар катышкан татаал этиштерди сөздүн курамына ажыраткыла.

1. Дос күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат. 2. 200дөй жылкыны жайлоого айдап кетип бара жатабыз. 3. Ажарга көп нерселердин улуганы, үргөнү даана угулду. 4. Болгон кепти төкпөй-чачпай айтып бердим. 5. Өз жумушумду аткармайынча, санаам чыдабайт. 6. Айылга жеткиче, сүйлөшүп бардык. 7. Шатыратып күн жааса, жерге жагат дечү эле. 8. Көп болуп жылдыз ай болбойт, көөнү тар адам бай болбойт. 9. Иштөө керек жүгүнүп, басуу керек чалкалап.

### 4-корутунду

Эгерде *-ып, -а (е, -ө, -о), -и* мүчөлөрү уланган чакчылдардан кийин жак, чак мүчөлөр уланып айтылса, нагыз этиш катарында колдонулуп, баяндоочтук милдетти аткарат.

**Мисалы,**

**Жак боюнча**

| I жак | II жак | III жак |
|---|---|---|
| Мен барыпмын<br>Мен барамын<br>Мен окуймун | Сен барыпсың<br>Сен барасың<br>Сен окуйсуң | Ал барыптыр<br>Ал барат<br>Ал окуйт |
| Биз барабыз<br>Биз окуйбуз | Силер барасыңар<br>Силер окуйсуңар | Алар барышат<br>Алар окушат |

**Чак боюнча**

| Учур чак | Келер чак | Өткөн чак |
|---|---|---|
| Мен окуп *отурамын.* | Биз *барып калабыз.* | Айша *келип кеткен.* |
| Абыл *келе жатат.* | Силер *күтүп аларсыңар.* | Киного *бара берчүбүз.* |
| Алар *жазып жатышат.* | Шаардан *окуй алам.* | Ал көп *ойнобой калды* |
| Күн *жаап турат.* | Мен *кайта келем.* | Азыр шаардан *адашпай калгам.* |

**188.** Алган билимди текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Өзүңөр жогорку 4-корутундуну, ага берилген таблицаны пайдаланып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Чакчыл мүчөлөр уланып турган сөздөрдүн эмне үчүн баяндоочтук милдетти аткарып турган себебин түшүндүргүлө. 3) Жак мүчөлөрдү санап бергиле.

## § 46. Чакчыл түрмөк жөнүндө түшүнүк

### 1-корутунду

Чакчыл мүчөлөр *(-ып, -а, (-е, -о, -ө), -й, -ганы, -ганча (-гыча), -майынча)* менен аяктаган, сөз, тизмектери бир нече сөздөрдүн байланыштуу тизмегинен туруп, алар биригип келип, бир гана суроого жооп берген, бир гана сүйлөм мүчөсүнүн (бышыктоочтун) милдетин аткарган сөздөр чакчыл түрмөк деп аталат.

Чакчыл түрмөктөргө *кантип? эмне үчүн? канчага чейин? качантан бери? качан?* деген суроолор берилет.

Мисалы, 1. *Акбаранын соңунан желе-жортуп, Ташчайнар барат.* 2. *Атасынын ооруганын биле коюп, Ысман бөбөктөрүн кучактады.* 3. *Шаарга көчүп келгени, Бейшенин окуусу жакшырды.* 4. *Сабагыман жакшылап окуюн деп, Бейше көп аракеттенди.* 5. *Жакшылап эмгек кылмайынча, жашоо да оңолбойт,*

Жогорку биринчи сүйлөмдөгү *Акбаранын соңунан желе-жортуп* деген сөз тизмеги чакчыл түрмөк *кантип?* деген суроого; экинчи сүйлөмдөгү *атасынын ооруганын биле коюп* деген чакчыл түрмөк *эмне үчүн?* деген; үчүнчү сүйлөмдөгү *шаарга көчүп келгени* деген чакчыл түрмөк *качантан бери?* деген; төртүнчү сүйлөмдөгү *сабагыман жакшылап окуюн* деп деген чакчыл түрмөктөр *эмне үчүн?* деген; бешинчи сүйлөмдөгү *жакшылап эмгек кылмайынча* деген сөз тизмеги *эмнеликтен?* деген суроолорго жооп берип, бышыктоочтун милдетин аткарды.

### 2-корутунду

Чакчыл түрмөктөргө коюлуучу тыныш белгилер төмөндөгүдөй:

1. Сүйлөмдүн башында келсе, өзүнөн кийин үтүр коюлат.

Мисалы, *Таягына сүйөнүп,* Каныбек бийик асканын башында ырдап турат. *Күндөп-түндөп жол жүрүп,* Жеңижок Аксыга келди. *Эч бир балага ыркын кошпой,* Өмүрбек четте

турду. *Алардын ары-бери баскан-турганы, айрымдарынын жөн гана эс алып жатканы,* Ажардын көзүнө элестеди.

2. Сүйлөмдүн ортосуна келсе, эки жагынан үтүр менен ажыратылат.

М и с а л ы, Асаналы, *өзүнүн жолдошунун келе жатканын көрүп,* токтоп калды. Окуучулар, *китепканада отурган агайын көрүшмөйүнчө,* ийилип саламдашпайт эле. *Абылдын, Асандан жаман сөздү укканы,* зээни кейиди.

3. Сүйлөмдүн аягына келсе, өзүнөн мурун үтүр коюлат.

М и с а л ы, Машина айдап келе жаткан ким экен? — деди атасы, *уулуна улам-улам карап.* Окуучуларды класска киргиле деген белги берди, *коңгуроонун чырылдап кагылганы.* Отургандар, бат эле тарап кетишти, *бир жыйынтыкка келип-келбей.*

4. Чакчыл түрмөктөр бир өңчөй болуп да келе берет. Мисалы: *Аккуласын алкынтып, кырк чоросун жулкунтуп,* Манас баатыр келе жаткансыйт. *Мылтыгын асынып, ок-дарысын камдап, үй-бүлөсүн жайлаштырып,* Кожожаш Суречкинин артынан түштү. *Көзүн акырын ачып, Ажарды жалдырап карап,* Батма бир нерсе айтмакчы болду. *Күрсө-күрсө жөтөлүп, Семетейди көтөрүп,* жүргөндүр байкуш Чыйырды.

**189.** Билим алууга киришүү көнүгүүлөрү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, чакчыл түрмөктөрдү тапкыла. 2) Эмне үчүн чакчыл түрмөк экенин далилдегиле.

1. Менин уялганымды билип, Алиман эч нерсени сездирген жок. 2. Казанбактай көмкөрүлүп, бүткүл макулукту кучагына алып, Ай жаркырап чыга келди. 3. Keминден батышты карай чубалып, Керме-Тоо заңкаят. 4. Сага келчү элем го, арман-муңумду айтып, оюмду тең бөлүшүп. 5. Аттарды кошуп, арабаны кайырганча, Жамийла наркы жакта иштеп жатышкан келиндерге чуркап кетиптир. 6. Батыш энелеринен аябай уялып, аларды сыйлачу.

**190.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдөн чакчыл түрмөктөрдү таап, көчүрүп жазгыла. 2) Тиешелүү суроолорун берип, чакчыл түрмөктүн эрежесин айтып бергиле. 3) Чакчыл түрмөктөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

1. Кез-кезде биздикине келип, өткөн-кеткенди кобурашып, Батыш чер жазып кетүүчү эле. 2. Аларга оюмду түшүндүрдүм, менден кетпесин деп, ыраазычылыгымды билдирейин деп. 3. Молдо, Батманын моюнуна тумар тагып, чыныга аят жа-

зып ичирип, бир топ күн жаткан эле. 4. Бир маселе чечпей, жыйналыш тарап кетти. 5. Анын сөзүнө көп түшүнө бербей, өз билгенимди айтып жаттым. 6. Мени көрө сала, Жамийла чукул бурулуп кетти[1]. 7. Согуштагы эрдигин айтып болгончо, Турдугулга эч ким суроо берген жок. 8. Ал шаардан окуганы, жанын жакшы бакканы[2], жоро-жолдошторуна каралашканы жүрөт. 9. Жолдон кезиккен жан болсо, ыйлап жиберип, жалынып-жалбарып, сурубуз качып, экиден сенделип келебиз.

**191.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Чакчылдардын жана чакчыл түрмөктөрдүн эрежесин айтып бергиле. 2) Суроолорду берүү аркылуу бышыктоочтук милдет аткарып турган чакчыл түрмөктөрдү тапкыла жана далилдегиле.

1. Эртеси кабар алып, биз жапырт атка минип, душмандардын жолун тостук. 2. Акын таң атканча кирпик каккан жок, курбу-курдаштарынын аманчылыгын сурап. 3. Китепти көп окумайынча, сабакка жакшылап даярданмайынча, саат бирлерге чейин отура берем. 4. Тору атка эмерегин артып, жөө жетелеп, өзү атты айдап, таягын таянып, кетип бара жаткан Көбөгөн абышка кездешти. 5. Окуянын эмне болуп кеткенин түшүнгөнчө, көп убакыт өттү. 6. Үрпөйө түшүп, энемди тегеректей — баарыбыз үйүлө калдык.

**192.** Окуучулардын алган билимдерин турмушта текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү үлгү боюнча көп чекиттин ордуна чакчылдарды уюштурган мүчөлөрдү таап жазып, алардын чакчыл же чакчыл түрмөк экенин аныктагыла.

Ү л г ү: Уулдуу болгондон тарт.. (тартып, тарта) Амандык ушул Ак-Шыйракта жашап келе жатат.

1. Аба ырайынын суук болгонуна кара... биз алга жүрө бердик. 2. Төө-Ашуунун белине чык... караңгы түшүп калды. 3. Чон арабакечтерди туур... камчыны сүйрө..., жай-баракат бастым. 4. Сени окусун де..., ата-энеңди шарт түзүп бер... мага жагат. 5. Алиман жардам берди, апасынын чарчап келгенин биле коюю...

**193.** Алган билимди текшерүү көнүгүүсү. 1) Өзүңөр чакчыл түрмөктөрдү катыштырып, бир нече сүйлөм ойлоп тапкыла. 2) Баяндоочтук милдет аткарып турган чакчыл түрмөктөрдү ажыраткыла.

**194.** Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, чакчыл түрмөктөрдү тапкыла. 2) Эмне үчүн үтүр коюлуп жаткан себебин түшүндүргүлө, эрежесин айтып бергиле.

1. Суудан кечүүгө[2] даярданып, этегин белине кыстарып, таягын колуна алып, Бектурган суунун маңдайын карады. 2. Ал катуу-катуу сүйлөдү, арабадан ыргып түшүп. 3. Бектурган, эки жагын каранып, ордунан турду. 4. Эки жагын каранып, Бектурган ордунан турду. 5. Бектурган ордунан турду, эки жагын каранып. 6. Оокаттанып алып, анан жөнөбөсөк, азыр кете турган оюбуз жок. 7. Азыр жөнөйбүз, шашпай оокаттанып алып.

**3-корутунду**

1. Чакчыл түрмөктөрдө баш мүчөлөр болбойт, эгер баш мүчөлөр болуп калса, чакчыл түрмөктүк касиетинен толук ажырайт да, татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочторунан болушат.

Мисалы, *Март айы жаңырып, жаз келип, сөөк жукарып, качкындар малдарын сатышып, кыштан аман-эсен чыгышты. Күн чакчайып, чак түш болуп, ысык күчөп, мээ кайнатып турат. Күн бүркөлүп, жамгыр себээлеп, жерди жөө туман каптап, Кожомкулдун айылы көрүнбөйт.*

2. Бир өңчөй чакчыл түрмөк болуш үчүн аларды составында айкындооч мүчөлөрдүн орун алышы негизги шарт.

Мисалы, *Баланы жонуна мингизип алып, артуу-артуу белди ашып, аябай кыйын жол басып, карышкыр жүрүп отурду. Кушту көрүп, сүйүнүп кетип, карышкырдын айткан сөзүн унутуп калып, бала анын боосунан кармады. Сарайга кирип барып, алтын көкүл атты көрүп, эсинен танып кала жаздап, бала карышкырдын сөзүн дагы унутуп койду. Менин сөзүмдү угуп болмоюнча, кептин кызыгын угуп бүтмөйүнчө, карыялар үйлөрүнө тарашкан жок. Шаарга жеткенче, шаар менен таанышкыча, санаабыз сан-га бөлүндү.*

## § 47. Кайталоо (жыйынтыктоо) сабагы

Кайталоо үчүн суроолор жана тапшырмалар:

1. Чакчылдар деп кандай этиштерди айтабыз? Эмне үчүн ал этиштин өзгөчө формасы (түрү) деп аталат?

2. Чакчылдарды кандай мүчөлөр уюштурат, аларды катыштырып, өз алдыңарча оозеки мисал түзгүлө.

3. Чакчылдардын тактоочко жана этишке окшош белгилерин аныктагыла.

4. Чакчылдардын синтаксистик кызматын аткарып турган сүйлөмдөргө мисал келтиргиле.

5. Сүйлөмдүн тутумундагы чакчылдар менен негизги этиштердин айырмасын түшүндүргүлө.

6. Чакчыл түрмөктөрдүн эрежесин айтып бергиле, оозеки мисал келтиргиле.

7. Чакчыл түрмөктөрдүн синтаксистик кызматын аныктагыла, тыныш белгилерин мисалдар менен далилдегиле.

**5*. 195.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, чакчылдарды тапкыла. 2) Чакчылдын тактоочтук жана этиштик белгилерин аныктагыла. 3) Негизги кыймыл-аракетти жана кошумча кыймыл-аракетти билдирген этиштерди түшүндүргүлө.

1. Гүлсары элире жүрүп кетти[4]. 2. Танабай көпкө ойлонуп отурду. 3. Батманын айылы Ак-Өгүздү аша качышты. 4. Аман калган эл жөө-жалаңдап жөнөштү. 5. Айганыш шашылыбыраак сүйлөп жатты. 6. Ал кабар бергиче келди. 7. Танабай жоргого укурук салып, өзү айылга коштой жөнөдү. 8. Качкындар жете келишти. 9. Күн бүркөлүп, жааганы турат. 10. Мусулманкул тоо таянып чегинди.

**196.** Окуучулардын алган билиминин тереңдигин текшерүү көнүгүүсү. 1) Өзүңөр уңгу түрдө турган этиш сөздөргө *-ып, -а, -е, -и, -ганча, -ганы, -майынча, -гычакты* мүчөлөрүн улап, ар бирине 2ден сүйлөм көчүрүп жазгыла. 2) Эмне үчүн чакчыл экенин аныктагыла.

**197.** Алган билимди эске түшүрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, чакчылдарды тапкыла. 2) Алардын тактоочтук жана чакчылдык белгилерин аныктагыла. 3) Айырмасын түшүндүргүлө.

1. Ал бирде канторго барып, бирде машиналарга барып, жаны тынбай жүгүрүп жүргөн. 2. Кийинки жааган кар көпкө жатып калды, жылкылар болсо, кар тээп, оттогону кирди. 3. Бейшегүл гана кечигибирээк келип, ата-энелер кубанып кайтышты. 4. Кыйкырганы бел ашпай, үн кыскарган замана. 5. Тырышып жакшы окумайынча, эстүү, баштуу боло албайсыңар. 6. Жапар болбой жатып, аны чакыртып алган.

**198.** Алган билимди өз алдынча бышыктоо, кайталоо мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, чакчылдарды жана чакчыл түрмөктөрдү тапкыла. 2) Эмне үчүн алар чакчылдар жана чакчыл түрмөк экенин түшүндүргүлө. 3) Мугалимдин тандоосу боюнча айрым чакчылдарды, чакчыл түрмөктөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

1. Эгин айдап, мал багып, эми оокат кылыңар. Тамды салып, бак тигип, тамашаны куруңар. 2. Күн жаңырып тийген-

дей, күлгөнү кызык баланын. 3. Жүгү артылган төөнү жетелеп, Торгой көчүп кетти. 4. Сексенге жашым келгенче, калемим курчуп, тына элек. 5. Сарайдай үйгө олтуруп, дасторконду жайдырып[2], кызыл чайды куйдуруп коюп, Бектургандын жыргап отурган чагы. 6. Ана-мына дегиче, ачып көздү жумганча, Элемандын Эр Төштүк, жер үстүнө чыкты эми.

**199.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү чакчылдар менен чакчыл түрмөктөргө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

1. Бозбармактын талаасын каптап, жер-сууну[6] бербей, солдаттар бизди көздөй келе жатышат. 2. Кубанычын бөлүшүп, жолдошторуна айтмайынча, анын көңүлү такыр тынбайт. 3. Жалгызың бүгүндөн баштап, бөтөн журттун бирөөнө башы байланганы, ага сатылганы жатат.

### Чакчылдарды жана чакчыл түрмөктөрдү морфологиялык жактан талдоонун тартиби

#### Оозеки талдоонун үлгүсү

**Жер томсоруп гана турат.**

**Томсоруп** – чакчыл, этиш, уңгусу — *томсор*, буйрук ыңгай, мүчөсү *-ып*. *Турат* деген негизги этиштин кошумча кыймыл-аракетин билдирди.

**Бармайынча** — чакчыл, унгусу — *бар*, буйрук ыңгай, мүчөсү *-майынча* — чакчылды уюштуруучу мүчө.

**Алганча** — чакчыл, уңгусу — *ал*, буйрук ыңгай, мүчөсү *-ганча* — чакчылды уюштуруучу мүчө.

#### Жазуу жүзүндөгү талдоонун үлгүсү

Томсоруп, бармайынча, алганча **же**
Томсоруп//, бар//майынча, ал//ганча.

**Жаман керкисин белине кыстарып алып, Козубек эртең менен кеткен.**

Бул сүйлөмдөгү **жаман керкисин белине кыстарып алып** деген чакчыл түрмөк *кантип?* деген суроого жооп берди, жайылма бышыктоочтун милдетин аткарды. Чакчыл түрмөктөрдөн кийин үтүр белгиси коюлду.

*Кымбаттуу, окуучулар! Чакчылдар жана чакчыл түрмөктөр боюнча жат жазууга даярдангыла.*

**Үйгө тапшырма.** Чакчылдарды катыштырып, «Жаратылышты коргойбуз» деген темада чакан дил баян жазып келгиле.

## § 48. Кыймыл атоочтор

### 1-корутунду

Кыймыл-аракеттин, ал-абалдын атын билдирип, жөндөмө, таандык, көптүк (-лар) мүчөлөрү менен өзгөргөн, өзүнө тиешелүү мүчөлөр аркылуу жасалып, этиштик жана зат атоочтук касиетке ээ болгон, сүйлөм ичинде көбүнчө ээлик, толуктоочтук, кээде аныктоочтук, бышыктоочтук милдет аткарган этиштин өзгөчө формасы (түрү) **кыймыл атооч** деп аталат.

### 2-корутунду

Кыймыл атоочтор төмөндөгүдөй мүчөлөр аркылуу жасалат:

| Мүчөлөр | Мисалдар |
|---|---|
| *-оо, -өө* | *иштөө, ойлоо, баштоо, жасоо, баалоо, сүйлөө, жазалоо, айыптоо ж. б.* |
| *-уу, -үү* | *келүү, кетүү, киришүү, куруу, баруу, көчүрүү, өчүрүү, чечүү, ашыруу ж. б.* |
| *-ыш (-иш, -уш, -үш), -ш* | *жазыш (кат), бериш (сөз), ырдаш (ыр), иштеш (иш), сүйлөш (сөз) ж. б.* |
| *-мак (-мек -мок, -мөк)* | *көрмөк, келмек, бармак, сүйлөмөк, окумак, ойномок, көрсөтмөк, жолукмак, айтмак ж. б.* |
| *-май (-мей, -мой, -мөй)* | *окумай, көрмөй, бармай, келмей, ойномой, иштемей, жазмай, ырдамай, сүйлөмөй ж. б.* |

**200.** Алган билимди өздөштүрүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Өзүңөр төмөнкү үлгү боюнча этиш сөздөргө жогорку кыймыл атоочту уюштуруучу мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла. 2) Кыймыл атоочту жасоочу мүчөлөрдү үйрөнгүлө. 3) Кыймыл атоочторду уңгу, мүчөгө ажыраткыла. 4) Эмне үчүн кыймыл атооч этиштин өзгөчө формасы (түрү) экенин далилдегиле.

Жаз, иште, кел, сүйлө, ойно, бер, бар.

Ү л г ү: кур, куруу, куруш, курмак, курмай.

**201.** Өз алдынча иштөө көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, кыймыл атоочторду тандап, көчүрүп жазгыла. 2) Алардын кандай суроолорго жооп берип тургандын, кандай мүчөлөр аркылуу уюшулганын айтып бергиле?

1. Гүлсары суу ичмекке кетенчиктеп, катардан чыкмакка аракеттенди[2]. 2. Найза саймак эрдиктен, ат жоорутмак тердиктен. 3. Айгүлдүн жүрүш-турушу токтоо. 4. Жол тосууга Дарыяхан кетти. 5. Чачты сылап коюп, биринчи курска барып отуруп калмай. 6. Ат арытмак арзан, журт арытмак кымбат.

**202.** Алган билимди бышыктоо жана бекемдөө көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдөн кыймыл атоочторду тапкыла. 2) Кыймыл атоочтун эрежесин айтып бергиле. 3) Кандай мүчөлөр аркылуу уюшулуп жатканын далилдегиле.

1. Болуштукту талашуу[1] элди бузат, 2. Илим үчүн күрөшүү келечек үчүн күрөшүү болот. 3. Турмушту түшүнүү, дүйнөнү таануу коомдук өнүгүштү алга жылдыруу дегендикке жатат. 4. Эгин айдоо байлык айдоого барабар. 5. Чака чапмай, тыйын эңмей, көк бөрү тартмай, жаа тартмай, селкинчек тепмей оюндары башталды. 6. Мактоо жеткирет, чагым өлтүрөт. 7. Айтыш оңой, иштеш кыйын. 8. Бирин-бири сыйлашмак, кошунанын белгиси. 9. Айтмак арзан, иштемек кыйын.

## § 49. Кыймыл атоочтун зат атоочко окшош белгилери

### 1-корутунду

Зат атооч заттардын, буюмдардын ж. б. аттарын билдирип, *ким? эмне? кимдер? эмнелер?* деген суроолорго жооп берсе, кыймыл атооч кыймыл-аракеттин, ал-абалдын атын билдирип, *эмне? эмнеге?* деген зат атоочтун суроосуна жооп берет.

Мисалы, Жакшы иштөөгө *(эмнеге?)* үйрөндүк. Алмактын бермеги *(эмнеси?)* бар. Билим алуу *(эмне?)* ийне менен кудук казгандай. Анын сөз баштамагы *(эмнеси?)* кыйын болду. Жардам беришке *(эмнеге?)* биз даярбыз. Келе жатышкан Каныбектер бизди көрмөксөнгө *(эмнеге?)* салышты.

**203.** Алган билимди бышыктоо мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, кыймыл атоочту тапкыла. 2) Мүчөлөрүн аныктагыла. 3) Кандай суроого жооп берерин айтып бергиле? 4) Эмне үчүн зат атоочко окшошуп жатканын түшүндүргүлө?

1. Жылдыздуу көз карашы, токтоо жүрүш-турушу менен эл арасына алымдуу болуп кетти. 2. Эки тараптын ортосунда

пикир алышуу, баарлашуу башталды. 3. Ал иретке Айткулуну чыгармак болду, Айткулу андан калмак болуп, айыл манабы Сагындын алдына барды. 4. Малдан ажырап, шордуу кедейлер жөө кайда, кимге барышмак. 5. Козубек отун алып келишке нечак эле кеткен. 6. Ажар чыйралды, ал качмай болду, бирок алы кетти.

### 2-корутунду

Кыймыл атоочтор чак жана жак мүчөлөр менен өзгөрбөйт. Ошондуктан аларга жакчыл таандык, жөндөмө жана көптүк *-лар* мүчөлөрү улана берет.

| Көптүк *-лар* | Жакчыл таандык | Жөндөмө мүчөлөр |
|---|---|---|
| *Билдирүүлөр жасалды. Окумайлар көбөйдү. Жазылуулар токтолду. Байкоолор күчөдү. Билмек көп. Айтыштар башталды.* | *Келмегим, келмегиң келмеги. Окушум, окушуң, окушу. Иштөөм, иштөөң, иштөөсү. Окумайым, окумайың, окумайы. Баруум, барууң, баруусу* | *Окушка тоскоолдук жок. Баруумдун себеби да ушул. Жол жүрүүдөн чарчадык. Иштөөнү унуткан жокпуз. Алардын келишин күттүм.* |

**204.** Алган билимди турмушта текшерип көрүү көнүгүүсү.

1. Көпчүлүк менен иштөө, көпчүлүктүн талабын аткаруу, көпчүлүккө коюлган талапты орундатуу — эң татаал жумуш. 2. Петя кыргыз тилин үйрөнмөккө Байыш менен дос болду. 3. Анын сабактан кечикмей адаты калды. 4. Айша шаарда калмак (калмай) болду[4]. 5. Максимди жыгач усталыкка үйрөтүш мастерге кыйын.

**205.** Алган билимди чыңдоо, бышыктоо мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Сүйлөмдөрдөн *-ш (-уш, -үш, -иш), -мак, -май, -оо, -уу, -үү* мүчөлөрү уланган кыймыл атоочторду көчүрүп жазгыла. 2) Алардын эмне үчүн кыймыл атооч экенин түшүндүргүлө. 3) Эмне себептен зат атоочко окшошуп жатканын суроо берүү аркылуу айтып бергиле.

1. Кымбаттуу ата! Мага шаардан окуш өтө эле кыйын болду. 2. Ысмайылдын согуштан качып келгенин Сейде билмек-

сенге, көрмөксөнгө[2] салчу. 3. Танабайдын короону аралап көрмөй, санаасын тындырмай адаты бар. 4. Менин бүгүн районго баруума каршы эмессизби? 5. Сабитахундун негизги оюу Ажарды өзүнө алууда. 6. Качкындардын күн өткөн сайын жашоосу кыйындады.

**206.** Алган билимди өз алдынча бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү үлгү боюнча кыймыл атоочко жөндөмө, таандык (*-ым, -ын, -ы*) жана көптүк (*-лар*) мүчөлөрдү улагыла. 2) Кыймыл атоочтун зат атоочко окшош белгилерин айтып бергиле. 3) Жогорку мүчөлөр уланган кыймыл атоочторду кошуп, оозеки сүйлөм түзгүлө.

Иштөө, куруу, жүрүш, бермек, бармай.

Ү л г ү: жашоонун, жашоого, жашоом, жашооң, жашоолор.

### 3 - к о р у т у н д у

*-мак* мүчөсү кыймыл атоочту да, максат (ниет) ыңгайды да уюштура берет. Бирок буларды төмөндөгүдөй айырмалоого болот.

1. Эгерде *-мак* мүчөсү уланган сөздөр этиш сыяктуу чак, жак мүчөлөрү менен өзгөрбөй, жөндөмө, аз да болсо таандык мүчөлөр менен өзгөрүп, заттык мааниде колдонулса, сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарса, кыймыл атоочтук мааниде колдонулат.

М и с а л ы,

| Жөндөлөт | Таандык мүчө (*-ы*) менен өзгөрөт | *-мак бар, жок, түгүл, тургай, турсун* деген сөздөр менен айкашат |
|---|---|---|
| *Алмактын* бермеги бар, *чыкмактын* түшмөгү бар.<br>Атайын жоого *бармакка*, эр Алмамбет камданды.<br>Кожонун коюп астына, *жазгырмакты* ойлоду. | *Келмеги* арзан, *кетмеги* кымбат.<br>*Төрөмөгү* оңой, *чоңойтмогу* кыйын.<br>Эмгеги аздын *өнмөгү* аз.<br>Ийнесиз *тикмеги* кыйын.<br>Ат *минмеги* арзан, *айдамагы* азап. | Жакшы *жүрмөк* бар, жакшы *өлмөк* жок.<br>Баш *кесмек* бар, тил *кесмек* жок.<br>Кел *демек бар*, кет *демек* жок.<br>*Келмек* турсун кат жазганга жараган жок.<br>Эмгек кылсаң, *өнмөк* бар. |

2. Эгерде *-мак* мүчөсү уланган сөздөр жак мүчөлөр менен өзгөрсө, этиштин суроолоруна жооп берсе, максат (ниет) ыңгайдын маанисинде колдонулат.

М и с а л ы, келмек + мин келмек + сиң, келмек + сиз, алмак + мын, алмак + сың, алмак + сыз ж. б.

Ал шаарга *бармак*, кайра *келмек*, соода-сатык иштерин жүргүзө *бермек*. Айткулу *калмак* болуп, Сагындын алдына барды. Биз ынтымактуу болсок, аларды алып *коймокпуз*. Сен буларды кимден, кайдан *алмаксың?*

Максат (ниет) ыңгайды уюштурган *-мак* мүчөсүнөн кийин *эмес, бол, эле, экен* деген көмөкчү этиштер менен айкашат. *Келмек эмес, бармак болду, жазмак эле, окумак экен* ж. б.

## § 50. Кыймыл атоочтун этишке окшош белгилери

### 1-корутунду

Кыймыл атоочтордо этишке мүнөздүү болгон кыймыл-аракеттик маани сакталат. М и с а л ы, Сайма саюу – чоң өнөр. Ага сөз айтыш[3] кыйын. Улуудан уялыш, кичүүдөн иймениш жакшы. Жан сактамай оңой, адам болмок кыйын. Биздин милдет – элге туура түшүндүрүү. Олтуруш көпкө созулду.

### 2-корутунду

Кыймыл атоочтун атоочтук белгилерине караганда этиштик белгилери басымдуулук кылат. Ошондуктан кыймыл атоочтун мүчөлөрү мамиле этиштин мүчөлөрүнөн кийин улана берет. Кыймыл атооч кайсы мамиле этиштен жасалса, ошол мамиленин мааниси сакталат.

М и с а л ы,

| Мамиле этиштер | Кыймыл атоочтор |
|---|---|
| **Негизги мамиле:** *кел* | *келүү, келмек, келмей, келиш* |
| **Кош мамиле:** **-ыш** – *иштеш* | *иштешүү, иштешмек, иштешмей* |
| **Өздүк мамиле:** **-ын(-н)** – *жуун* | *жуунмак, жуунуу, жуунмай* |
| **Туюк мамиле:** **-ыл(-л)** – *жазыл* | *жазылмай, жазылуу, жазылыш, жазылмак* |

| | |
|---|---|
| **Аркылуу мамиле**<br>***-дыр*** *– билдир*<br>***-ыз*** *– тамыз*<br><br>***-каз*** *– атказ*<br>***-ар*** *– чыгар*<br>***-ыт*** *– коркут* | *билдирүү, билдирмей, билдирмек*<br>*тамызмак, тамызуу, тамыз-май*<br>*атказмай, атказмак, атказуу*<br>*чыгаруу, чыгармак, чыгармай*<br>*коркутуу, коркутмак, коркут-май ж. б.* |

### 3-корутунду

*-оо, -уу -ыш, -мак* мүчөлөрү уланган сөздөр дайыма эле кыймыл атоочту уюштура бербейт, алар кээде заттык, сын-сыпаттык мааниде колдонулат: *окуу, жазуу, батыш, чыгыш, суроо, тааныш, күрөш, уруш, чабыш, өрмөк, оймок* ж. б. М и с а л ы, *Жазуу* адам баласынын турмушунда чоң роль ойнойт.

*Окуу* эрте башталат. *Тааныш* кишилер келишти. *Күрөш* көпкө созулду. Балдар *табышмак* айтышты. Мен *алыш-бериш* жасадым. Энем *өрмөк* согуп олтурат.

**207.** Окуучулардын алган билимин бышыктоо жана бекемдөө мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Сүйлөмдөрдөн кыймыл атоочту тапкыла. 2) Анын этиштик белгилерин түшүндүргүлө. 3) Кайсы мүчөлөр кыймыл атоочту уюштурарын айтып бергиле.

1. Жаа тартмай, тыйын эңмей, жамбы атмай эми башталат. 2. Эмгеги аздын өнмөгү аз. 3. Эрден ашмак бар, элден ашмак жок. 4. Бийиктиктен секирүү — чыныгы чеберчилик. 5. Эл алдында сөз сүйлөш оңой эмес. 6. Адам өзүнүн жүрүш-турушун туура сактап жүрүү керек.

**208.** Мугалимдин ар түрдүү тапшырмаларын жана суроолорун аткаруу көнүгүүсү.

Сылык сүйлөө — маданияттуулуктун белгиси. Ошондуктан сүйлөгөндө кебибизге кылдаттык менен мамиле кылышыбыз керек. «Кандай сүйлөмөк элем, боло берет», — деген пикирди такыр колдобоо керек, анткени угуучу адамга чоң таасир берет. Окуучулардын бири-бирине жаман ат коюшу өтө одоно жана маданиятсыз иш. Мындай адаттан баш тартуу — биздин милдет. «Сен так сүйлөбөй, жаңылышып жатасың»,— деген сыяктуу сылык сөз менен түзөтүш керек. Бири-бирине маданияттуу[6] мамиле кылыш сыйлоо дегендикке жатат.

Окуучулар чоң кишилерге, жолдошторуна кайрылып, керектүү нерсени туура сурап алууга үйрөнүүсү зарыл.

**209.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдөн *-ыш, -оо, -уу, -мак, -май* деген мүчөлөр уланып турган кыймыл атоочторду таап, көчүрүп жазгыла. 2) Эмне үчүн кыймыл атооч экенин аныктагыла. 3) Суроолорун берип, этиштен болгон айырмачылыгын түшүндүргүлө.

1. Жаман болуу бир паста, жакшы болуу аста-аста. 2. Ат арытмак — арзан, журт арытмак — кымбат. 3. Алтынды билиш оңой, адамды билиш кыйын. 4. Аарынын уусу дарылоо касиетине ээ. 5. Анын ушундай калп айтмай адаты бар. 6. Эмгектенүү ар бир адамды бакытка жеткирет.

**210.** Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Өзүңөр жогорку таблицадагы этиштин мисалдарын катыштырып, мисал ойлоп таап, ага кыймыл атоочтун мүчөлөрүн улагыла. 2) Эмне үчүн кыймыл атоочтордо этиштик белгилер басымдуулук кыларын далилдегиле. 3) Кыймыл атоочтун зат атоочко окшош белгилерин түшүндүргүлө.

**211.** Проблемалык-изденүү көнүгүүсү. *-оо, -уу, -ыш, -мак* мүчөлөрү уланган сөздөр качан кыймыл атоочтук, качан заттык, сын-сыпаттык мааниде колдонуларын оозеки далилдеп, мисалдар келтиргиле.

### 4-корутунду

*-ыш* мүчөсү уланган этиштер дайыма эле кыймыл атоочту уюштура бербейт.

1. Эгерде *-ыш* мүчөсү уланган этиштер кыймыл-аракеттин бир нече адам тарабынан аткарылгандыгын билдирип, этиштин суроолоруна жооп берсе, кош мамиле этишти уюштурат.

Мисалы, Алар сууну кечип *чыгышты, өйдө бурулушту.* Келин-кесектер бирин-бири *түртүшүп, кубүрөшүп, жымыңдашып* күлүштү.

2. Эгер *-ыш* мүчөсү уланган этиштер кыймыл-аракеттин атын билдирсе, кыймыл атооч болот да, *эмне?* деген суроолорго жооп берет.

Мисалы, Күүгүмдөгү улак *тартыш, ат чабыш,* оюндун кумарына *каныш* кандай кызык.

## § 51. Кыймыл атоочтун синтаксистик кызматы

### Корутунду

Кыймыл атоочтор сүйлөм ичинде ээлик, толуктоочтук, кээде аныктоочтук, бышыктоочтук милдет аткарат.

Мисалы, Эр-азаматтар жоо менен *беттешүүгө (кайда?)* аттанышты. Эгин-тегиндерин жыйнаштырууга (эмнеге?) киришишти (максат бышыктооч). Өткөндөгү окуядан *кеп салууну (эмнени?)* жакшы көрөт. Шашып *иштөөнү (эмнени?)* каалаган эмес. Инисинин *жүдөшүн (эмнесин?)* агасы адегенде жол тартып келгендики чыгар деп ойлоду *(толуктооч). Тартыштар (эмнелер?)* башталды. Колдогу бирин-эки чолокторубузга ээ кылбай, ылоого минип *кетиш (эмне?)* көбөйдү. Бул өзөндү *сүрөттөмөк* кыйын. Тоолуу-таштуу жерлерде эчки *кайтаруу (эмне?)* азап. Ээрде *олтуруш (эмнеси? —* ээ) кыт куйгандай бекем.

**212.** Түшүндүрмөлүү көнүгүү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдөн кыймыл атоочторду тапкыла. 2) Эмне үчүн кыймыл атооч экенин түшүндүргүлө. 3) Уланган мүчөлөрүн ажыраткыла. 4) Сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарып тургандыгын аныктагыла, суроолорун бергиле.

1. Жапарга ата-энесинин кайда турарын билүү кыйын болду. 2. Көпчүлүк эл ушул аттамактан өтүшөт. 3. Анын ушундай келбей калмай адаты бар. 4. Биз бүгүн кеч кайтмай болдук. 5. Менин окушумду көргөндөр ыракмат гана айтышар. 6. Спорт менен машыгуу, көнүгүү – ден соолуктун негизи. 7. Билим алуу оңой-олтоң иш эмес да.

**213.** Алган билимди толуктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, *-ыш* мүчөсү уланган сөздөрдү тапкыла. 2) Аларга суроо берүү аркылуу этиш же кыймыл атооч экенин аныктагыла. 3) Синтаксистик кызматын айтып бергиле.

1. Ишти аткарышты[4]. 2. Окутуш менин милдетим. 3. Алар жакшы окуп жатышат. 4. Окуш, жардамдашыш мага кыйын эмес. 5. Талаш-тартыштын пайдасы жок. 6. Дурус окушу мүмкүн. 7. Окуштун да окушу бар.

**214.** 1) Төмөнкү кыймыл атоочторду катыштырып, сүйлөм түзгүлө. 2) Алар ээлик, толуктоочтук, аныктоочтук, бышыктоочтук милдетти аткарып тургандай болсун. 3) Кыймыл атоочтун эрежесин айтып бергиле. Сүйлөшүү, сырдаш, окумаксан, ырдоо, бармай алыш-бериш ж. б. 4) Төмөнкү сүйлөмдөрдөн *-мак* мүчөсү уланган сөздөрдү таап, алардын кыймыл

атооч же максат (ниет) ыңгай экенин далилдегиле, сүйлөм мүчөлөрүнө ажыраткыла.

1. Ысык күндө муздак суу ичмек кайда. Беккул экөөбүз шаарга бармакпыз. Түн киргиче шаардын көп жерин кыдырып чыкмак болдук. Шаарга киргенде бөлүнүп кетмек элек. Болжошкон жерден жолугушмакпыз.

2. Баланын тосмо таштардан секирип өтмөгү, зыпылдап жөнөмөгү кыйын болду. Келмек турсун дайыны да жок. Китеп жазмак кыйын, чыгармагы оңой.

## § 52. Өтүлгөн материалдарды кайталоо (жалпылоо) сабагы

Кайталоо үчүн окуучуларга берилүүчү суроолор жана тапшырмалар:

1. Кыймыл атоочтун эрежесин айтып бергиле.

2. Эмне үчүн кыймыл атооч этиштин өзгөчө түрү экенин далилдеп түшүндүргүлө.

3. Кыймыл атоочту жасоочу мүчөлөрдү санап, ар бирине мисалдар келтиргиле.

4. Кыймыл атоочтун этиштик жана зат атоочтук белгилерин түшүндүрүп, мисалдар менен далилдегиле.

5. Кыймыл атоочтун синтаксистик кызматын айтып бергиле, оозеки мисалдар келтиргиле.

**215.** Ар түрдүү суроолорду жана тапшырмаларды аткаруу көнүгүүсү.

1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, кыймыл атоочторду тапкыла.

2) Кандай мүчөлөрдүн жардамы аркылуу уюшулуп жатканын аныктагыла.

1. Кайталоо — окуунун энеси. 2. Баруу-барбоо менин милдетим. 3. Менин байкоомо караганда ал жакшы иштейт көрүнөт. 4. Кетмен чапмак алмак-салмак, кош айдамак бармак-келмек. 5. Бармак басты, көз кысты. 6. Бири-бирибизге жардамдашуу салт болуп калган. 7. Султанмураттын маймылы да болмок, гезит окуган тоту кушу да болмок. 8. Окуш үчүн шаарга келип отурам да. 9. Аңдышуу айыл эмес, эсептешүү дос эмес. 10. Шумкар учушунан, жигит жүрүш-турушунан таанылат. 11. Айша токтоо, көп иштөөгө тырышкан кыз.

**216.** Өтүлгөн материалдарды кайталоо, бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, кыймыл атоочторду тапкыла. 2) Уңгу, мүчөсүн ажыраткыла. 3) Эмне үчүн кыймыл атооч этиштин өзгөчө түрү экендигин далилдегиле.

1. Акылсыз менен табышуу абдан кыйын. 2. Анын дайыма кечикмей адаты азыр калды. 3. Сабактан жакшы окумакка убадасын берди. 4. Шахмат ойноого да убакыт табуу керек. 5. Эс алууну ойлогон командир ары-бери басып турду. 6. Жамийла жарашыктуу кийинүүнү, тырмактарын боёнууну, киного көп барууну жактырчу. 7. Бул оор ишке белсенип иштемек болдум. 8. Сабактан жакшы окуу — биздин негизги милдетибиз.

**217.** Алган билимди тереңдетүү, бышыктоо үчүн жекече иштөө көнүгүүсү. 1) Өзүңөр этиш сөздөргө кыймыл атоочтун *-ыш, -оо, -уу, -мак, -май, -максан* мүчөлөрүн улап, көчүрүп жазгыла. 2) Кыймыл атоочтун эрежесин түшүндүргүлө. 3) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, кыймыл атоочторго комментарий жүргүзгүлө.

1. Душмандын танкаларын[6] толук саноого жана күчтөрүн айкындоого уруксат бериңиз, — деди Ашырбай Коёнкөзов. 2. Ошентип, Ашырбай чалгынга бармай болду. 3. Ашырбайдын кубанарлык өмүр жолу менен таанышуу, билүү, үйрөнүү бизге абдан кызык болор эле. 4. Өз каалоосу боюнча «Өрнөк» колхозуна бармак. 5. Өз колуңда болбосо, оңойбу оокат табылмак. 6. Курманов бир нерсе айтмакчы болгондо, эшик кагылды.

**218.** Тапшырмаларды коллективдүү аткаруу көнүгүүлөрү. Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, чакчылдарды, атоочтуктарды, кыймыл атоочторду тапкыла. 2) Кыймыл атоочтордун кандай мүчөлөрдүн жардамы менен жасаларын, кайсы учурда этиштик мааниде, кайсы учурда зат атоочтук мааниде колдонуларын түшүндүргүлө.

1. Менин минтип келгеним, өткөндү эскергеним жакшы. 2. 1918-жылы чөптүн тамырын аңдыгам, жесем тамак болор бекен дегем. 3. Мени классташтарым эң жакшы окуганым үчүн жакшы көрүүчү. 4. Ал бүгүн эрте келмек, Москвага жөнөмөк болчу. 5. Жакшы окуп, орто мектепти ийгиликтүү бүтүрүүгө аракеттенемин[2], 6. Эртеси Чолпон-Атага[6] келгиче, Москвага барып келгенимди айтып бергиче, абдан шашылдым. 7. Мен бактылуу доордун ырыстуу[1] кишиси болуп калдым. 8. Бул сыйды актоо үчүн жан-дилим менен иштемей адатым бар. 9. Билим алуу — ийне менен кудук казгандай.

**219.** Жаңы билимди эске түшүрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү этиш сөздөргө чакчылдардын, атоочтуктардын, кыймыл атоочтордун мүчөлөрүн улап, көчүрүп жазгыла. 2) Чакчылдарды, атоочтуктарды, кыймыл атоочторду

кандай мүчөлөр уюштурарын түшүндүргүлө. 3) Алардын сүйлөмдөгү синтаксистик кызматын айтып бергиле.

Айт, оку, бер, кооздо, ойлон, жазып бер.

*Кымбаттуу окуучулар! Этиштин өзгөчө формалары боюнча жат жазууга даярдангыла!*

### КЫЙМЫЛ АТООЧТУ МОРФОЛОГИЯЛЫК ЖАКТАН ТАЛДООНУН ҮЛГҮСҮ

#### Оозеки талдоо

**Келүүгө** – кыймыл атооч, уңгусу – *кел*, мүчөлөрү *-үү, -гө, -үү* – кыймыл атоочту жасоочу мүчө, *-га* – барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү, зат атоочтук маанидеги кыймыл атооч.

**Кечикмей** – уңгусу – *кеч*, мүчөлөрү *-ык, -май*; *-ык* – этишти жасоочу мүчө, *кеч* деген тактоочтон жасалды, *-май* – кыймыл атоочту жасоочу мүчө.

**Кат жазыш** – менин милдетим. *Жазыш* – кыймыл атооч, уңгусу *жаз*, мүчөсү *-ыш* – кыймыл атоочту жасоочу мүчө, заттык мааниде.

#### Жазуу жүзүндөгү талдоо

келүүгө, кечикмей, жазыш, бармаксан **же**
ке//лүү//гө, кеч//ик//мей, жаз//ыш, бар//максан ж. б.

**Үйгө тапшырма.** Үйүңөрдөн кыймыл атоочту катыштырып, өзүңөр каалаган темада баяндама же дил баян жазып келгиле.

## § 53. Кызматчы сөздөр

#### 1-корутунду

Кыргыз тилиндеги кээ бир сөздөр өз алдынча турганда лексикалык бир мааниге ээ болсо, айрымдары лексикалык мааниге ээ боло албайт. Ошого жараша кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрү маани берүүчү (зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, тактооч, этиш) жана маани бербөөчү (кызматчы сөздөр) сөз түркүмдөрү, сырдык сөздөр, тууранды сөздөр өзгөчө сөз түркүмү деп аталат, себеби ал маани берүүчү, же маани бербөөчү (кызматчы) сөз түркүмдөрүнө

кирбейт. Өз алдынча турганда эч кандай лексикалык маанини билдирбеген, сүйлөмдөгү сөздөр менен бирге айтылып, тиешелүү болуп турган сөзгө кошумча маани берген, сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырып турган сөздөр **кызматчы сөздөр** деп аталат.

Булар маани берүүчү сөз түркүмдөрүнөн айырмаланып, өз алдынча турганда сүйлөм мүчөсүнүн милдетин да аткара алышпайт.

## 2-корутунду

Берген маанилерине карай кызматчы сөздөр төрткө бөлүнөт:

| Кызматчы сөздөр | Мисалы |
|---|---|
| 1. ***Жандоочтор*** | ***аркылуу, сайын, сыяктуу, шекилдүү, тууралуу, жөнүндө, боюнча, бою, үчүн, менен, дейре, чейин, кийин, карай, карата, караганда, сымак, сөрөй, соң, көздөй, жараша, мурун ж. б.*** |
| 2. ***Байламталар*** | ***жана, менен, да, а, ал эми, анткени, себеби, же, бирок, бирок да, ошентсе да, ошенткени менен, болбосо, же болбосо, ошондой болсо да, жана да, эгер (эгерде), не, мейли, ары (нары), андай болсо да ж. б.*** |
| 3. ***Бөлүкчөлөр*** | ***гана, эле, эң, өтө, абдан, аябай, аябагандай, да, дагы, деле, так, как, нак, ооба, эч, турсун, турмак, түгүл, ыя, и, ээ, куду, кадим, го ж. б.*** |
| 4. ***Модаль сөздөр*** | ***албетте, арийне, чындыгында, чынында, ырас, сөзсүз, шексиз, балким, чамасы, болжолу, сыягы, мүмкүн, керек, тийиш, имиш, ыктымал, көрүнөт, чыгар, окшойт, өңдөнөт, кана ж. б.*** |

## § 54. Жандоочтор

**220.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү. 1) Жогорку таблицаны окуп чыгып, жандоочко кандай сөздөр кирерин өз алдыңарча үйрөнгүлө. 2) Айрым жандоочторду катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө.

### Корутунду

Өз алдынча турганда лексикалык бир маанини билдире албаган, сүйлөмдөгү сөздөрдү өз ара байланыштыруу үчүн кызмат кылган же аларга кошумча маани берген кызматчы сөздөр **жандоочтор** деп аталат.

Мисалы, Асан шаарды *карай* кетти. Алым *менен* келдим. Бул сүйлөмдөгү жандоочтор *карай, менен. Шаар* деген зат атоочтун табыш жөндөмөсүндө турушу *карай* деген жандоочко байланыштуу, анын табыш жөндөмөдө турушун *карай* деген жандооч байланыштырып турат.

Экинчи сүйлөмдө *Алым* деген сөздүн атооч жөндөмөдө турушун кийинки айтылган *менен* деген жандооч талап кылып турат.

Эгерде бул сүйлөмдөрдөгү *карай, менен* деген жандоочторду алып салсак, *Асан шаарды кетти, Алым келдим* болуп, байланышсыз, түшүнүксүз айтылар эле. Кай жакка? (кайда?) кетти? *Шаарды карай* (кетти). *Ким менен* келдиң? *Алым менен* (келдим) деген гана туура, байланыштуу айтылат.

Бул сүйлөмдөрдөгү *карай, менен* деген жандоочтор гана өзүлөрүнөн мурунку атооч сөздөрдү *(шаар, Асан) кет(ти), кел(дим)* деген этиш сөздөр менен байланыштырды. Буларды сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратканда *шаарды карай, Алым менен* деп, бирге карайбыз.

**221.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Жогорку эрежелердеги жандоочторду катыштырып, 2—3 сүйлөм таап жазгыла. 2) Алдындагы атооч сөздөрдүн кайсы жөндөмөдө турушун талап кылганын айтып бергиле. 3) Жандоочтун эрежесин түшүндүргүлө.

**222.** Алган билимди бышыктоо жана бекемдөө көнүгүүлөрү. 1) Көчүрүп жазып, жандоочтордун алдын сызгыла. 2) Эмне үчүн кызматчы сөз экенин түшүндүргүлө. 3) Жандоочко кандай сөздөр кирерин жана аныктамасын айтып бергиле.

1. Эр башына күн түшсө, өтүгү менен суу кечет[4]. Ат башына күн түшсө, ооздугу менен суу ичет. 2. Чапкан сайын көз чыкпайт[4]. 3. Тамактанганы келген соң, шашпай ич. 4. Ки-

решеңе карай чыгаша кыл. 5. Кулболду кеткен боюнча келе элек. 6. Шаарга чейин 18 километрче бар.

**223.** Эскертмелүү көнүгүү. 1) Окуп чыгып, жандоочторун тапкыла. 2) Кандай сөздөр менен кошо айтылып жаткандыгын далилдегиле. 3) Кызматчы сөздөр менен маани берүүчү сөздөрдүн айырмачылыгын түшүндүргүлө.

1. Дасторкондой жайылган узун шоссе жол менен батышка карай чимирилип, бир машина келе жатат. 2. Көрбөгөн соң сүйлөбө. 3. Катуу бакыт, Какшаалдагы кыргыздарга соода ишимди жүргүзүү үчүн Түлкүбек менен дос болуп отурам. 4. Ал үчүн ар кайсы жердеги адамдар менен тааныш болушум керек. 5. Сөз өзү жөнүндө баратканын Болотбек түшүндү. 6. Жапаркулдун буйругу боюнча кетсин деп жатам. 7. Ошол бойдон жүрүп отуруп, Кыргызстанга[6] келиппиз.

**224.** Алган билимди чыңдоо мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Жайлоонун көркү ачылат, жайылып жаткан мал менен. 2. Жалгыз аяк жол аркылуу жолоочулар келе жатышкан. 3. Майрамга карата даярдык көрүлө баштады. 4. Асанга караганда Каныбектер эрте келип калышты. 5. Чайдан соң кымыз куюлду.

## § 55. Жандоочтун түрлөрү

Жандоочтор жөндөмөлөр менен айкашына карай төмөнкүчө бөлүнөт:

1. **Атооч жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор:** *менен, тууралуу, жөнүндө, аркылуу, боюнча, сайын, сыяктуу, үчүн, бою, бойдон* ж. б.

2. **Табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор:** *көздөй, карай, карата.*

3. **Барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор:** *караганда, жараша, чейин, дейре, карай, карата.*

4. **Чыгыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор:** *көрө, көргүчө, ары, бери, мурун, мурда, кийин, соң* ж. б.

**225.** Жаңы билимге ээ болуу көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, жандоочторду тапкыла. 2) Эрежесин айтып бергиле. 3) Өзүнөн мурунку сөздөрдү кайсы жөндөмөдө турушун талап кылганын далилдегиле. 4) Эмне үчүн жандооч экенин аныктагыла.

1. Адам — адам менен адам[4]. 2. Андан ары этектеги тактай менен жабылган – Шооруктун үйү. 3. Үстүнөн оромол менен таңып койду. 4. Баатырдын эрдиги жөнүндөгү бөлүм улам жаңы экспонаттар, документтер менен толукталууда. 5. Күн сайын түш тараптан ондогон вагондор келип турат. 6. Кебетеси, уюшма тууралуу сөз жаңыра турган. 7. Күлайымдын мага берген акылы боюнча бул кеңешти сизге айтып отурам. 8. Кумайык үйгө карай качып жөнөгөн болчу. 9. Бегайым үчүн бүгүнкү күн жуттуу кыштан кыйын болду. 10. Чоко бардык айта турган сөзүн айтып, болгон иштер жөнүндө кечирим сураган болчу. 11. Биз жөнүндө кеп-сөз айтылдыбы? 12. Ошондон бери эптеп жан сактап келет.

**226.** Комментарийлик көнүгүү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, жандоочторун тапкыла. 2) Эмне үчүн жандооч экенин айтып бергиле? 3) Кайсы жөндөмөлөр менен айкашып турганын аныктагыла?

1. Төркү үйдөн тартып, оозгу үйгө чейин килем төшөп, шайы төшөктөр салынып, чыканакка коюп отуруу үчүн бир канча жаздыктар коюлган. 2. Мен андан жөнөп, Куршапка карай адырма-адыр кетип бара жаткам. 3. Кара-Суу станциясын[6] көздөй чубап жүрүп калышты. 4. Турсунбек алдын көздөй чечкиндүү[2] умтулду.

**227.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү. 1) Көп чекиттин ордуна тиешелүү жандоочторду коюп, көчүрүп жазгыла. 2) Жандоочтун кайсы түрү экендигин аныктагыла.

1. Толкун жашың өткөн ...Толгонуп кайра келбеспи. 2. Тынымча мезгил өткөн .., Сапарбай ордунан турду да, кебин жай баштады. 3. Атасы өлгөндөн ... энеси жаш Адышты кармап, жакшы тарбиялады. 4. Душмандар жеңе албастыгын билгенден ... жабыла качышты. 5. Мейилкан кеткенден .., Атай өзүнчө ойлонуп калды. 6. Мекемеге ... барып, бир чалып кел. 7. Класстык чогулушта жайкы экзаменге даярдануу ... айтылды. 8. Телефон ...сүйлөштүм. 9. Анын кылыгы ушул убакка ... көкөйүмөн кете элек. 10. Айша мектепти ... кетти. 11. Жаңы закон укукту колго берген ..., Самтырлар журт атасы болушту.

**228.** Жаңы билимге өз алдынча ээ болуу, алган билимди текшерүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдөн жандоочторду таап, *менен, ары, кийин, мурун* деген сөздөрдүн качан байламталык, качан жандоочтук, качан тактоочтук мааниде колдонуларын далилдеп түшүндүргүлө.

1. Даам менен тузга жолдош табылбайт. 2. Киши киши менен киши. 3. Согуштан кийин Танабайдын өмүрүндөгү жыргалдуу күн ушул болду. 4. Кийин бар. 5. Бекболот келе жатып, ары бурулду. 6. Беккул ары сезмөр, ары акылдуу жигит. 7. Жапар мурун сүйлөдү. 8. Муну күн мурун даярдагам.

*Кымбаттуу окуучулар!*
***Жандоочтор боюнча морфологиялык толук талдоо жүргүзүүгө даярдангыла.***

## § 56. Байламталар

**Теманы түшүндүрүү үчүн пайдаланылуучу сүйлөмдөр:**

**1. Анда атаң үчүн да, досуң үчүн да, касың үчүн да, энең үчүн да жооп берчүбүз.**

**2. Же дем аларга, же тырп этерге чамасы жок.**

**3. Гүлсарынын эти ысып жана чаңкап баратты.**

**4. Ат нандын жытын шуулдата илеп тартты, бирок жей алган жок.**

**5. Кыргыз менен казактар дуу салып, көкбөрү тартышууда.**

**6. Нөшөр барган сайын күчөдү, ошентсе да жолоочу жолун улай берди.**

### 1-корутунду

Өз алдынча турганда эч кандай лексикалык мааниге ээ болбогон, сүйлөм ичинде сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырган кызматчы сөздөр **байламталар** деп аталат.

Байламталар түзүлүшүнө карата **жөнөкөй байламта** жана **татаал байламта** болуп, эки топко бөлүнөт. Жөнөкөй байламталар бир гана сөздөн, татаал байламталар эки же андан ашык сөздөрдүн тизмегинен турат.

Байламталарга төмөнкү сөздөр кирет: *да, дагы, менен, эми, ары, бирок, анткени, себеби, же, эгерде, болбосо, антсе да, анткени менен, же болбосо, ошон үчүн, ошол себептүү, ошондой болсо да, ошондой болгону менен* ж. б.

**229.** Чыгармачылык көнүгүү.

1. Бул иштин жайын Керим же Ажар билет. 2. Биздин элдер эмгекти сүйөт, анткени эмгек — жашоонун булагы.

3. Кичинекей, жаш достор, китепти көп окугула, себеби китеп — илим-билим[2] булагы. 4. Нечен эшелондор өттү, бирок биринен да Майсалбекти жолуктура албады. 5. Түн мемиреп, талаа бейкут жаткан кез жана Ай да жарык шооласын чачып, эгин үстүн кулпунтуп турду. 6. Ал катуу күрсүнүп алды да, жанында жайдак атын минип турган жигитке кыргызча сүйлөдү. 7. Ачуусу катуу келди, ошенткени менен аны кыя алган жок. 8. Бир аз күтө туралы, а мүмкүн ал келип калар. 9. Бул жерде жаштар менен карылар иштеп жатышат.

**230.** Алган билимдин тереңдигин текшерүү көнүгүүсү.

1. Биздин тегирменчибиз – аял, болгондо да, шумдуктуу аял. Иштесе, эркектей таш көтөрөт, бирок ага Какылдак деп ат койгон. 2. Жеңишбек менен Микола-Аскер — экөө бирдей кыт-кыт күлүүдө. 3. Бетме-бет сүйлөшкөнсүп, катар кыналып отургансып сезет, ошон үчүн анын кашынын үстүндө сеңселген жалгыз тал чачынын учу дирилдейт. 4. Коногу Батыш, ары жалгыз, ары кыз бала болсо, томуктай этти түгөтөт беле. 5. Дмитрий акем айткандай, музоо[1] көп ичсе, ичи көбөт да, бош койсо, чакадагы сүттү төгөт. 6. Чаргын муну түшүндү, бирок катуураак ызаланды. 7. Чаргын ордунан турду да, башкалардан мурда эшикке чыкты. 8. Айша да, Асан да, Керим да келди. 9. Антсе оройлук кетирген болор эле, себеби ага Акия душмандын кебин айткан жок. 10. Зуура бечарада эмне жазык, же ал мындан мурун азык камдап, киши жөнөтүп көрбөптүрбү? 11. Зарылдын айткандарын укту, эгер укпаса, кайталап айтпайт болчу. 12. Бир акырга байланган аттар экинчи акырдын аттарына куйруктарын төгүлтүп, сооруларын салып турушат, анткени ыңтайы ошондой. 13. Силер эми өз сапарыңарды билгиле, найза сунуп, жоо качырышты билгиле, ал эми Чаргын болсо силердин катарга кирбеген, жоопкерчиликке[2] жарабаган киши.

**231.** Алган билимди турмушта текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Жөнөкөй сүйлөмдөрдү кашаанын ичиндеги байламталар аркылуу өз ара байланыштыргыла. 2) Алардын арасына тийиштүү тыныш белгилерин коюп көчүргүлө.

1. Биздин жер дыйканчылыкка[3] ыңгайлуу. Электр станциясын куруугa да шарты бар (жана). 2. Ай-ааламдан бүркөлгөн кара булут тең жарылды. Жартысы Ала-Тоонун чокусунда калды (да). 3. Жол алыс. Күн суук (ары). 4. Күн бүркөлдү. Жаан жааган жок (бирок). 5. Республикалык ке-

чешмеде биздин мектеп макталды. Иштеген иштери жакшы болчу (анткени). 6. Үйдөгү гүлүбүз жакшы өстү. Комнатабыз жарык эле (себеби). 7. Жаз келген. Аба жылуу болду (ошон үчүн). 8. Ай караңгы. Жер жарык (бирок, ошондой болсо да).

5*. 232. Жаңы билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдүн бир өңчөй мүчөлөрүн байланыштыруу үчүн көп чекиттин ордуна *жана, да, ары, бирок, анткени, менен, же* байламталарын коюп көчүргүлө. 2) Керектүү жерине тыныш белгилерин койгула.

1. Команда болгондо, Шекербек ... Алыбек өз окопторун көздөй чуркашты. 2. Алтынай энесин көрдү ... сүйүнүп кетти. 3. Ал ары жаш ... акылдуу. 4. Касымалы бойлуу толук. 5. Турсункулдун бою пас, ... күчтүү. 6. Мен мектепти бүтсөм, окууну улантам ... иштейм. 7. Мүнөзү жеңил ... эстүү.

## § 57. Байламталардын маанисине карай бөлүнүшү

Байламталар маанисине карай алтыга бөлүнөт.

| Байламталар | Мисалдар |
|---|---|
| 1. ***Байланыштыргыч*** | *жана, жана да, жана дагы, менен, да, дагы, ары (нары), дале* ж. б. |
| 2. ***Божомолдогуч*** | *же, же болбосо, болбосо, не* ж. б. |
| 3. ***Каршылагыч*** | *а, ал эми, бирок, антсе да, ошентсе да, ошондо да, анткени менен, ошенткени менен, ошондой болсо да, ошондой болгону менен, андай болсо да* ж. б. |
| 4. ***Себеп-натыйжалагыч*** | *анткени, себеби, негедесең — эмне үчүн десең, ошонун натыйжасында, ошондуктан, андыктан, ошол себептүү, ошон үчүн, ан үчүн* ж. б. |
| 5. ***Салыштырма*** | *канча — ошончо, канчалык — ошончолук, кандай — ошондой* |
| 6. ***Шарттуу*** | *эгер, эгерде* |

233. Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү. 1) Жогорку таблицадагы байламталардын маанисине карай бөлүнүшүн үйрөнгүлө. 2) Ага кандай байламталар кирерин эсиңерге сактагыла.

## § 58. Байланыштыргыч байламта

Теманы түшүндүрүү үчүн пайдаланылуучу мисалдар жана сүйлөмдөр:

1. Ысык-Көлдүн кооздугу менен байлыгына чек жок.
2. Ала-Тоодо кыш узак болот да, жаз кеч келет.
3. Физкультура — эмгектин, тиричиликтин жана эс алуунун негизи.
4. Ары тууган, ары ата-бала болуп калдык.

### 1-корутунду

Сүйлөм тизмегиндеги бир өңчөй мүчөлөрдү, бири-бирине багынбаган сөздөрдү, сөз айкаштарын жана татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү өз ара байланыштырган байламталар **байланыштыргыч байламта** деп аталат.

Буга төмөнкү байламталар кирет: *жана, менен, да, дагы, ары (нары), жана да, жана дагы, менен да* ж. б.

М и с а л ы, Адамды таалай *менен* эмгек гана даңкка бөлөйт. Биздин күчүбүз *да*, бактыбыз *да* эл менен. Бектургандын аңгемеси уккулуктуу *жана* кызыктуу болду. Жер томсоруп гана турат, *жана* жайкалган эгин да, буралган чеп да жок. Атадан алтоо *болсо дагы*, сыйлашпаса жат болот. Сатар, энеңдин тилинен чыкпа, *жана дагы* жакшы оку.

### 2-корутунду

Сүйлөмдүн тутумунда *да* байламтасы менен *да* бөлүкчөсү аралаш колдонула берет. Мындай учурларда *да* байламтасынан кийин үтүр коюлат: Эл турду *да*, кыймыл *да* башталды. Той бүттү *да*, эл *да* тарай баштады. Кар кетти *да*, күн *да* жылый баштады ж. б.

Бул сүйлөмдөгү биринчи *да* байламтасы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырды. Экинчи сүйлөмдөгү *да* бөлүкчөлүк милдет аткарды, өзүнөн мурунку сөздөрдүн маанисин тактады.

*Да* бөлүкчөсү кээ бир учурларда сүйлөмдүн аягында колдонулат: Мен ойлогондой болду *да*. Силерди эзген бай-манаптар ошолор *да*. Бул окуяны силер билбейсиңер *да* ж. б.

**234.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Жогорку байланыштыргыч байламталарды катыштырып, сүйлөм ойлоп жазгыла.

Алар бир өңчөй мүчөлөрдү, сөз айкаштарын, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыргандай болсун.

**235.** Машыгуу мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Окуп чыгып, байланыштыргыч байламтаны тапкыла. 2) Ага кайсы байламталар кирерин оозеки айтып бергиле. 3) Кызматчы сөздөрдүн түрлөрүн санагыла.

1. Күн күндү жана түн түндү кууп, убакыт өтө берди[4]. 2. Улам барган сайын тоолор түрүн да, көркүн да өзгөртүүдө[3]. 3. Акман дагы, Акия дагы, Маруся дагы — бардыгы чогуу келишти. 4. Күн ысык, ары үп болуп турат. 5. Сабактардан мурдагыдай эле бешмин, жана дагы орус тил, кыргыз тил ийримине катышамын. 6. Айша менен Жамийла да келип калышты. 7. Мага айттырып жиберишкен ошолор да.

**236.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүлөрү. 1) Тексттеги байланыштыргыч байламталарды тапкыла. 2) Алардын эмне үчүн байланыштыргыч байламта экенин далилдегиле. 3) Эрежесин айтып бергиле. 4) Эмне үчүн байламта кызматчы сөз экенин аныктагыла. 5) Кызматчы сөздөр жөнүндө түшүнүк бергиле. 6) Эмне үчүн ушундай тема коюлганын далилдегиле.

## ЖҮГҮРҮҮ

Жүгүрүү да, чуркоо да ден соолукту чыңдайт жана жакшыртат. Булчуң гимнастикасы машыгуу менен жүгүрүүнү да талап кылат. Жумасына бир жолу жүгүрүү да, жакшы натыйжаларды берет. Жүгүрүү жүрөктүн иштешине дагы, ден соолукка дагы жакшы таасир этет. Өзгөчө жүрөк жана кан тамыр системасынын көрсөткүчтөрү жүгүрүү убагында абдан жакшырат. Окуу менен да, иштөө менен да алекпиз.

### 3-корутунду

*Жана, менен* деген сөздөр дайыма эле байламталык милдет аткара бербейт, *жана* — тактоочтун, *менен* — жандоочтун да милдетин аткарат.

Мисалы, *Жана* уулунун үйүндө унчукпай койгон Зулайка азыр келип кетти. Ушул сөздү *жана* айтканда жакшы болмок. Каркыра катары *менен* жүрөр, кадырлашың сени *менен* жүрөр. Эмгек *менен* эл көгөрөт. Жамгыр *менен* жер көгөрөт ж. б.

### 4-корутунду

*Дагы* деген сөз сүйлөм тизмегинде төмөндөгүдөй мааниде колдонулат:

Байламталык: Эл жатса *дагы*, Элебайдын эки уулу жатпайт. Түн ортосу болсо *дагы*, Танабай жол жүрүп келет.

Тактоочтук: Мен китепти *дагы* сатып алдым. Асан *дагы* келиптир.

Бөлүкчөлүк: Мен *дагы* жакшы окуй алам. Сен *дагы* билесиң.

**237.** Комментариялык көнүгүү. 1) Байланыштыргыч байламтанын эрежесин, ага кандай байламталар кирерин айтып бергиле. 2) Төмөнкү *жана, жана да, менен, да* байламталарды катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

## § 59. Божомолдогуч байламта

**238.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү.

1. Бейшен келип калды, же болбосо шаарга жөнөйт элем. 2. Эртең күндүн жаашы күтүлөт, же жаабай калышы мүмкүн, же ачылып кетет. 3. Айша же Алым келет, же болбосо алардын келбей калышы ыктымал.

### Корутунду

Бир өңчөй мүчөлөрдү же татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырып, божомолдоо үчүн айтылган байламталар **божомолдогуч байламталар** деп аталат.

Буга *же, же болбосо, болбосо, не* деген байламталар кирет.

Мисалы, Жоргонун көздөрү асыл таштай жаркылдайт, же көлөкө түшкөндөй тунжурай калат. Шаңдуу күүлөр *же* шайыр күлкүлөр угулар. Же биз дурустап иштей албай жатабыз, *же* болбосо силер жакшылап башкара албай жатасыңар. Көп окугула, *болбосо* билим алуу кыйын. *Не* качканбы, *не* тил укканбы, *не* камчы жегенби, көрүнүшү башкача эле.

**239.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Өзүңөр божомолдогуч байламтаны катыштырып, ар бирине сүйлөм ойлоп көчүрүп жазгыла. 2) Божомолдогуч байламтанын эрежесин айтып бергиле.

**240.** Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, божомолдогуч байламталарды көчүрүп жазгыла. 2) Эрежесин айтып бергиле.

1. Гулсарынын жаны чыга жаздады, же дем аларга, же тырп этерге[3] чамасы жок. 2. Сүрөтчү абдан кооз сүрөттөрдү

тартат, болбосо анын сүрөтчүлүк кесибинен не пайда. 3. Жорго эңкейип топурак жыттай албай, же болбосо жата калып оонай албай, же болбосо буттарын эркин суна албай, таң аткыча турду.

**241.** Ар түрдүү тапшырмаларды жана суроолорду аткаруу көнүгүүсү. 1) Божомолдогуч байламталарды таап, алардын тыныш белгилерин койгула.

1. Ох, чиркин, не деген муздак суу не деген таттуу суу. 2. Силер жардам бергиле же болбосо жумуш да бат бүтпөйт. 3. Же кара чапандардын күнөөсү же менин күнөөм же силердин күнөөңөр. 4. Аксакал[6], анда жолубуз башка экен болбосо колхозго таштап коёт элем. 5. Мейли Жапар барсын мейли башкалары барсын, мага баары бир.

## § 60. Каршылагыч байламта

### Корутунду

Татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бирине байланыштырып, алардын ортосундагы карама-каршы маанини билдирген байламталар **каршылагыч байламталар** деп аталат.

Каршылагыч байламталар: *бирок, бирок да, ал эми, антсе да, ошентсе да, анткени менен, ошенткени менен, ошондой болсо да, ошондой болгону менен* деген ж. б. байламталар кирет. Мисалы, 1. Жакшы эле айтайын деди, *бирок* мындан башка айтарга сөз таппады. 2. Нөшөр күчөдү, *ошентсе да* жолоочу жолун уланта берди. 3. Мира жакшы окуйт, *ошенткени менен* математикадан бир аз аксайт. 4. Аюу катуу качырды, *ал эми (а)* мен анча корккон жокмун. 5. Аюу мени катуу кучактап, өпкө-боорумду кысты, *анткени менен* тиштеген жок. 6. Ажар – 16-жылкы Үркүндө Кытай элине сатылган кыргыз кыздарынын бири, *ошондой болсо да* ал эркиндик үчүн күрөштү.

**242.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Жогорку эрежелердеги каршылагыч байламталарды катыштырып, сүйлөм ойлоп, көчүрүп жазгыла. 2) Эрежесин айтып бергиле. 3) Төмөнкү каршылагыч байламталарды катыштырып, өз алдынча мисал келтиргиле: бирок, ал эми, ошентсе да, ошондой болгону менен.

**243.** Окуучулардын пунктуациялык сабаттуулугун жогору көтөрүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдөн каршылагыч байламталарды таап, ага кандай тыныш белгилеринин коюларын, анын себебин түшүндүргүлө.

1. Анын мүнөзү жеңил ошенткени менен эси бар[4]. 2. Чоң атамдын жашы сексендерге барып калды ошентсе да карылыкка моюн суна элек. 3. Жоломан менден алда канча улуу[1] бирок мени баласынтпайт. 4. Мен согуштагы эрдиктеримди айтып берейин а силер тыңдап уккула. 5. Күн бүркөк, себелеп жаап турат анткени менен жылуу. 6. Эртең менен муздак жел сокту бирок да түшкө жакын күн жылуулай баштады. 7. Күн суук болуп, окуучулар ишке кечигип келишти ошондой болгону менен көп ишти бүтүрүштү. 8. Силер өз жумушуңарды бүтүрө бергиле а мен Зуурадан барып, болгон ишти сурайын.

**244.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, көп чекиттин ордуна тиешелүү каршылагыч байламталарды коюп, көчүрүп жазгыла. 2) Эмне үчүн каршылагыч байламта экенин аныктагыла.

1. Акай мерген баласын эркелете баштады, ... өзүнүн капалыгын билдирген жок. 2. Акай кара бараңды ийнине салды, ... огу аз болчу. 3. Биз жолго чыктык, ... тигилерден кабар жок. 4. Алтын шилекейиңизди чачырата бериңиз, ... биз болсок, көнүл коюп, уга беребиз. 5. Мен да далайды көргөм, ... тажрыйбам жок.

## § 61. Себеп-натыйжалагыч байламта

Татаал сүйлөмдүн тутумундагы баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү байланыштырып, андагы айтылган ойдун себебин, натыйжасын билдирген байламталар **себеп-натыйжалагыч байламта** деп аталат.

Себеп-натыйжалагыч байламталар төмөнкүлөр: *анткени, себеби, неге десең, эмне үчүн десең, эмне үчүн дегенде, ошондуктан, ошол себептүү, ошон үчүн, андыктан.*

**245.** Алган билимди текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү жөнөкөй сүйлөмдөрдү себеп-натыйжалагыч байламталардын жардамы менен татаал сүйлөмдөргө айландырып, көчүрүп жазгыла, тыныш белгилеринин коюлуш себебин түшүндүргүлө.

1. Алтынай отличник болду[4], ал жакшы окуду. 2. Жакында каникулга тарайбыз, окуу жылы аяктайт. 3. Мен ага кат жазган жокмун, дарегин жакшы билбейт элем. 4. Алар кечигип келишти, аябай чарчашкан экен.

**246.** Алган билимди бышыктоо үчүн жекече иштөө көнүгүүлөрү. 1) Окуп чыгып, себеп-натыйжалагыч байламталарды тапкыла, тыныш бел-

гилерин койгула. 2) Эмне үчүн себеп-натыйжалагыч байламталар экенин далилдегиле.

1. Иш жаман боло турган болду анткени[3] ок-дарыбыз түгөндү. 2. Жилиндин аты күлүк экен себеби ага куугунчулар жетпей калды. 3. Акия Зарылдын айткандарын укту ошон үчүн ал унчуккан жок. 4. Бүгүн Танабай кырга чыкканын билбей калды неге десең Гүлсарынын оозун коё берген. 5. Жапар Узактын келгенин көрдү ошондуктан башка жакка бурулду. 6. Окуучулар олимпиаданын жеңүүчүлөрү болушту эмне үчүн дегенде алар жакшы даярданышкан эле.

**247.** Өз алдынча иштөө көнүгүүсү. 1) Себеп-натыйжалагыч байламталарды катыштырып, төмөнкү үлгү боюнча оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Аларга коллективдүү талкуу жүргүзүп, татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

Ошондуктан, ошол себептүү, анткени менен, себеби, анткени, ошон үчүн, эмне үчүн десең.

Ү л г ү: Отуруп алган менен жумуш бүткүдөй эмес, ошондуктан белди бекем бууп, жакшылап иштөө керек. Мен эрте турдум, ошон үчүн сабагымдан кечиккен жокмун.

**248.** Алган билимди турмушта колдоно алуу көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, көп чекиттин ордуна себеп-натыйжалагыч байламталарды коюп, көчүрүп жазгыла. 2) Эмне үчүн себеп-натыйжалагыч байламта экенин далилдегиле. 3) Эрежесин айтып бергиле.

1. Кеч болуп калды, ... Жапар самолёт менен кетүүнү ойлоду. 2. Жаратылыштын кооздугуна суктанды, ... аны сүрөткө тартууну ойлоду. 3. Кожоюн курч такасы менен теминет, ... жорго кожоюнду эки жолу таштап кеткен. 4. Кожоюндун кийими дал-далынан айрылып, бети канталап жүрөт, ... жүзү жылуу, көзү мээримдүү карайт.

## § 62. Салыштырма байламта

### К о р у т у н д у

Татаал сүйлөмдүн тутумундагы баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдөрдү бири-бирине салыштыруу үчүн колдонулган байламталар **салыштырма байламта** деп аталат.

Салыштырма байламталарга *канча — ошончо, кандай — ошондой, канчалык — ошончолук* деген байламталар кирет.

*Кандай, канча, канчалык* деген байламталар багыныңкы сүйлөмдүн тутумунда, *ошондой, ошончо, ошончолук* деген байламталар баш сүйлөмдүн тутумунда колдонулат да, алар интонация аркылуу байланыш жасайт. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдын *-са* мүчөсү менен аяктайт.

М и с а л ы, Ар бир адамдын аткарган жумушу *канча болсо,* эмгегине да *ошончо* алат. Көпчүлүк менен иштешүү *канчалык* кыйын *болсо*, тил табышуу да *ошончолук* кыйын. Иштегениң *кандай болсо*, тапканын да так *ошондой* болот.

**249.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, салыштырма байламталарды тапкыла. 2) Салыштырма байламталар татаал сүйлөмдүн кайсы бөлүгүндө (баш, багыныңкы) колдонулуп жатканын аныктагыла.

1. Гүлсары кандай болуп карыса, Танабай да ошондой болуп карыды. 2. Башкалар кандай жай бастырып баратса, Танабай ошолордой жай бастыра албайт. 3. Мурунку секретарлар канчалык жакшы иштесе, ошончолук кадыр-барк алчу. 4. Төөнүн[1] өзү канча болсо, жүгү да ошончо.

**250.** Алган билимди турмушта текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, татаал сүйлөмдөрдүн баш жана багыныңкы сүйлөмдөрүн тапкыла. 2) Салыштырма байламтанын кайсы түрү баш сүйлөмдө, кайсы түрү багыныңкы сүйлөмдө колдонулуп жатканын аныктагыла.

1. Генерал[6] Черняев канчалык баарын көрүп турса да, ошончолук өзүн жеңил сезди. 2. Уркуя кандай убада берсе, Чоңмурун да өз убадасын так ошондой аткарды. 3. Жылдар канчалык өтсө, адамдар да ошончолук карыйт. 4. Күчүм канча жетсе, ошончо окутам.

**251.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, салыштырма байламталарды тапкыла. 2) Салыштырма байламталардын эрежесин айтып бергиле. 3) Салыштырмалык касиетке ээ болбогон сөздөрдү аныктагыла.

1. Сен кайсы күндү айтсаң, мен ошол күнү келем. 2. Мен кандай тилек тилесем, сен да ошондой тилек тиле. 3. Дүйшөн канчалык чымырканса да, ичтен сызып отурганын ошончолук жашыра алган жок. 4. Силер кайсыны ойлонуп отурсаңар, мен да ошону ойлонуп отурам. 5. Мени канча күтсөңөр, мен да силерди ошончо күтөм. 6. Муну канчалык көп адам билсе, мен ошончолук бактылуу болом, ошончолук парзымды аткарам, ошончолук күнөөм кемийт.

## § 63. Шарттуу байламта

### Корутунду

Татаал сүйлөмдүн тутумунда туруп, баш сүйлөмдөгү айтылган ойдун, иш-аракеттин шартын билдирген байламталар **шарттуу байламталар** деп аталат. Шарттуу байламталарга: *эгер, эгерде* деген сөздөр кирет.

Шарттуу байламта көбүн эсе багыныңкы сүйлөмдүн баш жагынан орун алат. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна шарттуу ыңгайдын *-са* мүчөсү уланат.

Шарттуу байламта сүйлөмдүн башында колдонулса, өзүнөн кийин эч кандай тыныш белгиси коюлбайт. Эгерде татаал сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдө колдонулса, өзүнөн мурун үтүр коюлат.

Мисалы, *Эгер* мен *айтпасам,* Беккулду сен таанымайт элең. *Эгер* сен жакшы *окубасаң,* окууну уланта албайсың. Алым Каныбекке айткан эмес экен, *эгер айтса,* ал келип калмак. Мен макул дейт элем, *эгер* сен менин тилимди *алсаң* ж. б.

**252.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, шарттуу байламталар катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. 2) Эмне үчүн шарттуу байламта экенин далилдегиле.

1. Эгерде мен асманга учпасам, бул оюм[1] орундалбайт эле. 2. Эгер Жамийла араба айдап кетпесе, колхоздун башка жумуштарында иштемек. 3. Алтынай окубайт эле, эгер Дүйшөн аны окууга[5] жибербесе. 4. Акбара кайра жашармак, эгер айбандар башынан өткөндү кайра айтып бере алышса, же аларды эстей алышса.

**253.** Түшүндүрмөлүү көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөн шарттуу байламталарды таап, баш сүйлөмдөгү айтылган ойдун шартын кайсы сүйлөм көрсөтүп турганын аныктагыла.

1. Күлүканга Султанмурат үч жолу кирди, эгер кирбесе, сыртка чыгып кетмек. 2. Эгерде акын көпкө чейин ырдабаса, эл нечак эле тарап кетет эле. 3. Жамийла тынч отурбайт эле, эгер Данияр үн көтөрүп ырдап жибербесе. 4. Эгерде сен бой көтөрсөң, анда ырдабай эле кой, мен да укпаймын, эгер бой көтөрбөсөң ырда.

**254.** Өз алдынча иштөө көнүгүүлөрү. 1) Өзүңөр шарттуу байламтаны катыштырып, сүйлөм ойлоп жазгыла. 2) Татаал сүйлөмдүн тутумундагы

баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү тапкыла. 3) Шарттуу багыныңкы сүйлөмдүн эрежесин айтып бергиле.

## § 64. Байламталардын тыныш белгилери

1. *Жана, менен, да* байламталары бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштырганда үтүр белгиси коюлбайт, себеби булардын араларында эч кандай тыным болбойт.

М и с а л ы, Бейшегүл менен Бүбүайша азыр келет. Алымкул Сагындын жакыны жана байы. Ысык-Көлдүн кыркаар бөксөсүн жана үстүн сапырылган тосоң үйлөп салды. Кулубайды айылдагылар тегеректешти да калышты.

2. Төмөнкү байламталар сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырса, бирок алар кийинки сүйлөмгө таандык болуп айтылса, ал байламталардан мурда үтүр коюлат. Мындай байламталарга төмөнкүлөр кирет: *а, ал эми, бирок, бирок да, анткени менен, антсе да, ошенткени менен, ошентсе да, ошондой болсо да, андай болсо да, же, же болбосо, анткени, себеби, андыктан, ошол себептен, ошон үчүн, ары (нары)* ж. б.

М и с а л ы, Балам, сен март болосуңбу, же сараң болосуңбу? Бектурган Караконузга бүгүн эле жетебиз го деп ойлогон эле, бирок анын оюн күч багындырды. Сага оор болор, ошондой болсо да Гүланда экөөңөрдүн тагдырыңардын кандай чечилгенин айтчы?

а) Эгерде *же* байламтасы бир өңчөй мүчөлөрдү бир ирет байланыштырса, үтүр коюлбайт: Алтынай же Айганыш келет. Балдар же кыздар барышат.

3. *Да, дагы, дале* байламталары бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштырып, бир нече ирет кайталанып айтылса, эң акыркысынан башкаларына үтүр коюлат.

М и с а л ы, Ал мага экинчи жолукканда турмуштагы кыянаттыкка да, каргашаларга да, тагдырына да таарынды. Мен дагы, сен дагы, ал дагы бир класста окуйбуз. Ар нерсенин жазы да, кышы да болот эмеспи.

4. *Да* байламтасы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырса, үтүр байламтадан кийин коюлат, себеби *да* байламтасы мурунку сүйлөмгө таандык болуп айтылат.

М и с а л ы, Өмүрбек көнөчөктүн ичин үңүлө тиктеди да, терең улутунду. Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө. Ал чөйчөктүн четин оозуна тийгизди да, кайра ордуна койду.

Дүйшөн чөнтөгүнөн төрт бүктөлгөн кагазды суурул чыкты да, элге көрсөтө кыйкырды.

5. *Ары (нары)* деген тактооч байламталык милдет аткарып, бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштырса, биринчисинен башкалары үтүр менен ажыратылат.

Мисалы, Айсулуунун сүйлөгөн сөздөрү ары уккулуктуу, ары кызыктуу, ары жагымдуу угулду. Асыл ары кичүү, ары жаш, ары элпек кыз.

*Ары (нары)* байламтасы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырса, өзүнөн мурун үтүр коюлат.

Мисалы, Айлананы туман каптап турат, ары күн суук. Мыскал сабагын жакшы өздөштүрөт, ары тартиптүү окуучулардын бири. Жол катары Алтынай Сулайманова бир ооз сөз сүйлөбөдү, ары катуу ойлонуп, ары капа болуп келе жатты.

6. *Жана* деген байламта татаал сүйлөмдүн тутумуна айтылса, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырат да, өзүнөн мурун үтүр коюлат.

Мисалы, Ал мени дароо тааныды, жана айткан сөзүнүн нугун башкага бурду. Ажар коркту, жана ыйлап жиберди. Агарып таң атты, жана аска тоолор көрүндү. Гүлсарынын башы айланды, жана теребел жер-дүйнө кошо айланды.

7. *Бирок, себеби, анткени, ошондуктан, ошентсе да, ошенткени менен, ошондой болсо да, ошондой болгону менен, анткени менен* деген ж. б. байламталар аркылуу байланышкан татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдүн аягына чекит коюлат да, жогорку байламталар баш тамга менен жазылат, өзүлөрүнөн мурун үтүр белгиси коюлбайт.

Мисалы, Эки баланы сага берип коёр элем. Бирок башкалар көрсө, өлтүрүп салышат. Айтпаска менин айлам да жок. Эмне үчүн дегенде жалгыз менин күчүм жетер эмес. Өкүмөт көзү ачылсын, билимге жетилсин деп жатат. Ошондуктан балдарды окутушубуз керек. Элебес эзелден томаяк адам. Ошол себептен Кызыл-Кыя деген жерге жолчу болуп кеткен. Турдумамбетти бардыгы бечел дешчү. Анткени эки жыл бечел калыптыр. Гүлсары экенин тааныган жок. Себеби ал аябай карып калган.

**255.** Алган билимдин чыңдыгын текшерип көрүү көнүгүүсү. Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, эмне үчүн үтүр кээ бир байламталардан кийин, же мурун коюлган себебин, же коюлбай калган себебин түшүндүргүлө.

1. Аскалуу[6] зоого кошулуп, ырдашкым келет, же албан түркүн кийиктер менен сырдашкым келет. 2. Менде күч да, кубат да, сүйүү да бар. 3. Эптеп атка минсе эле болду, ал эми калган жолду ат өзү таап барат. 4. Базарбайдын көңүлү кепсөзгө чаппай келатты, себеби анын ою геологдордо эле. 5. Акбара менен Ташчайнар абдан тез келатышты, анткен себеби ата-энесин күткөн бөлтүрүктөрү бар эле. 6. Базарбай сестене түштү да, ордунан тура жөнөдү. 7. Балдар да, кыздар да, келген кишилер да бийлешти. 8. Бектур кепке өтө сараң адам, анткени менен ичинде кири жок адам.

**256.** Алган билимди чыңдоо, бекемдөө көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, байламталарга кандай тыныш белгилеринин коюларын аныктагыла. 2) Мааниси боюнча кандай байламта экенин далилдегиле.

1. Кардын басылганы же басылбаганы[2] же жааганы билинбейт бирок жердин бети мелтиреген да калган. 2. Базарбай мага таарынды да калды ошол себептен бүгүн келген жок. 3. Асанбай – нары өтүмдүү нары сылык, нары ак көңүл жигит. 4. Гүлсарыны Базарбай минип жүргөнү жүргөн ошондой болсо да этинен түшпөйт. 5. Кыш кетерине аз калган убак ошон үчүн тоолордун күнгөй жаккы боорлору кардан бошонуп, кадимкидей жаз келе баштаптыр.

**257.** Жекече иштөө көнүгүүлөрү. 1) Байламталарды катыштырып, бир нече сүйлөм түзгүлө. 2) Кайсы байламта экенин аныктагыла. 3) Тыныш белгилеринин коюлуш эрежелерин түшүндүргүлө.

Менен, жана, да, дагы, же болбосо, бирок, анткени, эгерде, ошондой болсо да, ошол себептен.

**258.** Алган билимди эске түшүрүү, бышыктоо жана бекемдөө мүнөзүндөгү көнүгүүлөр. Түшүндүрмөлүү көнүгүү.

1. Алайдын жери от келет да, малы да семиз болот[4]. 2. Мен өзүмдүн сырымды жана билгенимди айтууга анда шарт болгон эмес. 3. Эмне кылышарын билишпей, Анархан менен Дарыяхан бирин-бири карашты. 4. Полицей[6] бери басып келди, анткени Сорокин ыргыткан түйүнчөктү көрүп калган эле. 5. Төрт уулунун ортосунда жалгыз кызы бар, ошон үчүн кызын эркелетип, дайыма анын таламын талашчу. 6. Эгер алайлык кыргыз болсо, ошол аркылуу гана Каныбекти табууга болор эле. 7. Мен кылчайып караган жокмун, эгер карасам, аларды көрөт элем.

**Үйгө тапшырма.** Үйдөн байламталарды катыштырып, «Жай келди» деген темада дил баян же кыска баяндама жазып келгиле.

## § 65. Бөлүкчөлөр

**259.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү. Окуп чыгып, бөлүкчөлөргө кайсы сөздөр кирерин үйрөнгүлө.

Бөлүкчөлөргө: *гана, бейм, го, белем, ата, абдан, өтө, эң, эч, тук, ылгый, өңчөй, эле, чейин, ээ, ыя, аябай, тим эле, дегеле, нак, как, так, да, дагы, дале, куду, ооба* деген ж. б. сөздөр кирет.

**260.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Жогорку бөлүкчөлөрдөн өзүңөр каалаган бөлүкчөлөрдү катыштырып, 4—5 сүйлөм ойлоп жазгыла. 2) Бөлүкчөлөрдүн лексикалык маанисинин бар же жок экенин түшүндүргүлө.

### Корутунду

Бөлүкчөлөр өз алдынча турганда эч кандай лексикалык маанини билдирбеген, айрым сөзгө же бүтүндөй сүйлөмгө ар түрдүү кошумча маанини киргизген кызматчы сөздөр **бөлүкчөлөр** деп аталат.

**261.** Алган билимди бышыктоо мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Окуп чыгып, кара тамга менен басылган сөздөрдү көчүрүп жазгыла. 2) Алардын эмне үчүн бөлүкчө экендигин аныктагыла.

1. Чоро Танабайдын жүзүнө үңүлүп: «Мага таарынып жүргөн жоксуңбу, ыя»? — деди акырын гана. 2. Ачыгып калдыңбы? Суусап турасың, ээ? Байкуш Гүлсары. 3. Кыйналдың го, байкушум, катуу кыйналдың бейм, Гүлсары? 4. Сүрөткө өңчөй жаштар түшүптүр.

## § 66. Бөлүкчөлөрдүн маанисине карай бөлүнүшү

Бөлүкчөлөр маанилерине карай төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт:

| Бөлүкчөлөр | Бөлүкчөлөргө кирүүчү сөздөр | Мисалдар |
|---|---|---|
| 1. Чектегич бөлүкчө | *гана, эле.* | Сабакты жакшы окуган *гана* менмин. Окуучулар *гана* келишти. Атам *эле* келди. |

| | | |
|---|---|---|
| 2. Күчөткүч бөлүкчө | *эң, өтө, абдан, аябай, өңчөй (өңкөй), жалаң, чылк, чылгый, тұк, такыр, ным, тим эле, шумдук, жаман.* | Сүрөткө *жалаң* баатырлар түшкөн экен. Мен ага *өтө* ыраазымын. Бектур *эң* акылдуу жигит. Ал биздикине *такыр (тұк, ным)* келбейт. |
| 3. Аныктагыч-тактагыч бөлүкчө | *да, деле, так, нак, как, дагы, дал.* | Ай *да* жаңырды. Биз *деле* жакшы окусак болмок. *Нак* өзүнө окшош. Сен *дагы* жакшы окуй аласың. |
| 4. Ырастагыч бөлүкчө | *ооба, да* | – *Ооба,* муну Дүйшөн аксакал алып келди.<br>– *Ооба,* Толгонай, сенин бүт өмүрүн ушунда өттү, *Да, да,* сүйлөй бериңиз. *Да, да,* угуп жатам. |
| 5. Тангыч бөлүкчө | *эч, турсун, турмак, тургай, тұгүл, тұк, такыр* | Мен мындайды *эч* күткөн эмесмин. Ал *эч* келбейт эле. Бул ишти сен *тургай (тұгүл, турмак, турсун)* мен да билбеймин. |
| 6. Сурама бөлүкчө | *ээ, ыя* | Сен качан келдин, *ыя?* Бизге да метро курулар, *ээ?* Касым эми эч качан келбейт, ээ? |
| 7. Божомолдогуч бөлүкчө | *го, бейм, белем* | Бул анын айта жүргөн жомогу *го.* Мен *го* барам, а сенчи? Кунандын оозун керген *бейм.* Кудайым чындап берген *бейм.* Беккул *белем.* |
| 8. Салыштырма бөлүкчө | *куду, кадим* | *Кадим* эле чоң кишиге окшойт. *Куду* эжесиндей бийледи. |

**262.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Кара тамга менен терилген сөздөрдүн кайсы бөлүкчө экенин таап, алар мааниси жагынан бөлүкчөнүн кайсы тобуна кирерин аныктагыла. 2) Бөлүкчөлөрдүн эрежесин түшүндүргүлө.

1. Батыйна чоңойгон так ошол жылы кыздарга таандык жакшы сапатын көрсөттү. 2. Дүйшөн да ошондо оюна келгенин бир иштеп койду да. 3. Колунан келбей жатат го. 4. Оо, эпчил турмуш, азыр баштагыдан да ачуу, өкүнүчтүү, ызалуу иштин ыңгайын келтирди белем. 5. Деги сенин жылыр[2] күнүң болобу, ыя? 6. Дал ушул буйрукту күтүп турган Балбак жанына эки-үч киши алып жөнөдү. 7. Ынтымакты деле өздөрү курат, ырыскыны деле өздөрү табат. 8. Энеңди сыйласаң, акылкебин көңүлгө гана түйүп кой. 9. Эч киши каттабады. Асыл тим эле айткан го? 10. Эмне кечиктиң, ыя, Батыйнаш, сени көпкө күттүк. 11. Алигиче эч кабар жок, бизге эч жан тоскоолдук кылбайт. 12. Кечигип келген бейм, балам.

## Корутунду

*Эле* деген сөз дайыма чектегич бөлүкчөнүн маанисинде эмес көмөкчү этиштик мааниде да колдонула берет.

М и с а л ы, Танабай өргө чыккыча чыдабай *кетер эле.* Танабай жаңы жумушка көнгөнүнө ыраазы болуп *калчу эле.* Мен бала чактан бери билген эки чоң терек *болор эле.*

**263.** Алган билимди турмушта текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Көп чекиттин ордуна төмөнкү бөлүкчөлөрдүн ылайыктуусун *(өтө, го, дагы, белем, дал)* коюп, бөлүкчөнүн кайсы түрү экенин айтып бергиле.

1. ... ызалуу жана муңдуу турган келин апасынын айткандарына чыдай алган жок. 2. Бир атым насыбайынын ар бир тогологу эки асыйга айланды ... 3. Кырк асый! Аны үч айдын ичинде төлөп берсем, алардын тезегинен ... асый өнөт. 4. ... бий алдында чакырылам. 5. Шору арылбаган Батыйна туулгандан[2] шорго жаралган жан экенсиң ... 6. ... мага эркиндик жокпу, ... эле азаптуу шордон арыла элекминби? 7. Эмне, мен ... ата-энемден ажыраймынбы? 8. Оо, менсинген улуу тоолордун койнунда ачылбаган далай сырлар бар ... 9. Ал баягыда ... ушул булак – башында олтурган Жумадылга окшойт. 10. Алиге Абылдан ... кабар жок.

**264.** Өз алдынча иштөө көнүгүүсү. 1) Божомолдогуч жана чектегич бөлүкчөлөрдү өз-өзүнчө көчүргүлө. 2) Эрежесин айтып бергиле. 3) Бөлүкчө-

лордүн кайсы сөзгө же кайсы сүйлөмгө кошумча маани киргизип жатканын аныктагыла.

1. Менин турмушумда эң зор жаз ошондо болду го.
2. Караан экөө, айдап алышкан жүктүү өгүзү бар белем.
3. Мени калтырасыңбы дегенсип, окурана ээрчий[2] берди, ачка мал отко алаксыды бейм.
4. Көрсө, ошонун өзү да жаңы мыйзамга кыйчалыш белем.
5. Жалгыз гана кампачы токтоно алган жок.
6. Мына, мен гана бир чети түшүнгөнсүдүм.
7. Эми муну Күмүш айтканда, Сатарды көргөндө гана эсине түшүрдү.

**265.** Окуучулардын алган билимдерин тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдөн бөлүкчөлөрдү таап, алардын кайсы бөлүкчө экенин аныктагыла. 2) Эрежесин айтып бергиле. 3) Кызматчы сөздөрдүн бөлүнүшүн санагыла.

1. Кыргыз Республикасында жашаган элдердин бир туугандык достугу эч бузулбайт. 2. Биздин элдин маданиятынын өсүшү башка өлкөлөрдөн эч калышпайт. 3. Чогулуш кечки саат бешке чейин бүтөт, ээ? 4. Концертке келесиңби, ыя? 5. Ооба, менин да оюм ошондой. 6. Мен эле кечигиптирмин. 7. Асылдын так өзү экен.

*Кымбаттуу окуучулар! Бөлүкчөлөр боюнча диктант жазууга даярдангыла!*

**Үйгө тапшырма.** Үйүңөрдөн бөлүкчөлөрдү катыштырып, «Жакында каникул башталат», «Мен каникулду кандай өткөрөм», «Кайда барып эс алам» деген ж. б. темаларда баяндама же дил баяндама жазып келгиле.

## § 67. Модаль сөздөр

### Корутунду

Сүйлөм тизмегинде туруп, айтылуучу ойдун чындыкка карата болгон ар түрдүү мамилесин сүйлөөчүнүн көз карашына ылайык билдирген кызматчы сөздөр **модаль сөздөр** деп аталат.

Модаль сөздөргө төмөнкү сөздөр кирет: *албетте, балким, мүмкүн, маселе, имиш, кыязы, сыягы, сыяктанат, баса, болжолу, ырас, кыскасы, айтмакчы, чындыгында, чынында, сөзсүз, мисалы, шексиз, чамасы, керек, мейли, дейм, кана, мына, окшойт, көрүнөт, чыгар* ж. б.

**266.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Жогорку модалдык сөздөрдү катыштырып, бир нече сүйлөм түзгүлө. 2) Модаль сөздөрдүн эрежесин айтып бергиле. 3) Эмне үчүн модалдык сөздөрдүн кызматчы сөздөргө кирерин далилдегиле. 4) Модалдык сөздөргө кандай сөздөр кирерин санагыла.

**267.** Алган билимдин чындыгын турмушта текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, модаль сөздөрдү тапкыла. 2) Модаль сөздөрдүн аныктамасын айтып бергиле.

1. Ташчайнар менен Акбара тезирээк кайра үңкүргө жетип келиши керек. 2. Кыскасы, бул айткан сөзүң көпчүлүккө жакты. 3. Сөзсүз, менин барышым зарыл. 4. Ырас, бул оюн мага да, тигилерге да абдан жакты окшойт. 5. Балам, менин чачымды алып койчу, кыязы, мен жакында сергий албайт кептенем. 6. Балким, атамдын айтканы туура чыгар[4]. 7. Сиздин бул оюңуз кандай, мисалы, мага кечээги айтылган сөздөр аябай жакты. 8. Маселен, мен бүгүн келбей калсам, бул иш кандай чечилер эле дейсиң?

## § 68. Модаль сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү

### 1 - корутунду

Модаль сөздөр ар түрдүү маанилерди билдиришине карай төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт.

1. Айтылуучу ой-пикирди ырастоо, кубаттоо, бекемдөө маанисин билдирүүчү модаль сөздөр. Буга: *албетте, арийне, ырас, сөзсүз, шексиз, дурус* деген ж. б. сөздөр кирет.

М и с а л ы, *Албетте,* мен бүгүн жолго чыгам. *Ырас,* сен кээ бир адамдардын атын алмаштырып айттың. *Арийне,* жолдошумду ыраазы кылышка аракеттендим. *Шексиз,* Анархан бүгүн келет. *Сөзсүз,* биз жакшы эмгектенебиз ж. б.

2. Айтылуучу ой-пикирге күнөм саноо, болжолдоо, божомолдоо, ишене бербөө маанисин билдирет: *балким, болжолу, чамасы, сыягы, кыязы, мүмкүн, чагымда, ыктымал, керек, тийиш, көрүнөт, окшойт, өңдөнөт, имиш* ж. б.

М и с а л ы, *Балким,* Бектурган мындай жакшылык болорун билбеген чыгар. Менин өмүрүмдө көп иштер болду, сөзсүз, аны силерге айтышым *ыктымал.* Станцияга эки эшелон аскер келип токтогон *имиш.* Окуучулар келишкен *көрүнөт (окшойт)* ж. б.

3. Ой-пикирди тактайт: *көрсө, тура, кыскасы, кана, акыры, айтор* ж. б.

М и с а л ы, Жокчулук адамзаттын ырысын кесет *тура*. *Көрсө*, анда жакшы окуган эмес экенбиз. *Кыскасы*, бул оюмду айтуу үчүн көпкө ойлондум. *Кана*, силер да ушундай иштегиле. *Айтор*, бул сөзүм элге аябай жакты ж. б.

**268.** Билимге өз алдынча ээ болуу көнүгүүсү. 1) Модалдык сөздөрдүн эрежесин айтып бергиле. 2) Маанисине карай канчага бөлүнөрүн мисалдар келтирүү менен далилдегиле. 3) Айрым модаль сөздөрдү катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө.

**269.** Алган билимди бышыктоо, бекемдөө көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, модаль сөздөрдү тапкыла. 2) Алардын кандай мааниде колдонулуп жатканын айтып бергиле. 3) Кызматчы сөздөрдүн канчага бөлүнөрүн санагыла.

1. Балким, ал өзүн кайраттуу жана кубаттуу кылып көрсөткүсү келгендир. 2. Чындыгында, баланын мээрими, махабаты[6] такыр башка. 3. Бул саат оңдоочу усталар Ташкенден да табылбайт имиш. 4. Чагымда, мунун айткан ойлору ишке ашты көрүнөт. 5. Бала жылмайганда, сөзсүз, Айтике да жылмаят. 6. Мүмкүн, Жапар бүгүн келип калар. 7. Булар тоо кийик өңдөнөт. 8. Жапардын келерине, болжолу, эки-үч күн калды окшойт.

**270.** Комментариялык көнүгүү. 1) Сүйлөмдөрдөн модаль сөздөрдү таап, көчүрүп жазгыла. 2) Мааниси боюнча модаль сөздөрдүн кайсы түрүнө кирерин далилдегиле. 3) Аларга комментарий жүргүзгүлө.

1. Уурдалган бөлтүрүктөрүн жоктоп, кыязы, карышкырлар улуп жатса керек. 2. Менин үйдө жогумду карачы, үйдө болсом, балким, Базарбай бөлтүрүктөрдү уурдабайт[2] эле. 3. Улуу тоолор калыбынан жазбай, суз гана карап турган сыяктанат. 4. Бөлтүрүктөрүн бербесе, карышкырлар дагы кол салууга тийиш. 5. Чындыгында, бөрүлөр улуй берип, тынчыбызды алат окшойт. 6. Кыскасы, Базарбайдын бөлтүрүктөрдү аракка сатканы, албетте, бизди кайгыга салды.

## 2 - к о р у т у н д у

Модаль сөздөр диалог иретинде айтылган сүйлөмдөрдө кеңири колдонулат:

– Шаарга барасыңбы?
– Албетте (сөзсүз, шексиз).
– Качан келесиң?
– Балким (мүмкүн, чамасы) эки күндөн кийин.

## § 69 Модаль сөздөрдүн синтаксистик кызматы жана тыныш белгилери

Сүйлөмдөгү модаль сөздөрдүн синтаксистик кызматы жана тыныш белгилери бирдей эмес. Алар төмөндөгүдөй:

1. *Албетте, арийне, балким, мүмкүн, чамасы, кыязы, сыягы, болжолу, чагымда, сөзсүз, шексиз, ырас, чындыгында* деген ж. б, модаль сөздөр сүйлөм мүчөлөрү менен грамматикалык жактан байланышпайт, кандайдыр бир суроого жооп бербейт. Сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин да аткара алышпайт, кириндиi сөздүк кызматты аткарат. Сүйлөм ичинде өзүнөн кийин, мурун же эки жагынан үтүр менен ажыратылат.

Мисалы, *Албетте,* мен да окуумду улантсам дейм. Окубай калышым да, *мүмкүн. Мүмкүн,* окуп каламын. *Сөзсүз,* билим алууга тырышам. *Ырас,* билим алуу ийне менен кудук казгандай. Мен шаардан, *балким,* чет мамлекеттен окуурмун.

2. *Сөзсүз, шексиз* кээ бир учурда *албетте, балким, мүмкүн* деген модаль сөздөр сүйлөмдүн баяндоочунун алдында жайгашканда үтүр менен ажыратылбайт.

Мисалы, Дүйшөн *сөзсүз* ырдайт. Мен аны *албетте* тааныймын. Бүгүн мен *шексиз* келем. Ал *мүмкүн* келип калар. *Балким* көрүшүп каларбыз.

3. *Керек, тийиш, мүмкүн, ыктымал, көрүнөт, чыгар, окшойт, өңдөнөт, имиш, дейм, ырас* деген модаль сөздөр тутумдаш баяндоочтун курамында айтылгандыктан, булардан мурун үтүр коюлбайт.

Мисалы, Бул силерге *керек эмес беле.* Чоронун келип калышы *мүмкүн эле.* Мектепке көмүр *керек эле,* айнек *керек эле,* парта, бор *керек эле.* Бейшенин бүгүн *келип калышы ыктымал.* Бектурганга *берген чыгар.*

Балдарды мектеп *жиберген имиш.* Алар *кеткен көрүнөт.* Биз *жеттик окшойт.* Окуучулардын келгени *ырас болду.* Алар мында келүүгө *тийиш эле.* Балдар *тараган өңдөнөт* ж. б.

4. Кээ бир *чамасы, болжолу, тийиш, сыяктанат* деген ж. б. модаль сөздөр заттык мааниде колдонулуп, же айрым мүчөлөр менен өзгөрүп, белгилүү бир суроого жооп берет да, сүйлөмдүн ар кандай мүчөлүк милдетин аткарууга катышат.

Мисалы, Буга анын *чамасы* жетпеди (эмнеси? *чамасы* — ээ). *Чамасынын* чак экенин билди окшойт (эмнеси-

нин? *чамасынын* — аныктооч). *Болжолуна* карасам, тоону бузар күчү бар (эмнесине? *болжолуна* — толуктооч). Окуучулардын *болжолу* туура чыкты (эмнеси? *болжолу* – ээ). Көрүнгөн караан мал *сыяктанат*. Биз аларга *керекпиз* (баяндооч). Эл ичинде *имиш-имиштер* (эмнелер? — ээ) көбөйдү. Биз эс алууга *тийиишпиз* (баяндооч).

**271.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Модаль сөздөрдүн эрежесин айтып бергиле. 2) Төмөнкү сүйлөмдөрдөн модаль сөздөрдү тапкыла. 3) Эмне үчүн модаль сөз экенин аныктагыла.

1. Мүмкүн, Толгонай, эне болуп, энелик үзүрдүн эң сонун мезгили сен үчүн ошондо башталган чыгар. 2. Бектурган аке, чамасы, сиз ойлогон ой ошентип, ишке ашса керек. 3. Албетте, силердин да ойлогон оюңар бар чыгар. 4. Айтмакчы, сиз сөзүңүздүн аягына чыкпай калдыңыз көрүнөт. 5. Коркпо балам, балким, бул сөз жалган болушу ыктымал. 6. Сөзсүз, жалган болсо экен, сага жамандыкты каалабаганым ырас. 7. Кыязы, Дарыяхан түркүн ойлорду ойлоо менен алек болсо керек. 8. Ырас, аксакал, таап айттыңыз, башында койчу элем.

**272.** Жаңы билимге ээ болуу көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, кара менен терилген сөздөрдүн модаль сөз экенин далилдегиле. 2) Эгер модаль сөз болсо, маанисине карай ажыраткыла. 3) Модаль сөздөрдүн эмне үчүн кызматчы сөзгө кирерин аныктагыла.

1. Сыягы, Жапар, Микола узак жол жүрүп, чарчап келишкен болуу керек. 2. Булар, балким, Ажарга жолдош болуп чыккан ошол жердик аялдардыр. 3. Биздин ишибиздин да оңунан чыгышы мүмкүн. 4. Анын келгени ырас болду. 5. Мүмкүн, айылдагылар Ысмайылдан шекшип калышкан чыгар. 6. Кана, айткылачы айланайындар, качан жардам бересиңер. 7. Даниярдын эрте келип калышы да ыктымал.

**273.** Алган билимди бышыктоо, кайталоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү көп чекиттин ордуна модаль сөздөрдү коюп, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. 2) Же төмөнкү үлгүгө салып, модалдык сөздөрдү катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 3) Сүйлөмдөгү модалдык сөздөрдү маанилери боюнча ажыраткыла. 4) Синтаксистик кызматын түшүндүргүлө.

Болжолу, мүмкүн, балким, албетте, ырас, шексиз, чамасы, имиш.

...ыйлап жатты окшойт, бөйрөктөрү болк-болк этет.

Ү л г ү: Болжолу, ыйлап жатты окшойт, бөйрөктөрү болк-болк этет.

1. ..., көп жерден окуган окшойт, — деди Бүбүш. 2. Аялдын жашы отуздан небак ашкан, бирок көргөн адам чачын ак деп айтышы ... 3. ..., шордуу энем менин күйүтүмдү көтөрө албай жүргөн чыгар. 4. Иш жагынан башчыбыз Бекишке баш иебиз жана сыйлайбыз. 5. ..., жол азабын тартсак да, эртерээк жетсек экен. 6. Иштин түйүнү башка жакта экени ...

## § 70. Өтүлгөн материалдарды жыйынтыктоо (кайталоо) сабагы

Кызматчы сөздөрдү кайталоо үчүн суроолор жана тапшырмалар:

1. Кызматчы сөздөр деп, кандай сөз түркүмүн айтабыз? Эмне үчүн алар маани бербөөчү сөз түркүмдөрүнө кирет?

2. Жандоочтор деп, кандай кызматчы сөздү айтабыз? Алар өзүнөн мурунку айтылган сөздөрдүн кайсы жөндөмөдө турушун талап кылат? Мисал келтиргиле.

3. Байламталар деген эмне? Ал маанисине карай канчага бөлүнөт? Ар бирине мисал келтирип, эрежесин айтып бергиле.

4. Байламталарга коюлуучу тыныш белгилерди түшүндүргүлө, оозеки мисал келтиргиле.

5. Бөлүкчөлөр деп, кандай кызматчы сөздөрдү айтабыз? Ал маанисине карай канчага бөлүнөт? Ар бирине мисалдар келтирүү менен далилдегиле.

6. Модалдык сөздөр жөнүндө түшүнүк бергиле, ага кандай сөздөр кирерин оозеки санагыла.

7. Модаль сөздөрдүн кандай синтаксистик милдетти аткарарына мисал келтирүү менен далилдегиле.

8. Модаль сөздөрдүн тыныш белгилерин айтып бергиле, мисалдар келтиргиле.

9. Маани берүүчү сөз түркүмдөрү менен кызматчы сөз түркүмдөрүнүн айырмасын айтып бергиле.

10. Кыргыз тилинде канча сөз түркүмү бар экенин санагыла. Сырдык сөздөр менен тууранды сөздөрдүн кайсы сөз түркүмүнө кирерин далилдегиле.

**274.** Алган билимдерди эске түшүрүү көнүгүүсү. 1) Текстти окуп, кызматчы сөздү тапкыла. 2) Кызматчы сөздөрдүн кайсы түрү экенин далилдеп, эрежесин айтып бергиле. 3) Тема, микротема жөнүндө түшүнүк бергиле. 4) Теманын туура же туура эмес коюлганын далилдегиле.

## УЗАТУУ

Алтынай Сулайманова бир нерсе айткысы келгендей, теректерди карай тиктеп, унчукпай турду да, бир убакта мындай деп сурап калды:

– Москванын поезди биздин станция менен түнкү саат он бирлерде өтөт эмеспи?

– Ооба, эже, он бирлерде өтөт го, — дедим.

– Эмесе мен азыр эле жөнөшүм керек.

– Эмне үчүн? Сиздин бир-эки күн туруп кетмек убадаңыз бар эле го? Эл сизди дегеле коё беришпейт, эже.

– Жок, менин абдан зарыл жумуштарым бар да. Бүгүн кетпесем болбойт, же болбосо азыр кетсем белем.

Станцияга келген соң, поездге түшөрдө акырын минтип сурадым:

– Эже, бир нерсеге өтө кейип, капа болуп келдиңиз, таарынган жериңиз барбы, ыя?

– Жок, эч антип ойлобогула. Эмнеге таарынайын, тим эле. Таарынсам да өзүмө гана таарынам. Албетте, оюңарга эчтеке албагыла, — деди.

Ушуну менен Алтынай Сулайманова дагы Москваны көздөй жөнөп кетти.

**275.** Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү көнүгүүсү. 1) Таблицаны окуп, бөлүкчөнүн кайсы түрү экендигин аныктагыла. 2) Таблицаны дептериңерге көчүрүп, тушуна кайсы бөлүкчө экенин таап жазгыла. 3) Бөлүкчөлөрдүн эрежесин айтып бергиле. 4) Бөлүкчөлөрдүн жеке сөзгө же сүйлөмгө таандык болуп айтылышына мисал келтиргиле.

Бөлүкчө:
- ооба —
- ээ, ыя —
- эч —
- бейм, белем —
- гана, эле —
- эң, өтө, абдан —
- да, дагы, так, нак
- куду, кадим —

**276.** Алган билимдин чындыгын турмушта текшерүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөн кызматчы сөздөрдү тапкыла. 2) Мааниси боюнча кызматчы сөздүн кайсы түрү экенин ажыратып түшүндүргүлө. 3) Эрежелеринин, тыныш белгилеринин коюлуш себебин далилдегиле.

1. Мунун баарын ошондо эле элге айтып, түшүндүрүп берсем да болмок эле, бирок өзүмдүн кетирген билбестигиме өтө

капа, өтө наарazы болдум. 2. Эгерде биз ошол Дүйшөндөн эле болсок кана? 3. Кана, азыр эле жөнөйлүбү? 4. Азыркы жаштар үчүн так Дүйшөн сыяктуу адамдар гана мисал, үлгү боло алат. 5. – Ооба. – Бул сапар да жалгыз келдим. – Демек, сен балага эчтеке айткан эмес экенсиң го, Толгонай? 6. – Ооба, так ошондой. Субанкул аркы өйүздөгү кыштакты көздөй кетип, трактордун курсун окуп жүргөн шекилдүү. 7. Кийин трактор айдап, түз эле сыртка кеткен имиш.

**277.** Алган билимди калыбына келтирүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөгү кызматчы сөздөрдү тапкыла, байламта менен бөлүкчөнү маанисине карай ажыратып, аларга кандай сөздөр кирерин айтып бергиле. 2) Жандоочтордун кайсы жөндөмөлөр менен айкашып келгенин аныктагыла, мисалдар келтиргиле.

1. Жайнак болсо, өтө шайыр, өтө ачык-айрым жигит болуп өстү, бирок үйгө токтоо деген жок эле го анда. Катчымын деп, жаштар менен, алар кайда болсо, ошондо. 2. МТСтен сыйлык алган велосипедин минип, эртең менен Касымдын так комбайнын көздөй кетип бара жаткан эле. 3. Алтын менен күмүштү зергер үчүн жараткан, аркар менен кулжаны элжер үчүн жараткан. 4. Дүйшөн менен Алтынайдын теректерин тартсамбы, же Дүйшөндүн суу кечип, же мектепти карай баратканын тартсамбы? 5. Эгерде биз Айга карай саякат жасай турган болсок, жолубуз эки гана бөлүктөн турар эле: биринчиси — атмосфера, экинчиси — космос. 6. Айтике түш көргөндөй болду да, бирок өзүнө-өзү ишенбеди.

**278.** Алган билимди чыңдоо, бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү модаль сөздөрдү катыштырып, сүйлөм ойлоп, көчүрүп жазгыла. 2) Модаль сөздөр кандай мааниде айтылып жатканын далилдегиле. 3) Түзгөн сүйлөмүңөрдөгү тыныш белгилеринин коюлуш себебин түшүндүргүлө.

Балким, албетте, мүмкүн, болжолу, сөзсүз, имиш, ыктымал, ырас, шексиз, керек, тийиш.

**279.** Алган билимдин чындыгын турмушта текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, байламталарга коюлган туура эмес тыныш белгилерин тапкыла. 2) Аларды тууралап коюп, себебин түшүндүргүлө.

1. Күн ачык бирок, аба салкын. 2. Же күн жаайт же, катуу шамал болот. 3. Ажардын жүрөгү болк дей түштү. Анткени, жаш өмүрү тепсендиде каларына көзү жетти. 4. Ажар Какшаалды бет алды, себеби: аякта кыргыздардын бар экенин уккан. 5. Сайдагы түн көрктүү да, коркунучтуу да. 6. Күн

бүркөк ошон үчүн, айлана жакшы көрүнбөйт. 7. Эгерде, Козубек кетсе, Батмалар да башкалары да кетмек. 8. Менин айтканым айткан ал эми, сен ага көп капа болбой эле кой. 9. Жамгыр себээлеп турат жана, жөө туман жан көрсөтпөйт.

## Кызматчы сөздөргө морфологиялык талдоо жүргүзүүнүн тартиби

1. Сүйлөмдөгү кызматчы сөздөрдү таап, анын эмне үчүн кызматчы сөз экенин далилдөө.

2. Кызматчы сөздүн кайсы түрү экендигин ажыратуу.

3. Аларды аныктап, эрежелерин, негизги өзгөчөлүктөрүн айтып берүү.

4. Жандооч болсо, кайсы жөндөмөлөр менен айкашып турганын табуу.

5. Байламталарды, алар мааниси боюнча кайсы байламта экенин, тыныш белгилеринин коюлуш себептерин түшүндүрүү.

6. Бөлүкчөлөрдү маанисине карай ажыратуу.

7. Модаль сөздөрдүн түрлөрүн, маанисин аныктап, тыныш белгилеринин коюлуш себептерин түшүндүрүү.

8. Сүйлөмдөгү синтаксистик кызматынан кабар берүү ж. б.

### Оозеки талдоонун үлгүсү

*Кечке чейин*. Мындагы *чейин* деген кызматчы сөз, өз алдынча туруп, маани бербейт, сүйлөмдөгү сөздөр менен бирге айтылат, тиешелүү болуп турган сөзүнө кошумча маани берет. Кызматчы сөздөрдүн ичинен — жандооч. Жөндөмөлөрдүн биринде турган, же атоочтук мааниге ээ болуп турган этиш сөздөрдөн кийин айтылат.

*Чейин* деген жандооч өзүнөн мурунку айтылган сөздүн барыш жөндөмөсүндө турушун талап кылды. Уңгусу — *чейин*, мүчөсү жок.

*Себеби* — кызматчы сөз, анын ичинен байламта, бул татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырат. Уңгусу — *себеп*, мүчөсү *-ы* (3-жактын таандык мүчөсү), *-ы* мүчөсүнүн таасири менен *п* тыбышы жумшарып, *б* тыбышына өтүп айтылды ж. б.

Ысыкка да, суукка да чыдаган адам гана максатына жетиш керек.

Бул сүйлөмдөгү кызматчы сөздөр: *да, гана, керек*. *Да* — байламта, бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштырды. Эгерде *да*

байламтасы эки же андан көп кайталанса, эң акыркысынын мурункулары үтүр менен ажыратылат.

*Гана* — бөлүкчө, анын ичинен чектегич бөлүкчө, уңгусу — гана, мүчөсү жок.

*Керек* — модаль сөз, айтылып жаткан ой-пикирдин зарылдыгын, милдеттүүлүгүн билдирет. Бул сүйлөмдө тутумдаш баяндоочтун гана курамында колдонулду.

***Кымбаттуу окуучулар! Морфология, орфография жана пунктуация боюнча жылдык текшерүү жат жазууга даярдангыла!***

## ОКУУЧУЛАРДЫН БИЛИМИН, МАШЫККАНДЫГЫН ЖАНА КӨНҮККӨНДҮГҮН БААЛОО ҮЧҮН ТЕСТТЕР

**1.** Кыргыз тилинде канча сөз түркүмү бар?

а) 8;  б) 10;  в) 12;  г) 14.

**2.** Төмөнкү сөз түркүмдөрүнүн бөлүнүшүнүн кайсынысы туура?

а) зат атооч, сан атооч, сын атооч, ат атооч, этиш, тактооч, каратма сөз, киринди сөз;

б) зат атооч, сан атооч, сын атооч, ат атооч, этиш, сырдык сөз, тактооч, атоочтук, чакчыл, кыймыл атооч;

в) зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш, тактооч, тууранды сөз, сырдык сөз, бөлүкчө, байламта, жандооч, модаль сөздөр;

г) сан атооч, сын атооч, тактооч, зат атооч, ат атооч, киринди сөз, каратма сөз, сырдык сөз, тууранды сөз, чакчыл, атоочтук, кыймыл атооч, байламта, бөлүкчө.

**3.** Сөз түркүмдөрүн грамматиканын кайсы бөлүмү үйрөтөт?

а) фонетика;
б) морфология;
в) лексикология;
г) графика.

**4.** Сөз түркүмдөрүнүн кайсы бөлүнүшү туура?

а) маани берүүчү сөз түркүмдөрү, кызматчы сөз түркүмдөрү, өзгөчө сөз түркүмү;
б) маани бербөөчү жана кызматчы сөз түркүмдөрү;
в) кызматчы жана өзгөчө сөз түркүмдөрү;
г) жөнөкөй сөз түркүмдөрү, татаал сөз түркүмдөрү.

**5.** Сөз түркүмдөрү кандай жолдор менен жасалат?

а) лексикалык жана семантикалык жол;
б) синтаксистик жана морфологиялык жол;
в) фонетикалык жана лексикалык жол;
г) синтаксистик жана фонетикалык жол.

**6.** Мүчөлөрүнүн кандай түрлөрү бар?

а) сөзгө уланбаган мүчөлөр;
б) сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчө;
в) форма жасабаган мүчө.

**7.** Уңгуга берилген төмөнкү эреженин кайсынысы туура?

а) сөздүн айрым бөлүктөргө ажыратып жиберүүгө мүмкүн болбой турган, лексикалык маанини билдирген эң негизги бөлүгү;
б) сөзгө кошулган кошулма;
в) ойдун эң майда бөлүкчөлөрү;
г) сөздүн жасалышы жана өзгөрүшү.

**8.** Мүчөгө берилген төмөнкү эреженин кайсынысы туура?

а) уңгуга уланган сөздүн кошумча бөлүгү;
б) уңгунун маанисин өзгөртүүчү бөлүк;
в) уланган сөздүн лексикалык маанисин өзгөртүүчү бөлүк;
г) сөзгө жаңы маани берүүчү бөлүк.

**9.** Тактооч сөз түркүмүнүн кайсы бөлүгүнө кирет?

а) кызматчы сөз түркүмүнө;
б) модалдык сөз түркүмүнө;
в) маани берүүчү сөз түркүмүнө;
г) өзгөчө сөз түркүмүнө.

**10.** Тактоочторду тапкыла.

а) жөнүндө, тууралуу, чейин, ооба;
б) азыр, эртең, көп, аз, бүгүн;
в) качан, кайдан, эмне, ким;
г) менен, үчүн, сыяктуу, дейре.

**11.** Тактоочтор маанисине карай канчага бөлүнөт?

а) төрткө; б) алтыга; в) бешке; г) сегизге.

**12.** Тактоочтор кандай жолдор менен жасалат?

а) фонетикалык, лексикалык жана семантикалык жол;
б) морфологиялык жана синтаксистик жол;
в) морфологиялык жана лексикалык жол;
г) мүчөлөр аркылуу, негиз аркылуу.

**13.** Тактоочторду кайсы мүчөлөр жасайт?

а) -луу, -ган, -ар, -бас, -лар;
б) -ча, -лап, -чылап, -чалык, -гы + -сың;
в) -нын, -га, -да, -дан;
г) -лык, -чылык, -ма, -ым.

**14.** Тактоочтор түзүлүшүнө карай канчага бөлүнөт?

а) экиге; б) үчкө; в) төрткө; г) алтыга.

**15.** Тактоочтор маанисине карай канчага бөлүнөт?

а) экиге; б) төрткө; в) бешке; г) алтыга.

**16.** Тактоочтор сүйлөмдө көбүнчө кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат?

а) баяндоочтун;
б) ээнин;
в) аныктоочтун;
г) бышыктоочтун.

**17.** Тууранды сөздөр кайсы сөз түркүмдөрүнө кирет?

а) кызматчы;
б) жандооч;
в) маани берүүчү;
г) өзгөчө сөз түркүмү.

**18.** Тууранды сөзгө берилген кайсы эреже туура?

а) Кыймыл-аракеттин атын билдирет;

б) Жандуу, жансыз нерселерден чыккан үндү, табышмакты, элести билдирүү иретинде айтылат;

в) Заттын сын-сыпатын билдирет.

**19.** Тууранды сөздөр кандай жолдор менен жасалат?

а) морфологиялык жана синтаксистик;

б) лексикалык, синонимдик;

в) фонетикалык, этимологиялык;

г) жак мүчөлөр, көптүк мүчөлөр аркылуу.

**20.** Тууранды сөздөрдү тапкыла.

а) ары-бери, өйдө-төмөн, эртели-кеч;

б) аз-аздан, үймө-үй, өйдө-төмөн;

в) ары-бери, кийин, жана, кышын;

г) тарс-тарс, шака-шака, лып-лып, зыр, шаңк, жарк-журк.

**21.** Тууранды сөздөр маанисине карата канчага бөлүнөт?

а) экиге; б) үчкө; в) төрткө; г) бөлүнбөйт.

**22.** Кош, кошмок сөз түрүндөгү тууранды сөздөр кандай жазылат?

а) арасына дефис коюлбай, ар башка;

б) арасына дефис коюлуп;

в) арасына үтүр коюлуп, бөлөк;

г) бирге.

**23.** Сырдык сөздөр сөз түркүмдөрүнүн кайсы түрүнө кирет?

а) маани бербөөчү (кызматчы) сөз түркүмдөрүнө;

б) маани берүүчү сөз түркүмдөрүнө;

в) өзгөчө сөз түркүмдөрүнө;

г) модалдык сөз түркүмүнө.

**24.** Сырдык сөздөргө берилген кайсы эреже туура?

а) кыймыл-аракетти билдирет;

б) заттардын сын-сыпатын күчөтөт;

в) кыймыл-аракеттин элесин билдирет;

г) сүйлөмгө мүчө боло албаган, адамдардын ички сезимин жана айбанаттарга карата эрктик мамилени билдирет.

**25.** Сырдык сөздөр маанисине карата канча топко бөлүнөт?

а) экиге; б) үчкө; в) төрткө; г) бешке.

**26.** Сырдык сөздөрдү тапкыла?

а) менимче, ошончо, сенче;
б) көп, аз, артык, кыйын;
в) бали, пай-пай, бах, аттиң, кош;
г) тырп этип, жарк-журк этип, чолтоң-чолтоң.

**27.** Сырдык сөздөрдүн тыныш белгилерин аныктагыла?

а) сүйлөмдүн башында, ортосунда, аягында келсе, эч кандай белги коюлбайт;

б) сүйлөмдүн башында, ортосунда келсе өзүнөн мурун, сүйлөмдүн аягында өзүнөн кийин үтүр коюлат;

в) сүйлөмдүн башында, өзүнөн кийин, сүйлөмдүн ортосунда, эки жагынан, аягында өзүнөн мурун үтүр коюлат;

г) ар дайым сырдык сөздөрдөн кийин суроо коюлат.

**28.** Этиштин өзгөчө формаларын (түрүн) тапкыла?

а) мамиле этиштер, этиштин ыңгайлары;
б) жак, чак категориялары;
в) этиштин жакталышы;
г) атоочтук, чакчылдар, кыймыл атооч.

**29.** Атоочтуктарды кайсы мүчөлөр жасайт?

а) -мак, -макчы, -айын, -алык;
б) -сын, -тыла, -ыңыз, -дыр, -гың;
в) -ган, -ар, -бас, -оочу, -уучу, -а(й) + элек;
г) -ла, -лаш, -ылда, -кар, -ын.

**30.** Атоочтуктар кандай жолдор менен жасалат?

а) морфологиялык жана синтаксистик;
б) фонетикалык, фонемалык, лексикалык;

в) этиштин ыңгайларынан, мамилелеринен, тубаса жана туунду этиштен;

г) лексикалык, фонетикалык, морфемалык.

**31.** Атоочтуктарды тапкыла.

а) тоодой толкун, алгыр куш, ишмер жигит;
б) отуздай бала, онго жакын, илимий иш;

в) токойлуу жер, шаардык адам, тунук суу;

г) окуган бала, келүүчү кишилер, бербес бала, бара жаткан окуучулар.

**32.** Атоочтуктар көбүнчө кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат?

а) ээлик;
б) баяндоочтук;
в) толуктоочтук;
г) аныктоочтук.

**33.** Атоочтуктардын этиштик маанилерин аныктагыла.

а) ойноп отурат;
б) жазып жатат;
в) окуп жиберди;
г) иштеп жаткан, иштеле турган, баруучу кишилер.

**34.** Атоочтуктардын сын атоочтук мааниси кайсы вариантта?

а) жаңы үй;
б) жаңырган, жаңыруучу, жаңыра турган;
в) эски китеп, жакшы бала;
г) жакшы окуучу, кийин келди.

**35.** Атоочтук менен этиштерди ажыраткыла.

а) Асан келген, Бейше окуучу, балдар бара элек;
б) мен жаздым, ал окуду, кечээ келдим;
в) балдар тарай элек, мектепке кетишкен, окуп жүрөт;
г) окуй элек балдар, корккон киши, баруучу окуучулар.

**36.** Заттык маанидеги атоочтуктарды тап.

а) Аңдышкан айыл болбойт, эсептешкен дос болбойт. Баруучулар келишти. Келерине аз калды.
б) Алуучу кишиге алтоо аз, берүүчү кишиге бешөө көп.
в) Иштеген киши тиштейт. Болбос ишке болушпа.
г) Тил албас кишини жумшаганча, тына-тына өзүң бар. Айран ичкен киши кутулуп, челек жалаган киши тутулат.

**37.** Ким? Эмне? деген суроолорго жооп берип турган атоочтуктарды тапкыла:

а) ойногон балдар келишти, баруучу маалы келди, айтар сөзүм ушул;
б) балдар ойноп жатышкан, укпас кишиге унчукпа;
в) тийгизген киши мергенчи, жөнөй элек балдар келишти;
г) ойногондор келишти, укпаска унчукпа, тийгизген мергенчи, баруучуларга айттык.

**38.** Ээлик милдет аткарган атоочтуктарды тапкыла:

а) ыйлагандын көзү жаман, ушакчынын сөзү жаман;
б) кеткендер келишти, ырдачулар даярданышты;
в) шашпаган араба менен коёнго жетиптир;
г) келгендерди чакырган жокпуз, келе элек кишилер келишти.

**39.** Толуктоочтук милдетти аткарып турган атоочтуктарды тапкыла:

а) көргөн-билгендерин сүйлөп отурду;
б) билимсизге дүйнө караңгы;
в) Нургазы бүгүн бөбөгүн сооротуш менен алек;
г) билимдүүгө дүйнө жарык.

**40.** Төмөнкү сүйлөмдөрдүн кайсынысында атоочтук түрмөктөр бар?

а) Султанмурат жыргалдын бешигинде жаткандай термелди;
б) Султанмуратка жыргал менен коздуктун дүйнөсү болду;
в) Дүйнө ушундай болуп куралган экен;
г) Султанмурат динамо-машинаны бурайт.

**41.** Тутумдаш ээлик милдетти аткарып турган атоочтук түрмөктөр кайсылар?

а) Араба айдап келе жаткан Данияр ырдап жиберди.
б) Күндө окушка эрте келүүчү Асыл бүгүн кечигип келди.
в) Келе жаткандардын сыры башка.
г) Жолдошумдун сүйлөр-сүйлөбөсү мага белгисиз.

**42.** Тутумдаш баяндоочтун милдетин аткарып турган атоочтук түрмөктөрдү ажырат.

а) Жыгылган баласы ордунан тура калды.

б) Өткөн өмүр, качкан куш, кайрылып келбес ал кайтып.

в) Күндүн ачылып кеткени бизге жакшы болду.

г) Атам мындай сөздөрдү көп жолу айта берүүчү.

**43.** Атоочтук түрмөктүн милдетин кайсы сүйлөм мүчөлөрү жана кайсы сөз түркүмдөрү аткарып турат.

а) баш жана айкындооч мүчөлөр;

б) зат атооч;

в) этиш;

г) тактооч.

**44.** Атоочтук түрмөктөрдү төмөнкү мүчөлөрдүн кайсынысы уюштурат.

а) -ла, -лаш, -ын, -ыл, -дыр;

б) -мак, -макчы, -гай + э-лем, -ыңыз;

в) -гыр, -гыч, -чаак, -ий, -дай;

г) -ган, -ар, -бас, -оочу, -уучу, -а + элек, а + й + турган.

**45.** Атоочтук түрмөккө берилген төмөнкү эреженин кайсынысы туура?

а) Кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсөткөн этиш сөздөр.

б) Кыймыл-аракеттин ар түрдүү кырдаалын билдирген этиштер.

в) Кыймыл-аракеттин ар түрдүү абалын билдирген сөздөр.

г) Атоочтуктарды уюштуруучу мүчөлөр менен аяктаган, сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарган сөз тизмектери.

**46.** Атоочтук түрмөктөргө кандай суроолор берилет?

а) эч ким, эч нерсе, эч качан, канча, нече;

б) кайдан, кана, качантан бери, кимдир бирөө;

в) качанка чейин, ким жөнүндө, ким тууралуу, эмне тууралуу;

г) эмнеси, кайсы, качан, кандай, кимдерди, эмнелерди.

**47.** Атоочтук түрмөктөр эмне үчүн этиштин өзгөчө түрү?

а) жак мүчөлөр менен өзгөргөндүгү үчүн;

б) сын атоочтук касиетке ээ болгондугу үчүн;

в) этиштин сөз жасоочу мүчөлөрү менен өзгөргөндүгү үчүн;
г) этиштик жана атоочтук маанини билдиргендиги, атоочтукту уюштурган мүчөлөр аркылуу сөз тизмектеринен түзүлгөндүгү үчүн.

**48.** Чакчылдардын эрежесин тапкыла:

а) кыймыл-аракетти билдирбейт;
б) кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсөтөт;
в) кыймыл-аракеттин абалын билдирет;
г) кыймыл-аракетти тактап көрсөтүү үчүн кошумча кыймыл-аракетти билдирет.

**49.** Чакчылдарга кандай суроолор берилет?

а) ким, эмне, качан, эмне үчүн, канчалык, ошончолук;
б) кантип, кандай, кайсы убакка чейин, канчага чейин, качантан бери, эмнеликтен, эмнеге;
в) канча, нече, кайдан, кайда, кайсы, эмне үчүн;
г) кимдин, эмненин, ошон үчүн, кана, кайсы жактан?

**50.** Чакчылдарды кайсы мүчөлөр уюштурат?

а) -ыш, -оо, -май, -уучу, -дыр;
б) -мак, -макчы, -максан, -айын, -гыла;
в) -а(-й + элек), -ган, -оо, -уучу, -уу;
г) -ып, -а(-й), -ганы, -ганча, -гыча, -майынча, -гычакты.

**51.** Төмөнкү мисалдардан чакчылдар катышкан сүйлөмдөрдү тапкыла:

а) Ал бүгүн тезирээк кайтты.
б) Максатыма жеттим.
в) Алар окууну бүтүп келгиче, ишке киришкенче, биз аларга жардамдашабыз.
г) Бул чыгармамды силерге айтмакчымын.

**52.** Тактоочтордон, сын атоочтордон чакчылдарды ажыраткыла:

а) кечирээк, эртерээк, кийинчерээк, жанараак;
б) жайыраак, ылдамыраак, батыраак, акырыныраак;
в) кечигибирээк, шашылыбыраак, сурданыбыраак;
г) жакшыраак, жаманыраак, кызылыраак, жашылыраак.

**53.** Төмөнкү -ыл, -а(-е, -е, -о), -й мүчөлөрү уланган этиш сөздөрдүн чакчыл же чакчыл эмес экенин аныктагыла.

а) Мен барыпмын, сен барыпсың, ал барыптыр;

б) Мен окуп турам, биз барып каларбыз, Айша келип кеткен;
в) Күн жаай баштады, шаарга бара жатам, Абыл келе жатат;
г) Кол алышып саламдаштык, Каныш жете келди, ал тынбай иштеди.

**54.** Негизги кыймыл-аракеттин кошумча кыймыл аракетин билдирген этиш сөздөр кайсылар?

а) Данияр обон сала шаңшыды, демек ал Жамийла экөөнүн мени жолго чакырганы болчу.
б) Ал бүгүн келмек эле, эртең Москвага жөнөйт.
в) Мен бактылуу доордун ырыстуу кишиси болуп калдым.
г) Жолдошторумдун артынан жөнөдүм.

**55.** Чакчылдар кандай синтаксистик кызматты аткарат?

а) ээлик милдетти аткарат;
б) аныктоочтук;
в) толуктоочтук;
г) бышыктоочтук.

**56.** Чакчыл түрмөктүн эрежесин тапкыла:

а) Кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсөткөн сөздөр.
б) Чакчылдарды уюштуруучу мүчөлөр менен аяктаган сөз тизмектери.
в) Кыймыл-аракеттин ар түрдүү кырдаалын билдирген сөздөр.
г) Негизги этиштин кошумча кыймыл-аракетин билдирген сөздөр.

**57.** Чакчыл түрмөктөрдү кайсы мүчөлөр уюштурат?

а) -ып, -а (-е,-о,-ө), -и, -ганы, -ганча(-гыча), -майынча;
б) -ган, -ар, -бас, -оочу, -уучу;
в) -ча, -лап, -лай, -дата, -ын;
г) -ган, -ыптыр, -чу, -уу.

**58.** Чакчыл түрмөктөр кайсы вариантта?

а) Чоко бардык сөзүн айтып, элден кечирим сурады.
б) Бектурсун башкарма болуп келгени, чарба кыйла өстү.
в) Кеткиче Жамбыл менен бирге болдум.
г) Арабага чөп басып жатып, Жамийланын батып бараткан күндү карап турганын байкадым.

**59.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн чакчыл түрмөктөрдү тапкыла:

а) Ал уялганымды билип, ортобузга сөз узатты.

б) Арман-муңун айтып, эриккенде биздикине келип, Алиман кобурашып кете турган.

в) Батыш энелеринен ийменип, аларды дайым сыйлачу.

г) Жамгыр жаап, балыктар тирилип, көлдүн түбүнө кирип кетишет.

**60.** Чакчыл түрмөктөргө кандай суроо берилерин аныкта.

а) кантип, эмне үчүн, канчага чейин, качантан бери, качан;

б) эмнеге, кимден, кайдан, кантип;

в) эмне, кайда, неченчи, кайсы жактан;

г) кандай, канча, ошончо, ушунча.

**61.** Чакчыл түрмөктөргө кандай тыныш белгилеринин коюларын аныкта.

а) илеп, суроо, сызыкча;

б) чекит, үтүрлүү чекит;

в) көп чекит, үтүрлүү сызыкча, сызыкча;

г) үтүр.

**62.** Төмөнкү сүйлөмдөрдүн кайсынысы чакчыл түрмөктүү сүйлөм?

а) Күн кылтылдап, уясына батып бара жатат.

б) Ажар мүрзөнү көргөндө, токтоп тура албай, мүрзөнү кучактап, буркурап, боздоп, ыйлап жиберди.

в) Чабалекей чырылдап, уясынан дагы учту.

г) Күн чакчайып, чак түш болуп, ысыгы мурункусунан да мээ кайнатып турат.

**63.** Кайсыл чакчыл түрмөккө тыныш белгилери туура коюлган?

а) Согуштагы эрдиктерин айтып болгончо, Турдугулга эч ким суроо берген жок.

б) Физкультура менен спорт ишине катышмайынча ден-соолук, анча чыңалбайт.

в) Мени көрүп Жамийла, чукул бурулуп, кетти.

г) Ашуунун белине чыккычакты караңгы түшүп калды.

**64.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн чакчыл түрмөктөрдү тапкыла.

а) Тамак желип, дасторкон жыйналып, колдор жуулуп, элдер тарай баштады.

б) Аккуласын алкынтып, кырк чоросун жулкунтуп,
Манас баатыр келе жаткансыйт.

в) Күн жаркырап тийгендей, күлгөнү кызык баланын.

**65.** Эмне үчүн кыймыл атооч этиштин өзгөчө формасы (түрү)?

а) Этиштик касиетке да, сын атоочтук касиетке да ээ.

б) Этиштик касиетке да ээ болуп, кыймыл-аракеттин атын билдирбеген этиштер.

в) Кыймыл-аракеттин атын билдирген, зат атоочтук касиетке ээ болгон, жөндөмө, таандык мүчөлөр менен өзгөргөн туунду этиштер.

г) Этиштин чак жана мүчөлөрү менен өзгөргөн этиштер.

**66.** Кыймыл атоочту кандай мүчөлөр уюштурат?

а) -оо, -ее, -уу, -үү, -ыш, -мак, -май;

б) -ып, -ганы, -ганча, -майынча;

в) -луу, -лык, -чыл, -ыраак;

г) -ынчы, -гай, -дай, -ча.

**67.** Кыймыл атоочтун зат атоочко окшош белгилерин тап:

а) Алмактын бермеги бар.

б) Малдан ажырап, шордуу кедейлер кайда барышмак.

в) Келе жатышкан кишилер — Каныбектер.

г) Ал шаарга бармай болду.

**68.** Төмөнкү -оо, -уу, -ыш, -мак мүчөлөрү уланган сөздөрдүн зат атооч экенин тапкыла:

а) Эрден ашмак бар, элден ашмак жок.

б) Жазуу адам баласынын турмушунда чоң роль ойнойт.

в) Алар сүйлөшүп отурушту.

г) Асан келмек эмес.

**69.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн толуктоочтук милдетти аткарган кыймыл атоочторду тап:

а) Окуш, жардам бериш мага кыйын эмес.

б) Бул өзөндү сүрөттөш кыйын.

в) Өткөндөгү окуядан кеп салууну жакшы көрөт.

г) Ишти жакшы аткарышты.

**70.** Төмөнкү эрежелерден кызматчы сөздөрдүн аныктамасын белгиле.

а) Өз алдынча турганда лексикалык мааниге ээ болгон сөздөр.

б) Сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарган сөздөр.

в) Өз алдынча турганда лексикалык маанини билдирбеген, тиешелүү болуп айтылган сөзгө кошумча маани берген, сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырып турган сөздөр.

г) Өзгөчө сөз түркүмдөрү.

**71.** Кызматчы сөздөргө кайсы сөздөр кирет?

а) чакчылдар, атоочтуктар, кыймыл атоочтор;

б) жандоочтор, бөлүкчөлөр, байламталар, модаль сөздөр;

в) аныктооч, толуктооч, бышыктооч;

г) тууранды сөздөр, сырдык сөздөр, киринди сөздөр.

**72.** Жандоочтор деп, кандай сөз түркүмүн айтабыз?

а) Лексикалык мааниге ээ болгон, сөздөрдү өз ара байланыштырган сөздөрдү.

б) Кошумча кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү.

в) Өз алдынча турганда лексикалык маанини билдире албаган, сүйлөмдөгү сөздөрдү өз ара байланыштыруу үчүн кызмат кылган, же аларга кошумча маани берген сөздөрдү.

**73.** Жандоочторду тапкыла:

а) жана, менен, себеби, анткени;

б) албетте, сөзсүз, шексиз;

в) аркылуу, сайын, жөнүндө, чейин;

г) эгерде, мейли, бирок, же болбосо.

**74.** Жандоочтор катышкан сөз тизмектерин аныкта:

а) шаарды карай, мектепке чейин, менден мурун;

б) келген себеби, ошентип келди, ошондой болсо да;

в) албетте барам, сөзсүз келем, сарайга окшойт;

г) келиши мүмкүн, барышы керек, ырас айтат.

**75.** Жандоочтор кайсы жөндөмөлөр менен айкашат?

а) илик, жатыш, чыгыш, табыш;

б) атооч, табыш, барыш, чыгыш;

в) жатыш, илик, барыш;

г) атооч, барыш, чыгыш.

**76.** Жандоочтор өз алдынча турганда, сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарат[4].

а) ээлик, баяндоочтук, толуктоочтук;
б) бышыктоочтук, аныктоочтук, толуктоочтук;
в) сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткара албайт;
г) баяндоочтук, ээлик.

**77.** Байламталар деген кандай сөз түркүмү?

а) Өз алдынча турганда лексикалык мааниге ээ болгон, сүйлөмдүн баш мүчөлүк милдетин аткарган.
б) Лексикалык маанини билдире албаган, сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырган кызматчы сөздөр.
в) Заттын кимге, эмнеге таандык экенин билдирген сөз түркүмү.
г) Заттардын сын-сыпатын күчөтүп көрсөткөн сөз түркүмү.

**78.** Төмөнкү мисалдардан байламталарды тапкыла:

а) Эрте келди, кеч кетти, жай сүйлөдү, шашып кетти.
б) Асан менен келди, эми жөнөдү.
в) Китепти көп окугула, себеби китеп силерге акыл үйрөтөт. Нечен вагондор өттү, бирок биринен да Майсалбекти учурата албады. Жапар менен Айша сабагына жөнөдү.
г) Бектур жана келди. Алар нары кетишти, эми иш башталат.

**79.** Төмөнкү мисалдардан байламталарды далилде.
а) кийин, мурун, үчүн, сайын;
б) да, же, менен, жана, себеби;
в) көздөй, дейре, жөнүндө;
г) ары, бери, сыяктуу, үчүн.

**80.** Байламталардын маанисине карай канчага бөлүнөрүн тап.
а) үчкө; б) төрткө; в) алтыга; г) жетиге.

**81.** Төмөнкү байламталардан байланыштыргыч байламталарды тапкыла:

а) же, же болбосо, ошентсе да;
б) себеби, анткени, ошон үчүн, эгерде;
в) канча – ошончо, кандай – ошондой, эмне үчүн;
г) жана, жана да, менен, дагы, жана дагы.

**82.** Же, же болбосо, болбосо — кайсы байламталар?

а) байланыштыргыч;

б) божомолдогуч;

в) каршылагыч;

г) себеп-натыйжалагыч.

**83.** Жана, менен деген сөздөрдүн байламта же байламта эмес экенин аныкта:

а) Дайыр менен Калыйнурдун эрдигин бүт кыргыз эли билет.

б) Эмгек менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт.

в) Силер жана кайда жүрдүңөр эле, биз силерди таппай койдук.

**84.** Божомолдогуч байламталар кайсылар?

а) Бир өңчөй мүчөлөрдү же татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырыш, аларды божомолдоо үчүн колдонулат.

б) Бир өңчөй мүчөлөрдүн маанисин божомолдойт.

в) Карама-каршы айтылган ойду божомолдойт.

г) Баш сүйлөмдүн маанисин божомолдойт.

**85.** Төмөнкү мисалдардан жөнөкөй жана татаал байламталарды тапкыла:

а) жана, менен, да, дагы, себеби, анткени;

б) ал эми, анткени менен, ошол себептүү, эмне үчүн десең;

в) демек, ошентип, аны, менен;

г) качантан бери, качанга чейин, жана дагы, кана.

**86.** Себеп байламталар кайсылар?

а) эгер, эгерде;

б) кандай, ошондой, канчалык, ошончолук;

в) анткени, себеби, эмне үчүн десең, ошол себептүү;

г) жана, ары, жана дагы, анткени менен.

**87.** Байламталарга кандай тыныш белгилери коюлат?

а) Байламталардан кийин сызыкча коюлат.

б) Кайталанып айтылган байламталардан кийин ар дайым үтүр коюлбайт.

в) Татаал сүйлөмдү тутумдаштырган байламталардан мурун же кийин эч кандай тыныш белгиси коюлбайт.

г) Байламталардын аткарган синтаксистик кызматына карай тыныш белгилеринин коюлушу ар түрдүү.

**88.** Төмөнкү байламталардын тыныш белгилериний кайсынысы туура коюлган?

а) Асан келип кетти. Бирок, келген себебин айткан жок.
б) Жаз чыкты, жана күн да жылый баштады.
в) Окуунун отличниги болдум, себеби сабакка жакшы даярданчумун.
г) Ай караңгы жана, айыл ичи жымжырт.

**89.** Бөлүкчө эмне үчүн кызматчы сөздүн бир түрү?

а) Негизги кыймыл-аракеттин кошумча кыймыл-аракетин билдирет.
б) Кыймыл-аракеттин, ал-абалдын атын билдирет.
в) Өз алдынча турганда лексикалык мааниге ээ болбогон, сүйлөмдөгү сөздөргө же сүйлөмдөргө ар түрдүү кошумча маанини берген кызматчы сөздөр.
г) Сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү өз ара байланыштырат.

**90.** Төмөнкү мисалдардан бөлүкчөлөрдү тап:

а) ырас, балким, ооба, шексиз;
б) же, же болбосо, андыктан, ошондуктан;
в) го, гана, абдан, өтө, ыя, эч, белем, бейм;
г) мурунтан, жайында, күн-түн.

**91.** Бөлүкчөлөр мааниси боюнча канчага бөлүнөт?

а) төрткө; б) алтыга; в) жетиге; г) сегизге.

**92.** Төмөнкү сөздөрдүн кайсынысы бөлүкчө?

а) гана, эле, түк, дале, так, такыр, ээ, белем, куду;
б) ага-ини, жер-суу, кызыл-тазыл, мал-сал;
в) ким, эмне, кайсы, качан, кандай;
г) окуу, иштөөчү, өрмөк, боёк.

**93.** Төмөнкү *эле* деген сөздүн кайсынысы бөлүкчө:

а) Окуучулар келишкен эле.
б) Окуучулар эле келишкен.
в) Мен жардамдашкан элем.
г) Ал сабакты жакшы окуучу эле.

**94.** Төмөнкү *эч* деген сөздүн кайсынысы тангыч бөлүкчө:

а) Эч барган жокмун.
б) Эч качан барган жокмун.
в) Эч ким келген жок.
г) Эч бир билген жокмун.

**95.** Төмөнкү сүйлөмдөн аныктагыч-тактагыч бөлүкчөнү тап:

а) Той да болор, тойдун эртеси да болор.
б) Кыш чыкты да, жаз келди.
в) Кар да кетти, байчечекей да чыкты.
г) Биздин күнүбүз да эл менен, бактыбыз да эл менен.

**96.** Модаль сөзгө берилген эреженин кайсынысы туура?

а) Адамдын ички сезимин билдирүүчү сөздөр.
б) Сөздөргө же сүйлөмгө кошумча маани берүүчү сөздөр.
в) Сүйлөмдүн тизмегинде туруп, айтылуучу ойдун чындыкка карата болгон ар түрдүү маанилерин, кырдаалын, божомолдоо, ырастоо маанисин билдирген кызматчы сөздөр.
г) Бирөөгө тике арналып, чакыруу иретинде айтылган сөздөр.

**97.** Модаль сөздөр маанилерине карата канчага бөлүнөт?

а) экиге; б) үчкө; в) төрткө; г) бешке.

**98.** Модаль сөздөр катышкан сүйлөмдү тап:

а) Бара келсе болмок экен, жок дегенде.
б) Ачыгын айтканда, сиздин пикириңиз мага көптөн бери белгилүү эле.
в) Албетте, мындай ишти уланта берүү керек.
г) Бул иш, башкача айтканда, жаштардын колунан келет.

**99.** Модаль сөздөр кайсы вариантта?

а) албетте, ырас, сөзсүз, балким, мүмкүн, чамасы;
б) тилекке каршы, башкача айтканда, менин оюмча, чындыгында;
в) кандай болбосун, бактыга жараша, шексиз;
г) көрүнөт, окшойт, ырас болду, келсе керек.

**100.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн модаль сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү тап.

а) Албетте, мен бүгүн жолго чыгам. Сөзсүз, окуучулар келишет. Ырас, анда Бектургандын турмушу оор болчу.

б) Анын келери шексиз. Сенин китебиң кана?

в) Ушул жерден кош теректер даана көрүнөт. Биз билим алууга тийишпиз.

**101.** Модаль сөздөрдүн тыныш белгилерин аныкта:

а) Модаль сөздөр сүйлөмдүн башында келсе, өзүнөн кийин дайыма сызыкча коюлат.

б) Модаль сөздөр сүйлөмдүн башында, ортосунда, аягында келсе, эч кандай тыныш белгилери коюлбайт.

в) Модаль сөздөр сүйлөмдүн башына келсе — өзүнөн кийин, ортосуна келсе — эки жагынан, аягына келсе — өзүнөн мурун үтүр коюлат.

г) Белги коюлбайт.

## ТЕСТТЕРДИН ЖООПТОРУ:

1(в), 2(в), 3(в), 4(а), 5(б), 6(б), 7(а), 8(а), 9(в), 10(б), 11(а), 12(б), 13(б), 14(а), 15(б),16(г), 17(г), 18(б), 19(а), 20(г), 21(а), 22(б), 23(в), 24(г), 25(б), 26(в), 27(в), 28(г), 29(в), 30(а), 31(г), 32(г), 33(г), 34(б), 35(г), 36(а), 37(г), 38(б), 39(а), 40(а), 41(г), 42(г), 43(а), 44(г), 45(г), 46(г), 47(г), 48(г), 49(б), 50(г), 51(в), 52(в), 53(г), 54(а), 55(г), 56(б), 57(а), 58(г), 59(б), 60(а), 61(г), 62(б); 63(а), 64(б), 65(в), 66(а), 67(а), 68(б), 69(в), 70(в), 71(в), 72(г), 73(в), 74(а), 75(г), 76(в), 77(б), 78(в) 79(б), 80(в), 81(г), 82(б), 83(а), 84(а), 85(б), 86(в), 87(г), 88(в), 89(в), 90(в), 91(г), 92(а), 93(б), 94(а), 95(г), 96(в), 97(б), 98(в), 99(а), 100(а), 101(в).

## МАЗМУНУ

Кыргыз адабий тили тууралуу түшүнүк....................4

БАЙЛАНЫШТУУ КЕП

§ 1. Тексттин маанилик бүтүндүгү....................6
§ 2. Тексттеги абзац менен кичине темачалардын байланышы....................9
§ 3. Тексттин байланыштуулугу. Тексттеги сүйлөмдөрдүн өз ара ички маанилик байланышуу жолдору (кайталоо)....................13
§ 4. Тексттеги сүйлөмдөрдү байланыштыруучу тышкы тил каражаттары....................14
§ 5. Маанилеш сөздөрдүн алмашуусу аркылуу байланышуу....................19
§ 6. Орундуу кайталоо жана зарылдыгы....................24
§ 7. Орунсуз кайталоо....................27

КЕПТИН СТИЛДЕРИ

§ 8. Көркөм стилге мүнөздүү тил каражаттары (кайталоо)....................29
§ 9. Илимий стиль, анын мүнөздүү белгилери....................31
§ 10. Илимий стилге мүнөздүү тил каражаттары....................32
§ 11. Публицистикалык стиль тууралуу жалпы маалымат....................36
§ 12. Расмий эмес иш кагаздары тууралуу түшүнүк....................37

КЕПТИН ТҮРЛӨРҮ

§ 13. Баяндоо, сүрөттөөнү (айлана-чөйрөнү) кайталоо....................42
§ 14. Ал-абалды (адамдарды, айлананы ж. б.) сүрөттөө....................43
§ 15. Ой жүгүртүүнүн мүнөздүү белгилери....................45

МОРФОЛОГИЯ, ОРФОГРАФИЯ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ

§ 16. Тактооч. Тактоочтун сөз түркүмү катары касиети....................48
§ 17. Жөнөкөй тактоочтун жасалышына карай бөлүнүшү....................50
§ 18. Туунду тактоочтордун морфологиялык жол менен жасалышы....................51
§ 19. Татаал тактоочтордун синтаксистик жол менен жасалышы....................53
§ 20. Мезгил тактооч....................56
§ 21. Орун тактооч....................58

§ 22. Сын-сыпат тактооч....................................................59
§ 23. Сан-өлчөм тактооч....................................................60
§ 24. Тактоочтордун жазылышы..............................................62
§ 25. Өтүлгөн материалдарды жыйынтыктоо
(кайталоо) сабагы .....................................................64

ӨЗГӨЧӨ СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ

§ 26. Тууранды сөздөр .......................................................67
§ 27. Тууранды сөздөрдүн түзүлүшүнө карай бөлүнүшү............68
§ 28. Табыш тууранды сөздөр..............................................70
§ 29. Элес тууранды сөздөр ..................................................72
§ 30. Тууранды сөздөрдүн жазылышы ...................................73
§ 31. Сырдык сөздөр..........................................................75
§ 32. Сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү...............77
§ 33. Сырдык сөздөргө коюлуучу тыныш белгилер,
сырдык сөздөрдүн жазылышы.......................................79

ЭТИШТИН ӨЗГӨЧӨ ФОРМАЛАРЫ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ

§ 34. Атоочтуктар..................................................................83
§ 35. Атоочтуктардын морфологиялык
жол менен жасалышы ..................................................83
§ 36. Атоочтуктардын синтаксистик
жол менен жасалышы ..................................................85
§ 37. Атоочтуктардын этиштик белгилери ...........................86
§ 38. Атоочтуктардын сын атоочко окшош белгилери..............88
§ 39. Атоочтуктардын заттык мааниде колдонулушу...............91
§ 40. Атоочтуктардын синтаксистик кызматы........................92
§ 41. Атоочтук түрмөк..........................................................94
§ 42. Атоочтуктарды кайталоо жана жалпылоо.....................97
§ 43. Чакчылдар..................................................................100
§ 44. Чакчылдардын тактоочко окшош белгилери..................104
§ 45. Чакчылдардын этишке окшош белгилери.......................106
§ 46. Чакчыл түрмөк жөнүндө түшүнүк................................109
§ 47. Кайталоо (жыйынтыктоо) сабагы.................................112
§ 48. Кыймыл атоочтор........................................................115
§ 49. Кыймыл атоочтун зат атоочко окшош белгилери............116
§ 50. Кыймыл атоочтун этишке окшош белгилери..................119
§ 51. Кыймыл атоочтун синтаксистик кызматы......................122
§ 52. Өтүлгөн материалдарды кайталоо
(жалпылоо) сабагы......................................................123
§ 53. Кызматчы сөздөр.........................................................125
§ 54. Жандоочтор.................................................................127
§ 55. Жандоочтун түрлөрү.....................................................128

§ 56. Байламталар......130
§ 57. Байламталардын маанисине карай бөлүнүшү......132
§ 58. Байланыштыргыч байламта......133
§ 59. Божомолдогуч байламта......135
§ 60. Каршылагыч байламта......136
§ 61. Себеп-натыйжалагыч байламта......137
§ 62. Салыштырма байламта......138
§ 63. Шарттуу байламта......140
§ 64. Байламталардын тыныш белгилери......141
§ 65. Бөлүкчөлөр......144
§ 66. Бөлүкчөлөрдүн маанисине карай бөлүнүшү......144
§ 67. Модаль сөздөр......147
§ 68. Модаль сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү......148
§ 69. Модаль сөздөрдүн синтаксистик кызматы жана тыныш белгилери......150
§ 70. Өтүлгөн материалдарды жыйынтыктоо (кайталоо) сабагы......152
Окуучулардын билимин, машыккандыгын жана көнүккөндүгүн баалоо үчүн тесттер......156

---

Окуу басылмасы

Садык ҮСӨНАЛИЕВ, Венера Инятовна МУСАЕВА

КЫРГЫЗ ТИЛИ

*Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн орто мектептердин жана гимназиялардын 7-класстары үчүн окуу китеби*

Редактору *С. Дуулатова*
Көркөм редактору *Д. Тимур*
Тех. редактору *В. Крутякова*
Корректору *Н. Эсенаманова*
Компьютердик калыптоочу *Б. Тимуров*

Терүүгө 20.08.2014-ж. берилди. Басууга 02.02.2015-ж. кол коюлду. Офсеттик кагаз №1. «Мектеп» ариби. Форматы $60x90^1/_{16}$. Көлөмү 11,0 ф. б. т. Заказ №21. Нускасы 46 043.

«Билим-компьютер» басмаканасында даярдалды.
720065, Бишкек ш., Горький көчөсү, 1/2, 701

«KIRLand» ЖЧК типографиясында басылды.
720083, Бишкек ш., Аламедин-1 к/р, 75